КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

40-том

# БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Нурзина Ыйсаева*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А. Мусаев С.Ж.
Байгазиев С.О. Садыков Т.
Жайнакова А.Ж. Токтоналиев К.Т.
Маразыков Т. Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 40-том. **Байдылда Сарногоев** / Түз. *Н.Ыйсаева.* – Б.: «Турар», 2018. – 600 б.

ISBN

«Окурмандын китеп текчеси» сериясынын бул томуна кыргыздын таланттуу акыны Байдылда Сарногоевдин ырлары жана поэмалары киргизилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

***(1932–2004)***

Байдылда Сарногоев 1932-жылы Таластын Кара-Ой деген айылында жарыкка дүйнөгө келген. 1951-жылдан тартып Байдылда Сарногоев Кыргызстан жазуучулар союзуна мүчө болгон. 1956-жылы Москва шаарында М.Горький атындагы Адабият институтун бүтүрүп келгенден кийин «Ала-Тоо» журналынын редакциясында бөлүм башчы, 1959-жылдан баштап Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармалыгында адабий кеңешчи болуп иштеген.

Акындын алгачкы ырлар жыйнагы 1952-жылы «Шумкар» деген ат менен жарык көрөт. Ага кирген ырлары автордун өзгөчө талантын ачып көрсөтүп, көпчүлүккө дароо таанымал кылат.

Б.Сарногоевдин көптөгөн чыгармалары орус тилине которулуп чыккан. Ал эми 1986-жылы «Ашуудан берген отчетум» аттуу ырлар жыйнагы үчүн Кыргызстан жазуучулар союзунун А.Осмонов атындагы адабий сыйлыгына ээ болгон.

1991-жылы Б.Сарногоевге «Кыргыз Республикасынын эл акыны» ардактуу наамы берилип, ал эми 1996-жылы Казакстан Республикасынын эл аралык «Алтын көпүрө» сыйлыгы ыйгарылып, казак-кыргыз элдеринин салттарын бекемдөөгө кошкон салымы жогору бааланган.

2000-жылы «Байдылда» аттуу жыйнагы үчүн Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгын алат. «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Каарман

эмгеги үчүн» медалы, I даражадагы «Манас» ордени ж.б. сыйланган.

Байдылда Сарногоев 2004-жылдын 19-ноябрында узакка созулган оорудан кийин дүйнөдөн кайткан.

Байдылда Сарногоевдин жөнөкөйлүгү, башкага өйдө карабаган маданияттуулугу, оор басырыктуулугу эл арасына терең сиңип кеткен ырларында эч айрып алууга болбой тургандай чагылганын замандаштары көп эскеришет. «Байдыкем айткандай», «Байдыкемдин сөздөрүнөн» сыяктуу уламалуу кептер бекер айтылбаса керек.

Эл оозуна алынып калган жана чыгармаларында айкын көрүнгөн дагы бир касиети – Байдылда кыргыз дегенде ичкен ашын жерге койгон, бирок эч бир ураанчакырык, ызы-чуусу жок, карапайым берилгендик менен элин сүйгөн адам болгон экен.

Ал эми акындыктын эл алдында алган анык милдетин, өз жашоосунун башкы максатын жакшы билген чебер:

Ошондой эле Байдылда Сарногоевдин көп ырлары обонго салынып, эл ичинде кеңири ырдалып жүрөт. Алардын катарында «Жылкычы бозой», «Ак чыны», «Кызыл гүл», «От койгун махабаттын милтесине» жана башка ырлары бар.

Байдылда Сарногоевдин «Досторума» (1955), «Бала мерген» (1956), «Баяс» (ыр түрүндөгү поэма) (1956), «Ак калпак» (1961), «Тоолор жана тоолуктар» (1966), «Үзүлбөгөн үмүттөр» (1968), «Сүйлөшүү» (1970), «Менин батпас күнүм» (1972), «Ашуудан берген отчётум» (1982), «Таалай өлбөйт» (1982) жана башка жыйырмадан ашык китептери басылып чыккан.

Азыркы учурда Байдылда Сарногоев атындагы эл аралык адабий сыйлык уюшулган. Ал таланттуу акындарга эки жылда бир жолу ыйгарылып турат. Жеңүүчүлөргө лауреаттык күбөлүк, акындын элеси түшүрүлгөн алтын медаль жана акчалай сыйлык берилет.

## МЕНИН СҮЙГӨНҮМ

Эстүү болуп эстүүмүн деп айтпаса,
Көп мактанбай көйрөңдүгүн таштаса.
Токтоо мүнөз эстүү болуп ар качан,
Мен барктасам, ал да мени барктаса.
Көргөн жерден күлө карап жылмайып,
Көңүлүңдү калтырбаса, какпаса.
«Баланчанын сүйгөнүндөй жан жок» деп
Тууган элиң, жолдошторуң мактаса.
Бек ишенип, берген антты, сырыңды
Өмүрүнчө өз ичинде сактаса.
Жүрөгүндө сага арнаган сүйүүсү
Ысык болсо, тунук болсо таптаза.
Ар убакта арман болбос жигитте,
Сүйгөн жарың ушуларды аткарса.

## АКБАРЫ

Кадырлашкан жаш, кары,
Колхоз кызы Акбары.
Каптап жыйып салыпсың,
Кардан аппак пахтаны.

Бардык жагың келишкен,
Ишиң сулуу жүзүңдөй.
Эмгек күнүң тизилет,
Бышып турган жүзүмдөй.

Топ-топ кылып талаага,
Тоо тургуздуң кебезден.
Карааныңа көз тоёт,
Карап турсам белестен.

Саат сайын көрсөм деп,
Сага бөлдүм оюмду.
Машина деп ойлоймун,
Пахта терген колуңду.

Күндөн-күнгө даңкыңы,
Күчөтө бер Акбары.
Баары сендей күжүрмөн,
Гүл өлкөнүн жаштары.

## ТОКТОГУЛГА

Толгон күүнүн, чексиз ырдын автору,
Тоо булбулу, сенин ысмың жүрөктө.
Ырларың ок тешип манап өпкөсүн,
Комузуңду найза кылдың күрөштө.

Жырткыч залим заарын чачты жыланча,
Бирок ага ууланбадың, сезбедиң.
Бир гана сен ажал арбап жатса да,
Биз жашаган нур заманды көксөдүң.

Коржондогон эшен, кожо, молдонун,
Ачык айттың ач көздүгүн, соргогун.
Асман менен чабыттаган бүркүттөй,
Терең карап келечекти ойлодуң.

Талантыңды артка тартып көп кадам,
Өч болушкан өзүң айткан «Беш каман».

Өткүр жүрөк, кайратыңды басынтып,
Өмүрүңдү чокко салган ал заман.

Сен жатканда кучагында тумандын,
Күн жылмайды көөдөй түндү таратып.
Таттуу тилиң таңшып чыкты булбулдай,
Ленин сага жаңы жүрөк жаратып.

Ырларыңда жыргал күнүн элиңдин,
Черин жазып келатканда көңүлдүн.
Карылык кууп, өлүм кыстап өчөшүп,
Кайран булбул калың элден бөлүндүң.

Бизде калган ырларыңдын тамчысы,
Кымбат сөздөр өзүн менен бир кетти.
Аз да болсо көптөн артык баалайбыз
Атагыңды ар улуттар сүйлөштү.

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

Кырында кызыл гүл турат,
Кызыктырып кулпурат.
Адамды тартат өзүнө
Атырдай жыты буркурап.

Жүрөгүм ошол гүл үчүн,
Ашыгып согот күнү-түн.
Күзгүдөй ачык, айдан ак
Гүлдө чоң менин үмүтүм.

Толкутуп учкул көңүлдү,
Өткөрөм бирге өмүрдү,
Кызматың баалап сүйгөнмүн,
Карагат көздүү теңимди.

Жүрөктүн ошол тапканы,
Алмашпайм ага башканы,
Сүйүүнүн күчү керемет
Толкуса бузат асканы.

Заманам ырыс, жемиш бак,
Сайрандап өстүк, көңүл шат.
Кызыл гүл деп айтканым
Кымбат баалуу замандаш.

**КЫМБАТСЫҢАР**

Аз эмес дүйнө жүзүндө,
Ала-Тоо, сендей жерлер көп.
Аз эмес дүйнө жүзүндө,
Ысык-Көл, сендей көлдөр көп.

Пейзажы сулуу сенден да,
Мен көрдүм нечен жерлерди.
Тунугу тунук сенден да,
Мен көрдүм нечен көлдөрдү.

Бирок, сен мага, Ала-Тоо,
Кымбатсың тууган энемдей.
Бирок, мен сени, Ысык-Көл,
Сүйөмүн боордош эжемдей.

Анткени сенде, Ала-Тоо,
Мен өскөн чынар – кыргыз бар.
Сүйөмүн сени, Ысык-Көл,
Сүйүшкөн үчүн кыргыздар.

## БУЛБУЛДУН ЖООБУ

– Булбул, кайда барасың?
– Бетпак чөлгө барамын.
– Чөлдө өлүп каласың,
– Өлбөс жерди табамын.

– Өлбөс жериң кайсы жер?
– Бак өстүргөн совет эл.
– Чөлдө да бак өсөбү?
– Ишенбесең барып көр.

– Ал жактан эмне издейсиң,
Ал жакта эмне иштейсиң?
– Концерт берем жер-жерге,
Чөл жашарткан элдерге.

## КҮЧ БИРДИКТЕ

Көп өзөн суулар кошулса,
Көк ирим дайра жаралат.
Таш күйгөн чөлдөр өтсө да,
Ташкындайт, соолбой шар агат.

Дүйнөнүн эли бириксе
Душмандар кантип даай алат?!
Эркиндик сүйгөн эл күчү
Тынчтыкты сактап кала алат.

## БУЛАККА

Алдастап бат, бат дем алып,
Арыкка боюн ургулап.

Аманбы? – курбум дегендей,
Агасың, булак шылдырап.

Билерсиң бала кезимде
Көп жолу сени бойлогом.
Убара кылып шарыңды
Тегирмен салып ойногом.

Калкыткам көлчүк жериңе,
Кайыкты жасап кагаздан,
Көйнөктү чечип жалбызга
Кирингем ысып баратсам.

Ойногун! – дейсиң эми да,
Кайрадан бала болбосмун.
Жээгиңди бойлоп мен чылап,
Бөбөктөрүм ойношсун.

## АТАСЫ КУБАНДЫ

Желп эткен желге кум учуп,
Жер бети какшып күн ысып.
Тартайган сөксөөл талыкшып,
Тамыры турду курушуп.

Иреңи саргыч жалбырак,
Ичер суу таппай жалдырап.
Куу чөлдөн куюн ойносо,
Денесин козгойт калдырап.

Бул жерден качан суу агат?
Бак-дарак качан буралат?
Ар дайым көрсөм ач талаа,
Булуттан кайыр суранат.

Алма, өрүк жыты буркурап,
Адыр, түз качан кулпунат?
Какталган жерге жайкалып,
Кай кезде түрдүү гүл чыгат?

Катар үй качан салынат?
Ильич шам качан жагылат?
Жайылып суусу Иртыштын
Жапан чөл качан жаңырат?–
Деп айтып казак карыя,
Кайрылып туш-туш жагына.
Чөмүлүп ойго турганда,
Баласы келди жанына.

– Шашпаңыз, куу чөл жашарат,
Жашыл көрк кийип жасанат.
Күнүндөй жарык түнү бар,
Гүлстан талаа  атанат.

Айлыбыз көчүп келебиз,
Ак пахта, жүзүм эгебиз.
Баштагы купкуу талаанын
Көркөмүн шондо көрөбүз,–

Дегенде уулу карыга,
Арылтып ичтен санаасын;
– Айтканың туура, балам–деп,
Атасы сүйдү баласын.

**ЖУМАЛЫ**

Бир күн жатса кылган ишин сагынар,
Биздин элде Жумалы аттуу кары бар.
Бөдөнөнүн уясындай бөйтөйгөн,
Бөөт-чөөт бөлмөсү көп тамы бар.

Бир тамында уулу менен келини,
Бир тамында тамак ашы, эгини.
Бир тамында байбичеси, өзү бар,
Бир тамында курал жарак, темири.

Бир тамында торпок менен уй турат,
Бир тамында тооктору кыйкырат.
Бир тамында уй-музоосу мөөрөсө,
Оозгу үйдөн сур күчүгү унчугат.

Кош колунан эски буюм жаңырар,
Жумакемдин усталыгы дагы бар.
Ар убакта эмгек сүйгөн адам деп,
Сөз кылышат биздин айылдагылар.

Түптөгөндө келиндердин чакасын,
Алкыш алат: «Акем дагы жашасын».
Тал, терегин, гүл бакчасын көргөндө,
Таңыркаsucceeded арасында басасың.

Качан болсо карыянын айтканы,
Көп болсо экен колхозумдун бактары.
Арасында сайран куруп жүрсө дейт,
Замананын сергек мүнөз жаштары.

## ФРУНЗЕМ

Алтын шаарым, жашыл шаарым Фрунзем,
Алыс жүрсөм, сагындырган үйүм сен.
Ошолордун көпчүлүгү сеники,
Өмүрүмдө канча жолу сүйүнсөм.

Ажыраса арбын эмес, аз гана,
Ата-энесин сагынгандай жаш бала.

Мен да сени көп эстеймин көрбөсөм,
Башка шаар сендей болбойт жакса да.

Ук, Фрунзем, караса да жүз кабат,
Көзүм талбай да, көрүүгө шыктанат.
Көп сагынып, сүйгөнүмдүн белгиси
Көчөлөрүң эне жыты жыттанат.

## ШЕРДИН ЖООБУ

Айылда да, сыртта да,
Көп ойноп, көп күлбөгөн.
Адаты бар Ашымдын,
Ачыктыкты сүйбөгөн.

Өтө куудул сөз болсо,
Бир аз коёт жылмайып.
Шерге акыл үйрөтөт,
Калган сымак улгайып.

– Кандай сенин мүнөзүң,
Дайым ачык жүрөсүң?
Сөзүң менен балдарды,
Күлдүрөсүң, күлөсүң.

Макул десең Шер үкөм,
Мендей токтоо болуп көн.
Чоң кишидей өзүңдү,
Кармай билгин эмитен.

Жооп берет Шер анда;
– Өсөмүн шайыр, ага жан.
Күлбөстөн кантип турамын,
«Күлгүң» деп жатса заманам!

## ЖАЛГЫЗ ЭМЕСМИН

Жаныма келип кез-кезде,
Жалооруп жашык немече,
Жан күйөөр ага-иниң жок,
Жалгызсың – дейсиң эжеке.

Агадан артык агам бар,
Алдыга мени сүрөгөн
Иниден артык иним бар,
Жыгылып кетсем сүйөгөн.

Таалайлуу ушул өлкөдө,
Тарбия алып мен өстүм.
Дүйнөдө тууган, досум көп,
Эжеке, жалгыз эмесмин.

## ШЫБАКЧЫ

Колунда бар кистиси,
Кийими кирдүү бир киши.
Эшикте турсам сурады,
– Бул турган үй кимдики?

– Биздин үй – деп мен айтсам,
– Чакыр – деди – атаңды;
Атам үйдө жок эле,
Чакырып чыктым апамды.

Апам менен сүйлөшүп;
Эшикке чыгар жүгүңдү,
Жарым сааттын ичинде,
Майлайм, – деди – үйүңдү.

Үйдүн ичин булгайт го,
Кийими жаман кандай жан,
Көп сүйлөп турбай бул жерден,
Кетсе экен дедим кайрадан.

Ойноп жүрүп талаада,
Үйгө келсем кеч убак,
Кошо сүйлөйт сүйлөсөм,
Үн алышып туш-туш жак.

Айнекти ачып коюптур,
Жел кирип турат тап таза
Көтөрүлдү көңүлүм,
Күндөгүдөн башкача.

Апам мени кучактап:
– Көрдүңбү тентек Жүзүмүм.
Жанагы кирдүү кийимчен,
Тазасы – деди – кишинин.

Чын эле таза киши экен,
Кечикпей эрте келсе экен.
Биз турган үйдү жаңыртып,
Дагы бир майлап берсе экен.

## СЫНЧЫГА

Сынчы жолдош, сында мени, аяба,
Таарынат деп тааныштыкка караба!
Кылба мага либералдык мамиле,
Сынды сүйөт мен жашаган замана!

Жакшы болсо жакшы дегин ырымды,
Жаман болсо жашырбай айт чыныңды.

Абдан байкап акыйкаттап текшерсең,
Капа болбой кабыл алам сыныңды.

## ҮЧ СҮЙҮҮ

Жайкы кеч. Бакта олтуруп,
Имере кармап белиңден;
«Жүрөгүм бирөө болсо да,
Сүйгөнүм үчөө», – десем мен,
Чыйрыга түштүң заматта,
Кечкендей муздак өзөндөн.
Жашына калды булутка,
Жаркылдап күлгөн кабагын.
«Рахмат сага» – дедиң да,
Сумсайып мага карадың.
Тартынып ичиң башкадан,
Аядың мени, аядың.

Таарынбай жаным угуп тур,
Айтайын сүйгөндөрүмдү:
Азамат кылып өстүргөн,
Биринчи сүйөм элимди.
Элимдин алтын мекени,
Экинчи сүйөм жеримди.

Үчүнчү сүйгөн кишимди,
Айтпасам дагы билесиң.
Бөлүндү кылба оюңду,
Бөлөк кыз эмес бир өзүң.

## БИЗ КАЛДЫК

Сен да сүйдүң Айнашты,
Мен да сүйдүм Айнашты.

Экөөбүз аз келгенсип,
Дагы бирөө жармашты.
Жалбарынып жалынып,
Эчен катты сен жаздың.
Карегинен кагылып,
Эчен  катты мен жаздым.

Бирок сулуу биздерди,
Сүйөмүн – деп айтпады.
Же болбосо таптакыр.
Сүйбөймүн деп какпады.

Ачык жообун ала албай,
Арман кылып биз жүрдүк.
Кээде «сени» – деп коюп,
Кээде терең үшкүрдүк.

Артта калып көп мезгил,
Ай айланып, жыл өттү.
Айнаш чыгып турмушка
Ачыштырды жүрөктү.

Биз жүгүрдүк, биз сүйдүк,
Кылып жүрдүк ичтардык.
Сүйгөнүнө кыз кетти,
Жүгүрүп, жүгүрүп биз калдык.

## КАЙСЫ СЕНИН ТЕРЕЗЕҢ

Атын билем сен жашаган көчөнүн,
Бирок, билбейм үйүң кайда экенин.
Биргелешип кирмек элем киного,
Бүгүн сени кайдан табар экемин?

Үй номериң сегизби же сексенби?
Көчө бойлоп көрүп чыктым көп жерди.
Же болбосо токсон бешпи тогузбу?
Толук билбей чарчай турган кез келди.

Өткөн күнү бул үй турган жер менен,
Кыздар менен жүргөнүңдү көрдү элем.
Кап, ошондо сурап калбай бир сөздү:
«Акинайым, адресиң бер» – деген.

Катты башым карай берип ишенсең,
Катар үйдүн айнектери көп экен.
Капа кылбай өзүң келип айтсаңчы,
Кара көзүм, кайсы сенин терезең?

Мен өскөнмүн шаар эмес кыштакта,
Кыздын үйүн көп издебейт биз жакта.
Жок болсо да көчөбүздүн номери,
Жигит табат сүйгөн кызын бир паста.

Көз талдырып табамын деп үйүңдү,
Көчө бойлоп издеп жүрбөй ар качан.
Акинайым, жолукканда экинчи,
Адресиң тактап жазып албасам.

## ЖАЙДЫН БИР ТҮНҮ

Жайкы түн жымжырт айлана,
Асманда калкыйт ай гана.
Айга окшоп мен да токойдо,
Кыдырып жүрдүм жай гана.

Жан жактан жумшак жел келет,
Жалбырак бутак термелет.

Жанаша өскөн кайын, тал,
Жаш селки бозой өңдөнөт.
Бадалдуу бактын түбүндө,
Тийишип ийин ийинге.
Эзилип эки жаш турат,
Тартылып таттуу сүйүүгө.

Болжошпой мезгил эсебин,
Бойлошуп жаштык өзөнүн.
Өзгөсүн толук айта албайм,
Өбүшүп жатты эки эрин.

Мен болсо лира сүйгөнүм,
Тапсам деп сөздүн гүлдөрүн.
Ойлонуу менен өткөрөм,
Кез-кезде жайдын түндөрүн.

## ТУУГАН ЖЕРГЕ

Алыска жөнөр кезимде,
Алгын – деп мени эсиңе.
Апамдай сүйүп трууган жер,
Гүлүңдү тактың төшүмө.

Тынымсыз кагып кирпигиң,
Ай, жылдар өттү. Мен бүгүн–
Сагынып сени жыттадым,
Сакталуу болчу ал гүлүң.

Чарчаган элем көп басып,
Эс алдым дароо күч ташып.
Үшүдүм эле суuктан,
Жылыдым дароо бой жазып.

Анткени жерим мен үчүн,
Аябай көп кам көрүпсүң,
Күч менен жылуулукту да,
Гүлүңө кошуп берипсиң.

## МЕНИН УЛУТ-УРУУМ

Алтын тапкыч инженер дейт мыкты экен,
Ал азамат кайсы элден чыкты экен?
– Саяк дешет…
– Антпей эле Солто дейт,
– Мен билемин Таластагы Кушчу экен.
– Бугу дешет.
– Саруу экен кайдагы…
– Кыпчак го дейм, кыйын чыгат балдары?
– Бекер эле жатасынар талашып,
– Майтык болот биздин Кызыл-Жардагы.

Дал ушундай сөз талашып жабыла,
Дөбөчөдө отурду көп карыя.
Сыртка чыгып конок болгон үйүмдөн,
Мен алардын басып бардым жанына.

Салам бердим, алик алып бардыгы,
Сурашты эле айтып бердим дайнымы.
– Жазгыч экен,
– Кайсыл элдин уулусуң,
– Уруун ким, айтсан балам, айлыңды.

Башкалардын аты озгончо байгеден,
Андан биздин тай чыкса деп жүрөмүн.
Балам биздин Сарыбагыштан болбогун,
Көрүнгөнсүйт тааныш окшоп иреңиң.

Жооп бердим:- Ай абаке угуңуз,
Калган эски калдык болот мунуңуз.
Уруулашкан мезгил өткөн капкачан,
Улутум да, уруум да бир, – кыргыз!

## ПАЙДА БЕРГЕН ӨЛБӨСҮН

Келин өлсө айылдан,
Көргөн, билген кеп салат.
Жаштайында жайлады, –
Кайран келин – деп калат.

Жигит өлсө айылдан,
Тууган эли кеп салат.
Көктөйүндө көмүлдү,
Кайран бала – деп калат.

Кемпир менен чал өлсө,
Айыл анча кейибейт
Жашашканын жашашты,
Ашашканын ашашты,
Артын берсин мейли – дейт.

Бирок кээ бир жаштар бар,
Төмөн турган карыдан.
Акыл, эмгек жагынан,
Ар өнөрдүн барынан.

Жаш-кары деп ылгаган,
Жактырбаймын эл сөзүн.
Биздин улуу Мекенге,
Пайда берген өлбөсүн.

## ЭНЕ ТИЛИН ЖАКШЫ БИЛ

Тоо инженер, Молдобек,
Дайым сүйлөйт орусча.
«Привет», – деп кол берет,
Тааныштары жолукса.

Агроном Дүйшө да,
Же орусча так билбейт,
Кыштакта туулап жүрсө да,
Кыргызчалап аз сүйлөйт.

Бассаң, турсаң эрте кеч,
Байка алардын балдарын.
Аталары келсе кез
«Папалашат» ар дайым.

Орус тили жылдызда,
Биздин улуу заманда...
Бирок кыргыз кыргызча,
Сүйлөбөсө жаман да!

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт,
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

## ЭШЕК

Жаныбар эшек илгертен бери,
Жакшы сөз элден укпадың деги.
Куйругу жаман, кулагы чоң деп,
Көргөндүн баары шылдыңдайт сени.

Тамсилге кошуп далайлар жазды,
Бирөө да анча көрбөдү жакшы.
Аңкоо, макоо, жалкоого теңеп,
Арзыбас сага аттарды такты.

Чыкпады – дейсиң бир дагы даңкым,
Чыдагын чыгат, чыдамдуу жансың.
Эт, сүтүң арам болгону менен,
Күчүң бар адал, эмгегиң алтын.

Баспаган жардан туягы аттын,
Куланган жоксуң, тартынбай бастың.
Койчулар минсе ташыркап койбой,
Койчылап шагыл кырлардан аштың.

Аптапта дагы топурак күйгөн,
Өзүңдөн оор кишини минген,
Жүк-мүгү менен көтөрүп алып,
Кыдыңдап талбай жүргөнүң жүргөн.

Жеңил баа болуп келгенин жетет,
Мактоого сени келди эми кезек.
Айбандар менен укугуң тептең,
Айкыргын күчөп алп күчтүү эшек.

## КУРСАКТАГЫ БАЛАМА

Курсагында апаңдын жатып алып,
Кыймылдасаң кез-кезде чатактанып.
Кубангандан эзилип эрий кетем,
Сага жетпей энеңди эркелетем.

Көп кишинин ысымын санап чыгып,
Ошолордун ичинен тандап туруп.

Экөө болду атаңдын койгон аты,
Эркексиңби, кызсыңбы садагасы.

Ким болсоң да жарыкка келсең экен,
Кимибизге окшошсуң көрсөк экен.
Балабыз – деп өпкүлөп сүйсөк экен,
Бак аралап көтөрүп жүрсөк экен.

## СӨЗҮҢ ЖАНА БЕЛЕГИҢ

Жашыл жалдуу арчанын,
Бирге жыттап бүрлөрүн.
Мөл булактуу жылганын,
Терип алып гүлдөрүн.

Чет жагында айылдын,
Жайдын салкын түнүндө.
Ак балтырлуу кайыңдын,
Сыр айтыштык түбүндө.

Сүйөмүн деп боюма,
Бек кыналып эркелеп.
Коштошордо колума,
Белек бердиң – эсте – деп.

Тилегимди билдирип,
Тилегиңе кошууга.
Эрениңден бир сүйүп,
Жөнөп кеттим окууга.

Каратпастан эч артын,
Мезгил кууду көп күндү.
Белек кылган бет арчың,
Бет сүртүндүм эскирди.

Бирок жаным сен өзүң,
Кайда болсом биргесиң.
Жүрөктө жүрөт эскирбей,
Сүйөмүн деген бир сөзүн.

## МЕН КИММИН

Мен киммин, мен бир акын жаман сары,
Колунда койкоңдогон калам сабы.
Энекем эптеп төрөп койсо керек
Кыргызда көбөйсүн деп адам саны.
Китепте ырларымдын начары көп,
Күйпөктөйм  элге жетпей жатабы деп.
Кез-кезде көк базарга бара калам
Соодагер наспай ороп сатабы деп.
Чынында чыгарманын чатагы кеп,
Жакшысын жаратуунун азабы көп.
Кез-кезде айылга да бара калам
Кээ бирөө кесип, айрып жатабы деп.
Мен киммин, мен бир акын жаман сары,
Колунда койкоңдогон калам сабы.
Кылган иш, ырым менен кубантсам дейм
Кыргызды, кыргыз сүйгөн замананы.

## ШААРГА КЕЛГЕН КАРЫГА

Көчөдө жүрсөм сөз айтты,
Көпкүлөң бирөө соо, маспы:
«Көп жүрбөй шаардан кеткин», деп
Көрсөттү дейсиң тоо жакты.

Элде көп эстүү жакшылар,
Кездешет кээ бир бакшылар.

Кейибе ата, анчалык
Кеп айткан адам мас чыгар.

Жери эмес бул жер өзгөнүн,
Жети атаң сүйгөн өз жериң.
Өз жериң менен шаарыңда
Өзүңдү мейман сезбегин.

Орундап Ленин тилекти,
Октябрь бизди ширетти!
«Кош» десе койчо жалтанып,
Кор болуп жүрчү күн өттү.

## ӨЗ ЭЛГЕ ЖАК

Жасап-түзөп башка тилге которсо
Жаман ыр да жакшы чыгат ошончо.
Аны билбей кээ бир акын дердеңдеп,
Өйдөсүнөт өзүн санап опол тоо.

Ар бир тилде айкын болуп ырларым
Алсам дагы алкыштарын кыйланын,
Ак калпактуу кыргызыма жакпасам
Анда мени акын деп сөз кылбагын!!!

Поэзия, оңой ичер аш эмес,
Же болбосо, сормо баткак саз эмес...
Өз тилиңде элге жаман көрүнүп,
Башка тилде макталгандар аз эмес.

## НАМЫСТАНЫП

Кыргыздан кыйын учкуч аз,
Кыл чокуларга чыккыч аз.

Курулуш салган чебер аз,
Ойлонуп тапкан өнөр аз.

Гүл бакча тиккен багбан аз,
Күрөштө чыккан балбан аз.
Футболчу жагы жокко эсе,
Бул жактан начар, алгалаш.

Ар иштен мисал келтирип,
Айтсам бар бир топ кемчилик.
Кыйындар чыкчу кез жетти,
Кырк бир жыл мурун телчидик.

Тоолуктун шаарын көрсөк деп
Дос элдер келет кубанып.
Кыргыздар аз го дегенде
Кызарып кетем уялып.

Жулунган жаштар жашыраак,
Жумушчу табы азыраак.
Жардамы менен орустун
Жетилсек экен батыраак.

Ар минут сайын өскүн деп,
Алдынкы элге жеткин деп.
Акылман улуу партия
Айтып жатат өткүр кеп.

Далай иш бүттү колуңдан
Таланттуу кыргыз жаштары.
Жебиреп сүйлөй бербейин
Жетишкен жагың аз дагы.

Ар-намыс үчүн арналсын:
Жүрөктүн ар бир какканы,

Бар болгон күчтөр бойдогу,
Бар болгон акыл баштагы.

**ЖАШАСЫН АЯЛ**

Ак куу жок кезде – көл көрксүз,
Аял жок кезде – эр көрксүз,
Аялдын иши теңдешсиз.
Ансыз бир шаңдуу жүрө албай,
Көйнөктү жөндөп бүрө албай,
Көргүлүктү көрмөкпүз.

Булбулсуз – токой, гүл көрксүз,
Аялсыз – айлуу түн көрксүз,
Ал жокто кимди сүймөкпүз?
Кечиксе сулуу ич күйүп,
Үмүттү үзбөй үшкүрүп
Үңкүйүп басып жүрмөкпүз.

Балага барктуу атабыз,
Баккандан бирок качабыз,
Жуурканга башты катабыз:
Эмгизчи бачым деп коюп,
Сооротчу катын деп коюп
Солдоюп уктап жатабыз.

Ойлосок уят муну биз,
Бул жагын керек билүүбүз,
Аялдар эмес күңүбүз.
Эскинин өткөн заманы,
Эссиздик калган баягы,
Эми, энелер биздин гүлүбүз!

Алдыга сүрөп биздерди
Аянбай эң зор күч берди.

Ар жерде кыйын иштерди
Ысыкта бирге бөлүшүп,
Суукта бирге тоңушуп
Аялдар кошо бүткөрдү!

Жатканда дүйнө караңгы
Жараткан жыргал заманды,
Жашарткан сансыз адамды
Жакшылап барктап түбөлүк
Жалындап дагы сүйөлүк
Ленинди тууган аялды!

## ТАЛАС СУУСУ

Салаадай сансыз сайлардан
Шаркырап ойго түшкөн суу.
Каткаксып келип жортуулдан
Кабылан Манас ичкен суу.

Аялдын узу Каныкей
Ак жүзүн күндө жууган суу.
Айчүрөк менен Семетей
Аптапта чабак урган суу.

Кылымдын кыркып кыйласын
Кызыктын көбүн көргөн суу.
Бала кезде Чолпонбай
Балыктай сүзүп көнгөн суу.

Аскадан атып чыккан суу,
Аккуладай ыкчам суу.
Аянбай иним иче бер
Ар ташка тийип бышкан суу.
Далай жол талбай баскан суу,

Талааны көздөй шашкан суу.
Талапташ кыргыз, казактын
Тамекисин баккан суу.

Жамбылды жарып өткөн суу.
Жаш жигиттей өктөм суу.
Жайылып кургак жерлерге
Жашылча, бакча өскөн суу.

Ташкындап кирсе теректи
Тамыры менен жулган суу.
Ээн кетпей тамчысы
Эки элге кызмат кылган суу.

## КАНТИП ЖЕҢДИМ

Маңыз менен айтыштым «кыйын» экен,
Маанилүү сөз ал үчүн тыйын экен.
Кезек бербей келжиреп сүйлөй берди,
Кечке чейин чеккени чылым экен.

Топон сөзүн тоо кылып үйүп жатты,
Ыксыз жерден ырсактап күлүп жатты.
Менин кебим мээсине жетсе дагы
Кабыл албай, эмгегим күйүп жатты.

Акырында айтканын уктум, уктум,
Бирок өзүм унчукпай жеңип чыктым.

Күч сынаштым көп жолу арак менен,
Жеңген жокмун, жеңилдим, танат белем
Канча жолу эрксиздик кылганымды,
Каалап турсаң калтырбай санап берем.

Эссиздигим экен деп ыйлайынбы,
Эстейм кээде өткөндө кылганымды.
Көк теректи кучактап көздү сүзүп,
Көктү карап ыкшыйып турбадымбы.

Акырында акылдуу ойго келдим
Ичип жеңбей аракты ичпей жеңдим.

## ТАҢ КАЛАМ

Топтолук бүтүп төрөр күн
Толгоосу бышып энемдин,
Үстүндө туулган экенмин
Уй жечү саман өлөңдүн.
Саманды азыр ойлоном,
Эмне үчүн сокур болбогом?..

Борошо бороп, кыш болуп
Боз үйгө карлуу муз тонуп.
Какылдап далай ыйлапмын
Калчылдап үшүп, бут тоңуп.

Анда мен бышык өңдөнөм,
Эмне үчүн сууктан өлбөгөм.
Колго алар кийим кийбепмин,
Кокочтой болуп кирдепмин.

Койгулап жерге башымды
Коломто чукуп, күл жепмин.
Эстесем күлдү эми көп.
Ичегим темир көрүнөт.

Бирде ток, бирде ач калып,
Кирпигим какпай чакчайып,

Оорупмун далай кыйналып
Онтолоп көздөн жаш тамып.

Ал кезди эстеп кайрадан
Ажалым жокко таң калам.
Кубанып атам кетчү экен
Чүкө атып, сака өкчөсөм.

Көп түрлүү оюнчугум жок
Көңүлүм кантип өстү экен?
Ойлосом кейип кетемин
Баарынан кемчил экемин.

Жетишпей жүрсөм мен анда,
Жетиштүү баары балама.
Саманга туулуп, күл жебей,
Сары жамбаш болуп кирдебей.

Саламат жүрөт садага.
Ойногон оюнчуктары
Өзүнчө чакан араба.
Ойносом деймин кошулуп
Окшошпойм бирок локуюп.

## РАХМАТ ОРУС АГАГА

Ою бар арам санагыс
Орустар биздин агабыз.
Ошолор менен гүлдөдү
Ондогон кыштак-калаабыз.

Ак кызмат кылды күн-түндөп,
Ат жалын тартып минген деп.

Алачык тиккен инисин
Айнектүү тамга киргин деп.

Ой, тоодо, үйдө отуруп
Ой тилек бирге кошулуп
Орустан көптү үйрөнүп,
Орустан көптү окудук.

Бул кезде кыргыз иниси
Билимдин минди канатын.
Окуй билсе агадан,
Окута билет агасын.

Бул кезде кыргыз иниси
Билүүдө билбес чаласын.
Үйрөнө билип агадан
Үйрөтө билет агасын.

## ЖАЛАЛ-АБАД

Ак алтынга үстү бай,
Кара алтынга асты бай.
Жазуучулар айткандай
Жаңгагы бар түгөнгүс,
Жалал-Абад жакшы жай.
Тоо койнунда көлү бар.
Ток пейилдүү эли бар.
Толгон эмгек баатырын
Ошол жактан көрүп ал.

Сүйгөн жигит кызганар
Сулуусу бар суктанар.
Күздө колу бошобойт,
Күтүп жүрүп кышта бар.

Жемиш кендин мекени
Жер сонуну ал жакта.
Көп иштердин көсөмү
Эл сонуну ал жакта.

Ак алтынга үстү бай,
Кара алтынга асты бай.
Каалап калсаң эрте жет
Жалал-Абад жакшы жай.

**ОШ**

Кыргыз жери сопсонун,
Кыйласынан Ош сонун.
Көңүл эргип кубанып,
Көп жерине токтодум.

Байлыктарын санашсаң,
Баш айланат санаштан.
Кең жагынан, пахтадан
Кем калбайт Жалал-Абаддан.

Супсак болуп айтканым,
Суу болбосун жазганым.
Атай берип не кылам
Ар түрлүү жер аттарын.
Жерден жерди тандаган
Тандап Ошту жайлаган.
Дыйкан болгон илгертен
Бабаларга айланам.

Кыргыз жери сопсонун,
Кыйласынан Ош сонун.
Кыдырган соң көп жерин,
Борборуна токтодум.

Денем балкып сый көрүп,
Тең иштеди кош колум.
«Чай ичиң», – деп турушат
Чаар топу досторум.

## ЖЕР СООРУСУ

Кыялай басып жон-жонун
Кыдырдым Көлдүн тоолорун.
Көлкүгөн күмүш сыяктуу
Көк кашка суусун бойлодум.

Акса да ташка соктуга
Аялдоо мында жок тура,
Күүлөнүп келип бир тиет
Көбүргөн бойдон коктуга.

Жылгасы жыпар жыттанат,
Жыттуулук жактан кыз калат.
Бетеге гүлү кол булгап
Беркел деп турат туш-тарап.

Көк челген учу найзабы,
Көз мелжийт аска-жалтаңы.
Таластык күйөө келди деп
Таңыркап карайт аркары.

Жаралган экен аябай
Жайнаган жашыл карагай
Көк тескей ылдый оонадым
Көп эрке өскөн баладай.

Төрлөрдүн сансыз эсеби,
Төрүнө төрлөр жетеби.

Кызгылтым тартып шыбырап
Кымызы чертет кесени.

Көрсөм да түрдүү миң жайды,
Көрбөгөм бирок мындайды.
Созулуп жаткан Ысык-Көл
Соорусу жердин турбайбы!

## ЖӨНӨКӨЙЛҮК ЖӨНҮНДӨ

Самап жүргөн көпкө мен
Самолёт миндим көк менен.
Ыр жаздым көркөм сөз менен,
Сүйүштүм кара көз менен.

Поездге миндим жердеги,
Кемеге түштүм көлдөгү.
Бирок да өтө самаган
Бир ой бар калган мендеги.

Тамырым жайып тереңге
Таанытар тууган көп элге,
Талпынып жетпей жүрөмүн
«Жөнөкөйлүк» дегенге.

## ИЗДЕП ЖҮРӨМ

Салдырган сөздүн жоргосун
Санасаң, бир топ жолдошум.
Залкарын бирок аз таптым
Салмагы жактан коргошун.

Чын жолдош болом деп бирөө
Чырмалды чылым чеккенде.

Чычайып кетти сүйлөшпөй
Чылымдын оту өчкөндө.

Жан жолдош болом деп бирөө
Жармашты шарап ичкенде.
Жанымдан кетти бөлүнүп
Бөтөлкө бошоп бүткөндө.

Акчам бар кезде бир жолдош
Алыстан көрдү түндө да.
Акчасыз кезде көрбөдү
Чаңкай түш ачык күндө да.

Инженер кумдан, аскадан
Издеген сымак алтынды.
Издеп жүрүп жолдош тап,
Билгендей сырды, баркынды.

## КЫРГЫЗЫМА

Байыртан болгон билими,
Байыртан болгон илими
Элдерди мактап өзүңдү
Алардын кылба кийини.
Кылымдар ачпай сабатты,
Кармабай калем, кагазды.
Караңгы болуп жүрсөң да,
Мекендеп түрлүү тарапты.
Мен туулган доорго жеткирдиң,
Мээңе сактап «Манасты».

Эзелдеп ачпай сабатты,
Эч билбей калем, кагазды.
Кой менен кошо жүрсөң да

Конуштап түрлүү тарапты.
Түптүгөл бизге жеткирдиң,
Тилиңе басып «Манасты».

Мактагым келет күндө эле,
Басынтып өзүң сүйлөбө.
Эпосун ойдо жат билген
Элдер аз сендей дүйнөдө.

## КЫРГЫЗ ЖИГИТТЕРИНЕ

Толкун болот деңиздин күчтүү жери,
Толкундай бол кыргыздын жигиттери.
Токсон-тогуз өнөрдүн ээси бол деп,
Тоолук эне төрөгөн сени, мени.

Чоку болот тоолордун бийик жери,
Чокудай бол кыргыздын жигиттери.
Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,
Чоң атабыз үйрөткөн сени, мени.

Көрдүңөрбү орустун уландарын
Көздөрүнөн тынымсыз жанат жалын.
Арабызда андайлар болсо дагын...
Бош байлаган боо сымак жүрбөй дайым
Үйрөн тынбай улуу элдин ушул жагын.

## АК КУУГА

### Зинаханга

Мен сүйдүм Ысык-Көлдүн Ак-Кууларын
Бирок да эссиз эмес баштууларын.
Сүйбөдүм узун кара чачтууларын
Сүйдүм мен көңүлүмдүн жактырганын.

Мен сүйдүм, мени чындап а да сүйдү,
Үйлөндүк, үйүбүзгө бакыт кирди.
Ал Ак куу Ысык-Көлдө сүзгөнүндөй
Турмуштун көлүндө да сүзө билди.

## ЧЫНДЫКТЫ АЙТСАМ

Кай бир кыргыз туугандар
Камыры жок эт жешет.
Картөшкө менен пиязды
Кадырлашпай чөп жешет.
Аштык экпес илгерки
Аталарды эстешет.

Чындыкты айтсам аларга,
Чычалашып сени дейт.
Чыр баштоого камынып,
Чыйт түкүрүп берилейт.
Жаман көрсө көрүшсүн,
Жалаң этти бөрү жейт.

## КОМПОЗИТОР БИРӨӨГӨ

Ким сүйбөйт үч кыл комузду,
Ким сүйбөйт конур добушту.
Комузду жерип ойлойсуң
Бетховен, Шопен болушту.

Күлдүрөп, кээде кыңгырап,
Музыкаң кулак тундурат.
Мааниси жокпу билбедим…
Балкыбай боюм чыйрыгат.

Кыйла жыл кылган эмгегиң
Кыргыздын оюн аткарсын.
Озондойсуң обу жок,
Обонду кайдан тапкансың?

Улуулук кимде? Шопенде!
Элине жаккан эң мурун.
Эл сүйөр композитор бол
Эгерде болсоң сен кыйын.

## ЖЕТИМГЕ КАЙРАТ

Жеңелериң жерге кир, – деп тилдесе,
Агаң кээде, ай жетим, – деп сүйлөсө,
От жанында улутунуп олтурсаң
Ойлоп-ойлоп ойго түшөм бир нече.

Ким турмушта жакшы жашайм дебеген
Ким турмушта ачуу-таттуу жебеген.
Он жыл мурун какшап, маарап бир улак
Өзүң окшоп жетим калды энеден.

Эмип кирсе эмчектерин түрткүлөп,
Көп эчкилер көмөлөтө сүзгүлөп,
Далай аял таяк менен сабады
Табактагы сүтүмдү уурдап ичти деп.

Жылдар өтүп, айлар суудай агылды
Жетим улак таңгалдырды айылды.
Эркеч болуп, короо-короо кой баштап
Койчумандын коңгуроосун тагынды.

Сен да бөбөк эр жетилип, толорсуң,
Ал улактай элдик жигит болорсуң.

Жетим кылбай жетилдирет заманаң
Жетимдикти чыгарып сал санаадан!

## МЕКЕН

Ак кептер койнун ээлеген
Апамдай сүйкүм кең мекен.
Ар дайым атап атыңды,
Ар дайым толкуйм сен десем.

Атагың уккан дегдешет,
Алыстан көрүп эл кетет.
Ааламда сонун жайлар көп,
Кайсысы сага теңдешет.

Эх, чиркин! Кандай жер элең!
Козголуп барат делебем.
Түшүнсө, билсе баркынды
Туюкта жаткан бала да
Түшкөнчө шашар энеден...

Тырнактай болуп жаралып
Тууган жер көнсөң оюма,
Көрсөтөр элем дүйнөгө
Көтөрүп жүрүп колума.

## АЯЛЫМА

Мен акынмын кээде кедей, кээде бай,
Ичкен ашым кээде кесме, кээде чай.
Кай бир күнү конок толуп үйүмө
Казанымда кайнап турат жалаң май.
Кай бир күнү капа кылам өзүңдү
Жаш балаңа сүттүк акча табалбай.

Көп-көп жаз деп айтчу болдуң сен эми,
Көбү жакшы, бирок болот ченеми.

Эң уят го эки бетти тултуйтса
Эртеңки күн элдин калыс элеги.
Аман болсок жетишээрбиз баарына
Азырынча чабал жашап көнөлү.

## САРЫ-ЧЕЛЕК КӨЛҮ

Сагынган акын жүрөгү
Сары-Челек көлдүн чүрөгү.
Сайраңдап үч күн жээгинде
Семире түштүм бир эли.

Жашырын сырдуу күү чалып
Жай толкуп, кайра тынч алып.
Жаңгактуу тоонун койнунда
Жатканын көрчү суйкайып.

Көп жолу тиктеп түпкүрүн
Көрбөдүм мунун түк кирин.
Көрүнүп сакал кыра бер,
Кереги эмне күзгүнүн!

Сары-Челек көлгө келишкен
Салбайбыз курорт неликтен?
Коoздук жагы кем калбайт
«Кой-Сары», «Жети -Өгүздөн».

Айрыкча шаңдуу байкасаң
Айтканда тоодон кашка таң.
Көл болбой эгер кыз болсо
Көз тиймек экен капкачан.

## ЖАШ ЖӨНҮНДӨ

Эл ичинде жүрө берсе баш эсен
Эй боз балдар, ойго жетүү бат экен,
Эңсеп жүрүп жолдош болсом сырдашып
Жыйырма беш – жаштай эле жаш экен.

Мен ойлогом жыйырма бештин белинде
Жыйырма жылы токтойм го деп келинде,
Токтоо кайда, колун берип коштошуп
Кете берди достошолу дээримде.

Мен ойлогом жыйырма бештин белинде
Парк бар го деп мен көрбөгөн өмүрдө,
Өтүп кетти ресторан, биллиардың
Кайсы жерде, айтып берчи дээримде.

Жыйынтыктап айтып берем айт десең,
Жыйырма бештин даңкы гана башка экен.
Текке кетпей, тер агызса эл үчүн
Жаштын баары жаман эмес, жакшы экен.

## ШАМПАН ИЧТИМ

Шампан ичтим, шампан ичтим өкүртүп,
Шампан жатты кээде мени кекиртип.
Биздин элден Пушкин чыкса деген ой
Бир мезгилде жыргалдантты көшүлтүп.

Мен шампанды ичкен жокмун тим гана
Бүгүнкү күн кубанычтуу күн мага,
Каламдашы жакшы ыр жазса кайгырып
Капа болот, капа болот ким гана?

Ал каламдаш мага салкын көңүлү
Аз келгенсип урушканбыз өгүнү.
Урушса да ошон үчүн шыңгыттым
Ырларынын узун болсун өмүрү.

Шампан ичтим, шампан ичтим өкүртүп,
Шампан жатты кээде мени кекиртип.
Кыргызымдан Байрон чыкса деген ой
Кыйла убакка кыялдантты көшүлтүп.

**БАЛЫКЧЫ**

Айыл тургай алыскы
Атын түрлүү жан укту.
Шайыр мүнөз шаар экен
Шамалга бай Балыкчы.

Кайдан келди билбейсиң
Катуу желби, куюнбу?
Тамашалап оозуңдан
Жула качат чылымды.

Жайында, же кышында
Барып калган учурда?
Калпагыңды баса кий
Калдактатып учурба...
Талант го деп санадым
Таш учурган шамалын.
Көйрөң толкун ошондон
Көлдүн үстүн карагын.

Тааныш тургай алыскы
Даңкын түрлүү жан укту.
Татынакай шаар экен
Тамашакөй Балыкчы.

## ЧЕТ ЭЛДИК БИР АКЫНГА

«Сынчы дос», анча сын такпа,
Сый жолуң менен ырсакта.
Тантырап кыргыз элинде
Талант жок дейсиң бир паста.

Акындын арбын эсеби
Ала-Тоо талант мекени.
Айкырса сенден жакшы ырдайт
Адамы тургай эшеги.

Көп тартып жүрүп чылымды
Көрбөсөң керек кыйынды,
Торгойдун тилин жаңылткан
Токтогул сага тыйынбы?

Тарынбай ушул сырды уккун,
Дал өзүн айтам чындыктын,
Уйкашы менен арсылдайт
Ити да «ырчы» кыргыздын.

«Сынчы дос» анча сын такпа
Сый жолуң менен ырсакта.
Мактанба, талант, жагынан
Баласың али курсакта.

## ТҮШҮНБӨДҮМ

Жолукканда бал тамызып таңдайың,
Жолдош болуп жорголойсуң ар дайым.
Алаканда ойноор элең кылтылдап
Атаа сенин сымап болбой калганың...

Туугансыңбы, душмансыңбы ким билди,
Түшүнбөдүм түрлүү чыккан күлкүңдү.
Дарбыз болсоң чертип көрүп заматта
Билер элем бышыгыңды, чийкиңди.

## ЖАШТЫГЫМ КЕТСЕ МЕЙЛИЧИ

Жагалмай куштай чабыттап
Жат болор кезин аныктап,
Жалбарсам токтоп турбастан
Жаштыгым барат алыстап.

Ак бети  акак жүздөнгөн,
Ажары анар түстөнгөн
Кымча бел азыр терс карайт,
Куйругу кумган түптөнгөн.

«Ой чечек...» десе көп жеңем
Ойлонуп сырын чечпегем.
Орондоп азыр кээ бир кыз:
«Ой киши» десе өрттөнөм.

Узак жыл өтсө арадан
Улгаят тура ар адам.
Жаштыгым кетсе мейличи,
Жаш болсо болду заманам!

## КЭЭ БИР АКЫНДАРГА

Ташкынсыз дайра дайрабы,
Ак көбүк чачып акпаса.
Талантсыз акын акынбы,
Жазганы элге жакпаса.

Уялбай элдин көзүнчө
Учкашып минип бир өгүз,
Жакшылап билбей турмушту
Жазуучу болуп жүрөбүз.

Кыйналып жаздык көп китеп
Кыргызга маалим сырыбыз.
Кызарат качан бетибиз,
Кылканга толо ырыбыз.

Чыгарма бүтсө саптарын
Чыгабыз санап ач карын.
Эс алып жыргап калабыз
Элесин көрүп акчанын.

Эскертем сырды ойдогу
Эл сүйбөйт окшойт болжолу.
Биз өлгөн кезде ырыбыз
Бирге өлбөсө болгону.

## АРАКЕЧ ДОСКО

«Ак молдо» деп айтпай жүрчү аракты,
Арак качан «молдомун» – деп сага айтты.
Адегенде ат маанисин түшүнгүн
Ал аракты биздин завод жаратты.

Айтпай жүрчү «жинди суу» деп аракты,
Арак качан «жиндимин» – деп сага айтты?
Кагылайын шыңгыта кет мени – деп
Канча жолу кадыр салып жаратты?

Каалабасаң, капаланып ал арак –
Картайганча сүт ичип жүр дейт белем.

Каалабасаң, капаланып ал арак –
Куубайт сени, кулап түшүп текчеден.

Ичкилик да, тамак дагы чек менен,
Ичи көбөт этти деле көп жеген,
Ашык ичип акыл-эсин жоготкон
Анык жинди сенсиңго деп шектенем.

Азгыргыч деп айтпай жүрчү аракты,
Арак качан «азгырам» – деп сага айтты.
Айып сенде, айтпай жүргүң жинди деп
Ал аракты биздин завод жаратты.

## ТҮЙДӨГҮН ЭСТЕП ЭНЕМДИН

Чон энемдин кесиби ийик эле,
Ийигиндей ою да күлүк эле.
Жаны тынбай жарыктык эртели-кеч
Жатчу дайым жиптерди түрүп эле.
Түгөтпөстөн түйдөгүн өлүп калды
Кадимкидей кайраттуу жүрүп эле.

Өлүм жаман, курбулар, өлүм жаман,
Балан күнү барам деп айтпайт саган.
Ырды баштап аягын бүтпөй калсам
Чоң энемдин түйдөгүн эске салам.

Анча-мынча аша чаап кеттим окшойт,
Адам чакпас жылан да болсун аман.
Жашпыз азыр жашайлык дагы көпкө
Жашоо көркү жыргалдуу биздин заман.

## КӨРГӨНДӨЙ БОЛДУМ ӨҢҮМДӨ

Баратып өскөн жеримде
Бала чак түштү көңүлгө.
Көп жылдар мурун өткөндү
Көргөндөй болдум өңүмдө.

Кармалбас жибек жел эзет,
Капталда жолдон эл өтөт
Капыстан келет оюма
Карагат терген көнөчөк.

Кыяда жолдон эл өтөт,
Кыбыладан жибек жел эсет.
Кыялга түшөт заматта
Кызылгат терген көнөчөк.

Балалык өзү жакшы убак
Байка деп мени жакшылап,
Тойпондоп кемпир-чал болуп
Той берген жалпак таш турат.

Эч кетпейт кызык күн эстен,
Элестейт балдар бир өскөн.
«Өлөсүң турсам» – дечү элек
Жыгылып жатып күрөштөн.

Топтоло калып ыкташып,
Торпокко толо учкашып,
«Үч таман» ойноп чүкөдөн
Уруштук далай мушташып.

Козу, улак байлап көгөнгө
Кой саадырып биз жүрдүк.

Тентектик кылып минем деп,
Текеге далай сүздүрдүк.

Ушунун баары жыйылып
Алдымдан өтөт чубуруп.
Жаш кездей келет ойногум
Жалпак таш жакка бурулуп.

Баратып өскөн жеримде
Бала чак түштү көңүлгө.
Көп жылдар мурун өткөндү
Көргөндөй болдум өңүмдө.

## АТТАН УЛАМ

Арыбас ашса, сан тоону
Ардактап баккан май соору,
Атамдын жалгыз аты элең
Ай жаныбар Сартору.

Арадан ай-жыл өттү эчен.
Алма, өрүк гүлүн төктү эчен.
Ар убак жашым кылгырат
Атамды, сени эстесем.

Баягы тентек кезим жок,
Балалык чактай сезим жок.
Тунжурайм, дубал түбүндө –
Туягың жатат өзүң жок.

Тууган жер кымбат бул анык,
Туланы жатат буралып.
Боюнда суунун сен ичкен
«Волганы» турам сугарып.

Кайратка капам багынбай,
Өрттөнөт ичим жалындай.
Өзүңдөй күлүк табылып,
Атадай ата табылбай.

## ТҮРКМӨН ДОСУМА

Үндөшө келсек үн бирге,
Сүйлөшө келсек тил бирге,
Тилмечсиз баарын түшүнөм
Түбүбүз бирге, үй бирге.
Төбөдөн тийген күн бирге,
Төрөлгөнбүз бир күндө.
Энекең карап көзүмдү
Элжиреп мага эзилди.
Эрке да кылып жиберди
Эстетип тентек кезимди.
Балтыр бешик баладай
Бактылуу сездим өзүмдү.

Жериңди көрдүм бир далай:
Жемиш, кен, пахта, кумга бай.
Элиңди көрдүм сыйга бай,
Өзүңдү көрдүм ырга бай.
Эмне үчүн досум бир гана
Болбодуң экен суугa бай?
Дүйнөдө баалуу белек көп
Досторго берчү белектеп
Кымбатын тандап баш катты
Кыйышпас боорум сени эстеп.
Аргымак берсек бат арып,
Тон берсек турар эмес көп…

Аяймбы сенден жанымды,
Аяймбы колдо барымды.

Ар дайым жашыл калсын деп
Адыр, түз, суусуз жайыңды,
Акылга көнсө ноктолоп
Алып келет элек Нарынды.

Биз жакта күн-түн шылдырап
Бир тоодон түшөт миң булак.
Беш жүзү келсе чөлүңдө
Буруксуйт эле гүл бурап.
Экөөбүз жүрүп жээгинде
Толкубас белек ыр курап!

Кадырлуу боорум, биз жактан
Каалаган нерсең алып кет.
Түркмөн, кыргыз достугу
Түбөлүк турсун анык деп,
Суйкайган сулуу «Сөң-Көлдү»
Самолётко салып кет.

## КАРКЫРА

Көл жайлоосу Каркыра
Мактаганча бар тура.
Тоосу толгон карагай,
Түзү түмөн мал тура.

Чыккан чөбү май тура,
Аккан суусу бал тура.
Сочи, Крым не керек
Бул жердеги малчыга!

Каңырыгым түтөдү
Кайтарымда артыма.
Ашык кылдың акынды
Ай Каркыра, Каркыра!

## БАШКАРМАГА

Өзүң жоон өгүздөй,
Өнөкөтүң жеп ичмей.
Курсагыңды кучактап
Кулак салчы терикпей.

Ушул опкок курсакка
Кымыз кирди миң чака.
Уй, жылкы, кой дагы бар
Урунар эле сыйпаса.

Калыс болсун эл тегиз
Кайдан чыктын, эй жегич?...
Калк көзүнө жарашпайт
Колхозуң кедей, сен семиз.

## ЭМИ БИЛДИМ

Көрбөсө бир аз сагынып,
Көлөкөмө жалынып
Боор эт менен теңсиң деп
Сүйчү эле атам кагылып.

Түшүнбөй анын сөзүнө
Теңейт деп боор этине
Жактырбай кээде айтканын
Жаш алчу элем көзүмө.

Билбеген жагым көп экен,
Акылдан анда кем экем.
Чын эле бала дегениң
Боор эт менен тең экен.

Атамдын сөзү ырас да,
Айланып ар бир убакта
Чүйтүйгөн жаман уулум бар
Чүчкүрсө «чү» дейм врачка.

Айтыптыр атам туурасын
Эссиздик экен ыйлашым.
Боор эт менен тең деген
Түшүндүм сөздүн тулгасын.
Балалуу өзүм болгондо
Баланын билдим кымбатын.

## КИМ МЕНЕН

Көчөгө чыксан кол бошто
Жанында жарым сом жокто
Айттырбай билген сырыңды
Айланса болот жолдошко.

Кайнаган ичте сыр жатса,
Кайгылуу же бир муң басса
Кайратын айтып кеңешкен
Кагылса болот курдашка.

Тең тартып жалгыз чылымды,
Тең бөлүп сокур тыйынды
Жүрөлүк, жолдош курбулар
Көтөрбөй көккө мурунду

Адамдын көөнү гүл деген,
Акылсыз аны билбеген.
Жалгыздап жүрсөк бөлүнүп
Жашайбыз жыргап ким менен?..

## СЕЛКИГЕ

Айга окшош сүйкүм карашың,
Ай алтын,
Агай деп кээде каласың.
Айчүрөк болуп буралып,
Сыланып
Ичиме чокту саласын.
Жылдыздай сүйкүм карашың,
Ай алтын,
Жигит деп кээде каласын.
Жылмая карап токтолуп,
Оштонуп
Жүрөккө чокту саласын.
Күлгөнүң күндүн нурундай,
Сулуу ай,
Күтөйүн жатка бурулбай.
Гүл болчу жыттап жүрөйүн
Сүйөйүн
Өзүмдүн жазган ырымдай.

## МҮРЗӨ ЖАНЫНДА

Сагынып сөзүн укпай эчен жыл
Сабыр кылчы шаштырасын...эмнең бул?
Томсоргон бир белги турат дебегин
Токто, жолдош, сүйлөйт азыр Алыкул.
– Жүргүн үйгө, сүйлөшөбү жансыз көр.
Жинди го деп сөз кылбасын көргөндөр,
Ага окшогон өлүк эмес тирүүмүн,
Жаңы ыр жаздым окуп чыгып, кеңеш бер?
– Сыйын көрүп, ырын угуп күн бою
Сырдашканча сендей тирүү акынга.

Түшүн, жолдош, тургум келет түн бою
Өзүм сүйгөн өлгөн акын кашында!

## БИР МИСАЛ

Жумшактык кылсаң кээ бирөө
Майталкан кылат аябай.
Катуулук кылсан кээ бирөө
Кабагын бүркөйт карабай.

Өтө таттуу болбогун
Жебесин бирөө үзүнүп
Өтө ачуу болбогун
Кетпесин бирөө түкүрүп.

## КОШ, МИДИН!

Каралуу кылып жеңемди
Калтырып жетим Медерди,
Кай жакка кеттиң, Мидике,
Кайгыртып тууган көп элди.

Аяйбыз ичтен сызыла
Алп талант элең нукура.
Ажырап калдык заматта
Айла жок… тагдыр ушу да.

Көп сырың кетти ачылбай,
Көп ырың кетти жазылбай.
Кыйды экен кантип куу өлүм
Кырк бештен жашың ашырбай.

Кайрылып сынды кош мүрүң,
Калк сүйгөн тилиң жок бүгүн.

Какшасак дагы келбессиң
Кантелик эми, кош, Мидин!

## КАЗАК ЭЛИНЕ

**Музафарга**

Дүйнө эли билген атагын
Туушкан элим казагым.
Кашымдан кетпей күн-түнү
Капамды бирге жазарым.

Узак жол бирге басарым
Уялаш элим казагым.
Эгизи бизбиз кыйышпас
Эне менен атанын.

«Досым» – десең күйүнөм,
«Баурым» – десең сүйүнөм.
Бир тууганын дос деген
Укпадым элдин биринен.

Казак айтат «Канша» деп,
Кыргыз айтат «Канча» деп.
«Ч» менен «Ш» болбосо
Айрыма жок го анча көп...

## ТООЛУКТУН ПЕЙЛИ

Коноктон эч бир жадабас,
Колунда барын аябас,
Тоолуктун жоомарт пейли бар,
Толкуган көлгө чамалаш.

Самасаң барып коносуң
Сайраңдап, дуулдап оңосуң.
Сары май, этин, кымызын,
Сат десең уят болосуң.

Атайлап көрбөй камылга,
Акчасыз барам айылга
Аш менен атым дапдаяр,
Ак калпак кыргыз барында.

## ЖИГИТМИН

Кээ бир кыздын айтуусуна карасам,
Жылдан жылга мен улгайып баратам.
Баягыдай жакпай калды аларга
Магнит сөз, бала кыял тамашам.

Аялымдын айтуусуна карасам
Жылдан жылга мен жашарып баратам.
Магнит сөз жакпаса да көөнүнө
Майдай жагат бала кыял тамашам.

Мейли, кыздар мени «чал» деп күлүшсүн,
Таарынчым жок ыгы бардыр күлүштүн.
Бирок өзүм токсон жашка барсам да
Аялыма солкулдаган жигитмин.

## ҮЙ ЖӨНҮНДӨ

**Шаардык аткаруу комитетинин председателине**

Мал айдап тоого көчкөн миң
Баласы менмин көчмөндүн.
Баш маанек берер бекенсиң
Байырлайм шаарга деп келдим.

Калаанын ичин жаңылап
Катар жыл көп үй салынат.
Катар жыл менин кезегим
Арылап барат, арылап...

Үй, үй – деп жүрүп, агайын,
Өткөрдүм күндүн далайын.
Болбосо... шаардан конуш бер
Боз үйдү тигип алайын.

## КЫЗ БУРАК

Сүрдөнүп сөз айталбай көпкө жүрүп,
Сүйлөшсөм сүйгөнүм бар дедиң күлүп.
Ай өттү, бир нерсени шылтоо кылып
Акырын комнатаңа барсам кирип.

Өзүнчө ичке назик обон салып,
Ойлонуп бир азыраак токтой калып,
Жатыпсын окуп жаман китебимди
Үстүнө кош алмаңдын коюп алып.

Ошондо кубандырып, сен кыз бурак –
Ордуңдан тура калдың этип булак.
Сүйсөң да, сүйбөсөң да жыргай түштүм
Башымды ак төшүңө койгон сымак.

## ЖАЗДЫ САМАП

Келгенде көктөм мемиреп
Көңүлүм эргип семирет.
Келин-кыз тургай көзүмө
Кемпир да сулуу көрүнөт.

Гүлдөткөн адам, айбанды
Гүлдүү май сендей ай барбы!
Күчтөнүп жигит кыласың
Күү-шайы кеткен чалдарды.

Жаз айы жандын көркү экен,
Жашыл бак жакшы нерсе экен.
Титирей түшүп бой балкып
Тил соргон түндөр келсе экен.

## ТҮШҮНГҮН

Эжемдей сүйүп бир кезде
Эжеңе сунсам гүлдесте,
Эмне үчүн мага бербейт деп
Эки ойлуу болдуң күн кечке.

Жанда жок экен шериги
Жабыркай жүрсүн көңүлү.
Жашамал тарткан эженин
Жашара түшсүн өмүрү.

Улгая түшсөң сыйлаарга
Укмуш сый болот мындан да..
Гүл берип азыр не кылам
Гүл болуп өзүң турганда.

## ДИЛБАР

Он миң эмес бир жаным,
Бир жанымды сүй жаным
Өтө жактың көңүлгө
Өзүң ойлоп бил барын.

Орундайбы тилегим
Оо, Дилбарым, Дилбарым?
Үкү билет түн жайын,
Булбул билет гүл жайын.

Жүрөм толук байкабай
Жүрөгүндө ким барын.
Айтып койчу жашырбай
Ай, Дилбарым, Дилбарым.

Калктын ойлоп жыргалын
Кап, кап, пахта жыйганың.
Кап кебезче жокмунбу
Капа кылбай сүй, жаным.
Каалап калдым өзгөчө
Кантем эми, Дилбарым.

Көздөн чачып сен жалын,
Көктөн чачып күн жалын,
Эки ысыкка чыдабай
Эрип барат бир жаным.
Эрк өзүңдө, не кылсаң
Эх, Дилбарым, Дилбарым.

## ОН СЕГИЗ ЖАШЫМА

Жан жыргоо көпкө созулбай,
«Жай»... деген сөзгө кошулбай,
Жарк этип өттүң он сегиз
Жайдын бир чакмак отундай.

Кымбатың жезби, алтынбы,
Тездигиң окпу, шар суубу?

Тиш каккан жеңем билбесе…
Түшүнбөй калдым баркыңды.

Жүрсөң да менден ыраактап,
Жүргөнсүйт демиң кубаттап.
Жигиттик сенден башталды
Жүз жолу сага ыракмат.

Калсаң да менден ыраактап
Карааның жүрөт кубаттап.
Муруттун ээси кылган сен
Миң жолу сага ыракмат.

## КАП СЕНИ

Түшүнбөй сырын бойдоктун
Түрлүү сөз айтып ойноттуң.
Түндөсү көзүм илинсе
Түшүмө кирип ойготтуң.

Билалбай жүрсөм сырыңды,
Бир күнү айттың чыныңды.
Жигитим бар деп жылмайсаң
Жибердим тартып чылымды.

Сууюн сенден ак пери,
Сумсайып эми как мени…
Сүйгөнүң барын билгенде
Суусабай койбой, кап сени!..

# ДОСТУК АЗИЛДЕР

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВГЕ

### 1

Сакемдин өзүн карасаң
Сакадай киши кичине.
Залкар тоо бирок тең келбейт
Сапаттуу эмгек-ишине.
Айкөл Манас бүт баткан
Алмадай баштын ичине.
Алтымыш жаштан ашса да
Айта элек аны бүтүрө.
Анткени кээде момундай
Ашык сөз айтат мүчүмө:
«Мээнетин алайын,
Балакетиң алайын,
Мына ошондо Эр Манас,
Дал ушинтип шер Манас,
Кайран энең Каныкей
Мына ошондо энекең,
Атандын көрү шум дүйнө
Атаңдын көрү дүйүнө»
Кантип бүтөт ушинтип
Кайталай берсе күнүгө.
Сан жагын сөздүн көбөйтпөй,
Сакем, токтолсо дейбиз бирине.

## ААЛЫ ТОКОМБАЕВГЕ

Ат салбаган астына
Алп Манастын Аккула...
Аргымактар келетат

Арт жагынан шаштыра.
Ашып кетип жүрбөсүн
Бол, Алыке, чапкыла!

Талыккан го сыягы,
Ташыркаптыр туягы.
Такалатып алыңыз
Талбай чуркар бу дагы.
Карылыкка эмитен
Кула моюн сунабы?..

## ТЕМИКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ

Ачык көңүл Темикем,
Алтын ырдын кени сен.
Анык тулпар чаалыкпайт
Арыбассың эмитен.
Канаттуу ыр сен жазган
Катуу учуп талбастан
Өлкөнү бүт кыдырып
Өттү тоолуу Кавказдан.
Жалгыз сенден өтүнүч
Жайыраак жаз шашпастан!

## КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВГО

Жакшы ырына бап урдум,
Жүйрүгүсүң акындын.
Жаман жери, аксакал,
Оозу катуу атыңдын.

Абдан кызып алабы
Абайлабай мараны,
Чуркай берет талыкпай

Аралап тоо, талааны.
Ал жагын биз билбедик,
Же атың, Ашык байге алабы?

## ЖЭЭНБАЙ САМАГАНОВГО

Белинский болом деп
Беленденди көп жылы.
Чыккан эле бир кезде
Чыйрак сөздүү көп сыны.
Көптөн бери унчукпайт
Түгөнгөнбү сөз куну.
Жэ жарытылуу сындан жок,
Же бир жазган ырдан жок,
Калабы деп арабөк,
Капа болуп ичим чок.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО

Жаман-жакшы болсо да
«Жамийлаң» жетти Парижге
Жазып баарын койгонсуп
Жатып албай дагы иште.
Халтура кылбай ак иште,
Тил жагынан так иште.

## МУХТАР БОРБУГУЛОВГО

Күн-түнү катырып башты,
Тамсил деп далайды жазды.
Калтырбай кыдырып бүттү
Зоопаркты, тоо, ташты.
Акырында азилге өттү
Айбандардын тилин түшүнбөй жакшы.

Муктар!
Ошентип азилден баштадың,
Жок эмес жетишкен жактарың.
Кемчилигиң айтсак,
Тумшугуңан бир тийип
Же тик турар төбө чачтарың.
Оюн орундуу болсо да
Же кара сөз эмес,
Же  ыр эмес
Чыгармаңдагы саптарың
Оозубузду мүмкүн ачпайт элек
Ойдогудай сонун болсо жазганың.

*«Кыргызстан» басмасы*

## КАРЫЯНЫН ЖООБУ

Кабакта бир карыя
Кайраттуу экен дагы да.
Басып барсам жанына
Таптап коюп далыга:

– Кимсиң балам?
– Акынмын.
– Акыны бар акындын.
Таш талкалап, жол  түзөп
Мен да келе жатырмын.

Кайдан келдиң?
– Турмушту
Үйрөнөйүн деп келдим.
– Андай болсо ар иштин
Ысык суугун көп көргүн.

Үйрөнөм десен турмушту
Үйүңө жатпай сыртка чык.
Жалкоорок болсоң жайда чык,
Кыйынмын десең кышта чык.

Бул сөздү айтып карыя
Муздан бүткөн жанчылап
Муздуу ташты көтөрсө
Мен баратам калтырап.

– Үшүбөйбү колуңуз?
– Үйрөнгөм суукка көп болду.
Үшүсө мүмкүн таш үшүйт,
Үшүбөйт колум, – деп койду.

## КЕРИМБҮБҮ ШОПОКОВАГА

Издеп жүрүп биздин Совет жергеден,
Далай жолу тааныш болуп эл менен.
Эри баатыр, өзү баатыр аялды,
Эч укпагам, эч бир жерден көрбөгөм.

Мен жигитмиң бир топ эле кубаттуу,
Аялыма айткан сөзү дымактуу.
Элге кенен пайда бербей жатабыз,
Экөөңөрдүн тырмагыңар сыяктуу.

Калк эскерсе азаматтын багы да,
Калк ыраазы Дүйшөнкулдай жарыңа.
Эсибизге түшө калат кылт этип
«Эрдик» деген сөз угулса дайыма.

Алтын эже атактуу бол дагы да,
Жеткен кезиң Жерден көктүн Айына.

Аял, эркек сени да эске түшүрөт,
Ар бир жолу кант салганда чайына.

Алган жарың алп Дүйшөнкул деген эр
Алптыгына кыргыздан ким теңелер?!
Ал өлсө да бүт өлкөгө көрүнүп
Ала-Тоодон ашып турат төбөңөр.

## ЖЫЛКЫЧЫ БОЗОЙ

Аргымак минип туйлаттың, бозой,
Ай жарык тоодо түн каттың, бозой.
Анда бир санда көрүнүп коюп,
Ашыктык отун ырбаттың, бозой.
Оттой бир жанган көзүңөн, бозой.
Орденин жанган төшүнөн, бозой
Орчундуу айткан сөзүңдөн, бозой
Түшүмдө сенсин, өңүмдө, сенсиң,
Түк кетпей койдуң эсимден, бозой.

Кыргызга кеткен данкыңдан, бозой,
Кыйлага кымбат баркыңдан, бозой.
Кыялың бүткөн алтындан, бозой
Кылчактап карайм артыңдан, бозой.
Капталдап созгон үнүңдөн, бозой
Караткан сүрдүү түрүңдөн, бозой.
Кызматта кабак түйбөгөн, бозой
Кыздардан бирок сүрдөгөн, бозой.

Жайганың колхоз жылкысы, бозой,
Жайлоонун сенсиң ырчысы, бозой
Жылдызын көктүн өзүнө, тарткан
Жылкычы бозой, жылкычы бозой.
Жашчылык жактан уйкучу, бозой.

## ТААЛИМ АЛ

Кир – дейсиң бардык жоолугум.
Кишиге жакпайт, кой мунуң...
Кийимге кине койгончо
Кир жүрбөй чыйрак болгунуң.

Салынып башка тазасын,
Сайрандап бакта басасың,
Сарала болсо жамгырдан,
Санаркап дагы капасың.

Карт энең тигил Ала-Тоо
Кандай кыз экен жашында...
Миң жылдар бою кир болбой
Бир жоолук жүрөт башында...

Таза жүр дебейт элем мен,
Тарбия алсаң жеңеңден.
Таасындап эми карындаш,
Таалим ал ак чач энеңден.

## ТУРА ТУРЧУ

Көктөм келсе жатып алып чалкаман
Көп караймын булуттардын көчкөнүн.
Кээ бирине окшоштурсам өзүмдү
Көзгө элестейт торпок минген кездерим.

Ана, тигил буурул булут төбөдө
Окшоп кетти буурул чачтуу энеме.
Бир топ жылдар бир көрүшпөй жүрсөк да
Мурункудан чыйрак экен дегеле.

Ал түрүнөн булут кайра өзгөрүп,
Ак сакалдуу атакемдей кейиптенип.
Минип алып мен сугарган тору атын
Бара жатат көрпө тонун бөктөрүп.

Энем болуп, атам болуп көрүнүп,
Эгер булут жерге түшсөң бөлүнүп.
Желдей сызып жетип барып заматта
Өлүп-талып өппөс белем берилип.

Бирок муну ук, мага күйбөй коштошуп,
Кете бербей сапарынды токтотуп.
Тараганча далай жылкы сагынчым
Тура турчу, ата-энеме окшошуп.

## ТООДОГУ КОРГОН

Сенде туулгам. Сен жүрсөң да ойдогу
Көп жыл өттү көрүүгө шарт болбоду.
Сагынымын, сагынысың аябай
Салам сага, Сарногойдун коргону.

Бийик боюң кар, жамгырга эзилип,
Бузулсаң да туш-тушундан кетилип,
Өңүң турат атакемдей көрүнүп
Өңүң турат апакемдей сезилип.

Кайда бүркүт тиги тоодо шаңшыган
Каңтара тээп, каршыкканын жанчыган.
Аскаларды баратканда кыдырып
Атам маркум көз салчу эле артынан.

Же өлдүбү шум ажалга тушугуп
Же жүрөбү балапанын учуруп?

Же болбосо өзүң сымак уясы
Калды бекен капталдары бузулуп?

Ошол бүркүт бизге турчу кошуна
Ошол бүркүт атакемдин досу да.
Тирүү болсо кайран чалдын уулу деп,
Тиктеп мени отургандыр чокуда.

Кана коргон, мен эмесмин бөтөнүң
Кара мага, карызымды өтөйүн.
Жепирейип жер бололек кезинде
Сүрөтүңдү тартып алып кетейин...

## ЖОЛДОШТОРУМА

Жакшы жолдош жанга ынак
Жабык көөнүн бай кылат.
Жаман аттуу сөз укса
Өзү уккандай кайгырат.

Жаман жолдош барда ынак
Жалпак тилин бал кылат.
Көзүн жокто ушактап,
Көтөрүп чаап анга урат.

Аяйт экен кээ бири
Айга, Күнгө жетсе деп.
Каалайт экен кээ бири
Жардан учуп кетсе деп.

Жакшысынар барынар
Жалындаган чагынар.

Байланышкан силерге
Байдылданын багы бар.

Кагылайын жолдоштор,
Кайтпайм берген антыман.
Карааныңды көбөйтүп,
Жүрсөм болду артынан.

## ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Асман жактан кат, кат булут калдайып,
Адыр-жонду имерчиктей айланып,
Чакмак чагып, чарт-чурт этип чагылган
Кара нөшөр төккөн турат камданып.

Ачык күндүн бүркөлгөнүн карачы,
Көйнөк кийбей ойноп кеткен баласы.
Ушул нөшөр жаабаса деп уулума
Үйдөн тынбайт энесинин санаасы.

Булут тарап асман чайттай ачылды,
Күн желкеден теше тиктеп чакыйды.
Эми уулумдун этине ысык өтөт деп,
Энесинин капааттыгы ашынды.

Уулу  келди бүркөлгөнсүп кабагы
Ошол кезде даяр эле тамагы,
Куюп берип чоң уурттаса кубанып,
Курган эне калбай жатты жан-алы.

Уулу уктады, төшөгүндө жай жатты,
Ошондо да эне тынчып калмакпы?..
Кыңкыстаса кыймылдатат акырын
Кулунумду бастыбы деп «албарсты».

Жайдыр, кыштыр жайлоо жыттуу илеби,
Баласында бардык ою – тилеги.
Билбей жүрөм кандай заттан бүттү экен
Бизди тууган энелердин жүрөгү.

## ЧЕХ ДОСУМА

Урматтап өскөн бири-бирин
Уулубуз эже, сиңдинин.
Көп күткөн боорум сен менен
Көрүшүп турган күн бүгүн.

Сууткан терин катыра
Кааласаң мингин атыма.
Энебиз көрүп кубансын
Европа менен Азия.

Бул да сенин өз элиң
Бул жер да сенин мекенин,
Аралап чыккын айлындай
Адыр, түз, күмүш өзөнүн.

Эгерде көөнүң сүйдүбү,
Эс алып кеткин миң күнү.
Ак калпак элдин жери ушул
Асмандан бүткөн түндүгү.

Кылымдар жаткан уюп кар,
Куш өтпөс эчен туюк бар.
Төрт түлүк малга аралаш
Төрүндө жуушайт булуттар.

Ырдабай акпайт бир дагы
Ырыска шерик суулары,

Кумарың канбайт тыңшоодон
Кулагың тоссоң жыл маалы.

Көлдөрү жатат көйкөлүп
Үстүнө көктү көмкөрүп.
Мениңе чейин көрсөтөт
Бетинди жуусан эңкейип.

Мекени бизде жаңгактын
Түшүмүн жыйнап албассың.
Дүпүйгөн шагы калкалайт,
Түбүнө миңден мал жатсын.

Тоолорун көрсөң кыш, жайы,
Ракет окшоп учтары,
Каратып башын космоско
Камданып турат учканы.

Кааласан даяр убадам
Дал ошол тоого чыгарам.
Көзүңдү салсаң дүрбүгө
Көрүнөт дароо Прагаң.

Көрүнөт дароо Прагаң.
Көркөм үй, бийик мунараң.
Көрөгөч биздин дүрбүнү
Жасаган Ленин улуу адам.

Урматтап сүйгөн бири-бирин
Уулубуз эже, сиңдинин
Өмүрлүк доспуз күн сымак
Өчүрмөк көктө күндү ким?!

## СӨҢ-КӨЛ ЖАЙЛООСУ

Көк орой-чалгын бетеге,
Төрүң төр эмес бекен, ээ!
Ыксырап жаткан тиги көл
Ырыс бейм бүткөн чекеге.
Ушундай төрдө туулган
Ушундай көлгө жуунган
Ырыстуу кыргыз экем, ээ!

Мезгилдин өткөн баттыгы, ай
Жашаармын аз жыл, аз күн, ай.
Калдың го чөгүп карекке
Кашка суу аккан жакшы жай.
Түбөлүк сенде жүрүүгө
Түбөлүк көлдү сүйүүгө
Өмүр көп болсо аттиң, ай!

## БИРӨӨГӨ КЕҢЕШ

Күрдөөлдүү күз айларын узатканда
Кыш келип кыроо турса бутактарга,
Каркылдап колхоз тургай шаарда да
Теректен теректерге учат карга.

Күн батса күтүп турбай күүгүм кирет,
Жол бою бак башына келип түнөп.
Каргалар кай бирөөнү күйүндүрөт…
Каргалар кай бирөөнү сүйүндүрөт.

Ушундай сүйүнгөндүн бирин билем
Ырымчыл мүнөзүнө ыкшып күлөм.

Кол тургай калпагына карга чычты
Байкушум байыйт го деп күтүп жүрөм.

Жыл келип жыл артынан дагы, дагы
Көбөйдү көп адамдын малы, жаны,
Жалкоолук жармач кылган мен айткан дос
Негедир жарыбады, байыбады.

Кур кыял куураган тал ичи көңдөй,
Кайраным калыс сөздү чеки көрбөй,
Бакытты маңдай терден издебейби,
Калпагын каргаларга тосо бербей.

## ДҮНҮЙӨКОР

Өткөн жыл айылыбызда адам өлдү,
Чынында адам эмес сараң өлдү.
Кээде биз кишилердин эсебине
Кошобуз мен адаммын дегендерди.

Ичинин таңгаламын тарлыгына,
Тапса да арбын акча ар жылына,
Тамшанып аттиң ай деп ач көздөнүп,
Сук артчу башкалардын байлыгына.

Бар экен салган үйү алты бөлмө.
Чай бербейт үй куттуктап келгендерге.
Ач көзгө алты бөлмө аздык кылып,
Тактайлап там салыптыр да бир жерге.

Эл айтат: «Эмгегинен тапкан эмес,
Керилип кетмен деле чапкан эмес.
Кезинде колхоз мүлкүн камтый коюп
Кесиби чайкоочулук, жаткан эмес...»

Ошентип, чайкоочу өлдү, кирди көргө
Эки үйү ээсиз калды эки жерде.
Тирүүндө эркин жүргөн «кайран эрге»
Жаткандыр тарлык кылып «жалгыз бөлмө».

Ошентип ач көз көрдө жаткан
Андайды айтып койсок болбос чеки.
Тирүүндө дүнүйөгө тойбосо да
Тойгондур топуракка эки көзү.

Ошентип, сараң өлдү, несине убал...
«Маркумдун» кубаты жок өйдө турар.
Көрүнө кокус кирген кумурскадан
Кызганып топуракты жаткан чыгар.

Өткөн жыл айлыбызда адам өлдү
Чынында чайкоочу, ач көз, сараң өлдү.
Кээде биз кишилердин эсебине
Кошобуз, «мен адаммын» дегендерди...

## ӨГҮЗДҮН АЛКЫШЫ

Салкын төр, сарала саз жүргөн жери
Оролот жоон санга өлөң чөбү.
Кыш, жайы комун ачпас күрөң өгүз
Кылчайып мөөрөп койду карап мени.

Жер челип, желге тосуп жайык төшүн
Укмуштай спортсмен сезип өзүн,
Жашынын улгайганын карабастан
Мулуңдап эске салат музоо кезин.

Бир кезде быш-быш этип токтой калып
Биз түшкөн грузовикке жакын барып,

Жанында жаткан тузга көңүл бурбай
Жалады дөңгөлөктү тилин жанып.

Мектепте, мугалимден алдык билим,
Бирок да үйрөткөн жок уйдун тилин.
Өмүрү ойго келбес өгүз сырын
Түшүндүм мимикадан мына бүгүн.

Бышылдап бизге мөөрөп караганы
Туз жебей дөңгөлөктү жалаганы,
Түбөлүк оор жүктөн куткардың деп
Алкаптыр биз жашаган замананы

## КӨКТӨМДӨ

Көктөм келсе көбүктөнүп суу кирет,
Суу күчүнөн таштар агат гүлдүрөп.
Өркөчтөнгөн өйдүк-сөйдүк толкундар
Өмүр күчү, алп экенин билдирет.

Көктөм келсе күндү карап гүл күлөт,
Бугуп жаткан булбулга да тил кирет.
Бардык жерде махабаттын сезону
Магдыратып башталганын билдирет.

Көктөм келсе тракторлор дың жиреп,
Түтүн бүркүп түн жүрөт да, күн жүрөт.
Канат элеп торгой сайрап ободон
Кызуу эмгек кайнаганын билдирет.

Көктөм келсе жалкоо Жанай үргүлөп
Көзүн ачпай уктаганы күйдүрөт.
Оозуна анын алма түшпөс үзүлүп
Ойготолу кулак, башын сүргүлөп.

Көктөм келсе жатып албай очоюп,
Былтыркы эски төшөнчүсүн которуп,
Ишин иштеп ийининин оозунда
Суур деле олтурбайбы чочоюп...

## ЖАЙЛООГО КАТ

Жүргөнүм жайлоо Көк-Ойрок
Жүдөдүм сени көп ойлоп.
Кагазың короп калса да,
Кат жазып ийсең не болмок?

Баккан мал аман, мен аман
Мал баккан теңтуш-тең аман.
Тамаша кылдым таарынып,
Терикпе жаным сен аган.

Ойлосоң мени түшүнүп...
Окууңду келгин бүтүрүп.
Токтолбой күндөр өтсө деп
Той жагын жүрөм күтүнүп.
Илинип кетсе кирпигим
Түштөрдүн көрөм түркүмүн.
Бирөөлөр сага жанашса
Миң жылдай болот бир түнүм.

Көңүлдөш селким Махаббат
Көңүл тынч кантип жаталат?
Көз ачсам жоксуң жанымда
Көзүмдөн учат жака жак.

Жүргөнүм жайлоо Көк-Ойрок
Жүдөбөй жүрсөм не болмок?..
Шашпайын өзүң келерсиң
Саамайың менен жел ойноп.

## МИДИНГЕ

Талантың таңкы Чолпон жылдыз эле
Таптаган мүнүшкөрүң турмуш эле.
Аялдар акын төрөйт, баатыр төрөйт.
Сендейди сейрек төрөйт кыргыз эне.

Күлкү эле күндүр-түндүр жүргөн жериң
Айтчусуң ар адамдын сүйгөн кебин.
Агай деп ак чачыңа кыз көз салса,
«Атаат» деп шыпшынчу эле далай келин.

Кез-кезде кээ келжирек жаагы тынбай
Кеп кылат «Мидин андай, Мидин мындай».
Далай жыл талантмын деп жүрсө дагы
Жакшы ырды жазды бекен бир ырыңдай?

Талантың таңкы Чолпон жылдыз эле,
Таптаган мүнүшкөрүң турмуш эле.
Аялдар акын төрөйт, баатыр төрөйт,
Сендейди сейрек төрөйт кыргыз эне.

## ЧОКУЛАРДАН КӨРҮНГҮН

Ырас, бүркүт биздей эмес канаттуу
Кең асманда канаттарын кагат шуу.
Акыл-эси адамдан кем болсо да
Көздөрү анын көрөгөч да сабаттуу.

Көп кылымдар көккө турган кошуна
Кезек-кезек келип конуп чокуга.
Кыргыз жерин кымбат баалап карайт ал
Салып алып алакандын отуна.

Сен чыныгы уулу болсоң элиңдин
Элиң үчүн барын өтөп өмүрдүн.
Булуттардын арасына жашынбай
Бүркүт болуп чокулардан көрүнгүн.

## СОНУНДАР

Дүйнөдө түрлүү сонун бар
Түгөнбөйт тура сонундар.
Түбөлүк менин сонунум
Тууган эл жүргөн ой, кырлар.

Түпкү атам күткөн жоомарттык
Түпкү энем ойгон оюулар.
Сонундан сонун, сонун бар
Сонунга шерик оюм бар.

Сонунум менин космоско
Созулта салган жолум бар.
Сонунум сонун адамдар
Жоголсун арам ойлуулар!

## ТҮШ КӨРГӨНДӨ

Түшүмдө көлдү көрдүм көп чоң эмес
Ичинде ай да жүрдү, тоо да жүрдү.
Дардайган таргыл бука тилин жанып
Баш салып бир четинен ичип кирди.

Баратты бара-бара көл түгөнүп
Көз менен көрүү кыйын бул укмушту.
Акырында саркындыга кошуп туруп
Ал бука айды жутту, тоону жутту.

Бакырдым: «Айды жутпа, тоону жутпа
Аларсыз жашоо кыйын, өмүр кыска» –
Дегенде чочуп кетип ойгондум да
Чын го деп көргөн түштү чыктым сыртка.

Карасам ай да турат, тоо да турат
Кадимки эзилишкен ашык жардай.
Түштөрүң калптан да калп неме тура
Келатам көптөн бери көңүлгө албай.

## ЫСЫК-КӨЛ

Көлдөн мындай ким көргөн
Көпкө унутпас бир көргөн.
Онтоп келген оорулуу
Ойноп кетет бул көлдөн.

Жерден мындай ким көргөн
Жетине албай сүйгөндөн
Ыйлап келген оорулуу
Ырдап кетет бул жерден.

Күндөн күнгө көрктөнүп
Кызык болуп барасың.
Кыргыз тургай башкага
Ысык болуп барасың.

Сага түшкөн көп эл бар
Ичи тар бар, кенен бар.
Замзам болсоң чөйчөктө
Уурдап кетсем деген бар.

Кол идишке батпастан
Жер идишке батпастан

Жер идиште турасың
Сенсиң байлык-мурасым
Сенсиң бардык кубатым.

## СЕЛКИГЕ

Жаркылдап турган мандайың
Жанымдан чыкпай ар дайым.
Карагым келет кайталап
Карегим талып калмайын.

Ажарлуу аппак бетиңден,
Кылгырган мөлтүр көзүңдөн
Кызыккан башка жан тургай
Кызганам кээде өзүмдөн.

Тизилген акак тиштериң
Түшүмө кирип бүт менин.
Зорго эле турам суктанып,
Сен өзүң күлүп бүтмөйүн.

Күчтөнтүп сүйүү көрүгүн
Бөрсөйөт кызгылт эриниң.
Бүт өмүр бою унутпас,
Биринчи өпсө сени ким.

Келишкен жумур моюнуң
Кебездей кыял – жоругуң.
Жигиттин боюн жибиткен
Жыпар го деймин коюнуң.

Тирсийген түгөй алмаңдан
Корунам колго алгандан.
Батынып барып төшүңө
Баш коёр экен кандай жан.

Кыйнадың мынча мени не
Кызыгам кымча белиңе.
Курушат куйкам аябай
Кучактайм десе кээ бирөө.

Түшүнсөң калдым берилип,
Түрсүлдөйт жүрөк элирип.
Тууду экен сени кайсы эне
Турасың жерден бөлүнүп.

Жылмая карап бир жолу
Жылытса болду чекемди.
Табалбай ички сырыңды
Тамшанып жүрүп өтөмбү.

Сүйөм деп сүйсөн, айт жаным,
Сүйбөсөң силкип какпагын.
Тамакка тоюп жүрсөм да
Махаббат жактан ачкамын.

**КЕЙИБЕЙМИН...**

Гүлсүнбү күлүп турган кең өзөндөн
Күнсүнбү тийип турган тереземден.
Карашың кандай сүйкүм, кандай назик
Кагылам сени тууган энекеңден.

Кандырган чанкаганда кумарымды
Эриниң кыргыз тоонун булагыбы?
Көөшүлтүп чаңкаганда чалкып жаткан
Пейилиң кыргыз тоонун тулаңыбы?

Караса каректериң мөлтүлдөшүп
Өзүмдү кармай албай эрким жетип.

Махаббат магдыратып кучагында
Баратат коргошундай көлкүлдөтүп.

Карачы, каймак майдай эригеним
Калбайт го катуу жерим эми менин.
Бир гана сага айтарым, сага айтарым
Бүт бойдон эрисем да кейибеймин.

## АК ЧЫНЫ

Кош бол эми, кооз гүлдүү ак чыны
Сага жетпес чынылардын актыгы.
Колдон түшүп сынып калдың кокустан
Атаганат сенин өмүрүңдүн аздыгы.

Чанкаганда чай куюп ич деп мага
Белек кылып берген эле жаш сулуу.
Сен сынсаң да сени берген перизат
Жашасын көп жары менен бактылуу.

## ИМЕРЕ ТАРТ

Ай, иничек, алп мүчөң бар келишкен
Айтчы бирок атка бошсуң неликтен?
Аркы балбан ыкчыл жигит көрүнөт
Арыңды ойлоп кере тартып кериш тең.
Адам тургай Ала-Тоонун кырында
Ата-бабаң бороон менен эңишкен.

Чап соруга чабдар атты, жиреш тең,
Чап жабышкан бурай кармап билектен
Ата-бабаң ат жалында аш ичип,
Ат үстүндө эчен эрдик түнү өткөн.

Анан кантип болмок элең  оп көчүк
Жигитсиң го жылкы менен бир өскөн.

Эрдик кылып эр намысын өтөгүн,
Эсиңе алгын ээрге басып кетерин.
Күчү кетип куларына аз калды,
Имере тарт оодаруучу кезегин.
Кыйла достор кызыгышып көрүшсүн
Кыргыз уулу атка бышык экенин.

## БИЛБЕДИМ КАНДАЙ КҮЧ БАРЫН

Жай салып жайык талаага,
Жактырсам дагы жашоону.
Жарым күн тоону көрбөсөм,
Жармашат мага баш оору.

Түз жердин суусу дудук суу,
Кусасы арбып кулактын,
Сай-сайдан сайрап ырдаган,
Сагынам үнүн булактын.

Алыска жөнөөр кезимде,
Алгансып бирөө артыман,
Ак мөңгү жакка негедир,
Айланчык болуп тартылам.

Козголбой жаткан кени көп,
Көп билем кокту, жондорду,
Темирди тартчу магнит,
Адамды тартчу болгонбу…

Көрбөсө жашыл жайлоосун,
Көөдөндө жанар жүз жалын,

Бул биздин ак баш тоолордо,
Билбедим кандай күч барын!..

## МЕНИН ОЮМ

Чыкпасмын бүт дүйнөлүк аренага,
Чыкчудай ташкын талант кайда мага...
Кыңылдап ырдап жүрсөм ыраазымын
Кымбатым тууган элим, араңарда.

Эриксем кээде чыгып тоолоруma
Көз салам көп чыбырдуу жолдоруна.
Кыр, кырга чыгып алып ыр окуймун
Кыргыздын өзү тургай, койлоруна.

Кеп жазып, көзгө толор бүттүм нени,
Эл билер, элге тааныш иштин жөнү.
Маанисин ырдын бурган кээ сынчыдан
Пайдалуу сур эркечтин чүчкүргөнү.

## КААЛОО

**«Кыргызстан маданияты» газетасына**

Камылгаңды жечү элек,
Качан чыгат дечү элек.
Көрдүк эми көзүңдү
Көңүлүбүз көкөлөп.

Жазуучуну жактай жүр,
Жакшы эмгегин мактай жүр.
Орточосун оңдотуп,
Жаман жазса баспай жүр.
Сүрөтчүнү сүрөй бил,
Мокоп калса бүлөй бил.

Залкар эмгек жаратсын,
Шакелдерин шилей бил.

Овону көп «жорго» арбын,
Ошолорду ойго алгын.
Нота үйрөтүп ноктолоп,
Озондотпой колго алгын.

Бийчилерди билип жаз,
Кежири бар тил укпас.
Мактай бербей начарын,
Арасында жүрүп жаз.

Аты тааныш далайга,
Артисттерди абайла...
Кемчилигин бетке айтып
Көпчүлүккө кабарла.

Жамандыкка бурулбас,
«Жайлаймын» деп жулунбас,
Кара кылды как жарган
Сынчылардын сынын бас.

Маданият баркы бол!
Басма сөздүн даңкы бол!
Халтурага каршы бол!
Калкың сүйгөн жарчы бол!

## АЯЛДАРДЫН АЧУУСУ

Унчукпай үч-төрт жылдын баарын жыйып
Аялдар аз урушат сагындырып,
Айланып «ак жаанга» кете электе,
Айтышпай күт акырын сабыр кылып.

Муз кылат кайнап турган арашанды,
Кыш кылат жайкы чилде саратанды.
Бээжайы безеленип тил тийгизсең,
Таанытат атаң тургай таятанды.

Көзүнүн кирпиктерин жаш аралап,
Бакырып баласын бир матап алат.
Колуна кокус тийсек сынабыз деп,
Корголоп коркуп турат казан-аяк.

Жылытсаң жылуу сөзгө аздан-аздан,
Кабагы жарк дей түшөт кайра баштан.
Ачуусу жаап бүткөн кара нөшөр,
Ал эми аял өзү тунук асман.

Күн болуп булут жарып чыга келет,
Гүл болуп кучагыңа тура келет.
Уяга үйүр алган көгүчкөндөй,
Уялып көөдөнүңө ыга берет.

Эркектен аял сырын билгендер аз,
Жат кылат жаакташып өзүнө кас.
Баа берсек зайыптардын ачуусуна,
Башы кыш, аяк жагы жаркыган жаз.

## КАРЫГАН УЙ

Кайран уй кандай эле баралында,
Карылык, кайгысы жок кабагында.
Маңкайып басып жүрсө жарашчу эле,
Өзөндүн өлөң чөптүү аралында.

Уй эмес соолбогон булак эле,
Көздөрү көргөн жандын кумар эле,

Саагын деп убагында үйгө келип,
Желини жерди чийип турар эле.

Сүт, майга чара толуп, чака толуп,
Жеңекем сааганына курсант болуп.
Салдырган алтын тишин жаркылдатып,
Жечү эле каймагынан күлүп коюп.

Жашы жетти, уй байыды, уй карыды,
Байкуштун баштан кетип сый-кадыры.
Канчалык жумшак чөптү жеген менен,
Тиши өтпөй кашек чыгат тең жарымы.

Ээси жок мурункудай көңүл бөлгөн,
Бир жолку окуясын өзүм көргөм.
Жеңекем таяк менен тарсылдатты,
Байпагын жалмаласа жайган жерден.

Уй качып кыйраландап дубалга ыктап,
Эти ооруп көргөн кордук көөдөн кыстап,
Титиреп тилин жанып, кирпик кагып,
Ыйлады музоосунун мурдун жыттап.

Бала го эң кымбаты өмүрдөгү,
Жыттаса ооруган жер жеңилдеди.
Жаш кезде берген майы, берген сүтү,
Ээсине бир тыйынча көрүнбөдү.

Ошондо ойго кеттим кайта-кайта,
Айбан да… адам эмес, айла канча…
Тиш врач сообуна калмак экен,
Жеңеге салган тишти уйга салса.

## КУБАНУУ

Согуш жылдар. Алсырашып канча жан,
Ачарчылык аткый кармап аркаман,
Жетпегеним аз келгенсип өңүмдө,
Түшүмө да түк кирчү эмес арпа нан.

Эми көрсөм эл пейили кеңейип,
Менин уулум бейкут күндө төрөлүп.
Тайраландап көзүн салбай көмөчкө,
Дарбыз минет анделекти өңөрүп.

Кумарланып куйрук, башын чойгулап,
Шокаладдан качыр жасайт чоң кулак.
«Адал аштан арам эшек жасайт» деп,
Апакеси алдап-соолап койдурат.

А мен турам тентегиме делбиреп,
Атаң далай аччылыкты көрдү көп.
Тынчтык мезгил, тоого айланды токчулук,
Качыр тургай пил жасасаң мейли деп.

## КҮЛҮК ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Мага бүткүл жер шарындай көрүнүп
Жатат жашыл ипподром керилип.
Секундуна сексен метр жол басып,
Күлүк чуркайт, күлүк чуркайт элирип.

Чендебес дейм катуу учкан куш да ага,
Кара тери жаңы гана чыкты ана!
Көрүнүшү космостогу спутник,
Көрүүчүлөр көзүн кадайт суктана.

Жомоктогу Аккуланын тукуму,
Жел жетпеген анык тулпар ушубу?..
Учуп барат, сызып барат чабандес,
Жашка толуп көздөрүнүн кычыгы.

Күлүк чыгып караандатпай башкага,
Бак-бак сүйлөйт саяпкери мактана.
Азыр эле Марска барып келгенсип,
Ардакталды күлүк чапкан жаш бала.

Эл дуулдай ойлоруна ой кошо,
Мындай дешет миң чоңойтуп ойду ошо:
Эчак эле Айга барып бир тиймек,
Эгер жерде тартылуу күч болбосо!

## «МАНАС» ТООСУ

Чөмүлтүп мөңгү, ак карга
Чокусун созгон асманга.
Ой-өтөк, түзү жаз, жайда
Оронгон жашыл макмалга.

Илбирси ыргып корумдан
Барчыны көктөн бой урган.
Капталдан дүргүп аркары
Калтары качкан коңулдан.

Кадимки куут болордо
Карашып үркөр Айды улам,
Кулжасы кумга тил жанып
Текеси тентип каңгыган.

Найзадай типтик зоолору
Башында булут булаган.

Бал кымыз сымак түбүнөн
Наристе суулар чураган.

Ар барган сайын Таласка
Ал жакка көңүл бөлүнөт.
Эмчекке окшош эгиз тоо
Эне, атам окшоп көрүнөт.

Эченди баштан өткөрүп
Эсепсиз жашка барган тоо.
Барыбыз үчүн кымбаты
Манастын изи калган тоо.

**КОШ, ЖЕТИ-ӨГҮЗ**

Кош, Жети-Өгүз, кош бол жашыл карагай
Сенде жүрүп серүүндөдүм аябай.
Кыялымды кырдан кырга учурдум
Кыркка чыгып калганыма карабай.

Көрбөй жүрүп көрүштү элек кечээ биз
Кана, бүгүн «Ат аягым» көтөр, ич...
Айда качан, араң таштап баратам
Айрылгандай жыйырма беш жаш экөөбүз.

Кош, Кашка-Суу, ден соолуктун теңири.
Кош, түрлүү гүл, күндү күткөн ээрини.
Эстегенде элестетип жүрөөрмүн
Жылдыз жуушап, Ай калкыган көгүңү.

Унутулбас мен узаткан көп күндөр
Кош, «Көк-Жайык», сыр чыгарбас эстүү жер.
Сенде калды серепчилеп кол булгап
Сөз жетпеген, тил жетпеген мезгилдер.

Кош, Жети-Өгүз, ээлеп алдың эркимди.
Сагынам го сайма түстүү көркүңдү,
Эсен болсом эчен ирет көрмөк бар
Сулуу мүчө суу бойлогон телкиңди.

## ТИРҮҮ ТАРЫХ

**Саякбай Каралаевге**

Байыркы Гректин Гомерин
Көрбөдүк, китептен окудук.
Азыркы кыргыздын Гомерин
Көп көрдүк, жүрөбүз кошулуп.

Билбеске сыртынан караса
Бир жүргөн чүкөдөй карыя.
Билгенге бүт элди тамшанткан
Жомоктон жаралган дарыя.

Кээде мен таңгалам өзүмчө.
Бул адам адамбы башкабы?
Канткенде сыйды экен башына
«Манастын» миллион саптары?

Дарт келсе өмүргө айыкпас
Табарбыз сакайтар дарыны.
Бирок биз таппайбыз жоготсок
Сакемдей океан карыны.

Кайран чал, арыды, карыды.
Өчпөсүн сөзүнүн жалыны!
Жашасын кыргыздын Гомери!
Жашасын типтирүү тарыхы!

## АМУ ДАЙРА

Буркулдайсың көбүк чачкан бууралай
Азоосуңбу жаныңа жан жолотпос?
Ач, койнуңду толкунунда толкуюн
Аму дайра, сары дайра мага окшош!

Гүлгө бөлөп Түркестандын талаасын
Күндүр-түндүр тыным албай агасың.
Кууш жерден кудуп кирген бүркүттөй
Жайык жерден канатыңды жаясың.

Заманында Аккуласын алкынтып
Жиреп өтүп сендей нечен дайрадан,
Манас баатыр күйөө болуп Букарга
Каныкейге өмүр жолун арнаган.

Мүмкүн Манас сенден дагы кечкендир
Дайра экенсиң тоо болсо да акчудай.
Ал кездеги тулпарлардын чоңдугу ай!
Ал кездеги баатырлардын алптыгы ай!

Менмин ошол алп Манастын тукуму
Ташкындарды, тайфундарды тоготпос.
Ач, койнуңду, Аккуладай жирейин
Аму дайра, сары дайра мага окшош!

## БУКАР КЫЗЫНА

Кайран энем Каныкейдей ирениң
Айчүрөктөй асыл окшойт жүрөгүң.
Же Үргөнчтөн, же Букардан болсоң да,
Ал экөөнө сиңди экенин билемин.

Укчу сулуу, укчу менин кудачам,
Баштап берем байыркыдан сурасаң.
Жездең болот Манас менен Семетей
Бирөө агам, бирөө менин улуу атам.

Айчүрөктүн жолун жолдоп сен дагы
Алыс жерге чыксаң боло турмушка.
Эки кандан эр төрөлсүн эл сүйгөн
Даа бир Сейтек керек чыгар кыргызга.

Орой айтсам кечир мени, кудачам,
Баштап берем байыркыдан сурасаң.
Менден баатыр, менден орой, көк болгон
Эжеңди алган Манас менин улуу атам.

Кааласаң жүр, бийик жерде мекеним
Абалтадан Айга, Күнгө кошуна.
Жигиттер көп тоңо турган суугуңа...
Жигиттер көп күйө турган отуна...

## МЕНИН ЖЕРИМ

Элден угуп караганда картадан
Кыргыздардан казактардын жери кең.
Ойлой келсем, ага макул эмесмин
Өз жеримди өлчөп берем эми мен.

Түркүк болуп түшүрбөстөн көгүмдү
Толгон тоолор ээлеп жатат жеримди.
Чокусуна чыгып көрсөң, кол сунуп
Алам дээрсиң же жылдызды, же Күндү.

Ошол тоолор ата-бабам курган мүлк,
Ошол тоолор, чоң энекем жыйган жүк.

Моюн сунбай бороондордун дөөсүнө
Кылым бою кыйшайбастан турган тик.

Чындыгында кыргыздардын жери кең
Казактарга калп болбосмун эми мен.
Тоолорумду жазып, жайып жиберсем
Ашып түшөр Азиянын теңинен.

## КЫМБАТЫМ, БООРУМ КАЗАГЫМ

Жаңы жылдык каалоо
Басканга жери түгөнбөс,
Казганга кени түгөнбөс.
Айтканга кеби түгөнбөс,
Ырдоодон ыры түгөнбөс
Сыйлоодон сыйы түгөнбөс
Кыргызым менен түгөйлөш
Кымбатым, боорум казагым!

Миң жылдап жүргөн жолу бир
Миң жылдап билген оюу бир.
Миң жылдап кийген тону бир,
Октябрь чачкан нур менен
Обого созгон колу бир.
Жаралган кезден жаны бир,
Бөлүшүп жеген наны бир.
Партия берген багы бир
Мактанчым, менин казагым!

Өзгөртүп мекен өрүшүн
Эмгектен алган жеңишин.
Сеники эмес, бир гана
Менин да болот жеңишим.
Колунан Ленин атанын

Космоско жеткен атагың,
Сеники эмес бир гана
Менин да болот атагым
Мейман дос калкым казагым!

## ОСМОНКУЛ АГАМА

Мисалга албайм башкасын...
Мен болсом  кашаң жазма акын.
Он сап ыр жазсам ойлонуп
Көбөйө түшөт ак чачым.
Укмуш ээ төкмө акындар
Уйкаштын ачып капкасын,
Уютуп элдин көңүлүн
Урдурган жорго чапмасын.

Ошонун бирөө Осокем
Опол тоодой улуу адам.
Шаркыратма сакалын
Салаасы менен сылаган.
Ой менен ойду ширетип,
Сөз менен сөздү кынаган.
Канаттуу ырлар оозунан
Каркыра болуп чубаган.

Мөндүрлөп төгүп кээ бирде
Моокумун элдин кандырган.
Нөшөрлөп төгүп кээ бирде
Кыш чилдесин жай кылган.
Ак жаан болуп алганда
Айтышканын маң кылган.
Жоргосун жалаң түз эмес
Жошултуп өрдө салдырган.

Ырчынын алпы Осмонкул
Ыр жандуу калктын баласы.
Тоо булбулу таңшыган
Токтогул болсо агасы.
Жайык жердин торгою
Жамбыл экен тагасы.
Ал экөөнөн кем түшпөйт
Айтып кеткен санаты.

Бууруккан кезде термени
Бурганак кардай элеген.
Ыраагын жолдун кыскартып
Ыр-метр менен ченеген.
Сай күлүктүн өзү экен
Санына камчы жебеген.
Ыйлап туулбай Осокем
Ырдап туулган энеден.

Октябрь таңын көрбөстөн
Өмүрү чөгүп арманга,
Өтүптүр далай ырчылар
Окшотуп кургак сайларга.
Осокем жашап армансыз
Кат таанып калды карганда.
Пушкиндей болмок кайран чал
Бизге окшоп билим алганда.

Тоюнда бүгүн сый алып
Толгон эл келди кубанып.
Жүрөгү сокпой калса да
Жыл сайын бирден куралып.
Жаш чагы жатат уланып.
Партия, кыргыз барында
Сексен чыккан Осомду
Жүзгө да алат чыгарып.

## ЧЫҢГЫЗ ЖАНА МЕН

– Чыңгыз, кайда?
– Москва, Берлин, Лондондо.
– Эмнеге кетти?
– Бир маанилүү маселе болгон го.
– Байдылда кайда?
– Мал жайылган тоолордо.
– Эмнеге кетти?
– Туз берип жүрөт койлорго.
– Чыңгыз кайда?
– Прага, Париж, Римде.
– Эмнеге кетти?
– Эл аралык адабияттын
Абалын билүүгө.
– Байдылда кайда?
– Таластагы үйүндө.
– Эмнеге кетти?
– Тамеки үзүүгө,
Апийим тилүүгө.
Чыңгыз кайда?
– Джакарта, Каир, Алжирде.
Америкага барат кай бирде.
– Эмнеге кетти?
– Эл менен жолугушат
Ар күндө...
Жакшы жазуучу менен Жалпы элдик жан бирге.

Байдылда кайда?
– Бүгүн Ташкенде.
Эртең барат Баткенге.
– Эмнеге кетти?
– Суу сактагыч курушат
Суу жетпеген какжерге.

– Чыңгыз кайда?
– Варшавада, Багдатта.
Чакырган эл көп ар жакта...
– Азамат экен!
– Азаматтыгы
Адабияттык салмакта.
– А Байдылда кай жакта
– Алма терип жүрөт чарбакта.
Жакында кызылча казышып
Пахта теримге бармакта.
– Чынгыз кайсы кызматта?
– Сырттагы кызматты аткарат.
– Байдылда кайсы кызматта?
– Үй тиричилигин...
Чарбаны башкарат.

Чыңгыз дүйнөнү кыдырат
Кыргызга сыймык жыйнайм деп.
Байдылда тоодо олтурат
Тоолорумду кыйбайм деп
Тоо жылмайынча
Жылбайм деп.

Чыңгызды кыргыз көтөрдү.
Кыргызды Чынгыз көтөрдү.
Бириктирип
Советтик турмуш көтөрдү.
Жакшы тилек, жакшы сөз
Кут кылсын ушул экөөнү.

Байдылда деле көп элге
Барганды жаман дебестир,
Акындардай ыр жазат
Болбосо дагы эң өткүр.
Алыска чыкпай жүргөнүнө

Айрым бир нерсе себептир?
– А мүмкүн...
Чынгыз сыртта жүрсө
Айылга да киши керектир..

## ЖОКТУГУБУЗ БИЛИНБЕС

Түшүнбөдүм эмнеликтен экөөбүз,
Кээ бир кезде жаман, жакшы дешебиз.
Билгин курбум, миң жашаган киши жок,
Бул дүйнөдөн бир өтөрүн өтөбүз.

Калар артта, кадырлашып сыйлашуу,
Калар артта катарлашып бир басуу.
Тирүүлүктө канча болсо сыйлашуу,
Өлгөндө да ошончо болор ыйлашуу.

Ажал келер уурулардай сыр айтпай,
Биз кетербиз, бирок калат турак жай.
Турак жайга тутка болот балабыз,
Караңгы үйдү жарык кылган чырактай.

Артыбызда өрнөк калса түңүлбөс...
Балдар менен тирүү жашаар тирүү кез.
Акыл-насаат сөзүбүздү эскерсе,
Анда биздин жоктугубуз билинбес.

## ТООЛОР МЕНИН ЫРЫСКЫМ

Ууз ойлуу уланымын чыгыштын,
Улар учкан тоолор менин ырыскым.
Ошол тоону оюп туруп аскасын,
Жаштагымды, жалынымды уюттум.

Зоолор менин төшөк менен жаздыгым,
Жатсын анда жалыным да, жаштыгым.
Алар мөгдөп азайганда кубаты,
Жалын берээр кээ бир жазган жакшы ырым.

Мен жөнөкөй эл ичинде бир адам,
Көктөн эмес, жерден таалай сураган.
Атак-даңкым бийик болсун, болбосун,
Бийик жерге төрөлгөнгө кубанам.

Ууз ойлуу уланымын чыгыштын,
Улар учкан тоолор менин ырыскым.
Ырыскымдан ыраак кетип даңк издеп,
Жүргүм келбейт ары жагында булуттун.

## АТ ЖАНА ЖУБАН

Жактырдыбы күлүктүгүн, кашкасын,
Өз баасынан ашык берип акчасын,
Биздин Шамбет сатып алды кызыгып,
Боронбайдын минип жүргөн кашка атын.

Бирдей чуркап жакын менен алыска,
Күрөң кашка чыкты далай чабышта.
Эл сөз кылса «Боронбайдын аты» деп,
Шамбет дароо ыза болот аны укса.

Жактырбады акыл-эсин, жамалын,
Ал дегенде унут таштап тамагын,
Бойдок Медер алып алды кызыгып,
Элчибектин ажырашкан аялын.

Келин бышык баскан турган ишинен,
Бирок Медер бир жери бар мүчүгөн.

Эл сөз кылса «Элчибектин жары» деп,
Капаланып, сыза берет ичинен.

Кээде Шамбет ачка кылса кашканы,
Кашка күлүк ээсин ойлойт баштагы.
Кээде Медер кекээрлесе аялын,
Эске түшөт биринчи эри, жаш чагы.

Шамбет, Медер сызса сызсын ичинен!
Ат, жубанда айып жогун түшүнөм.
Мурунку ээсин, мурунку эрин ойлобос,
Азаматтар аз чыгат бейм ичи кең?..

## САКАЛ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Акылың аз, бирок байсың сакалга,
Күч кетирип күндө кырсаң жатарда,
Жаз айында кырын жапкан арпадай
Жайнап чыгат тура калсаң азанда.

Жаратылыш сараң го дейм тырышкан,
Алдап сага акыл берген муруттан?..
Мага болсо беш тал кылды сербейтип,
Сакал бербей көсөө кылып куруткан.

Менин ээгим ээк болбой жер болсо,
Бак-шагы жок такыр келген адырлуу,
Такыр жерден кең чөп чыгат дечү эле,
Ээгим анда болмок экен кадырлуу.

Сага бүткөн коюу сакал сапсайган,
Сакал эмес бүт карагай болгондо,
Көрк үстүнө көрк кошулмак экен ээ,
Тигил биздин аз токойлуу тоолорго.

Турмуш жолу бир-бирине тескери,
Кээде өзүмө, кээде сага күлөмүн.
Сен сакалды жогото албай жүдөдүң,
Мен сакалды көбөйтө албай жүрөмүн.

## НУРА ТООНУН ЧОКУСУНДА

Мен турдум Нура тоонун чокусунда
Менсинген темир текөөр кыраанга окшоп.
Булуттар көчүп жүрдү тегеректеп,
Бал ачып «бакыт берчү» цыганга окшоп.

Булутту жаздык кылып жаздандым да
Кыңкайдым бийик тоодон бийик болуп.
Эркелеп бууган жерге, туу чокуга
Кыялым чимирилди ийик болуп.

«Нура» деп ат койду экен эмнеликтен?
А мүмкүн күн биринчи тийгендиктен –
«Нур» деген нурлуу сөзгө «А»ны кошуп
«Нура» деп аташкандыр сүйгөндүктөн.

Чокудан, алаканга салган сымак
Таластын даана көрдүм баш, аягын.
Эрдигин көз алдыма элестеттим
Байыркы баатыр, жоокер аталардын.

Ким билсин, канча кылым жашаганын
Бир билсе билген чыгар аталарым,
Бул чоку капкачанкы карт болсо да
Буга мен чыккан сайын жашарамын.

## ЖАНАР ТОО БОЛУП ЖАНАЛЫК

Айсыз түн жолтоо болот дейт
Ашыктар сайран курганда.
Ай нуру мага не керек
Алтыным өзүң турганда.

Карасаң учкул мезгилди
Канаттуу куштан ылдам да.
Калалык көрүп кызыгын
Кайрылбас ушул түн кайра.

Күн бүркөк жолтоо болот дейт
Кыз, жигит сайран курганда.
Күн нуру мага не керек
Күмүшүм өзүң турганда.

Таалайлуу жаштар экенбиз
Таранып өстүк гүл жайда.
Таталык таттуу жемишин
Табылбас ушул күн кайра.

Жабылбай жүргүн жан эркем
Жаш өмүр өтсүн жыргалда.
Жанар тоо болуп жаналык
Бир жолу эмес миң кайра.

## ТҮНКҮ ЖОЛДО

Айсыз түн. Сага аттандым
Айылың тоодо, алыс жер.
Ай нуру болуп жолума
Алтыным өзүң жарык бер.

Капчыгай черден өтөрдө
Кабылдым кара нөшөргө.
Күлүгүм чалпоо, жол тайгак
Кулайм деп чоочуйм өзөнгө.

Коркунуч бийлеп боюмду
Көзүмдөн учат жайык жер.
Көрүнбөй барат айланам
Компасым өзүң багыт бер.

Ашыгым селки сен үчүн
Айлык жол жүрсөм талбасмын.
Айылың Марска консо да
Акыры таппай калбасмын.

Жакадан бозой келет деп
Жаталбай уйкуң качкандыр.
Жүрөмүн жолдо кыйналып
Жүрөгүң сезип жаткандыр.

Чыпкалап нөшөр куйса да
Чын сүйүүм жанат шам болуп.
Түн бою сага жетпесем
Таң менен барам таң болуп.

## ЖАРАШПАС

Көк шибер ойлоп ак карды
Көчөдө каалап басканды,
Сакалды күндө кырынып
Сайраңдап жүрчү чак калды.

Кыйланы сүйүп маш болгон
Кыялым бирок жаш бойдон.

Калтардай не бир селкини
Кармагым келет шап колдон.

Ойнумдун теңи бүтө элек
От жаны мени күтө элек,
Жүзүмдө бырыш болсо да
Жүрөккө бырыш түшө элек.

Көйнөгү көрктүү сулууга
Көңүлүм дале үмүткөр.
Улгайтып жатат аргасыз
Өзүмдөн кичүү жигиттер.

Кылтыңдайт курган кабак, каш
Көбөйүп бирок барат жаш.
Инилер сүйгөн кызга эми
Ырсактап турсам жарашпас.

## ШУМКАР УЯ

Асканын падышасын көрсөң мына
Абалтан даңкы бийик шумкар уя.
Айтылуу Семетейдин ак шумкары
Бир кезде канат күүлөп жаткан тура.

Эстесек далай заман андан бери
Жок болду кайра артына имерилбей.
Бул аска дале турат, дале жап-жаш
Кыргыздын өлбөс өчпөс жүрөгүндөй.

Мына эми уясы бар, шумкары жок
Бир гана сактап калган жаңырыгын.
Эзелки шумкар ээси баатырды эстеп
Эрксизден түтөй түштү каңырыгым.

## ЫРЫМДЫ СҮЙ

Карындаш, менин сенден суранарым,
Канча деп жаш эсебин сурабагын.
Отуздан оодум дешке оозум барбайт,
Жыйырмага чыктым дештен уяламын.

Атайлап китебимди белектедим
Агай деп көпкө чейин жөнөтпөдүң.
Качанкы как баш го деп ойлосоң да
Жылгындай жигит кезим элестедиң.

Китепте бул турмуштан алгандарым,
Сындагын жакшы жагын, жалган жагын.
Кааласаң мени сүйбөй ырымды сүй
Какшыктап катырбасын алган жарым.

## АКЫН БАЙКУШ ЖҮДӨЙТ ЭКЕН

**оюн, чыны аралаш**

Түн күзөп акындар ыр жазат экен,
Түйшүктөн мээси чарчап катат экен.
Дүкөндөн түрлүү буюм алабыз деп
Түш көрүп аялдары жатат экен.

Акындар ойлой берип тажайт экен.
Таңга маал татты уйкуну самайт экен.
Эбиреп эртең менен аялдары
Канча деп ыр саптарын санайт экен.

Жакшы акын ыр өмүрүн тилейт экен.
Жакшы аял ал тилегин сүрөйт экен.
Жаманы көйнөктөрүм көп болсо деп

Аз жазса ачуу тилин бүлөйт экен.
Ошентип акын байкуш жүдөйт экен.

## ДАНИЯРДЫН ЫРЫ

Ала-Тоо көркү малда бар,
Асмандын көркү Айда бар.
Айга окшоп мага нур чачар
Асылкеч селки кайда бар?

Булбулдун көркү үндө бар,
Бүт аалам көркү Күндө бар.
Күнгө окшоп күндө жылытар
Күйүмдүү селки кимде бар?

Кыдырып кыштак Шекерди,
Кыздардан көрдүм неченди.
Кыз деген кыз да... не кылсын
Кычырак буттуу төкөрдү.

Кептери наздуу, шекерлүү
Келинден көрдүм неченди.
Дартымды кенен айталбай
Тамшанып жүрүп өтөмбү.

Кагылам Совет мекеним,
Кан берип карзың өтөдүм.
Жалгыздык жанга батса да...
Жабыкпайт жоокер төкөрүң!

## АЯЛ, АЯЛ

Жалаң жакшы, жаманы жок аялдын,
Жан жыргалы, жароокери адамдын.

Турмуш көркү, дүнүйөнүн туткасы
Үйдүн куту, апакеси балаңдын.

Жаман дебей, жакшы дедим барысын,
Акыйкаттап айтпайт дебе калысын.
Кетирсе да бирката эмес, миң ката
Кекээрлебей кечирип кой анысын.

Аял, аял..., айтар сөзүм менин миң,
Сенсиз секунд жашай албайт көрүндүм.
Элжиретип эркелеген назына
Эркек болбой, таш болсом да эрирмин.

Өлүм парс го өкүмүнө көнөрмүн,
Кез жеткенде келбес жайга жөнөрмүн.
Ошондо да жыйып соңку күчүмдү
Аял сени бир жалт карап өлөрмүн!

## КАРАП КОЮП ТИМ БОЛОМ

Кай бир кезде жигит болуп чиренген,
Көңүлүмдө көп кыздарды сүйөм мен.
Бирок, аздап мокой берет экенсиң
Бир кездеги курчтугуңдан бүлөнгөн.

Бет алдымдан перизаттар жолукса
Карттыгымды билеби деп ирендден,
Алдыртадан карап коюп тим болом
Мергенге окшоп дүрмөттөрү түгөнгөн.

## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ

Билишпеген, көрүшпөгөн кезекте
Бирге барып Мосвкадан окудук.
Катар жатып жатакана төшөктө,

Кострюль жууп, борщ кайнаттык кошулуп,
Ыраспы?

Кызматчыбыз. Чөнтөгүбүз түптөлүп,
Улуу-кичүү урмат кылып ызаттап,
«Ала-Тоодо» дагы бирге иштедик
Сен бир стол, мен бир стол кучактап,
Ыраспы?

Кары-жашка консультантпыз бул кезде,
Жазып келген чыгармасын текшерип.
Дагы бирбиз, бир иштейбиз күн кечке,
Арабага чеккен кош ат кейиптенип,
Ыраспы?

Ортобузду ким желимдеп таштады,
Ордубузду алмаштырбай башкага.
Ээрчий чыгат атабыздын аттары,
Эл ичинде, жыйналышта, басмада,
Ыраспы?

Арбын жазбай алаксыдым беш жылы,
Атыбызды алыстатар бекен деп.
Сынчы жолдош көңүлгө албай көп муну,
Салды кайра, мурункудан бекемдеп,
Ыраспы?

Энекебиз бирин-бири көрбөгөн,
Жер боюнча мен Таластан, сен Оштон,
Такыр сенден бөлүнө албай өңдөнөм,
Же окшошпу бала кезде чолок тон?..
Ойлонуп көрчү!

Биз кыргызбыз, берекелүү элденбиз,
Конок жерде койдун башын аласың.

Неге мынча чырмалышып келгенбиз,
«Ит көйнөктү» мурун жырткан баласың
Түшүнтүп берчи?

Өмүр сүрүп, өтөт жашоо күнүбүз,
Сен карыйсың, мен да карып эскирем.
Сактап жүрүп мурун өлсөк кимибиз
Көргө дагы бир коебу деп жүрөм…
Макулсуңбу?

Шашылыш жок, өлөлүкчү кечинен
Жашоо кызык, жамандыкты айтпай жүр.
Ортодогу жолдоштукту бекиген
Көзүңдөгү көз айнектей барктай бил.
Акын курбу!

## КУБАНДЫМ ӨЗҮМ АЛГАНДАЙ

Кыргыйдай мүчөң келишкен
Кыз элең жүрөк эриткен.
Боз улан кезде жүрчү элем
Болсо деп менин периштем.

Балбылдап жанган таңдагы
Бакытым элең андагы.
Коюнуң мамык, гүл жыттуу
Көк конуш элең жайдагы.

Калганда кокус кез келип
Карегиң кетет өзгөрүп.
Калыңга сатып ата, энең
Каалаган ойго жетпедик.

Илебиң индус чайы эле
Кылыгың кымбат шайы эле.

Кыйла жыл өтүп кетсе да
Кылчактап карайм дагы эле.

Азыркы шартка көнө элек
Атаңды ичтен жемелеп,
Аёочу элем ичимден
Алганы кандай неме деп.

Кечээги сүйүү сайран жай
Кетсе да кайра айланбай.
Курдашың эстүү жан экен,
Кубандым өзүм алгандай.

## КЫЗДАР ЖАНА КӨЙНӨКТӨР

Көк көйнөк, кызыл көйнөк, жашыл көйнөк
Бардыгы махаббатка жакын көйнөк
Бардыгы кир чалбаган асыл көйнөк.
Жүрөктү чытыраткан сүйүүм менен
Жакасын жыттасам дейм жаным дегдеп.

Кыздардын мүчөсүнө кыналышып,
Кыздар да ого бетер сыналышып,
Келатса кең көчөдө күлкү төгүп
Назданып сыланышып, буралышып,
Мына кызык...
Өзүмдөн өзүм эле турам ысып.

Шайы көйнөк, сайма көйнөк, сары көйнөк
Бардыгы кусалыкка дары көйнөк.
Келатса карлыгачтар кийинишип
Көрсөм да көргүм келип дагы дегдеп,
Дартымды дары суудан айыктырып

Өзүмдү врач болуп өзүм эмдеп
Жүргөнсүйм «Жети-Өгүздүн» сайын өрдөп.

Эх, чиркин! Жаштык улуу, жаштык сулуу
Өмүргө мүрөк суусун тамызат ээ!..
Эх, чиркин! Жаштык тулпар, жаштык шумкар
Талыкпай мезгил менен жарышат ээ!..

Мен көргөн түрлүү көйнөк эскиришип
Туш келди көмүс жерде калышат ээ!..
Мен көргөн сулуу кыздар бир кездерде
Чын эле кемпир болуп карышат ээ!..

## ОТ КОЙГУН МАХАББАТТЫН МИЛТЕСИНЕ

Жыттасам жыпар мончок илебиңден
Жылдызым учуп чыгат жүрөгүмөн.
Күндүзү Күнүм болсоң, түнкүсүн Ай
Экөө тең өзүң го деп жүрөмүн мен.

Бакытым сенин чолпон көздөрүңдө
Байлыгым сенин наздуу сөздөрүңдө.
Жүз жылдык ырахатты алгансыймын
Жүзүңдөн бир нур чачып өткөнүңдө.

Ак куунун моюнуна окшоп салааларың
Жиресе чачтарыңдын араларын,
Тап-такыр эрип эле кетким келет
Тапшырып жан дүйнөмдүн сага баарын.

Эмесе жаным бирге жаркын жазым
Жаштык кез алмаз болуп жалтылдасын.
От койгун махаббаттын милтесине
Чагылган жарк-журк этип чартылдасын.

## АЛТЫ АЯЛДЫН АЗАБЫ

Картайып кетип барамын
Канча деп алган аялым,
Бухгалтер менен олтуруп
Бир күнү кечке санадым.

Үйлөнгөн мезгил стажым
Үч жылдан араң өтүптүр.
Алганым жубан, кыз болуп
Алтынга зорго жетиптир.

Биринчи жарым Бүбүкан
Бийик эле өзүмдөн.
Диванга чыгып өпкөнүм
Түк кетээр эмес эсимден.

Тартыша кетсек бир күнү
«Табам, – деп, – сендей миң эрди»,
Үтүрөйүп жолотпой
Үйүмдөн кууп жиберди.

Келеке кылды мени көп,
Кекенем кээде сени деп.
Башымды сүйбөй Бүкөшүм
Байлыгым сүйгөн көрүнөт

Экинчи жарым Бурулкан
Спортто жүргөн мурунтан.
Көтөрүп жерге бир чапчу
Кожоюнсунуп жулунсам.

Аялга алым жетпейт деп,
Арданып далай өтчү күн.

Капталы менен койгондо
Камгактай ыргып кетчүмүн.

Үчүнчү жарым Тойбүбү
Үч-төрт ай бирге туруштум.
Жак деген жагын бербеген
Кыйыгы болчу кыйыктын.

Көрүксүз эле тутанып
Көздөрү турчу кызарып.
Бээжайланса уу тили
Беш метр кетчү узарып.

Төртүнчү жарым Төрөкан
Мен үчүн отоо чөпкө тең.
Белгилүү кыял-жоругун
Безгегим кармайт эстесем...

Ызатташып сүйүшпөй,
Ыркыбыз кетти бирикпей.
Ошондон тартып ортодо
Отубуз калды күйүшпөй.

Бешинчи жарым Алмакан
Ардактап жүрсөм ар качан,
Жетиштүү калың бербейт деп
Жетелеп кетти кайнатам.

Кош-коштоп аял алам деп,
Кол жууду болдум үй-жайдан.
Көчөдө калдым мен байкуш
Корозчо болбой курган жан.

Жаңылып бир топ тагдырдын
«Жазганын көрдүм чекеме».

Баа берип көрсөм, мен деле
Башы жок эркек экем ээ!..

## КАЛА БЕРДИ

Ал мени итсиң деди.
– Итмин – дедим...
Тек гана терикпестен күлүп туруп.
Не кылам жаман айтып жаакташып
Мен анын ит экенин билип туруп.

Ал мени эшек деди,
– Ооба – дедим.
Болбосо шылдыңдоого жетет тилим...
Не кылам ажылдашып, кажылдашып
Мен анын билип туруп эшектигин.

Ал мага албууттанып жана берди
Сөздөрү жийиркентип кара жерди.
Ролун эки айбандын бир аткарып
Артымдан ээрчий басып Кала берди.

## БИР «КУУДУЛГА»

Куйкум сөзү күйбөгөндү күйдүргөн,
Кулк-мүнөзү сүйбөгөндү сүйдүргөн,
Кайран Мидин, кайран гана Райкан
Куудул эле күлбөгөндү күлдүргөн.

Көргөн, билген жоруктарын айттырдык,
Көп сөздөрүн көөнүбүзгө жат кылдык.
Кээ бир кезде бет арчыны белендеп
Көзүбүздөн жаш чыкканча каткырдык.

Байкап көрсөм сен алардын күкүмү,
Маңыз  сөзгө чыгарасын күчүңү.
Курап айткан куудулдугуң курусун
Мостойтосун күлүп жаткан кишини.

Куйручуктан ашкан куудул ким болмок?..
Сени көрсө дөөпөрөс деп тим болмок.
Шаршен келип сабак берип окутса
Сага дайым « 2 « койбой «1» коймок!

## МАС МЕНЕН ТОРПОК

Аралаш агы менен кызылынан
Ал ичти ичкен сайын кызып улам.
Үйүм деп уй сарайга кирип барып,
Уктады тарс жыгылып узунунан.

Кайран эр кайдан билсин түн экенин,
Сезбеди өлү экенин, тири экенин.
Ачкыл жыт чыккан жакка мурдун тосуп,
Агызды кашка торпок шилекейин.

Каптагы силос го деп чачын көрүп,
Торпокең токтоп турбай жакын келип,
Муйтуйган учу тукул мүйүз менен
Оонатты ары итерип, бери итерип.

Кызыткан «Кырк жылкысы» кырдан ашып,
Башынан магдыраткан уйку качып,
«Ой катын, түрткүлөбөй ары жат» – деп
Бир кезде мас ойгонду көзүн ачып.

Караса эки жагын эсин жыйып,
Калыптыр маңдайында торпок туруп.

«Сен жей турган мен силос эмесмин»– деп
Сендиректеп сарайдан кетти чыгып.

Эртеси бүт көгала бүткөн бою,
Эргулуң мына ушуну көрмөк экен.
Багына торпок сүзүп аман калды
Шаа мүйүз өгүз челсе өлмөк экен.

## АЛА-ТОО

Кагылам сенден, Ала-Тоо,
Кан-жаным сага бирге, бил.
Кайратым артат миң эсе,
Карaанын көрсөм күндө бир.

Алтындан ичик жасатып,
Арнасам деймин күнүгө.
Сыйлаар элем коноктоп,
Сыйгандай болсоң үйүмө

Байыртан кыргыз уулуңа,
Майкөл, сүткөл апасың,
Манасың баштап эмсек да,
Байыбай келе жатасын.

Энесиң бүткөн ырыска,
Эр жигит, сулуу кызга бай.
Түн күзөп бешик терметип,
Турганың турган уктабай.

Түйшүктү тартып көп кылым,
Тууганың жетет асырап.
Түн күзөйт эми балдарың,
Тук этип алчы азыраак.

## УЛУУМУН

Жаш убак, ойногон кез күчүк менен.
Ийигин ийрип жатып кайран энем,
Бирөөлөр сурап калса кыргыз жөнүн
«Кыргыздар кырса бүтпөс улут», – деген.

Жарышып мезгил менен удаа-мудаа
Жыл өтүп, жигиттикке келип мына...
Ош менен Көлдөн берки тоолуктарды
Ойлосом он табактык киши тура.

Эгерим элим аз деп кейибейм мен
Партия бакыт берди эминем кем?..
Үн созом Хан-Теңирдин чокусунан
Уулумун, улуу элге укугум тең!

Улуумун, улуу элге укугум тең,
Болсом да көп улуттун кенжесинен.
Көкүрөк күчүгүм деп эркелетип,
Көтөрүп келе жатат жер – энекем.

## МӨҢГҮ МЕНЕН КАРЫЯ

Күкүктөнүп күрпүлдөгөн дайралар
Күндүр-түндүр басат жолдун нечени.
Алар билет күч-кубатын ченемсиз
Тоо башында мөнгүлөрдөн экенин.

Чалагайым кээ бир көпкөн жигиттер,
Чал сүйлөсө салбай кетет кулагын.
Билбейт алар акыл, ойдун арбыны,
Чоң тебетей карылардан чыгарын.

Кетпесе экен тоо башында мөңгүлөр,
Суу көп болсо чөл жашарып жаңырар.
Арткыларга акыл-насат үйрөткөн
Өлбөсө экен өрнөгү көп карылар.

## КАПЧЫГАЙ ЖОЛУНДА

Карасам эки жагымды
Кайберен жүрбөс капчыгай.
Кубарган аска саландайт
Куланып келип басчудай.

Алдында Нарын шаркырап,
Көбүгү көккө чарпылат
Коркок жан көрсө биринчи
Көп турар эмес жан чыдап.

Баш ийбей келген жолчуга,
Башында татаал жол тура.
Өтчү экен далай жүргүнчү
Өпкөсүн тиштеп оозуна.

Бул жерден кырк жыл илгери,
Бут тайып күнбү, түндөбү.
Жок болгон экен куланып
Жолондун тунгуч сүйгөнү.

Бул кезде ал жол кеңейип,
Бульдозер – баатыр төрөлүп.
Баратат ырдап Жолон чал
Баласын атка өңөрүп.

Баргын деп сүйгөн жагыңа
Багынып зоока, дарыя

Ыр менен жеңип алыптыр
Ыйлаган кезиң карыя.

## МАКСАТЫ УШУЛ БАЛАҢДЫН

Чоңойдум кокту-колоттон,
Наар алдым элдик жомоктон.
Жадымдан чыкпайт дагы эле
Жаргак шым менен чолок тон.

Тепкедей кезде жылынган
Тезек-көң жаккан коломто.
Түтүнүң эске түшкөндө
Чүчкүрүп жатсам болом соо.

Киндик кан тамган өзөнүм,
Мен сенден алыс бекемин.
Чымылдап сенде жүрөт ээ
Чыт курсак бала кезегим.
Максаты ушул балаңдын
Барганмын, дагы барармын.
Карыган чакка карабай
Карыңа оонап алармын.

## КАРАЧЫ, МАГА КАЙТАЛАП

Бийикти сүйөт жүрөгүм,
Бийикте туулган түнөгүм.
Бийиктен көрүп дүйнөнү,
Күүлөдү,
Бийиктен учуп түлөдүм
Тырмагы кирсе жанбаган,
Туйлатып илбирс кармаган.

Бүркүттөр менен бирге өстүм,
Үндөштүм,
Тумшугун зоого кайраган.

Чоң энем мени муз жаткан,
Чокуга бөлөп кыштаткан.
Жыпар жыт алма ордуна,
Колума
Жылдызды берип уктаткан.

Булкушуп ойноп жакадан,
Бороонго бирге жашагам.
Бүт бойдон кийген кийимди
Билдиңби...
Булуттан апам жасаган.

Мен өскөн бийик чокудай,
Бийикке жетти турмушум.
Бүт элге даңкы таралып,
Таранып,
Бийиктеп өстү кыргызым.
Караңгы калкым азыр жок,
Кармаган колдо туум бар.
Карачы мага кайталап,
Чалкалап,
Кайрылбай кеткен кылымдар!

## БЕШИГИМ – МЕКЕН

Бешигим мекен ырысым,
Өзүнсүң өткүр кылычым.
Өзүнсүз жашап жанмын деп,
Өткөргөн күнүм курусун.

Атасың, тууган энесиң,
Ар дайым көздө элесиң.
Ааламга даңктуу чокуң бар,
Ай өпкөн күмүш төбөсүн.

Сан байлык жаткан жериңден,
Сары Өзөн, салкын төрүңдөн.
Замандын күүсү коштогон,
Сары-Челек, Ысык-Көлүңдөн.

Созулуп жаткан Соң-Көлүм,
Соолбос алтын чөйчөгүм.
Көгүлтүр түбүн тиктесем,
Көрүнүп турат эртеңим.

Алыста жүрсөм өзүңдөн,
Айырмам болбой жетимден,
Түндүктөн чыккан түрүлүп,
Түтүнүң учат көзүмдөн.

Көркүңдөй гүлдүү белестин,
Көңүлүм куунак мен өстүм.
Көкөлөп учкан торгойдой,
Көгүңдөн канат элеттиң.

Сууңду ичтим кашкайган,
Сулууңду сүйдүм назданган.
Күүлөнүп учкан жебедей,
Күлүгүн чаптым тапталган.

Эмгеги синген немедей,
Тузуңду таттым ченебей.
Карызмын сага. Өзүңдө –
Калган жок акым кенедей.

Күч курап сансыз сайлардан,
Күрпүлдөп аккан дайраңдан,
Балыгың болуп сүзө албай,
Баратат өтүп кайран жан.

Көрсөткөн анча пайдам жок,
Колумдан келбейт айлам жок.
Кош мамаң берген сүттү актап,
Көзүмдү жумсам арман жок!

## ЖУСУПКА

**50 жылдыгына**

Аркардын сырын тер билет,
Аккуунун сырын көл билет.
Алтынбы, жезби, колобу,
Акындын ырын эл билет.
Жаманын эстен чыгарып,
Жакшысын жүрөт белгилеп.

Кынаптап көркөм ыр жазган
Кыргыздын булбул Жусубу.
Кыйла жыл  өтүп кетсе да,
Кыялга түшөт утуру.
Дүйнөгө тарап «Тилеги»
Дүңгүрөп жаткан учуру.

Карыбас «Ажал ордуна»
Калкынын мүлкү болду да.
Кадимки талант турбайбы,
Кайнаган суудай оргума.
Катарда жогу Жукемдин
Кайгыртат Ала-Тоону да.

Алп акын бай го өмүргө,
Эл бербейт аны өлүмгө.
Атактуу Жусуп агабыз
Аттаган кезде элүүгө.
Акындар менен олтурат,
Азыр да кыргыз төрүндө.

## БУЛБУЛ МЕНЕН АКЫНДАР

Гүлдүү токой гүл бакчаны кыдырып,
Сен булбулдун өзүн көрбөй ырын ук.
Өзүң көрсөн купулуңа толбостур
Көркү начар кол башындай боз чымчык.

Сезимиңе алып келер жылуулук,
Сен акындын ырын окуп, ырын ук.
Өзүн көрсөң карапайым бир адам,
Көргөн жерден кеткин келет бурулуп.

Поэзия салтын ойлоп баштагы,
Акындарды булбул дешет жаш-кары,
Булбул болсо эмнеликтен алардын
Бири жаман, бири жакшы жазганы?!

Ар ким айтар окуп, угуп, көргөнүн,
А мен болсом минтип айтам жөн-жөнүн.
Акындардын халтурщигин көрсөм да
Мен булбулдун халтурщигин көрбөдүм.

## СЫЙМЫКТАНАМ

**№5 кыргыз орто мектебинин 40 жылдык юбилейине**

Эрте-кеч ой жүгүртсөм өткөнүмө,
Элестейт ысык күндөр көздөрүмө.

Жаркырап коюнуңдан билим алдык,
Жарашып төрт мезгилдин көктөмүнө,
Учурдуң ууз ойлуу нечен жашты,
Окшотуп тынчтык күндүн кептерине.
Мен дайым сыймыктанам кайда жүрсөм,
Мектебим, сенден окуп кеткениме.

Алтын ой, күмүш чачтуу мугалимдер,
Андагы балаңарды билесиңер.
Алардын ар түрдүүчө кесиби бар
Бири акын, бири доктор, бири инженер.
Бир кезде мен окуткан окуучум деп,
Кымылдап ичиңерден сүйөрсүнөр.
Алыска талбай учкан канат берген,
Ата-эне, экинчиси силерсиңер.

Кыйналсам алгебра сабагынан
Эжекем мээрим төгүп кабагынан,
Оку деп он кайталап түшүндүргөн,
Сүрдөнсөм сүйкүм менен карап улам.
Чынында математик болгон жокмун,
Эсепти жакшы билбейм баягыдан,
Эжеке, чоң пайдаңыз ушул болду,
Жанылбайм төрт амалдын санагынан.
Кызыктуу химиядан берген эжем,
Өнтөлөп өз уулундай көргөн эжем.
Жашынып сабагыңда ырлар жазсам,
Жаныма уяткарып келген эжем.
Жибектей жылуу сөзүң дале эсимде,
Окуудан оюңду көп бөлбө деген.
Бирок мен химик болбой калганыма,
Таарынба, эмгегим бар элге деген.

Бала чак, балтыркан кез баштан өткөн,
Баркына учурунда кимдер жеткен.

Кызык кеч, кызыл жагоо, өткүр сезим,
Кыз балдар кыр гүлүндөй жайнап өскөн.
Колтуктап коюндашып китеп менен,
Топтошкон торгой элек сайрап өскөн.
Ошолор ойлондуруп, толгондуруп,
Умсунтуп, улутунтуп учат көздөн.

Көз учуп көп көрбөсөк карааңардан,
Наар алдык таттуу тилек санааңардан.
Телчитип темир канат кезибизден,
Тентекти эстүү кылдың алабарман.
Кыйналып кылым бою жердин жүзүн,
Кыдырсак тендеш чыкмак сага кайдан..,
Жок чыкпайт, адамзаттын акылманы,
Бабабыз Маркс сенден сабак алган.

Ак мектеп, алтын бешик учкан уям,
Асманга көтөрүлсүн баркың улам.
Карайсың каным бирге энем сымак,
Кантип мен толкундабай тоңуп турам.
Сен бүгүн кырк кырына чыккан кезде,
Кубанып жерге сыйбас болуп турам,
Ар дайым ак сүйүүм бар кир жукпаган,
Ал силер, силер менен сыймактанам.

## ОКУТУУЧУМА

**Михаил Алексеевич Рудаковго**

Айрылып ата-энемден көктөйүмдө,
Жабыркап жар башына жеткенимде,
Жылуу сөз айта турган тууганым жок,
Жалынып зарымды айттым көктө күнгө

Таласка таштап салып таман изин,
Талпынып келгенимде билим үчүн,
Сен мага түндү сүргөн таңдай болуп,
Сергитти көңүлүмдү сүйкүм жүзүң.

Тоодо өскөн тоо башында кийик элем,
Көп элдин көрүшпөгөн бири менен.
Оңдоп сен каткан тилди кайра баштан,
Оозанттың орусуңдун тили менен.

Энекем эл жомогун удаа-мудаа,
Куйчу эле күндүр-түндүр кулагыма.
Экинчи өзүң болдуң тааныш кылган,
Пушкиндин мөлтүр кашка булагына.

Атамдай ардактадың акыл берип,
Апамдай эркелеттиң жакын көрүп.
Кез-кезде кеп козгосом жетимдиктен,
Кейидиң кош көзүңө жашың келип.

Жыл өттү, жыл артынан эчен-эчен,
Эскирбес эмгегине эмне десем...
Өзүмдү ошондогу сендей көрүп,
Баламды ошондогу мендей сезем.

Көп жашты тарбиялап таптап атың,
Көрсөттүң келечектин өмүр жазың.
Кыргыздын балдарынын кымбат досу,
Ким десе, эске түшөт сенин атың.

Куттуктап кыркка келген тоюңузду,
Улан-кыз орундаттык оюнузду.
Түбү орус, тили кыргыз окутуучум,
Кана, бир кармайынчы колуңузду.

## МЕНДЕГИ МҮНӨЗ

Мүнөзүм бар ойноо бала чагымдан,
Кара нөшөр катуу төгүп дагы ылдам,
Моокум канат булуттарды аралап,
Жалын тилин жалмаңдатса чагылган.

Мүнөзүм бар  ойноо бала кезимден,
Күкүк үнү, күкүк кетпей эсимден.
Моокум канат өркөчтөнгөн дайралар,
Өөп жатса көпүрөнүн төшүнөн.

Чарт-чурт эткен чагылгандын үнүнө,
Чарчай түшкөн кайратымды ширеймин.
Жалаңдаган жалын сымал тилине,
Мокой түшкөн талантымды бүлөймүн.

«Күкүк» деген күкүк куштун үнүнөн,
Жаным сүйгөн жаңылыкты табамын.
Күрпүлдөгөн дайралардын сүрүнөн,
Чарчоо билбес күч-кубатты аламын.

## ЖАЙЛООДО ЖАЙКЫ КӨРҮНҮШ

Кыштоонун көгүн оттошуп,
Тоо жакты көздөй топтошуп.
Жайлоого келди төрт түлүк,
Жакасы менен коштошуп.

Бир өңдөш килем өңдөнөт,
Кең асман көпкөк, жер да көк.
Туура суу туйлап сай-сайдан,
Шарынан шамал жел келет.

Түн бою тескей, жон көшүп,
Түрлүү чөп кыздай бой жетип,
Жаркылдап сүйлөйт малчылар:
«Жайытың кандай, оой» дешип.

Күлүңдөйт гүлдөр жайкалып,
Гүл жыттуу өрөөн чалкайып.
Мүнөзү желдүү арык ат,
Муунуна кирип дан салып.

Тескейдин бетин шурулап,
Кой, козу ойноп жыбырап.
Чокуда жүргөн чабандын,
«Чой» деген үнү угулат.

Сарала сазда салкында,
Сайгак жок кууган артыңда,
Коктолоп жатат калың уй,
Көңүлүн бурбай шар сууга.

Ашууга жакын калганда,
Какаары сууктун бар анда.
Казан баш не бир топоздор,
Капталын тосот шамалга.

Жамгыр жаап, кайра күн жаркыйт,
Каңылжаар жарып тер анкыйт.
Шүүдүрүм бетин шибердин,
Желбиреп жүргөн жел арчыйт.

Жайдары малчы кыздары,
Жайлоонун жаштык, көркү окшойт.
Суйкайып сууга жүз чайса,
Суу ичип жаткан телки окшойт.

Кеп кылып кеткен жаш чагын,
Күүлөнүп күлүк чапканын,
Олтурат дөңдө карылар,
Оозуна камдап наспайын,

Арча отун күйүп чатырап,
Түндүктөн түтүн атылат.
Желеге үйрүп бээлерди,
Жээрде айгыр кулак жапырат.

Сабаны ыкшап итерип,
Шаңкылдап жеңем күчөнүп,
Сабынан кармап бишкектин,
Саамалды бышат күпө-күп.

Көз жоосун алып караптат,
Көбүргөн жыттуу белестер.
Куушуп жүрөт гүл терип,
Кулундай ойноок бөбөктөр.

Толукшуп турган күр жайлоо
Тоолору көккө керилет.
Жыйырма беш жашка жык толгон,
Жигиттей болуп көрүнөт.

## ЖАЙЛООДО КҮЗГҮ КӨРҮНҮШ

Жай өтүп, жайлоо эскирип,
Жакага түшүп төрт түлүк,
Сары журт болгон конуштар
Санаага салат көп бүлүк.

Керилген өрөөн, көк жайык,
Күтүрөп жаткан кез калып,

Көңүлсүз карайт асманды,
Жайылган малды эске алып.

Кабагы карыш салынып,
Аскадан чыкпайт жаңырык.
Конулдайт тоолор жетимдей
Койчунун үнүн сагынып.

Жер чийген желин, ичтери,
Көрүнбөйт уйлар түздөгү.
Сабанын үнү угулбайт,
Сары саамал бышкан бишкеги.

Очоктор турат от жаккан,
Оюнан казан чыкпастан.
Бозойду эстеп томсорот,
Боз үйдүн орду кыз жаткан.

Көз салып малга кээ кези,
Чалдардын чыккан дөбөсү.
Санжыра сөзгө зар болуп,
Саргайып жатат эми өзү.

Желенин орду аңгырап,
Желге айтып сырын жалдырап.
Жылаажын үндүү кулундун,
Карaанын издеп кайгырат.

Эл жүргөн кезде бул жерде,
Этибар алып көрсүн ким...
Көмүскө жакта күлгө оонап,
Көлөчү жатат кемпирдин.

Куу түлкү жойлоп жон-ойдон,
Жыт алып жайдак короодон,

Бийиктен учуп түлөдүм.
Кагылып калган ордунда
Казыкты тиктейт соройгон.

Сумбула түшүп сулк жатып,
Булактын көзүн муз басып,
Селкинин шыңгыр күлкүсүн
Ойлонтот жүрөк сыздатып.

Өмүрдүн гүлү жаштык кез,
Өткөргөн сымак бал доорун.
Мал менен малчы болбосо,
Баркы жок тура жайлоонун.

**БУТТАР**

Бул кездеги жаш балдардын буттары,
Барктуу болуп ботинкадан чыкпады.
Тамандары төрт мезгилди тааныбайт,
Даяр турат бут кийими бүт жаңы.

Жыртылганын жыйнап коёт апасы,
Самаганын сатып берет атасы.
Тешип салат жарым айдан чыгарбай,
Тери тургай темир болсун такасы.

Оо, кайран бут!... Карга шыйрак биздин бут,
Катаал чакта эмнелерди көрбөдү.
Каткан бойдон каны турат дагы эле,
Ташка тийип, тикен кирген жердеги.

Оо, кайран бут... Карга шыйрак биздин бут,
Кыш келгенде салаалары бышарып.
Бармактары жыртык чокой башынан,
Турчу майда картөшкөдөй кызарып.

Согуш… согуш… Соолуп бүтүп акыры,
Жеңиш алып эл көңүлү ташыды.
Ошондогу кол жетпеген бут кийим,
Азыр үйдө мени кий деп жатыры.

Суусун куюп, камдап алып бүт барын,
Чылапчынга уулум жууса буттарын,
Суугa түшкөн көлөкөдөй элестейт
Бир кездеги менин кычы буттарым.

## КЫЗГАНЧ ЧАБАН

Жаңыбай жаман эмес жакшы чабан,
Жан досум, жазда барам, жайда барам.
Конокко кол куушуруп ызат кылат
Аялы ачык мүнөз жайдары адам.

Жакемде жалгыз гана жаман адат –
Аялын ак жүрбөйт деп арам санап,
Үйүнө кирген чыккан, кишилерди,
Үңкүйүп жатат экен тоодон карап.

Эгерде эркек кирсе кокус барып,
Чай ичсе, чай кайнамча чыкпай калып,
Батышты балээ басып жатабы деп,
Кокту ылдый таш кулатат айкай салып.

Бул кезде Батыш ойлойт малдын камын,
Бир тилек баш кошушкан жардын камын.
Келген жан кечикпестен кетсе экен деп,
Олтурат оюна албай жаштык жагын.

Ошентип, Жакем кызганч аялына,
Ишенбей актыгына, адалына,

Үңкүйүп үйүн тоодон карап жатып,
Үч коюн бөрү жептир баягыда...

## КАРЫНДАШ

Кайрылбайт өтсө жалын жаш,
Кааладым сени карындаш.
Калтырбай мени өкүттө,
Каныкей болуп багымды ач.

Айланбайт өтсө жалын жаш,
Ашыкмын сага карындаш.
Арманда мени калтырбай,
Айчүрөк болуп багымды ач.

Ойлонсоң мени карындаш,
От болуп бирге жалындаш.
Оңой иш бекен мен үчүн,
Өзүңдү эстеп саруулаш.

Жылдызы сен дейм сүйүүмдүн,
Жыттуусу сен дейм гүлүмдүн.
Жыйылсын ырыс, ынтымак
Жыргалы болчу үйүмдүн.

## ЧҮЙ БООРУНДА

Томпоңдоп тоо-ташында бала күнүм,
Кайталап улар үнүн, булак үнүн.
Өссөм да кең Таласта мына бүгүн
Өзүңдөн орун алды турак үйүм.

Көркүңө тамшанышпай койбогон эл,
Бар деги ой толкуткан ондогон жер.

Мен үчүн Сары-Өзөн Чүй сен кымбатсың,
Кыргыздын кут бешиги орногон жер.

Жердешим Фрунзенин атындагы,
Ушул шаар билим жайы, акыл жайы.
Дүңгүрөп тоолук элдин атак-даңкы
Дүйнөнүн төрт бурчуна закымдады.

Бул жерде биригишкен билек турат,
Бул жерде достук, сүйүү, тилек турат.
Бул жерде кыргыз арын сактай билген
Кылымдар сындан өткөн жүрөк турат.

## ЭЛГЕ КАЙРЫЛУУ

Жебедей учсам-дечү элем
Жел менен кошо сызыла.
Жеңил баа кылдым өзүмдү
Жете албай максат учуна...
Желбей да калдым бир топ жыл
«Жем» түшүп кетип бутума.

Жеңил баа жагым жел айдап,
«Жем» түшкөн бутум айыкты.
Жакшылап чуркап бергим бар,
Жакынбы мараң алыспы...
Саяпкер элим таптап көр
Сагынып калдым жарышты.

Жаман ыр жазсам күйүнтүп,
Каргасаң дагы сен карга.
Жакшы ырды жазсам сүйүнтүп
Жалгасаң дагы сен жалга.
Булбулсуң – десең мен булбул
Каргасың – десең мен карга.

**ЭЛҮҮ ЖАШ**

Метрикам жок, так чыктымбы элүүгө
Мезгили өтүп калп чыктымбы элүүгө.
Айтор билбейм… атам, энем өлбөсө
Айтып бермек менин жашым жөнүндө.
Кайсы жылы, кайсыл айда төрөлгөм,
– Билбеймин – дейт сурап көрсөм
жеңемден.
Кайдан билсин, мен оозанып жатканда
Он бештеги келин экен кедейген.

Не болсо да жашсыз адам болобу…
Мен өзүмдү байкап көрүп оболу,
Болжоп туруп коюп алгам датасын
Же төмөндүр, же кеткендир жогору.

Чынбы, калппы, чыктым эми элүүгө
Кайтты жаштык, калды элеси көңүлдө.
Уул үйлөнтүп, кыз узатып үйүмдөн
Неберем бар, кайнатамын келинге.

Менин бактым, менин баркым элимде
Мен даярмын элиме иштеп берүүгө
Карт акын – деп айтса дагы кай бирөө
Халтурщик – деп айтпаса экен өмүрдө.

Кана эмесе, эр ортону элүү жаш
Кайра келбейт мен өткөргөн элүү жаз.
Алтымышка аттангыча бир болуп
Аз сүйдүрүп, көп жаздырып көңүлдү ач!

## ЫРЛАРЫМА

Ортокмун, жыргалыңа, азабыңа,
Ырларым жөнөй бергин сапарыңа.
Силерди өзүм үчүн жазган жокмун
Эл-журттун арасында жашагыла.

Байкабай түн киргенин таң атканын,
Баарыңды уйку көрбөй жараткамын.
Эл караган бетимди жер каратып
Окуган окурманды жадатпагын.

Кээ бириң эл көңүлүн алаарсыңар,
Жүздөгөн жүрөктөрдө жанаарсыңар.
Кээ бириң өлүү түшкөн күчүккө окшоп,
Керексиз таштандыда калаарсыңар.

Силерди жан дүйнөмдөн жасап алдым,
Беремин балбандарын баталардын.
Кайгырсам силер менен бир кайгырып,
Жашарсам силер менен жашараармын.

Туурабай чардаганын бакалардын,
Ар бириң өз алдынча атак алгын.
Учкула уяңардан перзенттерим,
Силердин атаңармын, апаңармын.

## ОКТЯБРЬ МАЕГИ

**(Октябрдын 60 жылдыгына)**

Курбуга, сырдаш кишиге,
Кубанчын айтат ар адам.

Курагың өйдө болсо да,
Курдашсың жакын санаган.

Кунт коюп менин сөзүмө,
Кулагың тоскун жан агам.
Ак кыроо туруп чачыңа,
Аксакал болгон убагың.

Алтымыш жашка келсең да,
Алиге күчтүү дымагың.
Жыйырма беш жылгын кезинден
Жылбасаң экен ылайым...

Олтурсаң, турсаң ар качан,
Октябрь менен теңмин деп.
Ошонун алгач нурунан,
Оозанган киши менмин деп,
Паспортуң ала чуркайсың,
Бардыгын байкап көргүн деп.

Айтканың туура агажан,
Октябрь таңы атаарда,
Ак калпак кыргыз элине,
Алтын күн нурун чачаарда,
Апкелген сени дүйнөгө,
Акылдуу экен апаң да.

Өлкөбүз үчүн, эл үчүн,
Өзү эле туруп катарга,
Лениндин болуп солдаты,
Кайышпай кандуу сапарда.

Айыгышкан жоого чуу салган,
Азамат экен атаң да.

Аа өзүң болсоң кечээки,
Алаамат кыргын жылдарда.

Совет калкын сором деп,
Оп тартып Гитлер турганда,
Фронтту көздөй жөнөдүң,
Биригип түрлүү тууганга.

Беш атар мылтык асынып,
Мекен! – деп ураан чакырып,
Алактап айрым коркоктой,
Окопто жатпай жашынып,
«Манас!» – деп ураан чакырып,
Фашистти кирдиң жапырып.

Асмандан, жерден, суудан да,
Ажалдар колун сунганда,
Жети баштуу желмогуз,
Жээлигип, жиндеп миң кайра,
Жер шарын бүткүл ээлейм деп,
Жеңиштен үмүт кылганда,
Омоктуу арка-бел тутуп,
Опол тоо орус агаңды.

Кордукту көргөн көп улут,
Көркоодон өчүн ала алды.
Көпчүлүк менен сен дагы,
Көрсөттүң эрдик чамаңды.

Ал кезден бери агажан,
Арадан эчен жыл өттү,
Күжүрмөн калкы Лениндин,
Күн-түндөп түрүп билекти,
Кайрадан баарын кастарлап,
Кан күйгөн жерге гүл экти.

Ар жеңиш баскан кадамы,
Ай, күнгө жеткен кабары,
Жолтоолук кылбай баш ийип,
Жол берген туш-туш тарабы,
Ааламдын өзүн таңгалткан,
Алп экен совет адамы.

Жол баштап Улуу партия,
Жомокто жокту жараттык.
Космостун койнун аралап,
Ай тургай, андан ары аштык.

Дүйнөнүн элин дүң кылып,
Түп көтөрө саматтык...
Чыгышы Чукот аралы,
Батышы Балтик деңизи,
Түндүгү Муздуу океан,
Түштүгүн Кушка дейличи...

Ушундай Улуу Мекенди,
Жаңыртып жатат эл күчү.
Ошонун бири кыргыз эл,
Оймоктой кооз жерде өскөн.

Октябрь чачкан нур менен,
Өмүрү кайра эр жеткен.
Чаалыкпас буудан сыяктуу,
Чапса эле чыгат мелдештен.

Карачы ага, карачы,
Тоолуктун тоосу, талаасы.
Байыркы кездин бири жок,
Байлыкка толуп арасы.

Павлин куштай кулпунуп,
Баратат кыштак, калаасы.
Октябрь менен төрөлүп,
Октябрь менен көгөрүп.
Уламдан улам бийикке,
Спутник болуп жөнөдүк.

Узарды канат-куйруктар,
Улуттук кадр көбөйүп,
Кырылып келген көп кылым,
Кыргыздар элек аз санда.
Эркибиз менен гүлдөдүк,
Эркиндик таңы атканда.

Эми мен кантип кубанбайм,
Эки миллиондон ашканга!
Тоскоолдук кылчу душман жок,
Досторго толду төрүбүз.
Бир tууган он беш Чолпондун,
Бирөөсү болду элибиз.

«Тоодо өскөн жапан» дегенди,
Тоотпой калдык эми биз.
Айтасың дайым агажан,
Октябрь менен теңмин деп,
Ошонун алгач нурунан,
Оозанган киши менмин деп.

Өмүрдү дагы сүрө бер,
Октябрь менен тең гүлдөп.
Кут болсун күткөн багыбыз,
Кубанып турган чагыбыз.

Алтымыш жашка чыгабыз,
Жеке сен эмес, баарыбыз.

Майрамды күтөт балабыз,
Майрамды күтөт карыбыз.

Унутпай ушул датаны,
Урматтап тосуп алчу көп.
Ойлонуп көрсөк дүйнөдө
Октябрдын баркы көп.

Биз тургай улуу бул күндү,
Майрамдайт бүткүл континент.
Жарыгын бүткүл ааламга,
Тарата берсин Октябрь!

Жаңылык, Бакыт, Тынчтыкты
Жарата берсин Октябрь!
Жандуунун жаркын жүзүнө,
Жараша берсин Октябрь!

## ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө Вашингтон калаасында
Жүрүпмүн түрлүү элдин арасында.
Ак, сары, каралардын каткырыгы
Оболоп Айга, Күнгө жанашууда.

Кыз, жигит бирин-бири ызатташып
Баратат кең көчөдө кучакташып.
Кара чал ак кемпирге айтып жатат
Башынан өткөндөрүн бутактатып.

Ураалап үндөр чыгат «Достук» – деген
Дүйнө эли тилекти бир коштук деген.
Капшырып капиталдын кабыргасын
Түбөлүк тургус кылып соктук – деген.

Мен дагы толкунданып кетсем керек
Жүрөгүм кубангандан элеп-желеп.
Ак үйдүн төбөсүнө көзүм салсам
Желбиреп турган экен кызыл желек.

Ак үйгө кирээримде жаңы жетип
Ойгонуп тура калсам чоочуп кетип,
Жанымда жайнаган эл, шаарда жок
Аялым уктап жатат «быш-быш» этип.

Кайрадан көргүм келип түштүн соңун
Көз жумдум эл алдында сүйлөйүн деп.
А бирок уктабадым, «таттуу түштүн
Аягын бузуп алып жүрбөйүн» – деп.

Кубанын орундаткан таттуу оюн,
Кубанып тандап тапкан басчу жолун,
Куба деп сөз кылганда, эң биринчи
Элеси эске түшөт Кастронун.

Эл үчүн эрди төрөп энекеси
Кубанын ашып, ташты берекеси.
Кубанын эли баатыр, жери сүрдүү
Комдонгон крокодилдей кебетеси.

Баатыр эл таң калдырып жердин жүзүн,
Сүрдүү жер эки эселеп элдин күчүн,
Коңшусу Кошмо Штатты келекелеп
Орнотту өлкөсүнө социализм.

Пентагон турнабайга көзүн салып
Эркиндик аралын бир карап алып;
– Чекеме чыккан чыйкан болдуң го – деп
Калчылдайт канжар мизин жалап алып.

Жалансын, жанталашсын, калчылдасын,
Кесе албайт кеменгердин алтын башын.
Көп элге өрнөк болуп баатыр Куба
Көрсөтөт эркиндиктин жаркын жазын!

## ТИЛЕК

Күзгүдөй жүзү тазарып
Көп күтөт күндө тазалык.
Океан, көлгө көп түшүп
Ар дайым турат жашарып.

Тоотпой толкун агымын,
Өчүрбөй, суутпай жалынын,
Ааламга чачып келатат
Азайбас нурун – жарыгын.
Жадырап дайым турса экен
Жарыгын алган жер шары.
Кок асты, жердин үстүндө
Көбөйсө экен эл саны.

## ЖЕР-ЭНЕНИН БАЛДАРЫНА

Миллиарддаган балдарын
Бир бала көрүп жөн эле...
Күлкүсүн укса кубанып
Күн, Айга башы теңеле,
Көз илбей күн, түн алпечтеп
Көтөрүп турат Жер – Эне.

Учкундан күчөп жаңжалы,
Урушса кээде балдары
Ырыстуу, ыйык төшүнө

Төгүлүп жатса кандары,
Санаага чөгүп кайдагы
Шалдырай түшөт дарманы.

Оодарылып кетсем – деп
Ойлосо дагы жүз ирет,
Баа жеткис асыл жүрөгү
Балдардан тынчтык күтүнөт.

Ачуусу абдан келгенде
Аз аздан коёт титиреп.
Акылдуу балдар эненин
Ал жайын сурап карашат.
Айбан мүнөз балдары
«Өрттөнсө» – дешип самашат.

Ошондон улам Жер – Эне
Оорукчал болуп баратат.
Акыйкат туусун көтөргөн
Ак, сары, кара туугандар,
Түбөлүк улуу максатка
Кошулуп колун сунгандар,
«Тынчтык» – деп ураан салгыла
Тынчтык бар жерде жыргал бар.

Жашаткан жалгыз энени
Сүйүнтө дагы билели...
Жарашкан, жаккан көрк менен
Кийинте дагы билели
Эненин биз – дейт жүрөгү,
Эненин биз – дейт тилеги.
Эстелик – эрдик бул жерде
Эл өтпөйт күндө көз салбай.

Баяндап согуш жылдарын
Баатырлар турат бет маңдай.
Бузуку жоону буй кылган
Биринин сүрү көзүндө,
Пулемёт жаагын сындырган.

Биринин сүрү төшүндө.
Турушат алар күн күзөп.
Турушат алар түн күзөп.
Баатырлык, даңкы бул кезде
Баштагы кезден миң күчөп.

Сүйүүсү менен бирге ороп
Кыз келип кызыл гүл коёт.
Карт эне жашын кылгыртып
Карайт, карайт тим болот.

Турушат эрлер түн-күнү
Душманды кууган сүр менен.
Ураалап-коюп кез-кезде
Биз укпаган үн менен.

Турушат эрлер сүйлөшүп,
Турушат алар бет маңдай.
Өмүрү өчпөс эстелик
Өлгөн жок алар эч кандай!

## ЖООКЕРГЕ КАТ

Кандай уулум, армиялык абалың
Эр жеткен соң эл коргоого жарадың.
Андай болсо алып койгун жаш жоокер
Айылдагы карт жоокердин саламын.

Кандай уулум, мактанычым, сыймыгым,
Каалайм сага ден соолуктун чындыгын.
Меникинен так аткарып жүрө көр
Менден сүрдүү командирдин буйругун.

Чыңап бойду, чыдай билгин кыйынга,
Кыйындыкты жеңген киши кыйын да...
Мекен үчүн шинели жок көйнөкчөн
Эл жиберсе эрдик көрсөт уюлда.

Атаң жатат буурул теке баштанып,
Азбы, көппү ыр планын аткарып.
Апаң жүрөт, баарыбызга кожоюн
Адатынча үйдүн ичин башкарып.

Кош, жаш жоокер салам сага энеңен,
Энең сени, эр болсун деп төрөгөн.
Келсең үйгө, келиндүү да болоорбуз
Түшкө кирет ээрчип жүрчү неберем.

## НЕГР ОЙЛОЙТ

Бийигинен үйүнүн башы айланган,
Байлыгынан өзүнүн башы айланган,
Миллиардер бирөө жашайт Нью-Йоркто,
Уюна жез, итине алтын тиш салган.

Бороон жүрсө кулай турган баштанып,
Үйү турат айнек көзү чакчайып.
Өзү болсо отузунчу кабатта,
Окшуйт улам кусаарына аз калып.

Бороон менен дос болушуп жеке эле,
Моюндашып негр турат көчөдө.

Негр ойлойт: баш айлантпай «байкуштар»
Күм-жам болуп куланса экен тез эле...

## НЕГР ЖАНА БАЛЫК

Жатты балык көл жээгинде кургакта,
Окторулуп оозун ачып бир канча.
Аз-аз гана мүнөт калган окшоду,
Ал байкушка ажал колун сунганча.

Негр ойлоп тизесине сүйөндү,
Балык менен бар максаты бир өңдүү.
Керек экен мага эркиндик, сага суу,
Деди дагы көлгө таштап жиберди.

Кетти балык чала сүзүп оңолуп,
Кетти балык көк мейкинге жоголуп.
Негр турду эркиндик деп күбүрөп,
Батаар күндүн кызыл нурун боёнуп.

## КАРА БАЛА, АК БАЛА

Кечке маал жолдо кетип баратып,
Кежилдешти кара бала, ак бала.
Агы сөгүп, шылдың кылып караны,
Минтип айтты атасындай мактана:

– Сен бир шордуу, тирүү жүрөм дебесең,
Сенсиң менин ээрчип жүргөн көлөкөм.
Карасы айтты.
– Ээрчиир бекем, жок бекем,
Кудай жалгап менден мурун сен өлсөң...

## ЖАРЫЛБАГАН БОМБА

Бир кездеги фашисттердин бомбасы,
Биздин элди кырбаганга өкүнүп,
Жарыла албай, жаны чыкпай түпкүрдө,
Жаткан экен фашист болуп бекинип.

Куйругунан курчай байлап бекемдеп,
Желдетти биз жер үстүнө кайта алып,
Адегенде алып туруп суракка,
Атып салдык алыс жакка алпарып.

Жети кабат көк үстүндө жойлосун,
Жети кабат жер алдында сойлосун,
Канкор фашист кутулбасын ойлосун,
Талкандайбыз кайда гана болбосун!

## БИЛИМ ЖӨНҮНДӨ

Илгери кээ бир кезде керек болсо
Айылдан айылдарга ат чаптырып.
Арабдын ариптерин билген жанга
Алчу экен кат окутуп, кат жаздырып.

Оо шумдук, ошондогу караңгылык,
Сапатсыз сан жылдарын саман кылып,
Көз ачпай жүрмөк экен көчмөн кыргыз
Октябрь окутпаса адам кылып.

Октябрь, Ленин билди адам баркын
Ал экөө жол көрсөттү адамга айкын.
Бул кезде билими жок бир кыргызды
Ат эмес искөөч салып табалбайсың.

Таң менен таңшып булбул кошо турат
Таалайлуу бөбөктөр да ошо сымак
Кагазга «Ата», «Апа» деп катар жазып
Сабаты тили чыкса кошо чыгат.

Кылымдар кыйнап келген караңгылык
Биз аны кыйнагандан жаман кылып,
Түлөгөн кара киймин тытып туруп
Түпкүргө көөмп салдык тамам кылып.

## ФРУНЗЕМ – СҮЙГӨН БОРБОРУМ

**(Обон менен ырдоого)**

Бириккен акыл, ойлорум,
Фрунзем – сүйгөн борборум.
Бүт бойдон сенден башталат,
Бийикке барчу
Бийикте басчу
Бийиктен ашчу жолдорум.

Жайдары жашыл калаасың
Жаштыгым эске саласың.
Көз жоосун алып көркөмүң
Тазарып күндө
Жарашып гүлгө
Жашарып күндө барасың.

Кымбаты сенсиң кыргыздын,
Ужы сенсиң уул-кыздын.
Бирөөсү болдуң,
Бүлөсү болдуң
Бир тууган он беш жылдыздын.

Жарыгын чачып жалпыга,
Жеткирип жеңиш, бактыга,
Элжирейт, эрке сиңдим деп
Эжекең нурлуу
Эжекең сулуу
Эжекең улуу Москва.

## ШААРЛАРДЫН УЛУУСУ

Көргүм келип өз айлымдын,
Көчөлөрүн, көлөмүн,
Барган сайын мага тааныш,
Дөңгө чыга беремин.

Жатат айлым, жандуу кыймыл,
Баш-аягы созулуп.
Улам жаңы үйлөнүү той,
Үйүнө үй кошулуп.

Көргүм келип Фрунзени,
Кээде тоого чыгамын.
Карагандан чер жазылбайт,
Карап эле турамын.
Сансыз көчө, заңкайган үй,
Шаар эмес – керемет...
Бак-дарактуу курорт экен,
Башка курорт не керек!
Көргүм келип Москваны,
Көргөнүмдө сүйүнүп,
Мавзолейге, Кремлге,
Таазим кылам ийилип.

Улуу шаар, укмуш шаар,
Жүзүнөн нур себилип,

Бүт жер шары бүткүл бойдон,
Мага турат көрүнүп.

Бул Москва бүт дүйнөнүн,
Эч картайбас сулуусу.
Сажаты – тынчтык деген,
Шаарлардын улуусу.

## ЖЕҢИШТИ КҮТ, ЧИЛИ – ЭНЕ

Тынч океан жээктеп,
Толкундарга кошулуп,
Алтын тасма сыяктуу,
Чили жатат созулуп.

Кайран эне... Чили – эне,
Кабагыңда кайгы көп.
Пиночеттин огунан,
Төккөн окшойт канды көп.

Өлүм тилеп, өрт каалап,
Мыкаачыга – кесепке,
Онтоп коюп бул кезде
Ооруп жатат төшөктө.

Далай мезгил азапты
Тартпагандыр мынчалык...
Дан жыттанган талаасы
Кан жыттанат кумсарып.

Жай күнүндө түнөрүп,
Жашын төксө асманы.
Муң аралаш апачуу
Буу чыгарат таштары.

Чарчап жаткан чалдардай,
Үргүлөшөт тоолору.
Санаа тартып томсорот,
Сантьяго – борбору.

Ырдагандан жадабас,
Ырдын шаары, дечү эле...
Ак кириптир чачына
Жапжаш болчу кечээ эле.

Унчукпаска ант берип
Дудук болуп алганбы...
Же болбосо желдеттер,
Тилин кесип салганбы...

Баш кесүүгө болсо да,
Мүмкүн эмес тил кесмек.
Турса керек тымпыйып,
Жеңиш келчү күндү эстеп.

Сайран-шаттык күлкүнүн,
Дареги жок, каякта?..
Жазыгы жок туткундай,
Жатса керек камакта.

Жок, жаңылам, түрмөгө,
Күлкү, ыр кантип камалат?
Концерт берип көп элге,
Учуп жүрөт сабалап.

Көчөсүндө көрүнбөйт,
Альенде, Корвалан.
Сантьяго жол карайт,
Келсе экен деп кайрадан.

Сантьяго, шашпай күт,
Сабыр түбү сары алтын.
Көздөн учкан эрлерди
Бир кучактап алаарсың...

«Ла Монеда» – ак сарай,
Мурункудай көрктөнөт.
Коммунисттер ичинде
Жыйын курчу кез келет.

Чили – энеке кайраттан
Тез айыксын жараатың.
Досторуң көп дүйнөдө,
Жалгыз эмес канатың.

Жер каратпайт балдарың,
Эл караган жүзүңдү.
Жеңиш менен акташат,
Сенин ыйык сүтүңдү.

Мурункудай багыңда,
Булбул үнүн сайратат.
Ыйың, кайгың азыркы,
Ыр, күү менен алмашат.

Баатырсынган фашисттин
Күнү бүтүп, үнү өчөт.
Жаман түштөй бир жолку,
Эстен чыгат Пиночет.

## ҮЧ РАСА

Неченин көрүп жүрөбүз,
Негрдин агы болобу?

Түрүнө карап баа бербей,
Дилине түшүн оболу.

Неченин көрүп жүрөбүз,
Немисте кара болобу?
Өңүнө карап баа бербей,
Өзүнө түшүн оболу.

Далайын көрдүк, таанышып,
Тармал чач монгол болобу?
Чачына карап баа бербей,
Башына түшүн оболу.

Үч түрлүү ушул раса,
Үч бир тууган өңдөнүп,
Окшошуп эле баратат,
Ой, максат, сүйүүн тең бөлүп.

Үчөө тең жердин балдары,
Үчөө тең жердин балбаны.
Акыл эс жактан кем эмес,
Ар бирөөнүн салмагы.

Капитал менен кармашып,
Социал менен жандашып,
Дүйнөгө ураан салууда,
Тынчтыктын туусун жайнатып.

## КОШУНА

Чоочун бирөө чоңсунуп,
Жез тырмактуу, жез билек.
Кошунаңды тепкилеп
Жанчып жатса кескилеп.

Кан кайнабай коебу…
Болушпаса болобу…
Бизге кымбат кошуна
Бир туугандан жогору.

Афган эли ар дайым,
Акыйкаттын досу да.
Азат туусун көтөрүп,
Чыккан кези чокуга.

Эркин жанып оту улам
Эми түшпөйт чокудан.
Эч бир душман бөлө албайт,
СССРдей досунан!

**МЕКЕНИМ**

Картада кызыл түстөгү
Карасаң менин Мекеним.
Ондогон калк бар ичинде
Ошонун баары өз элим.

Ээлеп жатат Мекеним
Европанын жарымын.
Алып жатат Мекеним
Азиянын жайыгын.

Басканга жылдык жол болот
Батышы менен чыгышы.
Көп кылым жетпес жөө жүрсө
Космосто жатат бир учу.

Керилген биздин Мекендей.
Кең Мекен деги каякта…

Латыштар жаңы турганда
Чукчалар кечки тамакта.

Күн менен түндөй ар башка
Күз, кышы жана жай, жазы.
Таймырдын кары кетээрде,
Тажиктин бышат алмасы.

Обь, Волга, Лена, Енисей
Ондогон ГЭСтин энеси.
Калпагы көк муз карт Памир
Дүйнөнүн бийик төбөсү.

Жаткандай жашыл океан
Жайкалат токой тайгасы.
Укмуштай кооз Мекеним
Уздардын сайган саймасы.

Улуту түрлүү эл менен
Ушундай жерди жердеген,
Бир тууган он беш Союздун
Бир эркеси мен белем!

Эркеси болсом эмне экен
Эркиндик, укук теңме тең.
Сезимден кеткен кап-качан
Сен бөтөн менен мен бөтөн…

Мекеним менин бай Мекен
Береке, шаттык, санжырга
Үстүндөй чексиз байлыгы
Укташып жатат алдында.

Мекеним тынчтык Мекени
Каалабайт октун учканын

Мекеним достук Мекени
Дос кылган элдин бүт баарын.

Өтүрүк айтсам досторум
Өз көзүң менен көрүп ал
Мекеним жоомарт берешен
Өзүндөй кенен пейли бар.

## ЖАЗГЫ БИР КӨРҮНҮШ

Жан берсем деп бийиктиктен бир өлүп,
Көктө турду келки булут түнөрүп.
Аздан кийин ыйлап, ыйлап жок болду,
Өзү кошо жашы менен түгөнүп.

Чаң бурк этип чаңкап жаткан талаага,
Чөп жамырап, чыга келди гүл өнүп.
Ушул булут талантпы деп нукура,
Тууган элге бүт оюмду жиберип,
Турдум көпкө борчук ташка сүйөнүп.

## ДОСТУК ШААРЧАСЫ

Боз чаңгыл суук, бороондорду жеңгендер,
Жан чыдагыс жай аптабын көргөндөр,
Жалама аска, кийик жүрбөс жерлерден,
Таш талкалап, зоону көзөп көнгөндөр,

Көпчүлүгү ар бурчунан өлкөнүн,
Комсомолдук жалын менен келгендер.
Бир тилектеш достук деген сезимде,
Алар иштейт Токтогулдун ГЭСинде.

Кайдан десең кара-көлдүк болом деп,
Күлө сүйлөйт, сурап калган кезиңде.
Бул Кара-Көл баш, аягы кеңейип,
Калкы дагы, баркы дагы өсүүдө.

Бойдок бозой, бойдок кыздар көп элден...
Баш кошушуп ушул жерден көгөргөн.
Кыз, балдары тоо гүлүндөй топтошуп,
Кыргыз жердин турпагында төрөлгөн.

Улут менен улут куда болушуп,
Улуу достук тамыр алган тереңден.
Же жер менен, же болбосо көк менен,
Ошту көздөй бара жаткан кезде мен.

Жылдыздардын бир үйүрүн көрөмүн,
Жымыңдашып тоо койнунда өчпөгөн.
Ошол жанган, ошол үйүр жылдыздар,
Дос элдердин шаарчасы деп келем.

## АРКЫТ

Жайында барсаң Аркытка
Жайкалат жашыл баркытча.
Жалжалды эске түшүрөт
Жагымдуу жытын аңкытса.

Күзүндө барсаң Аркытка
Күлүңдөйт күрөң баркытча.
Мөндүрлөп түшсө жаңгагы
Моокумуң канат артыкча.

Адырдан адыр чубалып,
Алмалуу токой уланып.

Ат кирип кетсе көрүнгүс
Ар түрдүү чөптөр буралып.
Торпудан торпу уланып,
Токомдой күүсүн чыгарып.
Торгой көз төкмө булактар
Тоосунан түшөт куланып.

Эч кемтик таппайм кымындай,
Эң сейрек чыккан сулуудай.
Эргиткен чөккөн көңүлдү
Эх, чиркин! Кандай сулуу жай!

Кез-кезде басып мунарык,
Керме-Тоо жатат суналып.
Төгүлөт түрлүү жемиши
Төшүндөй кыздын чыңалып.

Бир көрдүм Аркыт өрөөнүн,
Эсимден чыкпайт эгерим.
Бардыгы анда дээр элем
Бар болсо «бейиш» дегениң.

## КЫМБАТСЫҢАР

Аз эмес дүйнө жүзүндө,
Ала-Тоо сендей жерлер көп.
Аз эмес дүйнө жүзүндө,
Ысык-Көл сендей көлдөр көп.

Пейзажы сулуу сенден да,
Окугам нечен жерлерди…
Тунугу тунук сенден да,
Билемин нечен көлдөрдү.

Бирок сен мага Ала-Тоо,
Кымбатсың асыл атамдай.
Бирок мен сени Ысык-Көл
Сүйөмүн тууган апамдай.

Анткени сенде Ала-Тоо,
Мен өскөн чынар –кыргыз бар.
Сүйөмүн сени Ысык-Көл,
Сүйүшкөн үчүн кыргыздар.

## ТУУГАН ЖЕР

«Кошойго окшоп комдонгон,
Бакайга окшоп ойлонгон» –
Байыртан кыргыз көп айткан
Бабабыз Ала-Тоо болгон.

Элечек кийип эскирбес
Эзелден бизди ойлонгон
Эмчегин берип өстүргөн
Энебиз Ала-Тоо болгон.

Тоолорго Ата-Мекен бай,
Жолдорго Ата-Мекен бай.
Биз дайым мында жүрөбүз
Бул тоону кыйып кете албай.

Алыска сапар жол берсе,
Алыстан кайра келгенче,
Шапая түшөт өңүбүз
Сагынган тоону көргөнчө.

Атадан бала төрөлөт…
Энеден өсүп көгөрөт.

Турбайбы кымбат алардай,
Тууган жер – деген керемет!

## ҮЗҮМ ЖАНА КҮКҮМ

Садага, чекте турган жоокер иним
Сак кайтар кең Мекендин үзүм жерин.
Миңдеген чоң, кичине аралдар бар
Аны сен арал го деп түшүнбөгүн.

Аралды түк эсиңден чыгарбагын,
Аны сен ыйык баалап жүр ар дайым.
Эске тут энекеңдин ысымындай
Чоң Мекен үзүм жерден куралганын.

Садага, тылда жүргөн көпкөн иним
Барктай бил ак токочтун күкүмдөрүн.
Өчүрбө чылымыңды нанга басып
Нанды сен «пепельница» түшүнбөгүн.

Абайла аста секин, көпкөн иним,
Анчалык аша чаап көппөгүнүң.
Ар дайым тамак ичип жатканыңда
Дыйкандын маңдай терин эстегиниң.

Уланды улуу Мекен үзүм менен,
Уланды улуу Мекен күкүм менен.
Наадангa наалат айткым келип кетет
Күкүмдүн күч кубатын түшүнбөгөн.

## ЖАҢЫ-ЖОЛ

Байкап көрсөм Жер шарынын баары жол,
«Болсо экен» дейм адамдарга дагы мол.

Жолдор... жолдор... тирүүлүктүн белгиси
Дос, жолдошун издегендин багы бол.

Элиң сага энчилептир жакшы атты
Эскирбегин түбөлүккө Жаңы-Жол.
Байчечекей колоттордон баш багып,
Бала тилдүү булактарың таш жарып.

Агып жатат аскалардан атылып,
Алымкандын карегиндей кашкайып.
Ай тамактуу, шыңгыр үндүү эрке кыз
Агымына чака тосот назданып.

Кара-Сууң, Ак-Жол сууң, Малгалдың,
Каны болду эчен гүлзар жайлардын.
Күндүр-түндүр күүсүн чертет күрпүлдөп,
Ныязаалы, Токтогулдай чалдардын.

Ойноок мүнөз тунук туура сууларың
Окшоп кетет дүбүртүнө тайлардын.
Дүйүм чөптүн, түр жемиштин баары бар,
Сендей жерди бир көргөндүн багы бар.

Аскаларың ээрчий сүйлөп адамды
Адаты бар үн алышып жаңыраар.
Эх, Жаңы-Жол! Жай экенсиң, жаш бала
Өз энесин сагынгандай сагынаар.

Барктайт сени чаарчыгың телчиген.
Барктап сени бабам сүйгөн, мен сүйөм.
Жазуучуга жалын берген алтын жер
Жаным бирге ырым менен тең сүйөм.

Кылымдардан сен болбосоң Жаңы-Жол
Кыргыз жери кемий түшмөк көркүнөн.

Жемиши көп, жемишинен балы көл,
Жер соорусу, жер чүрөгү Жаңы-Жол,
Өзөн сууң мүрөк суугa айланып
Өмүрлөрдү өлбөс кылчу дары бол!

## АК ЖОЛ МЕНЕН ТЕГЕНЕ

Ак Жол менен Тегене
Арасы жакын жер эле.
Жашынып алып жайкысын
Жашыл чөп, гүлдүү бедеге.
«Бытпылдык» деген бир ырын
Миң жолу кайрыйт бөдөнө.

Керүүсү толгон кекилик
Кедеңдеп ташка секирип,
Узун күн бою тил безейт
Уктабайт окшойт көз илип.
Анын да жалгыз ыры бар
«Кекилик» жана «кекилик».

Булагы сайдан былдырап,
Торгою көктөн чулдурап,
Обого чекит болгонсуп,
Канатын элеп ыр куят.
Аба да атыр, жер да атыр
Ар өзөн сайын гүл бурап.

Жайлообу же бир жакабы…
Жан-жагың гүлдүү башайы
Бакайга окшоп карысы
Багжаят аппак сакалы.
Бир жеринде чаңы жок
Былтыркы кийген чапаны.

Тегене менен Ак Жол – деп
Тегинде кимдер койду экен.
Тердиктей такыр жери жок
Такыры тасма жолдо экен.
Жакасы мындай жайкалса
Жайлоосу кандай болду экен?!

## ЖАҢГАК МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Айтчы, жаңгак, канча жашты жашадың?
– Курбу болчу чоң атасы атаңын.
Кайран киши эрте бүттү сапарын
А мен болсом арбын окшойт сапарым.

Жаңы гана жээрде болду сакалым.
– Айтчы, жаңгак өткөндөрдү башыңдан?
– Көргөндөрүм көп бейм сенин чачыңдан...
Бороон булкту, балта тийди бирок мен
Тамырымды толуу жерге матыргам.
Кылым бойлоп толук элге баш ургам.
– Эмнеликтен жаңгагы дейт гректин?
– Менин ээмди менден башка билет ким?

Грегиңди-мирегиңди түшүнбөйм,
Ээм кыргыз, кыргыз менен бир өстүм.
Баш айланткан маңыз сөзүң түгөткүн.

## МЕКЕНДИН ТУРПАГЫ

Майданда жүрүп бир жоокер
Кокустан колго түшөөрдө.
Өзөгүн өрттөп ар намыс
Өмүр – суу, күнү бүтөөрдө.

Мекендин бир ууч турпагын,
Чөнтөктөн алып чыкты да
Суусаган сымак бардыгын
Суу менен кошо жутту да.

«Эми өлсөм мейли эл үчүн
Эне, атам, тууган жер үчүн.
Тирүүмдө колго түшпөймүн
Сөз эмес ажал мен үчүн».

Деп айтып демин жыйды да
Кек сүрү каптап ирең̧ин,
Акыркы ок менен бир атты
Апасы тууган жүрөгүн.

Белгиси болуп ал турпак
Таттуу ой, таттуу үмүттүн,
Шекердей эрип баратты
Ичинде жоокер жигиттин.

## КАЙДА ГАНА БОЛБОЮН

Өз өлкөм салып, берген жолдор менен
Мен дайым кайда барсам тоолор көрөм.
Жадырап жашап жатат советтик эл
Тоосундай бийик максат, ойлор менен.

Уч-кыйырын улам улап бүткөрбөгөн
Мен дайым кайда барсам түздөр көрөм.
Үстүндө жашап жатат советтик эл
Пейли бар түздөй жоомарт, түздөй кенен.

Мен дайым кайда барсам, токтоор менен
Алдымдан ак тилектүү достор көрөм.

Ар дайым даңктуу, күчтүү советтик эл
Тынчтык деп туу көтөргөн достор менен...

Ар дайым кайда жүрсөм оюм шыдыр,
Ар дайым кайда барсам жолум шыдыр.
Ар дайым колдогонум Ленинизм,
Атамды «колдоп келсе» «Кожой кыдыр»,

## ӨЗҮҢӨ КУЛАК САЛГЫМ БАР

Карааңдан секет кетейин,
Калкагар тоолуу мекеним!
Карегим талбас болду го,
Карасам дагы нече миң...

Өзүңсүң ыйык түнөгүм,
Өзүңдөн бүткөн жүрөгүм.
Өмүрүм бүткүл сага арнап,
Өзүң деп жашап жүрөмүн.

Көп элдин көрдүм Мекенин,
Көк жашыл талаа, өзөнүн.
Жат төшөк десем аларды,
Өз төшөк сен деп сеземин.

Айкашкан максат тилегим,
Ата-энем сенсиң билемин.
Айрылбайм сенден эч качан,
Алса да аңдып куу өлүм.

Өзүңө кулак салгым бар,
Өлсөм да жатпай көрдө тим:
Коюңдун тыңшап маарашын,
Уюңдун тыңшап мөөрөшүн.

## БАЙЛЫКТЫН ЖЕРИ

Кыдырып колхоз айлын, совхоз айлын
Нарынга жазда бардым, жайда бардым.
Ак-Талаа, Кочкор, Жумгал чүрөк болсо
Ат-Башы аккуусу экен Тянь-Шандын.

Байлыкты ченебестен берген экен
Бардыгы мал киндиктүү жерлер экен.
Элдери ысык, суукту тоотпогон
Эмгекке бышып бүткөн эрлер экен.

Кой баккан чабандардын койлору ак
Коюндай дилдери ак, ойлору ак.
Бардыгы бир максатта, бир тилекте
Партия бириктирип койгон кынап.

Кошулуп комбайндар толкун жиреп
Дан баккан дыйкандары түздө жүрөт.
Кыз, келин кыя карап келгендерди
Кырманга кырдай кылып кызыл үйөт.

Пейлиндей ак чач асыл энекенин
Тянь-Шань жери экен го берекенин.
Болбостон жалаң гана мал киндиктүү
Көрсөттү дан киндиктүү жер экенин.

## НАРЫН

Айбандын паашасы дейт арыстанды,
Бул Нарын дайрабы же арыстанбы?..
Кол, буттуу Кожомкулдай балбан болсо
Дүйнөдө коймок эмес алышканды.

Үнүнө миң жолборстун үнүн кошуп,
Сүрүнө миң баатырдын сүрүн кошуп,
Күн-түнү күр шар этип көбүк чачып,
Күрпүлдөйт күнгө чейин үнүн созуп.

Алп күчүн ар бир сайдан кураштырат,
Ургулап үйдөй ташты улак кылат.
Капчыгай калч-калч этип коркконунан
Калтаарып араң эле чыдап турат.

Шарына шагыл түтпөй талкан болуп,
Жаланып жар ташты оюп, жалтанды оюп,
Сырдашы Сыр дайрага күчүн кошот
Кыргыздын сууларына маршал болуп.

Абалтан албууттанып келген Нарын,
Алсызды, алдууну да жеңген Нарын.
Акыры мурдунан бек буйлаланып,
Адамдын акылына көнгөн Нарын.

Оо Нарын, ар тарапка ага бергин,
Адамдын эрки менен бара бергин.
Кулпунтуп Орто Азия талааларын,
От болуп, өмүр болуп жана бергин.

## СӨҢ-КӨЛ

Айтса тил жетпес көркүңдү,
Атактуу Сөң-Көл сенсиңби?
Аркансыз, жипсиз заматта
Алдың го ээлеп эркимди.

Ачыгын айтчы жашырбай
Ак Мөөрсүңбү, көлсүңбү?!

Сымаптай бетиң нур чайып,
Сулуудан бетер суйкайып.

Күн тийген кезде күлүңдөп,
Күн бүркөк кезде сумсайып.
Күйүттүү ырды, күүлөрдү
Уктуң ээ далай муңканып!?

Эченди баштан өткөрдүң,
Эсиңде бардыр өткөн күн...
Бооруна кысып Мөөрдү
Болоту сүйүп өпкөн күн.

Ботодой көзү кылгырып,
Боздотуп комуз черткен күн...
Сакталып сан сыр санааңда,
Зарланып келдиң далайга...

Туш болдуң эми түбөлүк.
Шаттыгы арбын заманга
Сабаадан саамал бышкансып,
Шарпылдай бергин да кайра!

Кыйласын билип тарыхтын,
Кылымдын көбүн карыттың.
Бактылуу элдин түбөлүк
Байлыгы болдуң анык-чын.

Курч талант күчү сенден бейм,
Куйручук менен Калыктын.
Мезгилдер тынбай агылаар,
Бири өтсө бири жаңыраар.

Түш жарым сага келген жан
Түбөлүк эстеп сагынаар.

Кылаанда жүргөн кызыл бет
Тоолуктун тоодой багы бар.

Ой-жондо жайнап түлүгүң,
Оттошуп чөптүн ширинин.
Ылайдай семиз иригиң
Ыргыштап туйлайт күлүгүң.

Табылбай турат бир гана,
Таланттуу акын Мидиниң.
Бийикти жайлайт кыргыздар,
Бийикте бийик турмуш бар.

Көйкөлүп жатсаң бийикте
Көрүүгө болбойт ким куштар?!
Койлоруң менен кошулуп,
Короондо жуушайт жылдыздар.

Күн болбос сенин күнүңдөй,
Түн болбос, сенин түнүңдөй.
Кайрылып кайта көргүчө,
Каңырык түтөөр билинбей.

Каректе калды элесиң
Картайбас, өлбөс сүйүүдөй.

## ТУЛПАР ТАШ

Сендей таш тоодо да бар, ойдо да бар,
Сендей таш ордо да бар, жолдо да бар.
Тулпардын туяк изи түшпөгөндө
Кенедей кебетең жок ойдо калаар…

Басты экен кайсы доордо кандай тулпар,
Манастын Куласыбы талбай чуркаар?

Күн батыш, Күн чыгышка арыш керсе
Күүсүнөн бороон чыккан болуп күр-шар.

Болбосо Толубайдын Кырчаңыбы
Мыш кылган тулпар деген тулпарыңы?
Болбосо Камбар Ата өзү бекен
Биз билген күлүктөрдөн миң-сан улуу?

Жатасың кулак какпай, көңүл бөлбөй,
Өзүң таш, сырың да таш тилге келбей.
Тырс этип тим болосуң чертип койсом,
Сырымды бир чертүүдөн бил дегендей.

Тыңшасам капталыңды сүйүп сенин,
Укканзыйм тулпарлардын дүбүрттөрүн.
Элестейт көз алдымда айкөл Манас
Эрчитип бараткансып жигиттерин.

Сен бизге не болсоң да ыйык ташсың,
Сөң-Көлдүн кылаасынан турук таптың.
Алыстан атыңды угуп, көрбөгөндөр
Баш ийип бар таазимин кылып кайтсын.

Бирөөлөр билбей атак, кадырыңды,
Сындырып кетээринде жарымыңды,
Ажалга бербей сени алып калган
Ар дайым алкап жаткын Сарыгулду.

Сарыгул малчылардын накта чалы...
Жалындайт жашы өтсө да жаш катары.
Эл мүлкүн, эстеликти баалай билген
Айылдын арбый берсин аксакалы.

Сендей таш ойдо да бар, тоодо да бар,
Сендей таш ордо да бар, жолдо да бар.

Бактылуу таш экенсиң не болсо да
Көргөндүн көөнүн буруп, ойдо калаар.

## ЖУМГАЛ

Калык айткан Жумгал деп,
Мидин жазган Жумгал деп.
Биз билгенден кыргызда
Жумгал деген ырлар көп.

Бул жетишпей калгансып,
Мен да жаздым Жумгал деп.
Алтын көкүл тоолоруң
Айдан ары ашчудай.
Чокуларың түн күзөйт
Чекте турган сакчыдай.

Мал киндиктүү экенсиң,
Бабам күткөн жакшы жай.
Бүт дүйнөнүн койлору
Бир өзүңө батчудай.

Бир жолу эмес, миң жолу
Жер экенсиң жазчудай.
Таамай сөздү таппаган
Талантымдын аздыгы ай!

Торпуларың тогуз миң...
Адырларың алты миң...
Түздүгүңдө түр жемиш
Даамын татсам бал-ширин.

Ак буудайың жалтылдайт.
Нурун чачса жайкы күн.

Жылдыз толгон көгүң бар
Жыргал экен ар түнүң.

Жүрөк сүйгөн селкиңе
Жүздөшөмүн кайсы күн?..
Баатырларың бакыйып,
Баркы менен аты улук.

Чыгып келген жарыштан
Ракеттей атылып.
Орден толгон төшүңө
Олтургум бар баш уруп.

Азаматтар ошолор
Ысык, суукка катыгып,
Пайда берген өлкөгө
Малдын санын ашырып.

Оо, Жумгалым, Жумгалым,
Айтса бүтпөс жыргалым.
Опкогураак жан элем
Ойдогудай сыйладың.

Менин сага каалаарым
Миңге жетсин бир малың.
Элсиз жердин көркү жок,
Элиң менен жыргагын.
Күмүш болсун күндөрүң,
Алтын болсун жылдарың.

## КӨЗҮМ КӨРГӨН КЕМЧИЛИК

Сөз жүйөсү бузулбайт
Чындыкты айтып бергенден.

Жадап качма жайым бар
Жалган сүйлөп көнгөндөн.

Бүт кыргызга таандык
Бул кемчилик мен көргөн.
Бир үй көрдүм Кочкордон
Бир топ үйдүн алды экен.

Карап эле тургудай
Кандай уста салды экен?..
Килемге бай а бирок
Китеп жактан жарды экен.

Жалпалактап үй ээси
Жай сурашып отурду.
Кагып-силкет балдарын
Каалашпайт деп окууну.
Китептери жок болсо
Килемдерин окуйбу?..

Ашып кетсе жүз китеп
Акчасы го бир койдун.
Аламбы деп таарынтып
Ачык айтпай тим болдум.

Эки үй көрдүм Жумгалдан,
Эчен үйдүн алды экен.
Бай болсо да жууркангa,
Бак-дарактан жарды экен.

Чөмөлөлөп коюптур
Чөбүн чала чапкылап.
Огороддун ичинде
Аркандалган ат турат.

Кыйын болсо жүз көчөт
Куну экен го бир койдун.
Кыжырына тием деп
Аны да айтпай тим болдум.

Көңүл жакын дос эле,
Конок кылды Анарбай.
Тамтаңдадым жер издеп,
Дараткана таба албай.

Жашырынчу ал кепе
Жарым пулу бир койдун.
Жаман көрөт экен деп
Муну да айтпай тим болдум.

Мурун көчмөн эл элек
Билимдүүлөр көбөйдү.
Атагыбыз Ай жандап,
Алдыңкы элге теңелди
Качан толук билебиз
Маданият дегенди?..

## ЖАПАН МЕРГЕН

Айбандын бар го көп түрү,
Ал сени сүзүп, тептиби?
Адамдан чыккан айбаным,
Атыпсың бооз эчкини.

Эчкини мээлеп жатканда,
Энеси эки-үч балаңын,
Эсиңден чыгып кеткен го,
Борсойгон бооз аялың.

Чокусу коңшу Ай менен,
Чоңойгон элбиз мал менен.
Мал менен кошо жайылып,
Малыбыз болгон кайберен.

Аныктап баалап эт, жүндү,
Ал кезде ким бар ылгаган...
Көбөйтүп аргын козуну,
Коюбуз тууган кулжадан.

Көк зоонун эчки-текесин,
Көрсөң көр, бирок атпай жүр.
Кумайдын аркар, кулжасын,
Короодо койдой барктай бил.

Жетишпей чабан көз салаар,
Жетишпей чабан чөп салаар,
Жай кылып аска, тоолорду,
Жапайы болуп кетти алар.

Жапайы болсун, баары бир,
Малыбыз менен саны бир.
Моюнуңду бурап алабыз,
Боозун атсаң дагы бир!

## «КӨКӨЙ КЕСТИ...»

Ушул күүнү кулагыңа куюп ал,
Ушул күүдө муңдуулардын муңу бар.
Миң жыл бойлоп бирге жашап келаткан
Бүт кыргыздын ыйы менен ыры бар.

Ушул күүнү талаа уккан, тоо уккан,
Ушул күүнү жоболоңдуу жоо уккан.

Дал ушул күү ырдап кирип согушка,
Далай жолу ыйлап чыккан согуштан.

Окко учканда эрдин эри деген эр
Ушул күүгө үнүн кошкон энелер.
Дал ушул күү кайгы-зарын бөлүшкөн
Кан жөткүрүп, кара кийсе жеңелер.

«Көкөй кести» көп жашаган күүлөрдөн,
Көп замандын ысык, суугун миң көргөн.
Башы муңдуу, шаңдуу чыгып аягы
Сан күүлөрдүн залкарынан иргелген.

Черт комузчу, чертчү- жерде боздотуп,
Термелейин делебемди козготуп.
Кезек келсе муңкантаарсың мага да
Кеткенимде тоолук элге коштошуп...

## КӨРӨМ ЖЕК

«Жер байлыгы – эл байлыгы» деген кеп,
Терең экен, дагы барат тереңдеп.
Уйпаланат, куйкаланат турбайбы,
Улуу, кичүү урунбаса чеберлеп.

«Жердин көркү – элдин көркү» деген кеп,
Терең экен, дагы барат тереңдеп.
Бала кезде жүргөн токой, бадалды,
Байкап көрүп, бара жаттым мен өрдөп.

Кээ бир жердин карагайы кесилген,
Аны көрүп жаш кылгырды көзүмдөн.
Дүмүрүнөн өсүп чыккан балаты,
Кабар берет кароосу жок жетимден.

Жоодураган жоогазын жок беттеги,
Билинбейт-ов!.. кимдин казып кеткени…
Эгер билсек, эл алдында кызартып,
«Өң терисин сыйрыйт элек тескери…»

Өрттөндү көп, очоктор көп от жаккан,
Таштанды көп, бөтөлкө көп бош жаткан.
Айбандарга айтып жаттым миң каргыш,
Ак терекке тамга салып, чок баскан.

Жер деген – бул улуу турат улуудан,
Жер деген – бул сулуу турат сулуудан.
Улууларга, кичүүлөргө чоң урмат,
Улуу жердин баркын билип урунган.

«Жер байлыгы – эл байлыгы» деген кеп,
«Жердин көркү – элдин көркү» деген кеп,
Бул макалдын маани-жайын билбести,
Бычакташкан душманымдай көрөм жек!

## ЖАРАТЫЛЫШ «САКЧЫСЫ»

Медетбек мергенчилер башчысы экен,
Жан күйөөр, жаратылыш сакчысы экен.
Тоолордо канча кийик болсо дагы,
Токтобой толук санын айтчусу экен.

Айылга шаар жактан барып калып,
Белгисиз мергенчисин жанына алып,
Кыдырып кыйла төрдү карап чыкты,
Көрөгөч турнабайдан көзүн салып.

Шаарга кайтаарында, кары-жашты,
Чогултуп айбанаттар жөнүн айтты.

Бир тобун браконьер дегендердин,
Айыбын ачып туруп акты жазды.

Медекем өз айыбын билгизбеди,
Шоферун: машинаңды жүргүз деди.
Олчойгон чемодандан орун алып,
Ийрилип келе жатты илбирс тери.

## ЖАШЫЛ ТООГО ЧЫККАНЫМДА

Жайкысын жашыл тоого чыкканымда,
Тоо гүлүн караганды сонун көрөм.
Кыз көрүп кыялымда, кай бирөөнө
Кандайсың карындаш? – деп колум берем.

Бир кезде жел дирижер боло калып,
Бардыгы башын ыргап бийлеп кирет.
Жанымда жаагын жанса ырчы булак,
Дыңылдап бал аарысы сүйлөп жүрөт.

Кыздардын арасында олтургансып,
Кыңылдап ырдап иема оозумду ачып.
Өткөргөн жаштыгыма курсант болуп,
Бөксөргөн шаттыгыма кетем жашып.

Аа гүлдөр бийлей берет тегеректеп,
Айткансып: «агатай»,– деп чебелектеп.
Мен турам түрлүү кызды элестетип,
Дүйнөдө мындан артык не керек деп.

Жайкысын жашыл тоого чыкканымда,
Толкундап тоо абасын жутканымда,
Гүл терип, гүлдестени жасай коюп,
Кубанам кучагыма кысканымда.

## КОЖОМКУЛ ЖӨНҮНДӨ

Булчуңу буура санындай,
Сакалы саадак кабындай,
Байыркы Манас баатырдын,
Бар жагын тарткан жаңылбай.

Кабанын уулу Кожомкул,
Калды бейм эми табылбай...
Кыргыздан чыккан алп экен,
Кызыкты кыйла салчу экен.

Тулкусу турна тарамыш,
Түйүлсө зорго жанчу экен.
Ашууда аты чарчаса,
Көтөрүп өзү алчу экен.

Москва, Париж, Лондондо,
Балбанга байге койгондо,
Бардыгын жыгып эр Кокем,
Поддубный менен болгондо.

Дүйнө эли билет эле деп,
Түшөмүн түрлүү ойлорго.
Бактысы турган мөмөлөп,
Бакыйган Баатыр эне көп.

Балдары чабал көбүнүн,
Балбан деп айтуу не керек...
Мактанган менен бирөө да,
Манасты төрөп бере элек.

Бул айткан сөзүм тамаша,
Мулуңдап алдым балача.

Машыгып эчен уулдары,
Мастерлер менен жанаша.

Өстүрүп жатат күрөштү,
Өз алына жараша.
Кечиргин, кутман энелер,
Кеп айтсам ыксыз мен эгер?

Муңканып бизди сынга алган,
Бул кандай акын дебеңер.
Өзүңөр барда Кожомкул,
Экинчи да бир төрөлөр.

## КАЛБАЙЛЫЧЫ АДАШЫП

Бар чалым деп бара турган жагыңа,
Сен канчалык эркин койсоң жайыма,
Мен ошончо адамдыгың түшүнүп,
Элесиңди эстеп жүрөм дайыма.

Бассам-бас деп, жатсам-жат деп үйдө эле,
Мурунтуктап, буйрук кылсаң күндө эле.
Мен ошончо кабагыма кар түшүп,
Капа болом камалгансып түрмөгө.

Кээде өзүмчө сыртка чыгып жүргөндө,
Дүйнө жүзү толуп түрлүү гүлдөргө,
Кыялданам кылгырганча көздөн жаш,
Бүт берилип поэзия – сүйгөнгө.

Учкул оюм өйдө-төмөн чабыттап,
Ыр саптарын, ой түйүүнүн аныктап,
Кош көзүмдү компас кылып өзүңө,
Кайра келем балдарымды багыттап.

Берчи дайым мага толкун, мага шык,
Жүрөлүкчү жүрөктөн ак санашып.
Мейли, адашсак жалгыз басып жарым күн,
Калбайлычы түбөлүккө адашып.

## КАЙГЫРУУ ЖАНА КУБАНУУ

Кай бир күнү көрүстөнгө барамын,
Капа болом карыш түшүп кабагым.
«Жакшы адамдар жашай бербей өлдү ээ»,–деп
Жашым төгүп бир кайгырып аламын.

Кай бир күнү төрөт үйгө барамын,
Ачык күндөй ачык болуп кабагым.
Ырыс-бакыт коно калат колума
Ыңаалаган үнүн уксам баланын.

## ОҢОЙ ЭМЕС БҮТ КЕСИП

Ал мезгилде арбый элек таскагым,
Турмуш жолун жаңы баскан жаш чагым.
Кырдан кырга кыргый болуп кыялым
Кесиптерден кесип тандай баштадым.

Акыл сурап Ала-Тоого кайрылсам
Малчы бол – дейт – малдын төлүн жайнаткан.
Акыл сурап талаа-түзгө кайрылсам,
Данчы бол – дейт – даңкы чыккан кайратман.

Акыл сурап көлгө дагы кайрылсам
Сүзгүч бол – дейт – суу түбүндө балыктай.
Акыл сурап асманга да кайрылсам,
Учкуч бол – дейт – Айга жетчү талыкпай.

Тоонун тилин, түздүн тилин албадым,
Көлдүн тилин, көктүн тилин албадым.
Төртөө мени төрт жагымдан тартса да
Көп кесиптен акындыкты тандадым.

Ойлогонго оңой эмес бүт кесип,
Кай бир түндө бал уйкумдан бүт кечип,
Олтурамын калемимди соройтуп,
Ойго батып кагаз менен тиктешип.

Чабан иним чарчаганбы кой багып,
Алек кылат акындыкка жетсем деп.
Аа мен ойлойм түйшүк тартпай түн бою
Мындан көрө кой кайтарып кетсем деп.

## КҮЗГҮ БОЛГУН АЛДЫНА

Кошуп туруп тилек менен үмүттү,
Баштап калсаң пайдасы бар бир ишти
Бүткүн аны, бүтмөйүнчө койбогун
Билесиң го мезгил деген күлүктү...

Жакын калкпыз жазуучу-акын, сүрөтчү,
Ойлоо менен, толгоо менен күнү өтчү.
Бириң ыр жаз, бириң көркөм сүрөт тарт
Бах! – дедирип көргөн көздү, жүрөктү.

Мезгил, мезгил, ошончо эле күлүкпү?..
Ал жактырбайт кашаң өгүз жүрүштү.
Жапыз жерге жатып албай жан багып,
Бийикке чык, дагы сама бийикти.

Бийик жерде орундалат талабың,
Бийик жерде бийик болот карааның.

Тууган элдин, тууган жердин байлыгын
Ошол турган бийиктиктен карагын.

Салгын көздү шаарыңа, айлыңа,
Салгын көздү бир эмес миң кайрыла.
Элдин, жердин, эпкиндүүнүн эмгегин
Көрсөтүп бер күзгү болуп алдына.

## ЖАРАТКАН

Оо жараткан, жараткан
Оюмду уккун сага айткан.
Ак боз атка бир минсең
Бир жүрөсүң кара атчан.

Аалам болуп кай бирде
Аппак пейлиң кеңейип.
Апкелесиң уул, кызды
Ак боз атка өңөрүп.

Ошол пейлиң кай бирде
Өзгөрүлүп калат да
Алып кетесиң кайрадан
Учкаштырып кара атка.

Ар адамды абайлап
Алсаң бирден четинен
Оңурайтпай орунун
Толтурасың экиден.

Мынча неге сараңсың,
Мынча неге кененсиң...
Дүйнөдөгү улуу уста
Тил жетпеген чеберсиң?!

Оо жараткан, Жараткан,
Суранчым бул сага айткан:
Шыдыр кылгын жолумду
Коммунизм бараткан.

**БҮРКҮТТҮН ӨЛҮМҮ**

Өзүңчө оокат кылгын – деп
Көп бактырбай энеңи,
Учуруп бүркүт уядан
Баласын күүлөп жөнөдү.

Окутуп жүрдү балага
Коркпогон кыраан болууну,
Абада кандай учууну,
Аскага кандай конууну.
Окутуп жүрдү балага
Көрсөтүп түрлүү жерлерди,
Түлкүнү кандай сермээрди.
Эликти кандай эңгенди.

Окутуп жүрдү балага
Көрөгөч, сактык жактарын,
Карышкыр, каман мүнөзүн,
Кайберен кайда жатканын.

Окуу да бүтүп окуткан
Зуулады кыраан көк жарып.
Этият болуп артынан
Энеси жүрдү көз салып.

Кекилик менен уларды
Таранчы менен бирдей деп,
Коёнго койду кол шилтеп
Тумшугум булгап жүрбөйм – деп.

Эмгектен колун бошотуп
Энесин салды жыргатып.
Кашкулак алды кашкайтып,
Түлкүнү алды туйлатып.

Талыды бутум көп басып,
Табам – деп кайдан тамакты,
Капчыгай өрдөп бир күнү
Карышкыр кетип баратты.

Көргөндө кыраан турчубу
Көп турбай көккө чыкты атып.
Айланып алып азыраак
Көзүндө өрт, бойдо күч ташып.

Салмоор таш болуп заматта
Сайылды төмөн куркурап.
Асманда жүрдү энеси
Жүрөгү жүз жол зыркырап.

Жемине кыраан жетти эми,
Чеңгелдеп оозун көктөдү.
Асманга алып чыгууга
Ал-күчү бирок жетпеди.

Кай бирде томолонушуп,
Кай бирде жумаланышып.
Өчөшүп жатты экөө тең
Өлбөгөн жерде калышып.

Далайды көргөн карт бөрү
Далайдан митаам сак бөрү.
Бошонуп темир чеңгелден
Боёнуп канга качты эми.

Жаш кыраан жатты жаны жок
Акыркы демин бүтүрүп.
Көк жалдан карды эшилип,
Көк жалдан башы үзүлүп.

Ошондо байкуш энеси
От болуп жанып денеси.
Капталда жүргөн көк жалды
Качырып кирди эми өзү.

Көз ачып, кайра жумгуча
Көтөрүп чыгып асманга.
Кайрадан таштап жиберди
Таманы таштуу как сайга.

Аза күтүп баласын
Асманда муңдуу шаңшыды.
Аза күтүп баласын
Асманда сырдуу калкыды.

Аздан соң төмөн бурулду
Акыркы үнү угулду.
Күүлөнүп келип аскага
Өзүнүн боюн бир урду.

Балам – деп күчүн сарп кылып,
Балам – деп өзүн ташка уруп.
Өлсө да эки көзүнөн
Балам – деп жатты жаш чыгып.

## МУРАП БОЛСО

Жаралат суу ташкыны мөңгү, кардан,
Жаралат сел ташкыны жамгырлардан.

Болбосо кай бир жерде капысынан,
Кыянат кырсык деген болсун кайдан…

Жамбаштап жансыздардын катарына,
Тамчы суу дары болуп татаарына,
Канча бир жерлер жатат каны качып,
Аптаптын сызгырылып казанына.

Жамгыр, кар дыйкандардын тилин алып,
Жаасачы жаачу жерди билип алып…
А бирок аксым шамал булуттарды,
Ар жакка айдап кетет сүрүп алып.

Көктөмдө көп өсүмдүк жашап алат,
Кай бири жайга жетпей чачы агарат.
Жердеги суу бөлүшкөн мураптардай,
Көктө да мурап болсо атааганат!..

Орундайт «атаганат» бир аз кийин,
Ойлойбуз ар бир иштин түпкүлүгүн…
Ааламдын купуялуу сырын ачат,
Адамдын пайдасы үчүн биздин илим.

## ЖАРЫМДЫН ТҮШҮ

Жазгым келип жата турган кезекте
Убакытты, уйкуну албай эсепке.
Олтурамын ой артынан ойду кууп,
Жарым болсо жатат көөшүп төшөктө.

Көптөн кийин көзүн сүзүп көбүрөөк,
Уктайт анан ууз ичкендей мемиреп.
«Тур илелик боосун тактым» – деп айтат
Түшүнө анын килем кирген көрүнөт.

Кээ бир кезде эриндери көп ирет
Булк-булк этип «эмизейин» – деп иет.
Түйшүктөнтүп түн уйкусун жүз бөлүп,
Түшүнө анын бала кирген көрүнөт.

Мейли жарым килем кирсин түшүңө,
Килем окшош гүлдүү жердин түсүнө.
Гүлдүү жерде күлүп-жайнап балдарың
Өмүр сүрсүн согуш кирбей түшүнө.

Биз өмүрдө бир топ жылы адаштык
Узун түндө узак ойлоп таң аштык.
Манчыркабай жүрөлүчү баш менен
Бактыбызды кайра баштан жараттык.

Эчен түрлүү сөз айтышаар чымчылап,
Элдин оозун коймок белең кулпулап.
Бороонун да, шамалын да тособуз
Болсо болду ортобузда ынтымак.

## КОТОРМО ЖӨНҮНДӨ

Чыгармага чындык бааны эл берээр,
Не деген алп Данте, Гёте, Гейнелер.
Не деген алп Жаами, Саади, Низами
Кылымдардан окуп, жаттап келген эл.

Не деген алп Фирдоуси улуу акын
Бир тең келсе өзүнө өзү тең келээр.
Мезгил жүгүн көтөрүшүп ийинге,
Мезгил бойлоп ээ болушуп сүйүүгө.

Түрлүү тилде, түрлүү үндө сайрашып,
Тирүү бойдон жашап жатат бү күндө.

Булбулдардын булбулу го деп ойлойм
Бул залкарлар өз-өз эне тилинде.

Колдон келээр, колдон келбес өнөрбү...
Которууга чоркокпу же чеберби...
Түшүнөбү, түшүнбөйбү, болбосо
«Жок» дегенин бербей турган өжөрбү...

Айтор билбейм, алптар менен сүйлөшкөн
Алп жүрөктүү» котормочу көбөйдү.
Кай биринин ак эмгеги жагат да
Калк оозунан азамат деп алат баа.

Кай бирлери кара оокатка кам көрүп,
Пул болсун деп будамайлап заматта,
Басып жүрөт, мукам үндүү булбулду
Каркылдаган карга кылып салат да.
Котормону кимдер кандай түшүнөт,
Котормонун түйшүгү көп, иши көп.

Кыргыз тилде сүйлөтсөм деп Байронду
Окусам да бир жолу эмес, жүз ирет,
Кокус мен да карга кылып салам деп
Которуудан коркуп жүрөм титиреп.

## АЖАЛГА

Кайда бассам, аңдыйсың да жүрөсүң,
Түн уктасам түшүмө да киресиң.
Мен соо болсом мертинтейин – деп тилеп,
Мен оорусам, табалайсың, күлөсүң.

Чамаң жетсе, чала электе чачың ак,
Чалсам дейсиң, алсам дейсиң батыраак.

Мен дүйнөдө бекер жүргөн жерим жок,
Мээң болсо ойлонсоңчу азыраак.

Жаратылыш жаралгандан сен өзүң,
Жандууларга жармашасың, келесиң.
Эшек союп, аш берейин жоруга
Эй, карт ажал, кайсы күнү өлөсүң?

Мен жашаймын мекендеген жеримде,
Ыр жазамын из калтыраар элимде.
Коркпойт десең билгениңди кылып ал,
Көп ишим бар, кол бошобойт өлүүгө.

## ДЕН СООЛУК БОЛСО БОЛГОНУ

Жамандык келсе башыңа,
Жакшылык бар деп бел байла.
Жабыкпай жүргүн жарк этип,
Жардамы тиер эл барда.

Дүнүйө колдун кириндей,
Түгөнөт, кетет билинбей.
Түбөлүккө түз кара,
Күнүмдүккө сүйүнбөй.

Турмушуңа түн түшсө,
Тунжурап чөкпө ылайым.
Эртесинде нур чачып,
Эстей жүр күндүн чыгаарын.

Үшкүрбөй үмүт, эрк менен
Туткун да жашайт тордогу.
Дегдеген ойго жетесиң
Ден соолук болсо болгону.

## КАЙЫР КОШ

Кайыр кош эми, кайыр кош
Кара так өткөн жылдарым.
Жалпыңа арнап бир бирден
Жакшы ырды белек кылбадым.

Таарынбай мага жүргүлө
Табышпай калган чакта бул.
Түшүмдүү болсун деп тилейм
Силерден соңку башка жыл.

Кайыр кош эми, кайыр кош
Ак бойдон калган дептерим.
Жазат деп мени көп күтүп
Жатканың азыр эстедим.

Кайдасың, кайда калсаң да
Капарга алба өткөндү.
Калтырбайм эми ак бойдон
Өзүңдөн соңку дептерди.

## БУЛЬВАРДА

Мен ар дайым бульвар жакка көп барам,
Мөлтүрөгөн кыз, келинге көз салам.
Айшасы да, Барчасы айчүрөк
Анын баары жашоо шарттан деп калам.

Мурункудан миң өйдөлөп жасанып,
Быткыл беттер, ийри буттар азайып.
Мүчөлөрү мүчөсүндөй эликтин
Биздин кыздар бара жатат тазарып.

Улгайган кез үшкүрүгүм күчөтөт
Кайран жаштык каңырыгым түтөтөт.
Өмүр жолу өйдө, төмөн бурулбай
Мынча неге, мынча неге түз өтөт...

Мен кыздарды карай берсем дембе-дем
Менин жарым кызганычтуу дем менен
«Уятсыз – деп улам укуйт капталга –
Бир кездерде мен булардан кем белем?»

Мен айтамын: сен ашыксың, кем эмес
Бул кыздардын боз уланы мен эмес.
Биздин жаштык кандай болуп өттү эле
Булардан мен алып жатам көп элес.

Сен да, мен да мурун туулуп согуштан
Согуш жылдар көп болдук го оорукчан.
Мен жүргөндө жалгыз таар көйнөкчөн
Сен жүргөнсүң жалгыз жаман жоолукчан.

Мына ушинтип бир олтурсак жанашып,
Бизди кыздар шыбырашат карашып.
Биздин ата, энебизден картаң деп
Мүмкүн алар жаткан чыгаар талашып...

Мен ар дайым бульвар жакка көп барам
Кыялданган кыз, келинге көз салам.
Аялыма күлө карап, азилдеп
«Албай сени коё турбай» деп калам.

**БИР ГАНА КАРА АЛДЫГА**

Үмүтсүз адам тири өлүк
Үмүттүү жаша түбөлүк.
Көксөгөн ойго жеткиче
Көңүлдө турсун гүл өнүп.

Ичинден иргеп ылгай бил
Ойлордун жакшы, жаманын.
Жаманы жапа чектирет,
Жакшысын гана самагын.

Токчулук кирсе үйүңө
Төрүңө өткөр ызаттап.
Жокчулук кирсе үйүңө
Жолотпой куугун бычактап.

Кубаныч кирсе үйүңө
Кубанып эле олтурбай,
Кучакташ, жытташ эзилип
Кыйышпас кымбат досуңдай.

Капалык кирсе үйүңө
Кайткын – деп катуу эскерткин.
Мыжыга кармап желкесин
Мышыктай көзүн чекчейткин.

Күлкү-шат менен өмүр сүр
Кул болбо куса, кайгыга.
Бүт болот максат, тилегиң
Бир гана кара алдыга.

**БЕЛЕН ТУРГАН БАКЫТ ЖОК**

Кооман чабан кой жыттанып жайы, кышы
«Кош!» кыр-роойт» – деп койдон тапты
бакытты.
Мамбет шофер, Мамыркалый машинист
Руль кармап жолдон тапты бакытты.
Оштук Саадат ак буласын тоо кылып
Айлап, жылдап андан тапты бакытты.
Керимбүбү кызылчасын кыр кылып
Кең Чүй – деген жайдан тапты бакытты.

Мурат шахтер бурап коюп мурутун,
Ачык асман, жерде жүрбөй биз жүргөн.
Ал бакытты таап жатат талыкпай
Ай тийбеген, Күн тийбеген түпкүрдөн.

Мына Мурат чыгып келди шахтыдан
Укмуш түрү, упасы бар боёнгон.
Азилдедик: анык негр болупсуң,
Кайда сенин кыргыз өңүң жоголгон?

Мурат айтат: каалагандай кыламын,
Эки өңүм бар, алмаштырып турамын.
Мен шахтыга кыргыз болуп түшөм да
Андан кайра негр болуп чыгамын.

Тууган дос көп, окшошпуз топ жылдызга,
Дил да орток, тил да орток турмушта...
Мен шахтыга сүйлөп кирип орусча,
Андан кайра ырдап чыгам кыргызча.

Мени алгын – деп бекер турган бакыт жок,
Кейпин кийип сары менен каранын.
Биз түшүндүк, Мурат шахтер бакытты,
Тердеп иштеп, кирдеп иштеп табаарын.

## ЧЫҢГЫЗ ЖӨНҮНДӨ

### 50 жылдыгына

Чыңгыз чыгармасын
Жер шарына жайды.
Чыныгы алп талантка
Айла барбы...

Лениндик сыйлыкты баш кылып
Нечендерин алды.

Эми ала элеги
Нобель сыйлыгы калды.

Аны да алат буюрса
Ал үчүн тынчсызданып
Тартпайбыз кайгы.
Азамат!

Дүйнөгө толук кыргызын
Дүңгүрөтүп салды.
Улуу, кичүү көргөндө
Урмат кылып баш урган.

Балбылдап алтын жылдызы
Баатыр болду бакыйган.
Москвага барса
Париж чакырган.

Парижге барса
Бат эле көрсөк аны деп
Лондондуктар акыйган...
Лондонго барса

Бурулуп бизге кетет – деп
Бухарест
Будапешт
Вена
Берлиндиктер шашылган...

Ушундай сыйга бөлөгөн
Укмуштай чыгармасы да
Эл үчүн жазылган.
Азыр мен Чыкеме
Айтайын ички сырымды

Жебедей сызып жер шарын
Жетиштүү эле кыдырды.

Көп өлкөнүн шаары тургай,
Кокту, колотуна чейин бурулду.
Көргөн элге көзү урунду,
Көрбөгөн элге сөзү угулду.

Чыкем жапжаш,
Эңсеген деле эместир
Элүү жашка чыгууну.
Алтымыш деле карытпайт
Алп көкүрөк чымырды.
Андыктан Чыкеме
Космонавт болуп
Космоско баруу кыйынбы...

Ден соолугун врачтарга
Бир сыйра текшертип көрсө,
Алардын айтканындай
Машыгып көнсө,
Анан Айгабы, Марскабы,
Башкагабы... барып келсе.

Космостон көргөнү жөнүндө
Көпчүлүк элди кубанткан
Бир көркөм чыгарма берсе.
Бул менин жекече оюм,
Жекече тилегим.

Космонавт болуу кыйын иш
Ал жагын билемин.
А бирок Чыкемдин
Ден соолугунун чыңдыгына
Кенедей жок күмөнүм.

Асмандан да атактуу
Алп чыгарма жазаарын
Сезип жүрөт жүрөгүм.
Буюрса Чыңгыз бир кезде
Байконурдан учканда,
Орбитага чыкканда,
Барып мен сүйүнчүлөйм
Бардык чабандарга,
Чабан баскан жолдорго.
Чабан менен мен өзүм
Туз берип жүргөн койлорго.
Жазуучу космонавт дедиртип
Жаңырык берип зоолорго.
Жашасын биздин Чыңгыз деп
Жар салам бийик тоолорго!

## КАРЫНЫН ЖАРЫП САЛСАМ...

Жадаткан окшойм көп жүрүп
Жаралган кезден, жаш чактан.
Жаштыгым кетти жанымдан
«Кош» – деген сөзүн айтпастан.

Карылык кирди үйүмө
Каалгамды какпастан
Калжайып төрдө олтурат
Кабаарып кабак ачпастан.

Жаштыгым сымак бул дагы
Жанымдан жадап кетеби...
Түбөлүк мени чүнчүтүп
Түбүмө бир күн жетеби...

Карашы жаман каапырдын
Качуура андан шашылдым

Кашайып көрбөй калсын – деп
Караңгы жайга жашындым.

Көрбөгөм мындай шумдукту
Көздөрү үкү көзүндөй.
Качууга менден болбойт – деп
Кармады карыш кетирбей.

Кармаса кармап, картайтсын,
Кайрат бар менде таш жараар.
Карынын жарып салсам бейм
Картайбас үчүн башкалар...

## САГА АЙТКАН СӨЗ

Жыргалдын арт жагында куурал ы бар,
Кууралдын арт жагында жыргалы бар.
Карды ачса кай бирөөлөр ток болбойм деп,
Жашоодон үмүт үзгөн урганы бар.

Ток болсо, токмун дайым, жок болбойм деп,
Керсейип кесир сүйлөп турганы бар.
Күлкүнүн арт жагында күйүтү бар,
Күйүттүн арт жагында күлүшү бар.

Ээрчишип жүрө берет кезектешип,
Мезгилдин күнү менен түнү сымал.
Барда бай, жокто бардай жашай билип,
Заманга салым кошуп, үлүшүң ал.

Турмушка туткун болсоң чабалдыгың,
Көрө бил жакшылыгын, жамандыгын.
Адамга кылча болбой арамдыгың
Заманга тоодой болсун адалдыгың.

Дүйнөдө тири өлүктөй жүрө берсең
Сөз эмес адамдыгың, амандыгың.

## КАРГА ЖАНА МЕН

Коштошуп алыс жактарга
Коңур күз сапар тартканда.
«Кожоюн» болуп шаарга
Кошулуп жааган ак карга.

Булбулдун булгап бутагын
Каргалар конот бактарга.
Караңгы тартып айлана
Агарат жерде кар гана.
Көчөдө кетип баратып
Көз салсам жалгыз каргага,
«Как живешь поэт» – дегенсип
Карк этип коёт ал мага.

Талаада колхоз айлынан
Таштанды көрсө аңдыган.
Каркылдаган урганга
Кантип мен сырым алдырам...
«Өйдө жашайм сенден» – деп
Өтүп кеттим алдынан.

## ТӨРӨЛГӨН САЙЫН ТӨРӨЛӨМ

Көңүлдө жакшы санаам бар
Көбөйсүн деген адамдар.
Күн, түндөп тууп жатышат
Күжүрмөн биздин аялдар.

Кенжекан кечээ төрөдү,
Бурулкан бүгүн төрөдү.

Бирок да менин элим аз
Билбедим, кандай себеби...

Токсонго чыккан абамдан
Толуктап уксам дагы андан,
Ал айтат «кыргыз тукуму
Башынан майда жаралган».

Башында болсо болгондур
Бардыгын байкап билүү оң.
Эми мен майда эмесмин
Элим бар эки миллион.

Төрт жагым кыбыла, досум көп
Дөдөй жок мени табаалаар.
Агабыз орус баш болуп
Арбыша берсин дагы алар.

Көк асты, жердин үстүндө
Көбөйгөн сайын көбөйөм.
Толтуруп төрөт үйлөрдү
Төрөлгөн сайын төрөлөм.

## КАДЫРЛУУ КАНДЕК

Көлөмүн салыштырсаң өзү күчүк,
Ал тууду, тууганда да жети күчүк.
Таңгалып карап турдум, дагы тууса
Кокустан калбасын деп өзү бүтүп.

Бүткөн жок, кичирейди жарымынан,
Өзгөрүп жаңкы жаткан калыбынан.
Бөйтөйгөн перзенттерин жалап кирди
Жибектей жумшак тилин жанып улам.

Күчүктөр кыймылдады, кыңылдады.
Кошулуп хорго айлантып ыр ырдады,
Эненин эмчектерин издеп жүрдү
Кайсалап кара мончок мурундары.

Жатты эне ийип берип балдарына
Жатты эне карап коюп жан-жагына.
Кубанып жети жылдыз тууп алып
Жылдыздуу эне болуп калганына.

Туш-туштан балдар келип көрүшүүдө
Тамагын даяр турат беришүүгө.
«Мунусун, тигинисин мен алам» деп
Алдыртан энчилешип бөлүшүүдө.
Кошунам акылдашып аялына:
Багалы, байкуш кандек балалуу да
Деп айтып, кибиреген күчүктөрдү
Кадырлап кийрип алды сарайына.

## ЖАЗ АКЫН

Жаз акын, жалкоолонуп жатпа көпкө,
Мээңден бермет качаар мезгил өтсө.
Өмүрдүн өчпөс отун алоолонтуп
Өргө чап, өжөрлөнгүн өткүр кезде.

Кыңкайып кырктан ашып калган чагың,
Кайрылбайт жалын болуп жанган чагың.
Талантың ташыркаса такалап ал,
Болбосо баспай калат барган сайын.

Не жаздың, нени бүттүң? Кана, сана…
Тартып көр дан, топонун таразага.
Доордун ишеничин актабасаң,
Сага уят, сага наалат, сага чала!

Өкүнбө өйдө-төмөн өткөнүңө,
Кабылсаң капалыктын чектерине.
Кыргыздын кырка тоосун бир карап ал,
Кубанычтын нуру толсун көздөрүңө.

Жаз акын, жабык көөнүң чокулансын,
Ырыңда жүрөгүңдүн оту жансын.
Эл сени эски жылдай эске тутуп,
Эл сени жаңы жылдай тосуп алсын.

## АКЫН МЕНЕН БУЛАК

Булак самайт жетсем деп,
Суудан бүткөн деңизге.
Акын самайт жетсем деп,
Ырдан бүткөн деңизге.

Аккын булак, ак бачым,
Сенин жолуң эңиште.
Жети куйсаң Нарынга,
Жетээриң чын деңизге.

Жаз, жаза бер жаш акын,
Жалкоолонуп кетпегин.
Элге жетсе ырларың,
Сен деңизге жеткениң.

## ОКШОШТУК

Менин кыргыз канымдын,
Аргындашкан жагы бар.
Процентин так билбейм,
Казактын да каны бар.

Көөдөнүмдө, өпкөмдө,
Көп окшоштук дагы бар.
Көйрөңдөнүп кээ бирде,
Көөп кетме жагы бар.

Кыргыз тили эне тил,
Эне тилге сүйөнөм...
Капысынан кай бирде,
Казакчалап жиберем.

«Ботко» дебей боткону,
«Ботка» деймин байкабай.
«Чочко» дебей чочкону,
«Шошка» деймин кайталай.

А жүрөгүм жүрөк да,
Энчиси эмес эки элдин...
Элдерине таандык,
Улуу Ата Мекендин.

## КАЛЕМДЕШТЕР АЛГАЛА

**(50 жаштан төмөнкүлөргө)**

Жазган ырым азыркы,
Жазуучулар жөнүндө.
Жазуу жактан ар бири,
Өз жемишин берүүдө.

Жаш жагынан бардыгы,
Куйрук улаш келүүдө.
Кезек күтүп кымызга,
Турган окшоп «Сейилде».

Арты ким деп сурашып,
Чыкмай болдук элүүгө.
Чыкса чыгып элүүнүн,
Эс алалы төрүндө.

Андан ары бир токтоп,
Алтымыштын белинде,
Арты ким деп даа сурап,
Жетимиштин ченинде.

Сексен жашты сермейлик,
Карылык жок көңүлдө.
Андан ары ким билсин,
Кимдин канча жашаарын.

Бири кашаң, бири тың,
Кимдин кандай басаарын.
Дал ошондо көп белди,
Ашып келип ашаарын.

Жакшы китеп элине,
Жазып берип жазаарын,
Токсон жашка чыгаарда,
Токтотконсуп сапарын.

Арты ким деп сурашпай,
Калгандарга капамын.
А мен болсом ал жаштан
Айныгансып жатамын.

Жетимиш да мен үчүн,
Бийик болуп атайын,
Эверестей көрүнөт,
Дүйнө билген атагын.

## СОК, ЖҮРӨГҮМ

Оо жүрөгүм, ээн койбой жайыңа,
Көп кыйнадым, көп чыдадың баарына…
Арак ичтим, арак уусу кошулуп,
Сага барды аралашып каныма.

Бир да жолу белги берип оорубай,
Фильтр болуп тазаладың аны да.
Соңку тилек максаттарга жеткиче,
Сок жүрөгүм, сого бергин дагы да!

Кай бир кезде сага ырайым кылбастан,
Аз кубантып, андан арбын ыйлаткам.
Ачууланып болор-болбос нерсеге,
Айрым кезде азоо тайдай туйлаткам.

Сени менен ойду-тоону кыдырып,
Сени менен жаман, жакшы ыр жазгам.
Ыйлатпаймын, кыйнатпаймын эми мен,
Сок жүрөгүм, сого бергин тынбастан!

Оо байкушум, ашык жүрөк менде жок,
Сенин жалгыз экендигиң сезбестен,
Ысыгыма, суугума батырып,
Эчен түрлүү тоскоолдорго беттешкем…

Кээ бир кезде жалбарынтып, жалынтып,
Келин-кызга чүкө кылып өкчөткөм.
Өкчөтпөймүн, өкчөлбөйсүң сен эми,
Сок жүрөгүм, сого бер «кыңк» этпестен!

Сен моторум, өмүрүмсүң сен менин,
Бир да жолу ремонтко бербедим.

Эне-атадан эрте жетим калганбыз,
Мени менен нени гана көрбөдүң...

Ата-Журттун арабасын айдайлы,
Сок жүрөгүм, кокус токтой көрбөгүн.
Солгун тартып бара жатат кагышың,
Сен токтосоң, анда менин өлгөнүм,
Сок жүрөгүм, сого бергин, өлбөгүн!

## МЕНСИЗ ДЕЛЕ

Алайын окумуштуу атагын деп,
Кылымдан кылымдарга жашайын деп,
Мен дагы Айды, Күндү, Марс, Чолпонду,
Оолуктум ойдогудай жазайын деп.

А бирок ал жагынан билгеним аз,
Айныдым укпайын деп чатагын көп.
Абалтан ата-бабам жашап келген,
Апакем аңызынан машак терген.

Нан жыты, коломтодо көңдүн жыты,
Мурунум мурунтадан жыттап көнгөн.
Жердеги турмуш мага жетээр дедим,
Өмүрдө өзүм билип, өзүм көргөн.

Жазуучу жарды го деп илим жактан,
Окуучум ойго батып, жер тиктебе.
Ар кимдин каалап сүйгөн кесиби бар,
Акындын айткандарын жөнсүз дебе.
Ааламдын сырын ачып жаткан кези,
Акылман, илимпоздор мensиз деле.

## БИЗ АКЫНДАР

Биз акындар мактасак чоң мактайбыз,
Чоң пафостуу, чоң темадан баштайбыз.
Кээ бир кезде «жаша, жаша» дей берип,
Ырдын тузун чала кылып таштайбыз.

Кээ бирөөбүз майда ырларды сүйбөйбүз,
«Бытовой» деп, «сытовой» деп иргейбиз.
Бирок ошол «бытовойдун» ичине,
Чоң пафостуу ой батаарын билбейбиз.

Жаз космосту, жазгын Мекен жөнүндө,
Же шыпыргы, же чай кашык жөнүндө.
Ошол пафос, ошол чоң ыр, ошол ой,
Окуганда уюп калса көңүлгө.

## УЧУП ЖАТАТ УБАКЫТ

Өткөн жашты коштоп алып жанына,
Өттү жылдар орун берип жаңыга.
Сен экөөбүз баратабыз бай болуп,
Башта чачтын карасы эмес агына.

Өттү жылдар үзүрсүз да, үзүрлүү,
Өттү жылдар түшүмсүз да, түшүмдүү.
Сен экөөбүз ушул жылдар ичинде,
Иш аткардык ириси аз, күкүмдүү.

Таалай берчү дагы жаңы жыл келди,
Айы бүтсө, бу да кетет, эскирет.
Ойлой калсам өтүп кеткен чактарды,
Бир кубанып, бирде зырп дейт эт жүрөк.

Эски жылдар эски кийим сыяктуу,
Үйүбүзгө кайрылсачы кайрадан...
Өөп-жыттап, таарынычтан тазартып,
Өз жолуна салаар элек кайрадан.

Күндүк жолдо күлүктөрдөй чубашып
Келбейт алар, кеткен эчак кыр ашып.
Бол иштейли, биз бабырап турганча,
Учуп жатат, сызып жатат убакыт

## УБАЙЫМСЫЗ ЖАШАГЫЛА

Бир кезде кыйла кесел, кырсык, азап,
Бүт мени тегеректеп жүрдү жашап.
Кай бири карга болуп көз оём деп,
Кай бири бука болду мүйүз такап.

Кай бири кара башың жуламын деп,
Кай бири көргө тирүү тыгамын деп,
Жаман ой, жаман түштөн азап чегип,
Үшкүрдүм, улутундум убайым жеп.

Ар дайым үмүтүмдү алга сүрөп,
Аларды жеңди тилек, жеңди жүрөк.
Күн болуп кара түнүм качырды да,
Күлкү-шат тосуп алды күлүмсүрөп.

Мен эми чөккөн көөнүм жашарууда,
Бой бербейм кесел, кырсык, азабына.
Баягы баштан качкан бакыт-таалай,
Баш багып өзү кирди «жатагыма».

Жол бербей бул өмүрдүн чатагына,
Мен айткан кесел, кырсык, азабына.

Кең ойлоп келечекке тике карап,
Туугандар, убайымсыз жашагыла.

## ТАРАП КЕТТИ ДҮЙНӨГӨ

Бир обу жок кирдетем деп алтынды,
Көөлөп туруп балка менен жанча урду.
Карайтам деп канча аракет кылса да,
Жарк-журк этип алтын бойдон ал турду.

Ал сыңары бир талантты бир неме,
Көп ушактап, көөсүн сүйкөп жүрдү эле.
Ага болбой эл жүрөгүн уялап,
Талант бойдон тарап кетти дүйнөгө.

## ЭМИ КАЙРА ТИРИЛДИК

Дардаң мүнөз жакын досум бар эле,
Дайым бирге казаныбыз кайнаган.
Көп жыл өттү, идиш-аяк катташпайт,
Көп жыл өттү, көрүшпөдүк кайрадан.

Мүмкүн бизди бөлүнткөндүр бир келим,
Токчулугу, жокчулугу дүйнөнүн.
Ал ойлосо: кайран досум өлдү – деп,
Мен да аны өлдү го деп жүргөмүн.

Далай жылдар тагдырыма багынып,
Далай жылдар санааркагам зарыгып.
Таалайыма күндүн нуру тийгенде,
Далай жылдык кырсык кетти арылып.

Үйүм жаңы, каалаганым жай болуп,
Кадыр күтүп, калганымда бай болуп.

Жайкай сүйлөп, жары менен келиптир,
Маркум досум тирүү чыкты бар болуп.

Кандай сонун касиеттүү тирүүлүк,
Өткөндөрдү унутуштук, сүйүндүк.
Эми кайра казан-аяк катташып,
Экөөбүз тең эми кайра тирилдик.

## УЯТСЫЗ

Карап көргүн келип калган кезинде,
Уятсыздын уят барбы бетинде?
Кайдан болсун, кара кылган кызылын,
Ал «кесипти» жаңы үйрөнгөн кезинде.

Уятсыздын көзүндө да уят жок,
Уу жыттанган түтүн кирсе жаш чыкпайт.
Ал түтүндөн өз көзүндөн жаш чыкса,
«Карегинде кайрат бар» деп какшыктайт.

Уятсыздын бутунда да уят жок,
Кет десең да, келе берет күнүгө.
Ал уятсыз тирүүмүн деп жүрсө да,
Анын башын теңеп болбойт тирүүгө.

Энекеси ар-намызсыз туугандыр,
Эң оболу ойлойлукчу бу жагын...
Эл айткандай: «Эне тууса – бала тууйт,
Жолдош кылып кошо туубайт кыялын».

## ДОСТОР КӨП БОЛСУН

Жаңы достун мейман болдум үйүндө,
Жакшы сыйлап, жаңы костюм кийгизди.

Өткөндөрдөн, кеткендерден кеп козгоп,
Өмүр бою дос болоорун билгизди.

Мезгил ылдам, мезгилден да ой ылдам,
Көзгө элестеп көп элестер чогулган.
Мен канчалык унутайын десем да,
Эски досум чыкпай койду оюмдан.

Тандап жүрүп дагы жаңы дос күтсөм,
Мен коноктоп, аны үйүнө жеткирип,
Жүргөн кезде жыргал күндүү жыл өтүп,
Бул досум да калбас бекен эскирип.

Мейли эскирсе, менин досум көп болсун,
Тандап туруп табам дагы жаңысын.
Улгайганда олтурганга не жетсин,
Үйгө жыйнап ошолордун баарысын.

Ортодогу берген сыйлар эскирет,
А досторум эскирсе да, жаңыдай.
Алар менен ысыкта да, суукта да,
Баса берем өмүр жолун дагы улай.

## ЖОЛОБОГУН ЖАНЫНА

Жакшы сөздөр жан дүйнөңдү байытат,
Жакшы сөздөр жаңы толуп турган Ай.
Акылдуунун аз олтуруп жанына,
Акылыма акыл коштум бир далай.

Маңыз менен маектешип көп ирет,
Бекер гана убактымды короттум.
Опсуз сөздөн пайда таппай баш ооруп,
Ошол жерде өз акылым жоготтум.

Айткандарын куюп кулак кабыңа,
Акылдууга жолдош болгун дайыма.
Маңыз, мастан пайдалуу сөз укпайсың,
Сен алардын жолобогун жанына.

## ОКШОШ БОЛСО ЭКЕН

Экөөбүздүн тең болсо да жашыбыз,
Бирок башка акыл жыйган башыбыз.
Үй-жайыбыз, аялыбыз, балабыз,
Дагы башка өз энчилүү атыбыз.

Экөөбүздүн эки башка жолубуз,
Бирок окшош бек кармашкан колубуз.
Жаштай, колдой дайым окшош болсо экен,
Жалын жүрөк, жакшы тилек, оюбуз.

## ЖЕТПЕЙТ ЭКЕН ӨЗ ҮЙГӨ

Ыракаттап келген айдын бир күнүн,
Жакшы салт го чакырышуу бири-бирин.
Чакырыпсың, келип жарым экөөбүз,
Керек болду келгендикти билдирүүм...

Мурункумдай тарсылдабай басыгым,
Чочуйбу деп үй башкарган асылың.
Эшигиңди эшигимдей көрсөм да,
Катуу эмес, кагып кирдим акырын.

Жарың айтты: кириңиздер бут чечпей.
А мен айттым: парз экен го бут чечмей...
Ал учурда «мейман» деген ыйык сөз,
Туруп алды көңүлүмдөн түк кетпей.

Дасторкондо түрлүү жемиш, курут, май,
Кызыл токоч, «баба шампан», «тунук чай».
Алгын дедиң, алып жаттым ар бирин,
Бирок ичтен меймандыгым унутпай.

Келди жарың «беш бармагын» даярдап,
Байдыке деп, башты койдуң мага арнап.
Сенин сыйың өз сыйымдай көрсөм да,
Ашык кетпей, алып жаттым аярлап.

Өз үйүңдөй олтур дедиң керилип,
Өз үйүмдөй мен олтурдум берилип.
Бирок жаңкы «мейман» деген ыйык сөз,
Туруп алды көз алдыма көрүнүп.

Сен бир үйдө мейман болгон кезиңде,
Бул айтканым дайым турсун эсиңде:
Тууган, жолдош, досуңкубу, баары бир:
Жетпейт экен «өлөң төшөк, өз үйгө».

## ЖАШАП КЕЛЕМ

Бар да болдум, бай да болдум акчага,
Жүз сомдуктар жүздөп жатты кассада.
Барпалаңдап аламын деп жүргөнмүн,
Машина эмес паровозун сатса да...

Кетти байлык, кеткен жагы билинбей,
Кош колумдун жууп салган кириндей.
Кедей болуп, үмүт менен жашадым,
Келээр күндүн насибинен түңүлбөй.

Байлык кезим учурунда гүлдөттү.
Бирок мага кеңеш бербей тим кетти.

Таттуусун да, ачуусун да таттырып,
Кедейлигим көп нерсени үйрөттү.

Жашап келем өткөнүмө наалыбай,
Жашап келем марып дагы, марыбай.
Эл катары... эл ичинде жүрөмүн,
Өргө тарткан өмүр жолун дагы улай.

## ӨМҮР АВТОБУСУНДА

Жарыкка жаңы келгенде,
Жеткин деп жердин учуна...
Эне-атам мени салыптыр,
Өмүрдүн автобусуна.

Ондун аялдамасын,
Ойноп жүрүп өткөрдүм.
Жыйырманын аялдамасын,
Бойдок жүрүп өткөрдүм.

Отуздун аялдамасын,
Көп жазып жүрүп өткөрдүм.
Кырктын аялдамасын,
Көп басып жүрүп өткөрдүм.

Эске салып атымды,
Эл айтышат акын деп.
Жайдак кетти көп жылым,
Жазганым аз, жашым көп.

Зуула автобус, зуулагын,
Мага койгун ыр жагын...
Моторуңа күч берсин,
Менин жазган ырларым.

Эми келип турганым,
Элүүнүн аялдамасы.
Эл ортону бул жашка,
Тез жеткеним карачы...

Бир топ аялдама бар,
Биз токтоочу дагы да.
Жешилбесе дөңгөлөк,
Жетебиз го баарына.

Аңдып жүргөн ар дайым,
Ажал билет ал жагын.
Ажырашпайм өзүңдөн,
Ал түшүрүп салмайын.
Айда автобус, чамдагын!

## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Алейкума ассалам жаңы жылым,
Көп көрүнөт көтөргөн жаңылыгың.
Эски жылым эшикке чыгып кетип,
Олтурду элем бек түтөп каңырыгым.

Ырас болду келгениң жаңы жылым,
Дасторкондо дапдаяр аны-мунум...
Сен келсин деп шампанды ачпай койдум,
Шилекейин келтирип зайыбымдын.

Кана эмесе, төргө чык, кеңешели,
Элден, жерден аяба берекеңди.
Байлык болуп өлкөнүн бардык жери,
Бакыт болсун жаштардын келечеги.

Куттуктайм жаңы келген сапарыңды,
Кадырлап калкым билсин атагыңды.

Кимдер үчүн алалык... мен сүйлөйүн,
Кана эмесе, кармагын бокалыңды.

Дүйнө калкы тынч болсун кырылышпай,
Бири-бирине кас болуп жулунушпай.
Жер-Энебиз эс алсын бейкуттукта,
Согуш эмес, дың деген чымын учпай.

Көтөрөлүк өлкөнүн бактысы үчүн,
Жаманы эмес, адамдын жакшысы үчүн.
Жаш-карыны эмгекке шыктандырган,
Көтөрөлүк өлкөнүн башчысы үчүн.

Ар бир киши ишинен сулуу болсун,
Ар бир киши ишинен улуу болсун.
Аяз ата ачуусун келтирбесин,
Ар биринин үйлөрү жылуу болсун.

Койчулардын койлору семиз болсун,
Койлорунун козусу эгиз болсун.
Уйчулардын уйлары сүтү көлдөп,
Музоолору кунаажын, өгүз болсун.

Жылкычынын көңүлү тунук болсун,
Жылдыз тоодон тапканы ырыс болсун.
Шампан менен виного көңүл бурбай,
Шаардыктардын ичкени кымыз болсун.

Пахтакердин пахтасы булай берсин,
Була тарткан машина чубай берсин.
Пахта баккан комсомол-гүлкайырлар,
Баатырлардын эрдигин улай берсин.

Урмат-сыйга бөлөнсүн кызылчачы,
Уй башындай чоң болсун кызылчасы.

Дыйкандардын кырманы кырга айланып,
Күндөп-түндөп тынбасын кызыл ташуу.

Жамгыр жааган марттыкты көккө берсин.
Бардык жерде мал жеми, чөп көбөйсүн.
Жумурткага, балыкка жардам болуп,
Магазинде ар түрдүү эт көбөйсүн.

Дагы сенден суранам, жаңы жылым,
Баары чечен сүйлөсө, баары кыйын.
Беленге бек бекерпоз, даярга тап,
Жалкоолор бар жүрүшкөн тартып чылым.

Узун тилдүү дагы бар ушакчылар,
Миңге бөлүп бир сөздү бутак кылаар.
Алдамчылар дагы бар, алып-сатаар,
Бир сомго эмес, тыйынга жутап тураар.

Чоң арызчыл дагы бар жеткен анык,
Койбойт экен колдору бир да талып.
Айдай берет арызды ар тарапка,
Муздак суугa уктаарда бутун малып.

Адам кылгын түзөтүп ошолорду,
Ал илдеттен аптпесең бошонобу...
Кетээринде болбосо ала кеткин,
Элим сүйбөйт алардай отоолорду.

Көңүлүңө ыракмат мага бурган,
Бул дасторкон сый-урмат сага кылган.
Пробкасын шампандын аттырайын,
Суусады го аяшың баягыдан.

Куттуктаймын кубанып сапарыңды,
Калкым сүйсүн кадырлап атагыңды.

Мейманымсың мээримдүү жаңы жылым,
Алып жибер, кана эми, бокалыңды.

## ТААРЫНБА КАЙГЫМ, ТААРЫНБА

Билээрсиң кайгым... түшүнгүн,
Бир кезде бийлеп бүтүрдүң.
Чекеме бырыш киргизип,
Чачыма акты түшүрдүң.

Адамча кийип, жасанып,
Агарып өңүм, тазарып.
Ажырап сенден кеткени,
Азыр мен калдым жашарып.

Көрүнбө, менден көңүл үз,
Не керек жаман көрүнүш.
Бекерге чертпе эшикти,
Бейтааныш жанбыз эми биз.

Таарынба кайгым, таарынба,
Сен менен жүрөөр оюм жок.
Жүрөгүм толгон шаттыкка,
Сен бата турган орун жок.

## ВЕТЕРАНДЫН АТАГЫ

Алтымыш жаштан ашкыча,
Ал күндөп, түндөп жүгүрдү.
Эмгеги менен ак иштеп,
Эл көзүнө билинди.
Пенсияга бет алып,
Башкарат эми бир үйдү.

Саргайган менен жалбырак,
Саргайбайт жыгач тамыры.

Дал ошол окшоп кары да,
Өзгөрбөйт сымбат, калыбы.
Дем берип элдик эмгеги,
Дем берет тууган айылы.

Жылгындай жигит болсом дейт,
А бирок ай, жыл алмашып,
Муруту буурул бубактай,
Чачтарын барат кар басып,

Бетинде мезгил чыйыры,
Буттары калды жай басып.
Бир гана бийик атагы,
Айылдан, элден-элге өтүп.

Заводдон жаңы чыккандай,
Ак маңдайын тердетип,
Камында жүрөт карынын,
Картайбас өңүн көргөзүп.

## БАКЫТ ЖАНА СЫЙ

Бактылуу болуп турганда,
Каалабайм башка бакытты.
Бардыгын алсам дегидей,
Бакыттар жолдо жатыппы!..

Төрт жагым кыбыла, барган үй,
Төргө өткүн десе жазыкпы...
Эңсебейм андан чоң сыйды,
Эл сыйы жерде жатыппы!

Бар чыгаар элдин ичинде,
Бакыттан бакыт тандаган.
Бар чыгаар элдин ичинде,
Сыйдан чоң сыйды каалаган.

Мен күткөн эрким, акылым,
Мен айткан сөзгө көнөгөр.
Баарыдан мурда жутунтпай,
Напсиме ыйман бере гөр.

## КАБЫЛСАМ КАЙРА КАЙГЫГА

Жок жерден эмес, бар жерден,
Жолугуп кайгы-капага,
Кайышсам жанга келбедиң,
Карегим чайып жаш ала.

Жок жерден эмес, бар жерден,
Жолуксам шаттык сайранга,
Чакыртпай келдиң чак түштө,
Айлантып үйүм майрамга.

Кел эми досум, не дейин…
Шаттыгым эки бөлөйүн.
Жарымын алып өзүмө,
Жарымын сага берейин.

Кабылсам кайра кайгыга,
Келсең кел… бирок келбегин.
Өзүңсүз ошол кайгыны,
Өзүмчө дурус жеңгеним…

## ТҮШҮНӨӨР ЭЛЕМ

Бүкүрбү, кыйшык, аксакпы,
Сурабай туруп өзүнөн,
Билүүгө болот сырт жагын,
Адамдын көлөкөсүнөн.

Ич жагын билүү эң кыйын,
Пейили акпы, карабы.
Урматтап сени алабы,
Уу берип же бир салабы...

Түшүнөөр элем пейлиңе,
(Туура эле болмок менимче)
Ичиң да сенин сыртыңдай,
Көлөкө болуп көрүнсө.

## АСАН ТИРҮҮ ТУРБАЙБЫ

Кайгырганды билбеген,
Карс-курс күлүп сүйлөгөн,
Асан аттуу бир курбум,
Кайтыш болду дүйнөдөн.

Алмашпоочу алмазга,
Алмашпоочу алтынга,
Турат деген тентек уул,
Туяк калды артында.

Асан кайда? дегенге,
Асан менмин, – деп турат.
Атаң кайда? дегенге,
Атам менмин,– деп турат.

Үчкө чыккан жаңыдан,
Сөзүн угуп баланын,
Бирде туруп кубансам,
Бирде жашып аламын.

Кайран курбум өлдү, деп
Тартыптырмын кур кайгы.
Орун басаар ордунда,
Асан тирүү турбайбы!

## БУЛ КАНДАЙ

«Тикенек тилим» жаңылтып
Бирөөнү койсом таарынтып,
Кечирим сурап эртеси
Кетсем – дейм көөнүн жаңыртып.

Бирөөдөн карыз акча алып
Убагы өтсө болжогон
Убада – деген улуу сөз
Уктабай кээде ойлоном.

Ал эми арсыз жегич бар
Коомдук мүлктү короткон
Баштап кирет жатса эле
«Коңурук» – деген жомоктон.

Жүрөгү жолборс ойронбу...
Баарына кайыл болгонбу...
Болбосо тартаар санаасын
Түрмөгө сактап койгонбу...

Ар кимдер өзү көрөт күн
Аларга эмне демекмин...

Адал иштеп, так жүрүп
Уктаганга не жетсин...

## АЙЫЛДА

Айылда токол там аз, тамдар жаңы,
Азайды токол тамдай чалдар дагы.
Айылда кемпирлер аз. Келиндер көп,
Чарбанын кайышпаган балбандары.

Аксакал Асан чалдын уулу Сатар,
Там салып тактайлады өткөн сапар.
Заңгырайт алты бөлмө алты жакта,
Совхоздун жарым калкы кенен батаар.

Келини абышканын Керимбүбү,
Пейили акча жакка берилдиби...
Чыкса дейт квартирант ушундайда,
Эски там байлык болуп көрүндүбү.

Анда Асан келининин сөзүн чоёт:
Бирөө эмес квартирант отуз болот.
Токол там тоокторго түнөк болсун,
Акысын алар деле төлөп коёт.

Айылда чатырчалуу тамдар жаңы,
Жок болот эски тамдын калгандары.
А бирок эски тамдай эрте кетпей,
Көп эле жашаса экен чалдар дагы.

## ЭЛЕСТЕР

Эр болсо да, шер болсо да жаралган,
Тагдыр ошол, эч кутулбайт ажалдан.

Айрылышкан андан жаман мүшкүл иш,
Биринчи эрден, биринчи алган аялдан.

Махабаты кайра жанып тереңден,
Сарсанаасы дарак болуп көгөргөн.
Элжирешип эриш-аркак сыяктуу,
Баш кошушту аялы өлгөн, эри өлгөн.

Санаа күлүк, баскан жолун ченеп көр,
Кээ бир түндө жок болсо да себептер.
Ичтеринен унуталык дешсе да,
Унутулбай жетип келет элестер.

Аял-элес аркысынын жанында,
Эркек-элес беркисинин жанында.
Кучакташып, кумар жазып сүйлөшүп,
Көздөн кайым жок болушат таңында.

Элестердин болбойт экен эскиси,
Кет десең да, кээде келбейт кеткиси.
Айла канча... андай түндө аргасыз,
Бир төшөктө бирге жатат төрт киши.

Аялы өлгөн, эри өлгөнгө айтаарым:
Элес жансыз, зыянсызын байкагын.
Өткөндөрдү эстейсиң деп кекээрлеп,
Бири-бириңе келбей жүрсүн шайтаның.

## ЖҮРГӨН ЖАКШЫ УРУШПАЙ

Каның кайнап, качыратып тишиңди,
Ургуң келсе уу сөз айткан кишиңди.
Кой, урбагын, денесине так түшөт,
Колдон эмес, тилден чыгар күчүңдү.

Ачуу жаман, токтото албайт тормозун
Ал учурда сабыр болсун жолдошуң.
Тил деген тил, ужынан соймоңдоп,
Чаба берет, сала берет «жоргосун».

Бирок тилдин уусу шайтан жаралган
Уулар көп го ууктургуч жок андан.
Сөөк тешип, чучугуңа жеткенде
Кокусунан коюп иет кол айбан...

Калппы, чынбы укканымды эскерем
Кай бирөөлөр ачууланып чек менен.
Колду деле, тилди деле колдонбой
Жалаң гана урушат – дейт көз менен.

Көздөп деле заар чачып турушпай,
Ачууларды таратышып булуттай
Абдан жакшы элжирешип элдешүү,
Андан жакшы такыр жүргөн урушпай.

## КЫРСЫК

Качан кырсык келээрин
Ойлободум, күтпөдүм.
Табылса деп жолумдан
Дайым бакыт издедим.

Бакыт издеп баратып,
Байкабастан жыгылып,
Максатыма жете албай
Бутумду алдым сындырып.

Бакыт менен барчылык,
Көп издетти таптырбай,

Кырсык менен жокчулук
Өзү келди айттырбай.

Барчылыкты, бакытты
Эмгек менен жараттым.
Жокчулукту жолотпой
Чыкпас жайга каматтым.

Бирок, кырсык дегениң,
Көрсөтпөсө же өңүн...
Билбей калат экемин
Кайсы кезде келээрин.

## КЕЧИР МЕНИ

Казан-аяк кагышкандай кагыштык,
Үч-төрт жылдай ажырашып алыштык.
Ал ортодо аял алып жибердим,
Акыйкат бар, өзүң кылгын калыстык...

Сен энесиң, сенден төрт-беш бар балам,
Сенден кантип кеткениме таңгалам...
Кенен экен, белен экен жүрөгүң,
Кечирдиң сен келгенимде кайрадан.

Болбос чыгаар өз оюмду жөн көрсөм,
Калыс сүйлөп, кара кылды тең бөлсөм.
Алат белем, албайт белем, ким билсин,
Экинчи ирет эрге тийип сен келсең...

Кээде адашып, кээде ойлонуп зарыгып,
Түйшүк тарттым түз жолумдан жаңылып
Эми сени өңүмдө эмес бир гана,
Түшүмдө да жатсам деймин сагынып.

## БИЗ ДОСПУЗ

Мен сени алсамбы деп ойлоор элем,
А бирок албаганым дурус болду.
Сен мага тийсемби деп ойлоор элең,
Сенин да тийбегениң туура иш болду.

Үйлөнсөк үй-жай күтүп, турмуш куруп,
Ортодон ойку-кайкы сөздөр чыгып.
А мүмкүн ажырашып алда качан,
Калмакпыз көргөн түштөй унутулуп.

Азыр биз көрүшкөндө саламдашып,
Колдорду коё бербей амандашып.
Досторчо толкуп, ташып сүйлөшөбүз,
Балалык күнгө чейин баяндашып.

Ак жерден тийбесе экен ачуу тили,
Достукту түшүнбөгөн ороюнун...
Сенин бар кыска чачтуу кожоюнуң,
Менин бар узун чачтуу кожоюнум.

Арзыбас арамдык иш бизге бөтөн,
Мен сени аял эмес, эркек сезем.
Айткандар айта берсин ушактарын,
Аялдар эркектен дос күтпөйт бекен...
Эркектер аялдан дос күтпөйт бекен...

## КУБАНАМ

Сен сүрбөдүң өмүрүңдү адамча,
Кошоматчы, кош жүздүүлүк, арамза,
Чоң ушакчы, көрө албастык, кытмырлык,
Мындан башка терс сапатың даа канча...

Байкап көрсөм баары сенде бар эле,
Бул дүйнөдө не жамандык жаралса.
Кеттиң эми келбес жайга түбөлүк,
Тайгаланып тар жол, тайгак кыядан.

Жакын тууган, бала-чакаң болбосо,
Жаны кейип кайгырган жок бир адам.
А мен болсом, акмакчылык «кесибиң»,
Өзүң менен бир өлгөнгө кубанам.

## БАЙКАП ЖҮРГҮН ЫНАГЫМ

Мага кылган сенин орой мамилең,
Мени сенден билгин орой кылаарын.
Мага кылган сенин сылык мамилең,
Мени сенден сылык кылат ынагым.

Онтоп кээде, орой сөздөн оорусам,
Дары бербей жал-жал карап күлүп кой,
Миң дарыдан, бир жылмайып койгонуң,
Мага кымбат экендигин билип кой.

Маани берип, байкап жүргүн ынагым,
Мага кымбат адамдык сөз баарынан.
Сен врачсың, сен ооруткан кездерде,
Сенин гана мээримиңден айыгам.

## ТУУРА ЧЕЧИМ

Кантип койсун жагынбай,
Карынбайга Алымбай...
Сөз кезеги келгенде,
Сөзүн айтты жаңылбай:

Курдаш элек кечээ биз,
Куда болдук экөөбүз.
Калың жагын, той жагын,
Кандай кылып чечебиз?

Кызың болду келиним,
«Кум чайнабай» эригин...
Тандап күйөө балаңды,
Тапты сүйгөн шеригин.

Калың десең калың бар,
Бай турамын, малым бар.
Жан кыйышпас кудамсың,
Жаның десең, жанымды ал.

Анда айтты Карынбай:
Ай, Алымбай, Алымбай,
Кереги жок башканын,
Кептин жөнү маа-мындай.

Кереги жок калыңдын,
Кереги жок жаныңдын.
Жалгыз гана көрсөм деп,
Жаман кызым сагындым.

Эки бала баш кошту,
Эркинче ойлоп, күлүшсүн.
«Ырыс алды ынтымак»
Ыр-чыры жок жүрүшсүн.

Башкармага баралы,
Байкап көрсүн а дагы...
Toок союп, бээ союп,
Той өткөрүп салалы.

Жалын жаштар келишсин,
Жалпы тойду көрүшсүн.
Биз көрмөксөн болобуз,
Бир тургай, миң өбүшсүн,

Бул сөздү айтса Карынбай,
Маасысы жок кепиччен.
«Калың» деген эски салт,
Качып чыкты эшиктен.

**БАК ЖАНА АБЫШКА**

Эски бак турат эңкейип,
Эсине түшүп жаш чагы.
Түңүлүп кайрат күчүнөн,
Түбөлүк жерге жатканы.

Жаңы бак сүйөйт жанында,
Жашартам деп кайта аны.
Абышка турат эңкейип,
Ал-күчү кеткен анын да.

Өттү деп чиркин жаштыгым,
Ою эле төшөк жагында.
Баскын деп мага сүйөнүп,
Баласы турат жанында.

Жаш болуу жана картаюу,
Жаратылыштын ченеми...
Жаш кезде жашсың, билбейсиң,
Карганда тиер кереги –

Бактылуу экен ар нерсе,
Бар болсо багаар-көрөөрү.
Бар болсо сүйөөр-жөлөөрү.

## ТАБЫЛАТ

«Кедейлик кемтик эмес» дейт,
Кейибе кээ бир жогуңа.
Кой сойбой койду досум деп,
Мен алмак белем оюма...

Жаныма жаккан сөз айтып,
Узатсаң болду жолума.
Жылтырак, кымбат мебель жок,
Жупуну дейсиң үй ичим.

Орундайт баары аз-аздан,
Ойлоно бербе күнү-түн.
Байлыктан өйдө санагын,
Балаңдын ар бир күлүшүн.

Балкытып маңдай териңди,
Бара бер алга арылап.
Баш болсо болду акылдуу,
Максаттын жолун дагы улап,
Баш кийим эмес бир гана,
Байлык да кошо табылат.

## ҮЙРӨТҮҮ

Билишпей экөө баш кошту,
Мүнөзү азоо жылкыдай.
Урмат-сый деген ойдо жок,
Уруша берет тынчыбай.

Үйрөткөн жүрөт күйөөсү,
Аялын муштум, сүр менен.

Үйрөткөн жүрөт аялы,
Күйөөсүн ачуу тил менен.

Эрегиш, талаш эссиздик,
Экөө тең катуу жаңылат.
«Кем бекем» деген сөздөрүн,
Кетише берет дагы улап.

Акыл-эс бирдей эмес го,
Айбанда жана адамда.
Мүнөздү билүү мындай деп,
Мен айтаар элем аларга:
Мөңкүгөн сайын камчылап,
Азоону минип үйрөтөт.
Акылга, сөзгө көндүрүп,
Адамды сүйүп үйрөтөт.

## УРУШКУЛУК КЫЛБАСЫН

Кээде урушсак, болушасың энеңе,
Энең анда чыгып алат төбөмө.
Коңгур үндүн корсулдагы болбосо,
Колду жумшап, орой айтпайм дегеле.

Сенин эркиң меникинен чыңыраак,
Апаңа окшош аял алсаң тыңыраак.
Корсулдасаң көп күнөөлүү болосуң,
Кокуй балам, урушуп жүр шыбырап.

Көптү көрүп, көптү өткөрдү бул башым,
Көп көргөмүн эрди-катын чырдашын.
Эркелетип, эркеленип өмүр сүр,
Эки жарды урушкулук кылбасын.

## ЧАБАН КЕТТИ КЫШТООГО

Илгертен кыргыз макалы:
«Жакшы ит – дейт,– жаман койчудан»
Маанисин дагы толуктап,
Малчынын уккун оозунан.

Төрт бөрү менен кармашып,
Төрүндө бийик дабандын.
Досундай көргөн ардактап,
Дөбөтү өлдү чабандын.

Кой жайбай күндө жадатып,
Очоктон орун талашып.
Жардамчысы жакында,
Жакага кетти даа качып.

Жөнөдү чабан артынан,
Түштү бейм терең күйүткө…
Таппасам дагы койчуну,
Ит тапсам деген үмүттө.

Кошулуп ферма башчысы,
Кыдырып кыйла айылды,
Көңүлгө жакчу, жакпоочу,
Койчу да, ит да табылды.

Сынагын десе башкарма,
Экөөнүн жакшы, жаманын:
Койчуңду азыр коё тур,
Дөбөтүң эле алайын…

Деди да чабан карс күлүп,
Аялдап турбай, ат минип.

Жетелеп таргыл дөбөттү,
Кыштоого кетти шарт жүрүп.

## КОЙЧУМ БАР ДЕП КОМПОЁТ

Кандай чабан мышык мурут Сарыбай,
Мал калды деп, жай калды деп наалыбай,
Бир иш менен жака жакка келгенде,
Бүтсө деле жүрө берет жарым ай.

Кээ бир үйдө, көк дүкөндө сөз болот,
«Качан кайтыш?» деген суроо козголот.
Анда Сакем колун шилтеп компоюп:
«Кой четинде койчум калган»,– деп коёт.

Мен таң калам «койчум» деген сөзүнө,
Жардамчысын теңебейби өзүнө?
Өткөн чактын байы менен койчусу,
Ойго түшүп, элестелет көзүмө.

Байкап эле көкүрөктү көптүрсөк...
Мал өстүрсөк, мааниси бар кеп билсек.
Андан сөздүн шарыяты бузулбайт,
Ага чабан, кенже чабан деп жүрсөк.

## БИРӨӨГӨ

Биздин кымбат буурул чачтуу акындар,
Мээси тунук, бермет сөздүү асылдар.
Мезгилинде дүлөй түндү суйкайтып,
Дүбүртүнө тизе бүккөн ашуулар.

Эл намысын желек кылып булгалап,
Эли менен максатына шыр карап.

Таш көлкүлдөп лирасына алардын
Жазга айланган кышта жаачу бурганак.

«Талантмын» деп көөдөн керип көлөктөп,
Тамчы суудай жылып аксаң сен эптеп,
Учурунда кара нөшөр сыяктуу,
Алар төккөн алтын ырын көнөктөп.

Эки сөздүн башын жөндөп кура албай,
Эрдемсийсин акмын деп уялбай.
Өзгөлөргө сын такканын койсоңчу,
Өзүң жатып жумурткадан чыга албай.

Карыларды «халтурщик» деп бүтүрдүң,
Ошол сөзүң өзүң болбо, түшүнгүн...
Мен да сенин мээге жукпас, жүүнү бош
Бука сийдик ырларына түкүрдүм!

## АЛП ТАЛАНТКА АК ДИЛИМДЕН

Талас десем, Манас түшөт оюма,
Манас десем, Талас түшөт оюма,
Туулган жерим, туу көтөргөн алп атам
Кажыбаган кайрат берет боюма.

Кыргыз десем, Чынгыз келет эсиме,
Чыңгыз десем, кыргыз келет эсиме.
Кыргызым деп, Чыңгызым деп эргисем,
Кубангандан жаш кылгырат көзүмө.

Бабам Манас бардык жерде даңкталып,
Аккуласы аалам жарып өтсө экен!
Агам Чыңгыз бардык элде баркталып,
Алп таланты өскөн сайын өссө экен!

Азыр Чыкем алтымышта курагы,
Аман жүрсүн Ата-Журттун туягы!
Жазганы элдик. Өзү билсин жаш жагын –
Сексен, токсон же жүзүнө чыгабы.

Чындыгында Чынгыз талант... Чыңгыз да,
Чыгармасы чыгып жетти жылдызга!
Каалаганда кайда барса өз эрки,
Бешиги бар, өз үйү бар кыргызда.

## ЖАШТАРГА

Жаштык кез жаңы кийимдей,
Эскирсе калган кийилбей.
Боз улан бойдон турбассың
Болжолу өтөт билинбей.

Кыярса калбас күбүлбөй,
Кырчын кез тоонун гүлүндөй.
Кыз бойдон дайым турбассың,
Кызык кез өтөт билинбей.

Күнүмдүк сени жандаган,
Күлгүн чак келбейт кайрадан.
Элирбей жаштык кезиңди
Эс-акыл менен пайдалан.

«Күүлөнөт күлүк күнүндө,
Туйлайт, – дейт – тулпар тушунда».
Турмушка өчпөс из калтыр
Туягың бүтүн учурда.

## ТОКТОГУЛДУН ЭСТЕЛИГИНЕ

Сүрөтчү колу чебер го,
Сүрөтчү ою терең го.
Бир жылдыгын ойлобой,
Миң жылдык камын жеген го.
Тургузсам кары акындын,
Буттары талыйт деген го.

Жамбашы жадап бүттү эле,
Көп болуп түрмө, түпкүрдө.
Ойлонуп Током ырларын,
Олтурат таштың үстүндө.
Мындан да шандуу көрүнмөк,
Олтурса аттын үстүндө.

## БАРПЫ ЫРЧЫГА

Кыргыздан чыккан Барпы ырчы
Кыйланы жеңген алп ырчы.
Томого кийген бүркүттөй
Той берген жерде шаңшычу.
Көр болгон менең, ыр жазган
Көздүүнү артка калтырчу.
«Мөлмөлдү» андай айта албайт
Жыйылып келсе жалпы ырчы.

Оболоп каккан канатын
Окусан терме, санатын
Бир туруп бийик эргисен,
Бир туруп отко жанасың.
Анчалык мээң жок болсо
Акылдуу боло каласың.

Окусаң сүйүү саптарын
Оюңа түшүп жаш чагың.
Ыраазы болуп «бах!» дейсиң,
Ырчынын таамай айтканын.
«Көгүчкөн тумшук эмчектин»
Көп ойлоп жыргал жактарын
Кыз кезин эстеп жарындын
Кылгыра түшөт жаштарың.

Барпы атам азиз көзүнөн
Баракка ырын чие албай,
Басынган кезде жүрө албай,
Бактысына табылып
Бараандуу акын азыркы
Байзактын уулу Түмөнбай
Кагазга жазып калбаса,
Калмакпыз көбүн биле албай.

Ызааттап ырчы атасын
Ырчынын алган батасын,
Ырларын ылгап чогултуп
Келтирген карек машаасын,
Секирсе дагы элүүдөн
Селкилер үчүн жаш акын,
Дүрмөтү күчтүү, дүнү чон
Түмөнбай акем жашасын!

## ЭЖЕМЕ

### Бакен Кыдыкееванын 50 жылдыгына

Залкар талант, шайыр мүнөз эжеке,
Жаңылбаптыр сени тууган энеке,
Кыз да болсоң кыйын чыгып эркектен,
Кыргыз үчүн көп жарадың керекке.

«Байтал чыгып, байге албайт» – дейт кыргызда
Анын баары төгүндөлдү турмушта.
Өзүң жерде Төрөлсөң да бизге окшоп,
Өнөр, даңкың чыгып кетти жылдызга.

Элин сүйгөн эрке кыздын бирисин,
Үйдүн куту, сахнанын гүлүсүн.
Акын болбой, булбул болсом мен эгер,
Атыңды атап сайрамакмын күнү-түн.

Сендей талант сейрек чыгат, аны бил...
Сен ар дайым аңкып турган жаңы гүл,
Ойлоп көрүп, мээси болсо табигат
Он сегизге чыгарбайбы дагы бир.
Мейли, эжеке, он сегизге чыкпагын,
Кыйла жаштын кыдыра бер бүт баарын.
Ырсактаган жигиттерди тамшантпай,
Ырас болду элүү жашка чыкканың.

Жашай билсе, жаштын болбойт жаманы,
Бакыт жолун баса берсин дагы ары.
Кабак бүркөп, кандай адам картаят
Күн сыяктуу күлүп турса заманы!

Залкар талант, шайыр мүнөз эжеке,
Салтанаттуу ак тоюңа береке!
Бардык эне, келин, кыздын атынан
Маңдайыңдан бир жыттатчы эмесе!

## ДАРЫЙКАГА

Ар адам ырдайт алынча
Аземдүү үнү барынча.
А сенин үнүң башка экен,
Ак көйнөк кийген Дарыйка.

Көп адам ырдайт алынча
Көркөмдүү үнү барынча.
Көп үндөн үнүн башка экен
Көк көйнөк кийген Дарыйка.

Илебиң жанган оттойсуң,
Ырдасан бойду козгойсуң.
Мукамдан созгон үнүңдү
Булбулдан алган окшойсуң.

Үнүңдөн үзүр тапкансыйм,
Үлпөткө чындап баткансыйм.
Бир жерим калбай катуураак
Бүт эрип бара жаткансыйм.

Кабагың ачык гүл экен
Карындаш үнүң үн экен.
Улгайган мени ушинтсен
Уландар кантип жүрү экен...

Карындаш үнүн токтотпо
Калкың бар сени коштошко.
Калк сүйгөн бийик обонуң
Жер тургай жетсин космоско.

## ЭСЕНБИ, ДОСУМ БАЛБАГЫМ

Эчен жыл өттү барбадым,
Эсенби досум Балбагым.
Баягы кездей бакылдап
Жүрөсүңбү ар дайым?

Бактысы кетпес маңдайдан
Балдарың эсен жатабы.

Балдардын баатыр энеси
Алганың эсен жатабы?

Совхоздун малы өскөндүр
Сай, тоого толуп кеткендир.
Чабаның менен жылкычың
Чалкак төр жакка көчкөндүр...

Кең Жумгал кандай, эл кандай
Маңдайдан чыккан тер кандай?
Сагынып коюп жүрөбүз
Сен келбей мага, мен барбай.

Мүчөсү күлүк аттардай,
Мүнөзү жоош, ак маңдай
Акыным минип кетсин – деп
Алдыма тарткан ат кандай?

Өйкөлгөн жокпу өркөчү,
Жешилген жокпу желкеси?
Көз салсаң жакшы жүргөндүр
Көп аттын болуп эркеси.

Санаалаш жашка, карыга,
Сан байлык берген малыңа.
«Сарногоевден» – деп туруп
Салам айт менден баарына.

Кайраты зоодой, эрки бек
Калкыңа тилейм ден соолук.
Калк башкарган өзүңдөй
Жалпына тилейм ден соолук.

Кадырман досум Балбагым
Канча жыл өттү барбадым...

Кашка атты кетем элестеп
Башка атты көрсөм ар дайым…

Кең Жумгал барда, эл барда,
Кең пейил досум сен барда,
Баарыңа жакчу ыр жазып
Барамын дагы мен кайра.

## КЫЗЫМ КАРЛЫГАЧКА

Кагылайын карлыгачым канатым
Сенсиң менин шекер, балым набатым.
Апаң деле бир топ өңдүү жан экен,
Андан ашып сен суйкайып барасың.

Акылдуусуң, боорукерсиң билемин,
Кыз дегенге кыйбайт менин жүрөгүм.
Уулум болуп узак кетпей жанымдан,
Үйүмдө эле жүрсө деген тилегим.

Ал тилекке сен жеткирээр бекенсиң,
Аай, ишенбейм… кандай кылсаң өз эркиң…
Бир жигитиң бизден жакын көрүнүп,
Биздин үйдөн башка жайга көчөрсүң.

Айла канча, актык ишке каралдым,
Апаң менен сенсиз үйдө калаармын.
Обонуна салып туруп Шаршендин
Ордун карап, бир дорулдап алаармын.

## ЫРЧЫ ИНИМЕ

**Замирбек Үсөнбаев**

Жүргөнүң деле Алыкем,
Күлгөнүң деле Алыкем,
Комузуң деле Алыкем,
Добушуң деле Алыкем.
Атаңдын алтын сапатын,
Ардактап күткүң, жан үкөм.

Арбыткан жаңы жоргосуң,
Азыр сен кунан жоргосуң.
Ал-күчтүү асый болгончо,
Ар жагын керек ойлошуң...
Ак калпак кыргыз сынчы калы,
Алыска чуркаар жолодосуң.

Тартынбай ырда, так ырда,
Таалайын элдин сал ырга.
Таластын ташкын суусундай,
Талыкпай күн-түн шарылда.
Өнөрүң өөрчүп жыл сайын,
Өчпөгөн оттой жалында.

Кезекти бербей нөшөргө,
Нөшөрдөн катуу нөшөрлө.
Төкмөнүн уулу төкмө деп,
Таралсын даңкың неченге...
Эсиңде болсун иничек,
Эч качан боюң көтөрбө.

## КАРТАЙБАЙТ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ

Бир кезде сүрсө денемди,
Кой тили менен жашчылык.
Жибектей жумшак болбойт деп,
Жүрүпмүн бекер наз кылып.

Бул кезде бир топ улгайтып,
Калгансып мени сагынып.
Денеми сүрө баштады,
Уй тили менен карылык.

Сыртымды мейли картайтсын,
Сүргүлөп бодур тил менен.
Жүрөгүм жапжаш дайыма,
Жигит кез чактай гүлдөнөм.

Кайраттуу менин жүрөгүм,
Карыбас жакка маш болгон.
Көп жылдар жашап, көз жумса,
Көрдө да жатат жаш бойдон!..

## МЕН ЖАКТЫРГАН КҮҮЛӨР СЕНСИҢ

Сен менин кир чалбаган асыл затым,
Сен менин калпты сүйбөс акыйкатым.
Куюлчу кулагымдын жүрөгүнө
Сен менин мукам үндүү «Насыйкатым».

Кыдырткан кыргыз тоосун гүл арасын
Сен менин «Боз салкыным», «Ибаратым»
Сергитчи, өмүрдөгү өткөндөрдүн
Сезбейин кыйындыгын, убарасын.

Күүсү го өлөөр кездин, өчөөр кездин,
Сен менин көксөп жаткан «Көкөй кестим».
Турмушта өкүнтөөрсүн, кубантаарсың
Өзүңө аял заттан жетпейт эч ким!

Шаңы жок көрүүчүгө жакпас оюн,
Сен менин шаңдуу чыккан «Маш ботоюм».
Мен жактырган күүлөрдүн баары сенсиң
Узартпай ушу менен токтотоюн.

## СЕН МАГА БИР КАТ ЖАЗЧЫ

Сен мага бир кат жазчы,
Кылыктанган кыз кезинди эстетип.
Таанышкан кез жаз беле, же жай беле?
Бир жыргайын көз алдымдан өткөзүп.

Сен мага бир кат жазчы,
Элестетип жигит кылып өзүмдү.
Көрсөм дагы көргүм келет кайрадан
Кулун сындуу, бала жыттуу кезиңди.

Сен мага бир кат жазчы,
Үйлөнгөн соң жазбай койдуң жалжалым.
Улгайдыңбы... улгайсаң да мен үчүн
Дале жашсың, дале кызсың ар дайым.

Сен мага бир кат жазчы,
Бирге жатып, бир бассам да жанаша.
Ойго түшсүн ошол кымбат мүнөттөр
Таарынганың, сүйүнгөнүң балача.

Сен мага бир кат жазчы,
Кызматтанбы же үйдөнбү, тоодонбу.

Эскерейин сүйүү бизди жетелеп
Өйдө-төмөн алып жүргөн жолдорду.

Сен мага бир кат жазчы
Мурункудай чыгат бекен сөздөрүң.
Баягындай кат ичинен баш багып
Жоодур карап турат бекен көздөрүң
Сен мага бир кат жазчы...

## ЭСЕН БОЛ

Көп кыздын арасында өзүң гана,
Көктөгү жанып турган Чолпон элең.
Кокустан кир жугузуп аламбы деп,
Колумду тийгизгенден коркоор элем.

Көп кыздын арасында балбал жанып,
Көздөрүң жарык чачкан жакут эле.
Агай деп акак тишиң жаркыратып,
Мен үчүн бир жылмаюуң бакыт эле.

Сүйчү элем мөлтүр булак сезим менен,
Сезимди сездирбедим көзүм менен.
Тили жок махабатым ичте калды,
Дүйнөдө ким бар дейсиң өкүнбөгөн...

Жаш кезде кимдер гана жаңылбасын...
Жанымда жок болсоң да жанымдасың.
Эңсесем эми сени көрмөк кайда,
Эсен бол кайда жүрсөн карындашым.

## САРЫ-ЧЕЛЕКТИК СЕЛКИГЕ

Көрктүүсү көлдүн Сары-Челек
Көркүнө анын бар себеп...
Сүрөтү жатат тоолордун
Сүрөтчү мурда тарта элек.
Күндүзү күлүп күн түшсө
Түнкүсүн болот Ай седеп.
Седепке селки кызыксан
Сен үчүн байкең алперет.

Үстүбүз деле көк асман,
Астыбыз деле көк асман.
Кылтылдап кайык терметсе,
Кыялга баттың сен аздан.
Кырк жаштын теңин кыскартып,
Кызыгып мен да келаткам.
Кылгырып төмөн карадың
Кыйышпас болсок деп айтсам.

Оюңду он сан бөлдүрүп,
Олтурдуң көпкө телмирип.
Саамайын сылайт кайталап,
Салкын төр жактан жел жүрүп.
Жүрөгүң көнбөй жатканын
Жүзүңдөн турдум мен билип.
Теңтушу анын башка деп,
Термелип жатты көл күлүп.

Башкадан болсун аңгеме,
Башы жок кандай жан дебе...
Картаят баары өмүрдө
Картайбайт сүйүү ал неге...
Капыстан эрип кетипмин,

Качаңкы курчтук бар беле...
Ак кууну көрсө кызыгаар
Алтымыш ашкан чал деле...

Жүргөнүң көркөм Сары-Челек
Жүзүнө нурун Ай себет.
Ойлойсуң көпкө ойлойсун,
Ошого жолтоо кай себеп?
Жаш кезде биз да карындаш
Жакшы эле дүрт деп жанчу элек.
Жок дегенде бир жолу
Жоодурап койчу байке деп.

## ҮЧ СУНУШ

Турмушка чыксаң мага чык
Акчага жарды дебегин.
Жердеги жүргөн «Волга» эмес
Самолёт сатып беремин.

Турмушка чыксаң мага чык
Акчага кедей нememин.
Чайнекке алым жетпесе
Чай кашык сатып беремин.

Турмушка чыксан мага чык
Сүйүүгө жоомарт элемин.
Бир грамм өзүм албастан
Бүт бойдон сага беремин.

Чыкпаймын десең өзүн бил,
Ага да, буга, мага да.
Үчөөбүз айткан үч сунуш
Ойлонуп көргүн, садага...

## ЦЫГАН КЫЗГА

Катуу ашык болупмун,
Каалап сага жолуктум.
Түндө көргөн жаңыдан,
Түшүмдү да жоруттум.

Махабаттын айынан,
Бал ачтырдым сага улам.
Балбылдаган көздөрүң,
Мага жакты баарынан.

Кош жүрөктүн деми үрөп,
Кошо жүрдүк көп ирет.
Жай олтуруп азыраак,
Жалындаштык көбүрөөк.

Сүйөм дедиң, сүй дедим,
Сүймөк тургай тий дедим.
Кыргыздарга цыгандан,
Керек экен бир келин.

Бирок, болбойт минткениң.
Мындай жолго түшпөгүн,
Көөдөнүмдө жүрөктү,
Чөнтөгүмдөн издедиң.

Менде болбойт теригиш,
Калат мындай көнүмүш...
Махабат бар ортодо,
Бактылуубуз деги биз...

Бир айтаарым эмики,
Бүтүн болсоң меники,

Чөнтөк-мөнтөк, үй-жайдын,
Баары болот сеники.

## УНУТУП САЛБА

Алысмын сенден, алысмын,
Адаштык түрлүү жактарга.
Элестер гана кездешет,
Ээндеп жалгыз жатканда.
Эргитип чөккөн көңүлдү,
Эстесем сени кээде ырдайм.
Бугумду сыртка чыгарып,
Эстесем сени кээде ыйлайм.

Эстээрсин мени сен дагы,
 Убактың бөлүп бир үзүм.
Аман бол кайда жүрсөн да,
Адашып кеткен үмүтүм.

Баягы кезди ойлобой,
Пайдалуу ишке баш катыр.
Ойлобо десем ойлобой,
Унутуп салба таптакыр.

## БЕРЕ ТУРЧУ БИР ТАМЧЫ

Карап эле тургум келет талыкпай,
Сенин колун аппак жумшак мамыктай.
Жүрөгүң да жумшак болуп колуңдай
Жүрсө болду сүйгөндүгүн аныктай...

Кыйгач карап кыйнадың го карыптай,
Суусаттың го суудан чыккан балыктай..
Аздык кылат бир жылмайып койгонуң
Акактаттың суусун берип жарытпай.

Махабатың терең көлгө теңедим,
Уруксат бер тереңдигин көрөйүн.
Чөгүп кетсем «өз убалым өзүмө»
Мени колдон тартып алгын дебейин.

Ашык болгон абалыма карагын,
Курбакадай кургап барат тамагым,
Сүйүүңдөн бере турчу бир тамчы
Жок дегенде эрин нымдап алайын.

## АЯЧЫ МЕНИ

Асманда турган алыскы,
Ай алат Күндөн жарыкты.
Ай болсом, өзүн Күнсүн го,
Аячы мендей карыпты.

Миң өчүп, кайра миң жанып,
Сүйгөнүм үчүн кимде айып...
Күттүрүп күндө күйгүзбөй,
Бир күлүп койчу жылмайып.

## КАРАП КОЮП ТИМ БОЛОМ

Кай бир кезде жигит болуп чиренген,
Көңүлүмдө көп кыздарды сүйөм мен.
Бирок, аздап мокой берет экенсиң
Бир кездеги курчтугундан бүлөнгөн.

Бет алдымдан перизаттар жолукса
Карттыгымды билеби деп ирeңден,
Алдыргадан карап коюп тим болом
Мергенге окшоп дүрмөттөрү түгөнгүн.

## БИЛЕМИН ДЕСЕҢ

Экөө тең эркин жүрүшкөн
Жаратылыштын балдары…
Булбулдун үнүн мукам – деп
Каркылдак, дейбиз карганы.

Кол башындай боз чымчык
Барктуу ал элдин баарына.
А мүмкүн карга сезилээр
Өзүнүн булбулдарына.

Калдагай канат кара куш
Барксыз ал элдин баарына.
А мүмкүн булбул сезилээр
Өзүнүн каргаларына.

Билемин – десен аныгын
Жолугуп калсан кайрадан,
Булбулду сура булбулдан,
Карганы сура каргадан.

## КЕТ, АЖАЛ

Байлык баскан өрүшүн,
Мекен үчүн, эл үчүн,
Партиянын максатын,
Улуу эмгектин жеңишин.

Жашыбыз да карыбыз,
Жазып жаткан чагыбыз.
Убакыт жок өлүүгө
Узак жашайт жаңыбыз.

Биз кишиң эмес өч алаар,
Бизден оолак кет, ажал!

Баркы тоого барабар
Баш-көз болгон агалар
Бара жатат картайып,
Көп жашасын дагы алар.

Ач күсөндөй сүр менен
«Айдаймын» – деп алдыма
Аксакалы акындын
Аалы атаңы аңдыба.
Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет,  ажал!

Туш келтирсем жыгам – деп
Турпат, күчкө чиренбе.
Тунгуч жазган роман…
Түгөлбайдын имербе.
Ал кишиң эмес өч алаар,
Андан оолак кет, ажал!

Терезесин тырс уруп
Тентектенип жүрбөгүн.
Тетик көңүл,-чоң акын
Темиркулга тийбегин.
Ал кишиң эмес өч алаар,
Андан оолак кет, ажал!

Аламын – деп ойлобо
Абдрасул акынды.
Дунган мүнөз, курч акын
Жулуп алат башыңды.
Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!

Суу чайпалбас боз жорго
Сүйүнбайга эч тийбе!
Көрүп алып көлөмүн
«Бир сугунам» – деп жүрбө.
Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!

Чыгалбай жүрөт көп адам
Чыксынчы жашы бир жүзгө...
Чыгарма жазган дүйнөлүк
Чыңгызга жөтөл тийгизбе.
Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!

Жакшы ырга биздин тоолор бай,
Жаңырык үнгө зоолор бай.
Тоо, зоо деп толкуп ыр жазган,
Тоо жандуу экен Сооронбай.
Ал кишиң эмес өч алар,
Андан оолак кет, ажал!

Баардыгы баркы, аты улуу,
Баардыгы элдин акыны.
Баардыгы элдик жазуучу,

Баардыгы элдин жакыны.
Баскынчың эмес өч алаар,
Баарынан оолак кет, ажал!

Бир ооруп, бирде соо болуп,
Соо болгон кезде ойлонуп.
Мен дагы жүрөм ыр жазып,
Толкумуш болуп толгонуп.
Мен кишиң эмес өч алаар,
Менден да оолак кет, ажал!

Бир топ сенде сурак бар,
Бирок бизде убак тар...
Жогол бачым жолго түш,
Келе жатат врачтар!

## СҮЙЛӨШҮҮЛӨР

### I

– Эй, Эргешбай, кайда бара жатасың?
– Ак-Суудагы Асан чалды көргөнү.
– Ал өлгөн да...
– Ал жалган сөз, ал өлбөйт,
Тирүү сөзүн угуп жүрөм элдеги.

– Эй Ормошбай, кайда бара жатасың?
– Жатып ичер Жантакбайды көмгөнү.
– Ал тирүү да...
– Элге пайда бербесе
Ал эмеспи тирүү жүрүп өлгөнү.

### II

– Ушул үйүн канча сомго салды экен?
– Отуз миңге...
– Кайдан таап алды экен?
– Шылуун, жегич..
– Уялбайбы жегенден?
– Жегичтерде уят-сыйыт бар бекен...

– Дос, тууганы куттукташып күндө эле,
Той өткөрүп жаткан чыгаар шум неме?
– Элдин мүлкүн эңшердиң деп эсепсиз,
Эчак эле тыгып салган түрмөгө.

### III

– Эй, Курманбай, куттуу болсун колуктуң,
Кыздар турса, жубан алды деп уктум.
– «Кызга бергис жубан бар» дейт кыргызда,
Билип жүрүп, сүйүп жүрүп жолуктум.

– Эрден чыгып эшик түрткөн убагы,
Жубан сага кыз окшойт го сыягы?
– Эки-үч аял алып ийдиң сен деле,
Эркектердин болбойт бекен жубаны?..

### IV

– Кээ бир жигит кез келгенин ылгабай
Алган жүрөт келинби, же кемпирби...
– Сенин оюң атасындай чалдарга,
Жалан эле кыздар тийсе дейсиңби?

– Өзү отузда, билесиң го Курманды...
Алып алды кыркка чыккан Жыргалды.
– Алсын мейли, абдан ырас болуптур,
Сүйгөн жүрөк кары, жашын ылгайбы...

## «СЕНДИ» УНУТУП КОЮПТУР

Ачуусу келген кезинде
Аялын «Сиз» деп урушкан.
Атам да билбейт, мен билбейм,
Аз болсо керек кыргыздан.
А бирок,
Музоосун «сиз» деп урушкан

Мурда жок эле кыргыздан…
Булардын баары иргелип,
«Алышса керек турмуштан».

Атайлап мени чакырды
Айылдаш өскөн бир курбум.
Сыпайы «сиз», «биз» деп сүйлөйт,
Сылыктыгы – ай, кургурдун.

Ар дайым анын үйүнө
Аксакал келет, жаш келет.
Арсылдап үрсө дөбөтү
«Кет» дегендин ордуна,
«Кетиңиз» деп тап берет.

Короого чоочун уй кирсе,
Көргөндө жаны чыдабайт.
«Өш» дегендин ордуна,
«Өшүңүз» деп кубалайт.

Тоогу кирсе үйүнө,
«Түт» деп айтуу буга жат.
«Түт» дегендин ордуна,
«Түтүңүз» деп чыгарат.

Көрсө кайран курбалым,
Кошоматчы болуптур.
Кол куушуруп чоңуна,
Коюн, тоогун союптур.
«Сиз» деп жүрүп дайыма,
«Сенди» унутуп коюптур.

## ЧАЛДЫН АЯЛЫНА

Баа бербей жаштык чагына,
Ээ болуп байлык, малына.
Дүйнөдөн жыргап өтөм деп,
Тиерин тийдиң чалыңа…

Ооруса кээде абышкаң,
Өн-түсүн байкап, калып таң.
Ооз учуң менен айтасың:
«Оңолсоң жаным, айыксаң».

Ойношуң келсе үйүңө,
От болуп көзүң чачырап.
Ооруган чалга угузбай,
«Өлсөкен, – дейсин, – батыраак».

Имерип келсе шум ажал,
Иргебейт жашты, карыны.
Өзүңдү билбейм… жүз жашка,
Чыгаргай эле чалыны.

## ТООКТОР ЖАТТЫ КАКЫЛДАП

Козудан артык көргүн, – деп,
Койсоңчу десем, жактырбай,
Коноктоп мени үйүнө,
Корозун сойду Саткынбай.

Тамагы даяр болгондо,
Тарс кагып, эшик ачтырбай…
Шыкаалап сырттан тургансып,
Шып кирип келди Качкынбай.

Серпип коюп арактан,
Семиз таук экен өтө деп.
Көп сөзгө кирди Качыкем,
Короздун төшүн жеке жеп.

Телмире карап сырт жактан,
Терезе жакка жакындап,
Топтошуп жесир калдык деп,
Тооктор жатты какылдап.

## ЧАЛ КЕМПИРИН АЗИЛДЕЙТ

Билесиң го кемпирчем,
Биз жылгындай чактарда,
Бир керебет, бир жаздык,
Кендик кылчу жатканда.

Азыр неге кемпирчем,
Алтымыштан ашканда,
Кош керебет, кош жаздык,
Тардык кылат жатканда?

Болбос жерден мен эми,
Полго кулап өлөмбү?
«Бери жатың» азайып,
«Ары жатың» көбөйдү.

Узун берсин өмүрүн,
Уулум менен келиним.
Жаны калбай турушат.
Жаман көрөт мени ким?..

Көрүнбөсөм кээде мен,
Чоң аталайт неберем.

Жактырбайсын сен гана,
Жадаттымбы... бул эмнен?

Бармактайдан баш кошкон,
Абышканмын, аны бил.
Айтсан сотко беремин,
«Ары жат» деп дагы бир.

## ДУДУКТУН ТИЛИ

Жанжалын күндө салган көп,
Жададым бейжай жардан деп.
Түрткүлөп, жандап сүйлөшкөн,
Дудук кыз алды Абжалбек.

Кеп-сөз жок уккан мурдагы,
Кулагы тынчып жыргады.
Урматтап, сыйлап аялы,
Унчугуп койбойт бир дагы.

Күн өтүп айга байланды,
Ай өтүп жылга айланды.
Балалуу болуп Абжалбек,
Бар жактан көөнү жайланды.

Калбайт го ушак дегени...
Кай бирөө айтты жемени...
Кай жактан таап алган деп,
Караңгы, макоо немени.

Болгон сон жашоо, жай бирге,
Болот го чатак ар кимде.
Имерип келсе шум ажал,
Иргебейт жашты, карыны.

Өзүңдү билбейм... жүз жашка,
Чыгаргай эле чалыны.

## ЧЫДАЙ ТҮШ

Ортодон кээде чыр чыкса
Оройдоп жарың кыйкырса.
Оозуңду бекем кулпулап
Олтура бергин, унчукпа.

Ачуусу келип кекете
Алкына берсин жекече.
Айтышчу болсоң теңелип,
Ал сенден ашат эки эсе.

Ызасы сага ашынат,
Ыйлап да ийип азыраак.
Буулуккан буусун чыгарып,
Бүткөндөн кийин басылат.

Чаң салып үйгө бакырат
Чатагын бүтпөй батыраак.
Чамына берип акыры
Чарчаган кезде басылат.

Басылган кезин билип кой,
Бакытым сен – деп сүйүп кой.
Арияң бүткөн окшойт деп,
Азилге салып күлүп кой.

Ал кезде өзүн күнөөлөп.
Аз экен сенде күнөө – деп
Айга окшоп чыккан булуттан,
А дагы күлүп жиберет.

## «ИМПОРТ» ООРУСУ

Менин бир аяшыма
«Импорт» деген илдет жабышты,
Импорттук кийим жагынан
Аялдарга
Алдыра элек намысты.
Советтик, сонун кийимдер
Ал үчүн
Сөз болбой деле калышты.
Пальто, көйнөк, кофтасы
Бельгиялык,
Саат сайын күзгүгө барып,
Он кийинип, он чечет.
Эргип алып:
Карачы, – дейт, – күйөөсүн,
Кадимки турпатыма
Келдим анык!
Кандай укмуш кийимдер,
Бельгиялык! Бельгиялык!

Байпак менен эмчек кабы,
Париждеп.
Запас кылып Камдап койгон
Дагы үчтөн.
Венанын кийимдери келе элек,
Бир көрсөм деп даа күткөн.
Күйөөсү дүкөнчү,
Кантээр экен «күп» дей түшсө
Ал иштен...

Костюм, өтүк, туфлиси
Лондондон.
Аралап өтүп келип,

Океан, дайра, тоолордон,
Как раз мени тапты, – дейт,
Издеп жүрүп
Ушунча узак жолдордон.
Анан
Индиянын жалтырак тапочкасын
Илип алып бутуна,
Эринин кымтып чормойгон,
Ойлонгону ойлонгон.
Өткөн жумада
Ай канчасынан тоголду?
Айтор билбейм, аяштын бир
Кымбат буюму жоголду.
Кырсык мындай болоорбу...
Ичи күйүп тызылдап,
«Импорт» деген илдет оңойбу..

Жайып койгон жеринен,
Кандай бир
Жарыбаган неме тооруду,
Жашырынып жок болду,
Япондун жалтырак жоолугу.
Аза күтүп аяшым,
Алты күнү ооруду.
Ордун толуктап күйөөсү,
Ошондон кийин
Оңолду ден соолугу.

Аяшым
Тбилисинин кийимин көрсө
«Тьфу» деп калат.
Фрунзенин кийимин көрсө,
«Фу-фу» деп чанат.
Ташкенттин кийимин көрсө
Таңгала карап

Табылгыс жеринен,
Дардайган кемтикти табат.
Москванын кийимин көрсө
Башын чайкап,
Кийбесе да, кичине
Турат байкап.
Анан
Импортко кайдан жетсин деп,
Ичинен айтат.
Дүкөндөрдү түгөл кыдырып,
Чаалыгып-чарчап,
Чалкалай басып үйүнө кайтат.
Кайын сиңдиси
Кай бирде минтип сөз курат:
– Ээ жеңеке, жеңеке,
Угуп турчу чыдап.
Биздин өлкөдөн деле
Укмуштай кооз кийимдер чыгат.
Улгайып калдың, ойлочу,

«Импорт», «импорт» дегениң уят.
Анда жеңеси
Ачууланып карашы,
Көзүнүн агын айлантат,
Көрүнбөйт ички карасы:
– Мунун айтканын карачы...
Кийгениң
Кара-Балтанын халаты,
Бир жери кир, бир жери жамаачы.
Деги запас кийимин барбы?
Саначы!

Чолчойтуп бутка кийгениң,
«Чолпон» фирмасынын чокою.
Джемпер, кофтан Токмоктон,

Жетишкен жагын ошобу...
Мен өңүмдө эмес,
Түшүмдө кийбейм ошону!

Кантсин кайын сиңдиси...
Карапайым бир киши.
Импорт эмес...
Иш жагынан даңкталып,
Жаштарга жаккан үлгүсү.
Жеңесинин сөзүнө,
Кээде ызаланса,
Кээде келет күлкүсү.
Ошентип аяшымдын
Паспорту гана советтик.
Бардык кийими чет элдик.
Каалаганын ичсин деп,
Каалаганын кийсин деп,
Кадырлап далай көтөрдүк.
Тапканы менен эринин,
Тайраңдап алды жетээрлик.

Өткөндө күйөөсүнүн,
Жеп-ичкени билинип,
Кызматынан сүрүлүп,
Арамдан тапкан олжосун,
Аш казаны
Ала албаптыр сиңирип.
Аяшым
Үйүндө онтоп жатат дейт,
Түпкүч болуп ийилип,
«Импорт» оорусунан
Ичегиси түйүлүп.

## БУГУБАЙДЫН БЕЛЕГИ

Бугубай Фрунзеге барып
Аялына келиптир,
Алты жоолук алып.
Аялы сындап жатты
Ар бирин алдына жайып.
Анан күйөөсүнө кайрылды
Каштарын кагып:
Күндө бирин салынып,
Сени кетемин го чанып.
Анда Бугубай
Сөзүн чуурутту шурудай:
Кызыл жоолук алганым,
Сени кыз кезинде сүйгөнүм.
Жашыл жоолук алганым,
Жанаша басып жанында,
Жаркылдап ойноп күлгөнүм.
Сары жоолук алганым
 Сени менен
Сагынышкан күндөрүм.

Чаар жоолук алганым
Чарт-чурт этип кээде сен
Чатак салып ийгенин.
Ак жоолукту алганым
«Ала жипти» аттабай,
Сенин аппак бойдон жүргөнүн.
Кара жоолук алганым,
«Өлүгүндү көрөйүн» деп
 Мени эчен жолу тилдедиң.
Ошондонбу билбедим
Ооруп жүрөт бир жерим…
Анын да тиет кереги

А дүйнө кетсем кокустан
Айылдан издеп жүрбөгүн.

Анда аялы
Бүркөлө түшүп кабагы
Бугубайын кучактап
Мурдунан өөп
Бутуна чейин ызаттап,
«Оозуңа ок, өлбө» деп
Ыйлап ийди бышактап.
Букем болсо
Ого бетер оюн-чындап:
«Эмитен машыга бер ыйлап,
Оозума ок тийсе
Желкемден чыгат
Бул мени эми эле
Өлтүргөнү турат.
Кудайым берсин кубат.
Ошентип
Аялы салынып жүрөт
Бугубайдын белегин,
Бирок кара жоолуктан бөлөгүн.
Эми оозунан
Чыкпас болду эгерим
– Деген сөзү жеңенин:
«Өлүгүндү көрөйүн».

## АЛТЫН ТИШТҮҮ АЛМАКАН

Алма жыттуу, аппак келин Алмакан,
Ар күн сайын анда келбет, анда шаң.
Күндө бирди кийип чыгат көчөгө
Мода менен моюндашып ар качан.»

Көп ооруйт – деп азуу тишин алдырып,
Көп өтпөстөн алтын тиштен салдырып,
Эми жүрөт эл көрбөйт – деп күлгөндө
Эртели-кеч өз ичинен кайгырып.

Күлө берет күлүүчү жер кез келсе
Жамажайы кулагына жеткенче
Кээ бирөөлөр кеп кылышып сын тагат
Оозун жыйрып, аз күлбөйбү эп көрсө.

Көнгөн адат калбас болду жоголуп,
Көп сын сөздүн кеткен да жок оңолуп.
Көп көрүнбөс алтын тиштин айынан
Кетмек болду оймок оозу чоңоюп.

## ЖАҢЫ КӨЧМӨНДӨРГӨ

Түрлүү булак бир өзөнгө куйгандай
Тили башка, дини башка туугандар,
Кыргыздардын суусун ичип, нанын жеп
Кыргызстан өлкөсүндө тургандар.

Силер бизге эриш-аркак, бел болуп,
Силер бизге кужүрмөн күч-дем болуп,
Жашасанар жалпы үйүбүз жаңырат
Өнүп, өскөн өлкөлөргө тең болуп.

Кетет бир күн итке минген кедейлик,
Келет бир күн пилге минген кенендик...
Төркүн-төөсүн көп сагынган келиндей
Ана кетем, мына кетем дебейлик.

Ата-журтту анча кыбыл албаган
Кеткендерден келгендер көп кайрадан.

Бир кездерде бизди көчмөн дешчү эле
Бу силердин көчүңөргө таңгалам.

Эч ким бузбайт улуттардын укугун,
Көрө элекмин кодулаган учурун.
Урмат кылып улуу калк деп сыйлайбыз
Ким таратты ушак сөздүн учугун?

Эрк силерде чынды калпка бурсаңар,
Эрк силерде бизге коншу турсаңар.
Кудуреттүү кудай деле жактырбас
Момун калкты жаманатты кылсаңар.

Эгемендүү өлкөбүз деп жүрөбүз
Силер менен болсок дейбиз бир эгиз.
Кыргыз тилин билсе деген бир тилек
Андан башка неде биздин күнөөбүз?!

## АЯЛДАРДЫ КУТТУКТОО

Ар бир жылдын өз алдынча даңкы бар,
Ар бир айдын өз алдынча баркы бар.
Күлүп-жайнап гүлдөгүлө жалпыңар
Куттуу болсун сегизинчи мартыңар.

Ким жалбарбайт аял деген атыңдан,
Ким айланбайт эне деген асылдан!
Сенин даңкың, сенин баркың ченемсиз
Сенден чыккан улуу Ленин акылман.

Силер бизге Күн да болуп, Ай болуп,
Силер бизге эне болуп, жар болуп,
Жүргөн үчүн жүзүңөрдү жаркытып,
Силер менен биз жүрөбүз бар болуп.

Силерге айтаар өтүнүчүм, талабым,
Ыксыз болсо кечиргиле а жагын...
Келжиреген кем акылын сейрек тууп
Эстүүлөрүн көп туугула баланын.

Силер менен гүлдөп өстү заманым,
Силерге мен коёр да бир талабым,
Жатып ичер жалкоолорун сейрек тууп
Эмгекчилин көп туугула баланын.

Оо аялдар, бирөөң жыттуу миң гүлдөн
Сулуусуңар суктандырып сүйдүргөн.
Эриш-аркак кайда болсо ээрчишип
Эсен болсун эркегиңер бир жүргөн.

**ТАЖИК ДОСКО**

Атадың Фрунзени Дүйшөмбү деп,
Албетте тажик досум сеники эп.
Анткени эки шаардын көчөсү окшош,
Андагы бак-дарактын бардыгы көк.

Атадың Ала-Тоону Памир го деп,
Албетте тажик досум айтканың эп.
Анткени эки тоонун чокулары,
Аркайып мойнун созот көктү тиреп.

Атадың Нарын суусун меники деп,
Албетте тажик досум сеники эп.
Анткени силерде да, бизде дагы,
Аркырап агып жаткан дайралар көп.

Айрыма болбойт дедиң жерибизде,
Айрыма болбойт дедиң элибизде.
Эмесе биз берелик Темиркулду,
Миршакар калсын биздин төрүбүздө.

## ЖУРНАЛГА АРНОО

**(40 жылдыгына)**

Кыңкайыптыр кырк кырына жашың дал,
Сен «Ала-Тоо» мактануууга акың бар.
Көп таланттын көзүн ачтың жетилтип,
Сага ыраазы жазуучулар, акындар.

Окугандын арманы жок күкүмдөй,
Сага ыраазы кыргыз эли бүтүндөй.
Күзгү ордуна күзгү кылып каранып,
Колдорунан кырк жыл келди түшүрбөй.

Сенин ичиң саптар эмес, сары алтын,
Сен иргедиң таланттардын талантын.
Кылым бойлоп улам соңку муундар,
Кызыгышып окуй бермек, ал айкын.

Сага жүрөм ар бир үйдөн кезигип,
Сен турасың жүрөгүмдөй сезилип.
Айтсам чынын, Айтмат уулу Чыңгыз да,
Адегенде сенден чыккан жетилип.

Дагы далай таланттарды эл берээр,
Ал талантка сен биринчи дем берээр…
Күтө бергин, кыргыз эне барында,
Чыгат Пушкин, чыгат эчен Гейнелер.

Бардык тамган достук менен ширелип,
Барагыңа дайым турсун гүл өнүп.
Сен да «Ала-Тоо», тоо да Ала-Тоо – эки тоо
Жалпы ат менен жашагыла түбөлүк.

## «АЛГА» КОМАНДАСЫНА

Ар дайым футбол болсо шашыламын,
«Аа, кудай, «Алга утса» деп ашыгамын.
Таамай тээп дарбазага топ киргизсең,
Тамагым айрылганча бакырамын.

Сен утсаң, ошол күнү семиремин,
Күүлөнүп күлүк аттай элиремин.
Бириңер Пеле болуп көрүнсөңөр,
Бириңди Эйсеби деп темин.

Утулсаң, ошол күнү арыктаймын,
Үңкүйүп жер караган карыптаймын.
«Алганын» атын буруп «Артка» койсо
Деймин да, спорт коомун айыптаймын.

«Алгажан» далай жолу сүйүндүрдүң,
А бирок, андан арбын күйүндүрдүң.
Жүрөгүм сен деп жүрүп күйүп-бышып,
«Ооруга чалдыкканын» кийин билдим.

Бат эле баш марага чыксаң экен,
Мактанып жүргөндөрдү утсаң экен.
Өлкөнүн чемпиону болгонуңду,
Өмүрдө көрсөм экен, уксам экен.

## «АЛГАНЫН» КҮЙӨРМАНДАРЫ

«Алганын» арык, семиз күйөрманын,
Алыстан көргөндө эле билем баарын.
Аралаш аялы да, эркеги да,
Алдыртан санап коюп жүрөм баарын.

Футболго кимдер гана болбойт куштар...
Жаралат жан дүйнөңө жаңы шыктар,
Эркектер экилентип сүрөп, коштойт,
«Гол» дешип кыйкырышса келин, кыздар.

Кай бирөө күйүп-бышып күйпөлөнүп,
Кадимки манасчыдай кирсе желип.
Кай бирөө карбаластап колу тынбай,
Жадатат жандагысын түртө берип.

Кай бирөө каны кызып делбе болуп,
Калпагын бир мыжыгат, бирде чоюп.
Кай бирөө сигареттен жапа чегет,
Оозуна оттуу учун сала коюп.

Бакырган үзүлгөнчө өңгөч, коко,
Байкасаң күйөрмандын бардыгы ошо.
Өздөрү орундукта олтурса да,
Топ менен тоголонуп жүрөт кошо.

Кыргыздын аял, эркек, жашы, карты,
Кызыгат спорт жакка баары жалпы.
Азыркы күйөрмандар кантээр экен,
«Алганын» көкөлөсө атак-даңкы.

## ҮЧ ТАЛАНТКА

Артисттер ачык калк келет,
Артисттер дайым жаш келет.
Айлына барсаң ардактап
Алдыңа күлкү-шат төгөт.

Жазуучу ойчул калк келет
Өзүнөн, ою жаш келет.

Күн сайын ичтен күбүрөп
Күлкүгө көңүл аз бөлөт.

Биринин даамдуу тили бар,
Биринин шаңдуу үнү бар.
Жылкычы менен чабандай
Жамаатташ жашайт, билип ал.

Жазуучу жазган пьеса
Жандырып күчүн бир канча
Араңжан жатат, ал чындык
Аткарып актёр турбаса.

Оюмду айтам мен жеке
Ороңдоп жаман көрбөсө...
Ролсуз калмак артисттер
Жазуучу жазып бербесе.

Артисттер дагы ойлосо,
Акындар дагы ойлосо,
Каяктан чыкмак үн, ыры
Композиторлор болбосо.

Тилегим менин күндө эле:
Үчөө тең дайым бирге эле
Көкөлөп атак-даңктары
Көрүнсө деймин дүйнөгө.

## БААТЫР АКЫНГА

Аалыке келген кезиң жетимишке
Алп талант, ак эмгегиң эсибизде.
Жүрөгүн тоолуктарды элжиретип,
Жүрөсүң тоо көрүнүп көзүбүзгө.

Октябрь өзү берген жарык менен,
Партия, Ленин берген багыт менен,
Жетимиш кыл чокуну басып өттүң
Манастын Куласындай арыш менен.

Кыргызда: «Суу атасы булак» – дешет,
Кызыктуу «сөз атасы кулак» дешет.
Канаттуу ырларыңды окуй бергин
Кары, жаш уга берсин кулак төшөп.

Муруntan булбул болуп бакка конуп,
Бүгүн сен мурункудан башка болуп.
Балаңды кол берүүдөн сүрдөтөсүң
Багжайып баатыр деген атка конуп.

Кут болсун ушул сыймык, ушул атак,
Таалайды талант менен алдың жасап.
Жалындуу жазган ырың биздин байлык
Жаш жагын өзүң билгин, өзүң жашап.

Элиңе бердиң толук берээриңди,
Жериңе тиктиң солбос терегиңди.
Сексенди сермегенде баш чайкабай
Дагы бир көрсөтө гөр өнөрүңдү.

Аалыке келген кезиң жетимишке,
Алп талант, ак эмгегиң эсибизде.
Арыбай арабызда жүрсөң болду
Ар дайым тоо көрүнүп көзүбүзгө.

## ХИРУРГ ЖӨНҮНДӨ

**(И. К. Ахунбаевге)**

Күнү жок, сааты жок белгилеген
Оо шумдук... шумдук кабар келди белем!
Кыргыздын жүлүнүнө ток тийгизди
Кырсыктан Ахунбаев өлдү деген.

Кайгырды калмагы да, казагы да.
Кайгырды орусу да, татары да.
Кайгырды калктын баары үшкүрүндү
Кетти деп келбей турган сапарына.

Көбөйдү ыйдын ыйга кошулганы,
Көбөйдү көз жаштардын жошулганы.
Бир кезде ал сакайткан жүрөктөр да
Биригип ээси менен кошо ыйлады.

Бүткөнсүп көп кегинин жандырмагы
Бир гана ажал күлдү, кайгырбады:
Бул хирург тартып алып кетчү эле деп
Айдаган ооруларды алдымдагы.

Ажалды нечен жолу жеңди врач
Акыры бир жеңилип өлдү врач.
Кыйла жыл асман тиреп келе жаткан
Кыргыздын бир чокусу болду жылас.

Элимдин хирургдары көбөйүүдө
Атагы Айга, Күнгө теңелүүдө.
А бирок дагы далай жылдар бар бейм
Экинчи Ахунбаев төрөлүүгө.

## КОШТОШУУ

**(Ы. Ворончиевге)**

Ысмайыл агам ким эле,
Ырчынын залкар бири эле.
Ырында токсон толкун бар,
Ысык-Көл болчу тим эле.

Калемпир эле, мурч эле,
Куйкум сөз жакка курч эле.
Куудулданып кай бирде,
Куйручук болуп турчу эле.

Барк-атак алган киши эле,
Бактылуу кыргыз калкынан.
Байырлап турбай жөнөдү,
Байбичесинин артынан.

Ысмакем ырдын чебери,
Ыйлаган менен келеби...
Жазганы калды элинде,
Жай болсун жаткан жери эми.

## КУБАНЫЧБЕК АКЫНГА

Эч билинбейт, эч ким билбейт эгерим,
Кимдин мурун, кимдин кийин өлөөрүн.
Каалаганын капкан салып кармаган,
Карыга да, жашка дагы тең өлүм.

Маркум Кукем, маркум дебей не дейин,
«Барса келбес» деген жайга жөнөдүң.

Бирок бизге билгизбестен жогуңду,
Жашап жатат жазуучулук өнөрүң...

Калың элиң, калемдештер топтолуп,
Сен өлгөндө жоктодук да, боздодук.
Оруңуң бош, оңурайып ортобуз,
Опол тоодон кемий түшкөн окшодук.

Акын элең ар күн сайын ыр жазган,
Санжыраны сайрачу элең тынбастан.
Түндөп-күндөп драма да жазчу элең,
Түйшүк тартып, бир антракт кылбастан.

Жайдыр-кыштыр чарчап калдым дебеген,
Жазуучунун эмгекчили сен элең.
Талыкпаган талантыңа таң калып,
Түшүндө да ыр жазат го дээр элем.

Мына бүгүн жаш, карыбыз кубанды,
Мына бүгүн жашыңа жаш уланды.
Өнөрүңдү, эмгегиңди эл баалап,
Өлсөң деле жетимишке чыгарды.

Аргымактын кашкасындай таанымал,
Сенден улуу, сага теңтуш карылар,
Аман-эсен арабызда жүрсө экен,
Алар барда жаштарынын багы бар.

Келген эл-журт кенен залга чогулду,
Кубанышып, куттукташып тоюнду.
Элдин дайым элесинде тирүүсүң,
Кана Куке, бир карматчы колуңду!

## ТУРГУНБАЙ САДЫКОВГО

**(Лениндик сыйлыктын лауреаты)**

Ойлоруң издеп тындырбай
Колдоруң иштеп тындырбай
Каармандардын элесин
Кайталап көрүп миң курдай,
Жалпы элге жаккан перзентти
Жаратып салдың Тургунбай.

Сол жактан көрсөк бир өтүп,
Оң жактан көрсөк бир өтүп,
Арт жакта бир топ каарманың
Алдыдан бакыт тилешип,
Чогулуп турат баардыгы
Чоң достук менен ширешип.

А берки кыргыз аялы
Аска-зоо окшоп а дагы,
Байыркы баатыр эжеси
Сайкалга шайкеш кабагы,
Көөдөнүн алга умтултуп
Көрүнөт сүрдүү карааны.

Укканда ушул кабарды
Садыков сыйлык алды – деп,
Укмуштай эле кубандык
Ушундай сыймык барбы – деп.
Сен өзүң кантти экенсиң
Ар кимде бар го ар жүрөк...
Атакты кыйын жасамак
Аз-замат Тукем аззамат!

Атакка, даңкка жете албай
Атакең минсе кашаң ат...
Семетей абаң сыяктуу
Сен кеттиң кылым жакалап.
Биринин сенсиң иниси,
Биринин сенсиң агасы.
Топтошуп алып кары, жаш
Сени эле карайт, карачы...
Той, сыйың дайым кут болсун
Тоолуктун «жаман» баласы.

## ДИЛИМДЕН БЕРГЕН АК БАТАМ

Абалтан биздин аялдар
Алачыктын «чоңу» экен.
Эмгеги менен таанылган
Эл акыны жок экен.

Телтору ат минип теминип
Тенти эже чыкты керилип.
Чоң акындын чолпону
Чоң акын болду дедирип.

Парнас тоо жакка шашылып
Фонтандан бетер атылып,
Майрамкан чыкты бир жактан
Көкүлүн көккө сапырып.
Эжеси менен сиңдиси
Экөө тең элдик бир киши.
Экөө тең эгиз жоогазын
Кимдердин келбейт сүйгүсү!..

Экөө тең элдин сыймыгы,
Экөө тең элдин булбулу.

Экөө тең биздин эрке кыз
Элжиреп өпкөн күн нуру.

Таланты талбай бир дагы
Ташкындай берсин ырлары
Суктантып түрлүү улутту
Суусата берсин кыйланы.

Эжемди, карындашымды
Эп келе берээр мактасам...
Бул мактоо эмес, аларга
Дилимден берген ак батам.

## АРЫСТАНБЕКТИН «БАЛЬЗАМЫ»

А дегенде иргелип
Дүйүм чөптүн бүрүнөн,
Аралашын ийленип
Түрлүү чөптүн гүлүнөн.

«Арашан» – деген ат алып
Академиктердин биринен,
Аттанып жолго чыгыптыр
Арыстанбектин үйүнөн.

Шампанга окшоп бул Бальзам
Шалдыратып жибербейт.
Аракка окшоп бул Бальзам
Балдыратып жибербейт.

Бара-бара акырын
Магдыратып ием – дейт...
Бир шишесин чай менен
Бир ай ичсең түгөнбөйт.

Теги жакшы бул Бальзам
Ден соолуктун теңири.
Убагы менен ичкендин
Узун жашайт өмүрү.

Тентектенип ичкендин
Тетик болот көңүлү.
Кай бирөөлөр айтышат
«Коньяктын шериги»...

Ала-Тоону кыдырып
Арыстанбек азамат,
Көп төрлөргө көз салып,
Көп сайларды жакалап.

Уу гүлүнөн соо гүлүн
Ажыратып тазалап,
Тапкан Бальзам дал ушул
Оңой бекен жасамак!

Арыстаке, сага айтаарым...
Айтаарын айттым, алкайын:
Сообуна калган врачсың
Соолугу начар канчанын.

Далай элге даңктанып
Дарындай болуп таркагын.
Арбый берсин азайбай
«Арашан» аттуу Бальзамың.

## СООРОНБАЙ АКЫНГА

Кылтыңдаган кыз, келинди көчөдө
Кызыктырган жигит элең кечээ эле.

Эки-үч жылча эрмек болбой аларга,
Элүү жашка неге чыктың тез эле?

Элжиреткен эл-журтуңдун жүрөгүн
Эркин, ойлуу ырларыңды билемин.
Сага дайым каалаганым жакшылык,
Сүттөн аппак, суудан таза тилегим.

Даңкың чыкты Ала-Тоолук айлыңа,
Таасын жазган талантыңдан айныба.
Белге чыгып «бечел» болбой дагы бас,
Бергениң аз, берээриң көп алдыда.

Төө өркөчтүү тоо суусундай шарылда,
Торгой тилдүү ыргагыңдан жаңылба.
Кыз, келинге кээде көзүң сала жүр,
Кыналышып баспасаң да жанында.

Өмүрүң ыр, өссүн дайым өрүшүң.
Толкута бер поэзия деңизин.
Баш чайкабай, бардык күчтү жумшайлы.
Бакыт берген Партия үчүн, эл үчүн!

## ТҮМӨНБАЙ АКЫНГА

Мага байке, балдарыңа атасың,
Баалап, сүйөм көңүлүңдүн тазасын.
Куттуктаймын кубанычтуу күнүңдү
Эргип турган элүүдөгү жаш акын.

Кезикенде кээ бир кызга, келинге,
Кеп сүйлөсөм сенин жашың жөнүндө,
Кайрат, күчү боз уландан кем эмес
Кантип эле чыксын – дешет элүүгө.

Кайдан анан сага берсин ким элүү...
Кара бойдон чачтарыңдын иреңи...
Же болбосо жеңем элге билгизбей.
Агарганын жулуп коюп жүрөбү?..

Ырас Түкө, дале жашсың, жигитсиң,
Ырың менен эл жүрөгүн жибиттиң.
Анча-мынча аксактыкка карабай
Аламанда чыгып келген күлүксүң.

Ар убакта айтаар болсок шар чынын:
Таштарынан иргеп алып алтынын,
Көмөк берип тоолук элге жеткирдиң
Көп ырларын көзсүз акын Барпынын.

Бар жыйнагың, «Паризатың» баш болуп,
Көңүлдөрдө жашай берсин жат болуп.
Өзүң Түкө, элүү тургай жүзгө чык
Поэзияң дайым турсун жаш болуп.

## СОВЕТ АБДЫЛДАЕВАГА

Кай бирде аял мүнөздүү
Кай бирде эркек мүнөздүү
Кандай иш келсе катырган
Кайраты илбирс жүрөктүү.

Кызматчы Совет жаш келин,
Кызматы дайым так келип,
Чарбада жүрсө боз келин,
Шааргa келсе ак келин.

Бир көрсөм райкомдосуң,
Бир көрсөм малда – тоодосуң.

Бир көрсөм уйда – сарайда
Бир көрсөм данда – ойдосуң.

Талаада деле көп ишиң,
Үйүңдө деле көп ишиң.
Түгөнбөс түйшүк мен үчүн
Турбайбы оңой сен үчүн...

Иштей бер кээде күн жүрүп,
Иштей бер кээде түн жүрүп.
Каалаймын сага карындаш
Кадыр-барк, чоң, чоң ийгилик.

## «АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА

Ассалоому алейкум
«Ала-Тоонун» журналы.
Сен элең го чыгарган
Алгач ырым мурдагы...

Он жыл өттү ортодон
Ойлошподук бир дагы.
Кечиксем да кечиргин
Келдим сага кайрадан.

Кечиккеним себеби
Кекиртектеп айдаган
Жүрдүм агып чыга албай
«Жинди» – деген дайрадан.

Чыктым эми кургакка
Чын деп билгин бул жагын.
«Сопу» болуп алдыңа
Соп-соо келип турганым.

Кучагыңды сагынып
Куса болду ырларым.
Баарын ылгап текшерип
Байкуштарга оюң бөл.

Жаманына түкүрүп
Жакшысына колуң бер.
Көпкө куса болбосун
Коюнуңдан орун бер.

## КОЙЛОРГО КААЛОО

Эй, ак койлор, эгизден төлдөгүлө!
Эгиз туулган козулар өлбөгүлө!
Ар бир чабан ашыра милдет алды
Ар-намысын кемите көрбөгүлө!

Эй, ак койлор сук болуп көнбөгүлө
Тал чөптү да талашпай тең бөлгүлө.
Субайыңар суукка моюн бербей
Кош бойлууңар короодон жем жегиле.

Эй, ак койлор, алкыш айт эл, жериңе,
Москвада сөз болду сен жөнүндө
Он биринчи беш жылдык келген кези
Коло медаль – байгени бербегиле.

Ээй, ак койлор Көк-Жайык, тиги белден
Зоо жаңырсын маараган үнүңөрдөн.
Түрлүү кийим кийишсин дүйнө калкы
Жылуу, жумшак жибектей жүнүңөрдөн.

Сарайыңар тап-таза, бөлмөсү кең
Бир козу да жөткүрбөйт өңгөчүнөн

Төйтөйүшүп ымыркай балдар жаткан
Төрөт үйдөн бул жайдын эмнеси кем?!

Кааласаңар, чабандын чөбү даяр,
Кааласаңар, чабандын жеми даяр.
Азык-түлүк жетишет баарыңарга
Мал доктор да жетишет укол саяр

Эй, ак койлор, аткан таң менен бирге
Аппак болуп жайытка жөнөгүлө.
Көк өтөктө жайнаган жумурткадай
Көп миллион баш болуп көбөйгүлө!

Урматтап баатыр чабан, Партияны,
Урматтап улуу Мекен – турак жайды
Ураалап, удаа мааран! Жашасын! – деп
Чапкыла шатырата кулактарды.

## САЗАН УЙЛАРГА КААЛОО

Салам айтам саан уйлар баарыңа
Ыр окуйм – деп келип калдым жаныңа.
Жакшы болсо кулактарды кунт коюп,
Жаман болсо мөөрөгүлө жабыла.

Уккун уйлар, эмчектерин аймалап
Энекемдин сүтүн ичкем бир жылдай.
Сен байыбас экинчи энем окшойсуң
Сенин сүтүң ичип келем тындырбай.

Согуш жылдар, ачарчылык кезинде
Ач-арыкка, мага окшогон жетимге,
Айран берип, каймак берип, күч берип
Бир айылды бүт бакканың эсимде.

Баркың билет, даңкың билет эл сенин,
Май көлүсүң, сүт көлүсүң өлкөнүн.
Ак кар кышта, жаз, жай, күздө түгөнбөйт
Агып бүтпөс ак булак бейм эмчегиң...

Сарала-Саз, Сары-Тектирге алпарып,
Сени жүргөм далай жолу кайтарып.
Сени көрсөм чоң энемди көргөнсүйм
Ал киши да сендей басчу майпайып.

Ошол менин майпаң баскан энекем
Мээрими да, пейили да көл экен.
Ошол менин кең пейилдүү энемдей
Аша берсин, таша берсин берекең.

Жандай көргөн музоо менен букаңар
Жакшы жашап, жакшы жүрөт бүт алар.
Алар менен көрүшүүчү кез келет,
Аларды ойлоп болбогула кусадар.

Он биринчи беш жылдыктын айылына
Келип калдык, кең пейилди салгыла.
Ата-Журтту майга, сүткө карк кылып
Агып бүтпөс булак бойдон калгыла!

## ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНДАГЫ КААЛОО

Кулпунган гүлдөй төрдөгү
Кутмандуу тойдун ээлери,
Кубанчым батпай койнума
Кудуңдап келдим көргөнү.

Кашкайган кайнар булактай
Каалоону уккун мендеги.

Күйүшүп бири бириңе
Күн болуп күндө тийгиле.

Адашпай, бири бириңе
Ай болуп түндө жүргүлө.
Эгиз гүл болуп соолбогон
Эл менен өмүр сүргүлө.

Көрктөнтүп асман, таңды да
Кош Чолпон болуп жангыла.
Махабат кошту силерди
Баркына жетип алгыла.

Биригип кээде бүтүндөй
Бир чолпон боло калгыла.
Эл өсүп жатат күү менен
Батышат баары, дүйнө кең.

Бул кезде тоолук кыргыздан
Билимдүү чыкты миңдеген.
Биригип бала-чакаңар
Бир колхоз болсун гүлдөгөн.

Ак карлуу музду капшырып,
Аяздуу жерди жаз кылып,
Абасын атыр жыттантып,
Аптаптуу чөлдү бак кылып,

**УУЛУМА**

Уулум,
Жыл сайын арбып кадамың,
Жыйырмага жаңы карадың.
Аз-аздап билип калдың го
Адамдын жакшы-жаманын...

Акылдуу бол, сылык бол
Пайдага чечилет баары анын.
Телевизор көр, спортту сүй,
Бирок китепти көп карагын.

Журналист болом деп жүрөсүң,
Орундалсын талабың.
Атаңдын иши бүтпөй калбас,
Алаксыбай көп мага
Апаңдын ишине жарагын...

Көпкөн балдарды көрүп жүрөм,
Көбүнөн токтоо мүнөзүң,
Көп ойлонуп, аз күлөсүң.
Акылың жетсе ар ишке
Көктө шумкар,
Жерде тулпар минесиң...

Заманың жыргал замана
Таттырган таалай ширесин.
Тарбиясын талыкпай ал
Тузун татып, нанын жеп
Тууруна түнөп жүрөсүң.

Окууңду жакшы оку
Ойлонуп сөзүмдүн жүйөөсүн.
Келиндүү кылууга шашылба,
Кимисине кандай күйөсүң,
Кимисин кандай сүйөсүң...

Ар улутта кыздар -көп,
Ал жагын балам бил өзүң.
Уулум,
Ар кандай шартта,
Мекениң

Талап кылган чакта
Жумуштун жеңилин желкелеп
Оорунан качпа.

Тайраңдаган балдарды туурап,
Тамеки тартпа.
Жолобогун эч качан
Жоболоңдуу маска.
Ушул сөзүмдү
Жадыбалдай жатта.

«Ак молдо» атаңды далай сүйрөгөн
Алга эмес, артка.
Андыктан
Акындык жагымды тартсаң тарт,
Араккечтик жагымды тартпа.
Айланайын кулунум
Айтаарым жок башка.

## АКЫН ДОСУМА

Кыргызым, деп айтаар элең,
Казагым, деп айткандай.
Кыргыз даамын татаар элең,
Казак даамын таткандай.

Кыргыз үйдө жатаар элең,
Казак үйдө жаткандай.
Фрунзени сүйөөр элең,
Алма-Атаны сүйгөндөй.

Көчөсүндө жүрөөр элең,
Өз көчөңдө жүргөндөй.

Акын досум амансыңбы,
Неге кеттиң бир келбей?

Таарындыңбы, айтчы мага
Сен агасың, мен ини.
Кыргыз кыздар кокус сага,
Буурул чачсың дедиби?

Кымыз бербей суусаттыбы,
Кызыл көйнөк келини?
Казак кайсы, кыргыз кайсы,
Эгиз өскөн улут да...

Жууркан кылып жашап келген,
Оронушуп булутка.
Эгиз элдин уулу болсоң,
Экөөнү тең унутпа!

Мен эсенмин. Бирге жүргөн,
«Ак сулуудан» айрылгам.
Махабаты терең экен,
Терең жерди жай кылган.

Аз-аз жерден чөгө жаздап,
Аман калды Байдылдаң.
Сагындым го, сагынттың го,
Сагынсын деп атайын...

Саламатпы, дени сакпы,
Баардык бала-чакаңын?
Кайда жүрсөң аман жүргүн,
Кыргыз мурун казагым.

## КАРЫНДАШЫМ, КАЙГЫРБА

**(Мариям Буларкиевага)**

Карегиңе ачуу жашты алпарып,
Карындашым, кайгырбачы анчалык.
Ээрчип жүргөн эки жашар эрмегиң
Келбейт эми, кейисең да канчалык.

Талбас канат, татынакай көпөлөк
Кантип эле… неге мынча тез өлөт?!
Жок ишенбейм, айланчыктап үйүңдү
Ал ар дайым учуп жүрөт көкөлөп.

Жамгыр кылбай, жашыңды тый коротпой
Кабырылбай, кайраттуу бол болоттой.
Кээде келип ойноп жүрсүн сен жокто
Оюнчугун ордуна кой жоготпой.

Жакпайт мага жаш аялдын кейиши,
Садагасы сага айтаарым эмики:
Гүл аралап, Күндү карап жылмайган
Эки жашар кыздын баары сеники.

## ИНИМ КУРБАНБАЙГА

Тилектеш акын иним Курбанбайым,
Түбөлүк жолуң болсун ырдан дайым.
Жалындуу лирикаңа көшүй берсин,
Жалпак-Таш, жалпы Куршаб турган жайың.

Ырың бар ыкчам аттын жүрүшүндөй,
Жарк этет жароокердин күлүшүндөй.

Өргө чап, өз эл тургай өзгө элге жак,
Өзгөндүн өзүң жеген күрүчүндөй.

Жашайлык жалпы акындар эсен болуп,
Турбайлы бир орунда бечел болуп.
Тоолуктун торгой учкан асманынан,
Токтолбой ыр төгөлү нөшөр болуп.

Өмүргө өлүм тураар каскак болуп,
Жашайлы жакшы ырлардай жап-жаш болуп.
Баарыбыз олтураарбыз да бир кезде
Баягы бир шиңгилден таштап коюп.

Санаалаш акын иним Курбанбайым,
Сапарың жолдош күтсүн ырдан дайым.
Шаңшыткан саяпкериң Компартия,
Замандын жазгын эрдик, жыргалдарын.

## ЭСЕН БОЛ

Көп кыздын арасында өзүң гана,
Көктөгү жанып турган Чолпон элең.
Кокустан кир жугузуп аламбы деп,
Колумду тийгизгенден коркоор элем.

Көп кыздын арасында балбал жанып,
Көздөрүң жарык чачкан жакут эле.
Агай деп акак тишиң жаркыратып,
Мен үчүн бир жылмаюуң бакыт эле.

Сүйчү элем мөлтүр булак сезим менен,
Сезимди сездирбедим көзүм менен.
Тили жок махабатым ичте калды,
Дүйнөдө ким бар дейсиң өкүнбөгөн...

Жаш кезде кимдер гана жаңылбасын...
Жанымда жок болсоң да жанымдасың...
Эңсесем эми сени көрмөк кайда,
Эсен бол кайда жүрсөң карындашым.

## КИНОГО КЕТИП БАРАТАМ

Жигерлүү жигит кезимде,
Чокудан чыктым чокуга.
Чокуга мени чыгарган,
Жаштыктын жалын оту да.

Жигерлүү жигит кезимде,
Түшүмдө жүрдүм куш кармап.
Өбөктөй түшүп ыкташып,
Өңүмдө жүрдүм кыз жандап.

Эңсесем эми чыга албайм,
Чокулар калды бийикте.
Жаштык кез өттү жалт берип,
Бай кылып таттуу үмүткө.

Түшүмдө эми куш эмес,
Карга да калдым кармабай.
Өңүмдө эми кыз эмес,
Келин да калдым жандабай.

Бакытым жалгыз өзүң деп,
Башкага көңүл байлабай,
Киного кетип баратам,
Кемпирчем менен жайма-жай.

## ЧОРДОНУ БОЛДУ АКЫРКЫ

Сүйүүнүн башы «сиз» делип
«Сен» менен бүтөт аягы...
«Сиз» деген сөзүң баягы
Бул кезде үй-жай күттүрүп,
Бир керекке жарады.

Көбүрүп кайра басылчу
«Сен» деген сөзүң азыркы
Күйгөнүң дагы билгизип,
Сүйгөнүң дагы билгизип,
Кемтикти жаап жашырчу
Кошулган эки жүрөктүн
Чордону болду акыркы.

## САРЫ-ЧЕЛЕКТИК СЕЛКИГЕ

Көрктүүсү көлдүн Сары-Челек
Көркүнө анын бар себеп...
Сүрөтү жатат тоолордун
Сүрөтчү мурда тарта элек.

Күндүзү күлүп күн түшсө
Түнкүсүн болот Ай седеп.
Седепке селки кызыксаң
Сен үчүн байкең алперет.

Үстүбүз деле көк асман,
Астыбыз деле көк асман.
Кылтылдап кайык терметсе,
Кыялга баттың сен аздан.

Кырк жаштын теңин кыскартып,
Кызыгып мен да келаткам.
Кылгырып төмөн карадың
Кыйышпас болсок деп айтсам.

Оюңду он сан бөлдүрүп,
Олтурдуң көпкө телмирип.
Саамайың сылайт кайталап,
Салкын төр жактан жел жүрүп.

Жүрөгүң көнбөй жатканын
Жүзүңдөн турдум мен билип.
Теңтушу анын башка деп,
Термелип жатты көл күлүп.

Башкадан болсун аңгеме,
Башы жок кандай жан дебе...
Картаят баары өмүрдө
Картайбайт сүйүү ал неге...

Капыстан эрип кетипмин,
Качанкы курчтук бар беле...
Аккууну көрсө кызыгаар
Алтымыш ашкан чал деле...

Жүргөнүң көркөм Сары-Челек
Жүзүңө нурун Ай себет.
Ойлойсуң көпкө ойлойсуң
Ошого жолтоо кай себеп?

Жаш кезде биз да карындаш
Жакшы эле дүрт деп жанчу элек.
Жок дегенде бир жолу
Жоодурап койчу байке деп.

## КЕТПЕСЕ ЭКЕН БӨЛӨККӨ

Сылык деген көп кыздардан уяттуу,
Сының сыпаа, күлкүң күмүш булактуу.
Көргөн жандын көз кумарын кандырган,
Сен элең го көлдө сүзгөн бир ак куу...

Таарынышкан күндү ойлосом андагы,
Баш айланып, маңдайымдан чыгат буу.
Эми сенин өппөймүн го бетиңден,
Өз бетимди өбө албаган сыяктуу.

Эми сенин жүрбөймүн го жаныңда,
Эстесем да, эңсесем да мен эчен.
Кайда жүрсөм караан болуп жанымда,
Калды жалгыз, калды өзүмдүн көлөкөм.

Ачуу таркап, ашып-ташса сагыныч,
А мүмкүн биз жолугаарбыз кайрадан.
Тагдыр мүмкүн бизди бирге сүздүрөөр,
Түбөлүккө турмуш деген дайрадан.

Бир болушуп биздин тааныш көлөкө,
Мурдагыдай басаар бекен эми экөө?
Мүмкүн басаар, бирок биздин кош жүрөк,
Бүт берилип кетпесе экен бөлөккө.

## АКЫҢ ЖОК ЭРТЕ КАРУУГА

Элестеп жоодур көзүңдү
Эстеймин жылгын кезиңди.
Байырлап турбай жаштык кез
Бат эле өтөт шекилдүү...

Улгайдың сен да, мен дагы
Болбойбуз сен да, мен жаңы
Эпейген гана эрмегим
Эми өзүм менен тең кары.

Ак үйдө жанган шамы бир
Азыр да жашбыз, аны бил.
Андагы кездей жылмайып
«Агай» – деп койчу дагы бир.

Өзөнгө тиккен багы бир
Өмүрлөш жанбыз, аны бил.
Өбүшүп бүттүк дебестен
Оозуңду тосчу дагы бир.

Колтуктап бассаң жанымда
Көркү бар экен анын да...
Апча эле токтоо болбочу
Акың жок эрте каруруга.

## ҮЧ ЭСЕ ЫРЫС БОЛОГӨР

Кыз – десем кызды төрөдүң,
Уул – десем уулду төрөдүң.
Эр сөзүн эки кылбаган
Элпеги белең эненин...

Урушпас адам болобу
Унчукпай жүргөн эгерим,
Укуйсуң кээде санымды
Тентеги белең эненин...

«Жакшы аял жарым ырыс» – деп
Калыптыр макал эскиден...

Не керек мага жарымы
Мен сени бүтүн – деп жүрөм.

Мактасам сени бүтүн – деп
Манчыркап кетпей коё гөр.
Балдарга, үйгө, мага да
Үч эсе ырыс боло гөр.

## СҮЙҮҮ КАТЫ

Сүйөм сени сүйүүм менен наристе,
Сүйгүн сен да сүйүүң менен наристе.
Амалдуулук, ашкан куулук жарашпайт
Өмүрдөгү бир болуучу ак ишке.

Ээрчий басып көлөкөндөй бир жүрөм,
Сүйбөйм десең сени кантип сүйдүрөм.
Зордоп, мактап, соодалашып саткандай
Сүйүү эмес базардагы дүр килем.

Үшкүрүнүп үмүт кылган кез өтөөр,
Мен эмесмин сүйбөдү деп кекетээр.
Сенде айып жок, сени сүйгөн менде айып,
Жүрө-жүрө жүрөк чогу өзү өчөөр

## БИР КАКСЫН

Азилдеп кээде эркелеп,
Аюум, дейсиң Сен мени.
Аюулар балды сүйөт дейт,
Сен балым болсоң, кел бери...

Бул айткан сөзүң орунсуз...
Булбулум, дейсиң сен мени.

Булбулдар гүлдү сүйөт дейт,
Сен гүлүм болсоң, кел бери...

Бал болсоң бачым татайын,
Башымды сага катайын...
Махабат ташып жүрөктө,
Бактылуу болуп жашайын.

Гүл болсоң күндө жыттайын,
Күлкүңдөн башка укпайын.
Жайды жайлап, айды айлап,
Жаныңдан алыс чыкпайын.

Сен менен өмүр бир өтсүн,
Сен мага сүйүү – мүрөксүң.
Кай жерде жүрсөк бир каксын,
Кагышы эки жүрөктүн.

## СҮЙҮШКӨН ЖҮРӨКТӨР

«Сүйүүнүн көзү сокур» дейт,
Карыга, жашка карабас.
Калк айткан ушул макалдын,
Калпы да, чыны аралаш.

Каалаган жүрөк эрки да,
Ким кимди сүйсө акылуу.
Карыга чыкты жаш селки,
Өзүнөн отуз жаш улуу.

Өгөйлөп жүрдү кээ бирөө:
«Экөө эми кантип жашамак?»
Өйдө, ылдый жашка карабай,
Ортодо жанды махабат.

Бакытты бирге табышты,
Балалуу болуп алышты.
Ортодо ушак айткандар,
Ооз ачпай деле калышты.

Жылгындай кылып жүдөтпөй,
Жүрөктөн сүйгөн карт чалын.
Жыл өткөн сайын дем берип,
Жылытып жүрөт жаш жалын.

## ӨТКӨНДӨРДҮ ЭЛЕСТЕП

Ак төшүңө тийгизгенде төшүмдү,
Коомай айтып «койчу» деген сөзүңдү,
Карагаттай каректериң кылгырып,
Караар элең чала сүзүп көзүңдү.

Кош жүрөктөн учкун учуп, нур учуп,
Кош ээриндер бир жалындап, бир ысып.
Эркелешип, элжирешкен кездерди,
Эсиңдеби, же койдуңбу унутуп?

Бетиңде эми мезгил салган чыйыр бар,
Улгайдым деп улутунба сулуу жар…
Жаш кезиңдей жалындашып жүрбөйбү,
Биз эле эмес, бизден бир топ улуулар.

Жалын жаштык кетсе кетсин, мейличи
Келсе келсин карылыктын белгиси.
Оюбузда өткөндөрдү элестеп,
Он сегизге жаңы чыктык дейличи…

## ОЙЛОНУП КӨР

«Керт башыңды сүйөм» – депсиң жароокер,
Ырас сүйүү ортодогу данакер.
Атак, байлык колдун кири аның чын
Алтын баштан келип, кетип баары өтөөр.

Мейли дейлик баш кошушуп алалык,
Бирге жашап, бир төшөктөн жай алып,
Жатсак бирок жаткан сымал эки аял
Сен Түштүктү, мен Түндүктү каранып.

Унутулуп «сүйөм» деген сөздөрүң,
Улутунуп муңга толуп көздөрүң.
Кемчил го деп эркек күткөн сапаттан,
Кетээриң чын колун кармап өзгөнүн.

Мейли дейлик, баш кошушуп туралык,
Бизди кошкон кош жүрөккө кубанып.
Бирок үй жок, үйгө жыйган мүлктөн жок
Ачка калсак ал-күч кетип кубарып.

Капа болуп, карыш түшүп кабагың,
Кандай эркек... багалбайт деп аялын.
Улуп-уңшуп ыйлаарың чын жан эркем
Ушубу деп урмат кылган адамым.

Өз ичиңден өз оюңду бекемдеп,
Келесоого келген экем бекер деп.
Жашың төгүп төркүнүңө жөнөөрсүң
Жалаң сүйүү жашоо болбойт экен деп.

Жар болоордо жан-каныбыз бир дешип,
Келечекти кененирээк сүйлөшүп.

Адегенде акыл-эсти текшерип,
Кошулсак бейм жети өлчөп бир кесип.

## ЭМНЕ БОЛДУ ЭКЕН

Бойдок кезде жигит жакшы, кыз жакшы,
Эзилишип бири-бирине ыкташчу.
Жылдызым деп, жыргалым деп жалбарып,
Жигит кызды алдына алып уктатчу.

Акылдашып, келечектен кеп козгоп,
Айлуу түндө айкалышып басчу эле.
Кыз жигитти кыялдантып кай бирде:
Берекем деп, көлөкөм ден айтчу эле.

Үйлөнүштү мезгил келип самаган,
Той үстүндө куттукташты ар адам.
Бирок билбейм, кимисинде күнөө көп,
Ажырашты алты ай өтпөй арадан.

«Өтө кызыл бат оңот» дейт кыргызда,
Өтө сүйүү бат сууйбу турмушта?
Айтор билбейм, кандай шайтан азгырды,
Айраң таңмын ажырашкан уул-кызга.

## БАШКАРМАНЫН АЯЛЫ

Иштен келип башкарманын аялы
Үтүрөңдөп күйөөсүнө карады:
Окшуй берип ашказаным ооруду
Ушундай да жаман ишти табабы...

– Эмне болду?
– Келбей жатат иштегим,

Тозок экен тамекини тизгениң...
– Оңой эле...
– Оңой болбой курусун
Мен жыттанбай, ал жыттанды бүт жерим.

– Сaaнчы бол.
– Сааганыңды билемби,
Мүйүзүнө же челдирип ийемби...
– Коркпо, жаным.
– Көбү менен жөөлөшүп
Сасык мурун уй жыттанып жүрөмбү!..

– Сакманчы бол
– Үйгө келбей калам да?
– Барып турам.
– Токол болбойм чабанга!
Кой күзөтүп, кара нөшөр куйганда
Чалчык кечкен уй саагандан жаман да!

– Сугатчы бол.
– Билбейм сууну жайганды.
– Көнөсүң да.
– Кетирбечи айламды!
Балчыгына батып калсам белчемден
Ким тургузуп, бермек эле жардамды?

– Чыныңды айтчы?
– Мага жакпайт бүт кесип.
Олтургум бар очок менен тиктешип.
– Андай болбойт, эрте барып, кеч кайтып
Үлгү көрсөт эл менен бир иштешип.
Күйөөсүнүн айтаар оюн бүт билип,
Бүт билсе да бир азыраак ич күйүп,
Аяш жүрөт тамекини тизмектеп
Анда-санда «Апчиху» – деп чүчкүрүп.

## БИЛЕМИН ДЕСЕҢ

Экөө тең эркин жүрүшкөн
Жаратылыштын балдары...
Булбулдун үнүн мукам – деп
Каркылдак, дейбиз карганы.

Кол башындай боз чымчык
Барктуу ал элдин баарына.
А мүмкүн карга сезилээр
Өзүнүн булбулдарына.

Калдагай канат кара куш
Барксыз ал элдин баарына
А мүмкүн булбул сезилээр
Өзүнүн каргаларына.

Билемин – десең аныгын
Жолугуп калсаң кайрадан,
Булбулду сура булбулдан,
Карганы сура каргадан.

## КЕТ, АЖАЛ

Байлык баскан өрүшүн,
Мекен үчүн, эл үчүн,
Партиянын максатын,
Улуу эмгектин жеңишин,
Жашыбыз да карыбыз
Жазып жаткан чагыбыз.

Убакыт жок өлүүгө
Узак жашайт жаныбыз.
Биз кишиң эмес өч алаар,

Бизден оолак кет, ажал!
Баркы тоого барабар
Баш-көз болгон агалар.

Бара жатат картайып
Көп жашасын дагы алар.
Ач күсөндөй сүр менен
«Айдаймын» – деп алдыма
Аксакалы акындын
Аалы атаны аңдыба.

Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!
Туш келтирсем жыгам – деп
Турпат, күчкө чиренбе.
Туңгуч жазган роман...
Түгөлбайды имербе.

Ал кишиң эмес өч алаар,
Андан оолак кет, ажал!
Терезесин тырс уруп
Тентектенип жүрбөгүн.
Тетик көңүл, чоң акын
Темиркулга тийбегин.
Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!
Аламын – деп ойлобо
Абдрасул акынды.
Дунган мүнөз, курч акын
Жулуп алат башыңды.

Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!
Суу чайпалбас боз жорго
Сүйүнбайга эч тийбе!

Көрүп алып көлөмүн
«Бир сугунам» – деп жүрбө.

Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!
Чыгалбай жүрөт көп адам
Чыксынчы жашы бир жүзгө...
Чыгарма жазган дүйнөлүк
Чынгызга жөтөл тийгизбе.

Ал кишиң эмес өч алаар
Андан оолак кет, ажал!
Жаш балдар сүйөт Мусаны,
Жабыла тосуп бүт аны.
Балдар деп күн-түн ыр жазып,
Бакытка толду кучагы.

Ал кишиң эмес өч алаар,
Андан оолак кет ажал!
Жакшы ырга биздин тоолор бай,
Жаңырык үнгө зоолор бай.
Тоо, зоо деп толкуп ыр жазган,
Тоо жандуу акын Сооронбай.

Ал кишиң эмес өч алаар,
Андан оолак кет ажал!
Эңсешкен кезде бир жүрөөр,
Ээрчишкен эже-сиңдилер.
Тенти эже менен Майрашка,
Тентектик кылган бирди жээр...

Акың жок сенин өч алаар,
Алардан оолак кет ажал!
Баардыгы баркы, аты улуу,
Баардыгы элдин акыны.

Баардыгы элдик жазуучу,
Баардыгы элдин жакыны.

Баскынчың эмес өч алаар,
Баарынан оолак кет ажал!
Бир ооруп, бирде соо болуп,
Соо болгон кезде ойлонуп.
Мен дагы жүрөм ыр жазып,
Толкумуш болуп толгонуп.

Мен кишиң эмес өч алаар,
Менден да оолак кет ажал!
Бир топ сенде сурак бар,
Бирок бизде убак тар…
Жогол бачым жолго түш,
Келе жатат врачтар!

## БИЙИКТИК

Кандидат биздин Чортонбек,
Кандидаттыктан кол сермеп…
Ойлонуп жүргөн кезеги,
Олчойгон доктор болсом деп.
Коркпостон баскан кайберен,
Кожожаш жүрчү жай белем,
Үй алды тогуз кабаттан,
Коштошуп жапыз там менен.

Үй жактан көөнү жайланды,
Бөлмөсүн көрүп таң калды.
Балконго чыгып Чокемдин,
Башы да бир топ айланды.

Жайыбыз бийик аска деп,
Жаркылдап жары айтса кеп.

Билдирди Чокем өз оюн,
Бийигим менин башка деп.

Чыгат го башка бийикке,
Чын дили менен камданып.
А бирок башы ал жерден,
Кетпесе болду айланып...

## ГӨР ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨШҮҮ

Бир чал минтет: жер жамандап барбасын
Жекшен сараң, жеткен катуу неме эле.
Гөрүн казса какыраган таш чыкты
Гөр казгандар чарчап бүттү эң эле.

Өлгөн өлдү аны кантип кордойлу,
Бирок, бир сөз, муну унутуп койбойлу –
Тирүүсүндө пейли катуу кишинин
Жок дегенде гөрү жумшак болбойбу...

Анда бир чал тамашалайт курбусун:
Сен да сараң... таш чыгат го гөрүңдөн.
Курбусу айтат: куржунуңду ала бар
Таштан катуу алмаз чыгат гөрүмдөн.

## АЙТЧУ БОЛДУМ

Жаш кезиңде айтчу элем,
Жаным бирге гүлүм деп.
Гүл сыяктуу сен дагы,
Жайнаар элең күлүңдөп.

Эми элүүгө чыгаарда,
Сени кантип гүл деймин.

Кемпир десем кейийсиң,
Не кылаарым билбеймин...

Алма, өрүгүм деп айтсам,
Ал ийри деп келесиң.
Шашпай туруп ойлобой,
Шагын ийген мөмөсүн.

Теңештирсем жүзүмгө,
Теригесиң касташып.
Алгың бар ээ мени деп,
Кышта көөмп, жазда ачып.

Ак куум деп айтчу элем,
Өтүп кетти ал чагың.
Казым десем капасың,
Карап алып майпаңын.

Жүрсө кооз көрүнөт
Дайым сүзүп сууда эле.
А болбосо казга окшоп,
Майпаң басат куу деле.

Кокуй аял окшойсуң,
Койгон атты жериген.
Апасы деп балдардын,
Айтчу болдум эми мен.

## МАХАБАТ УЮЛДАРЫ

Үмүтү, ою орундап,
Үйлөндү экөө сүйүшүп,
Дем алса бирдей дем алып,
Күлүшсө бирдей күлүшүп.

Күйөөсү айтты зайбына:
Махабат кымбат чынында.
Секетим барам, жиберсең,
Сен үчүн Түндүк уюлга.

Зайыбы айтты эрине:
Махабат ысык чынында.
Берекем барам, жиберсең,
Мен деле Түштүк уюлга.

Жыл өтүп, болду балалуу,
Жыйылып ырыс, ынтымак.
Жакшылык үйдү байырлап,
Жамандык качты чыркырап.

Махабат кымбат чынында,
Бала да кымбат чынында.
Эмгиче жүрөт бара албай,
Экөө тең эки уюлга.

## КЕТПЕСЕ ЭКЕН ЖАҢЫЛЫП

Шахматтын королевасы,
Королу үчүн кам уруп.
Качырып келген душмандан,
Королун коргойт чамынып.
Мерт болсом мейли,– деп турат
Королум үчүн чабылып.
Абыштын Алымканы да,
Абышы үчүн кам уруп.

Ар кандай ушак-айыңдан,
Абышын коргойт чамынып.
Келаткан кенен жолунан,
Кетпесе болду жаңылып…

## ЭРКЕ КЫЗ

Жаныбектин жалгыз эрке кызы бар,
Кээде токтоо, кээде тентек, кызык ал.
Же окуудан же кинодон кеч келсе,
Адаты бар жалган айтып кутулаар...

Кээде үйүнөн чыгып саат жетиде,
Кайра кайтат түнкү саат экиде.
Ата-энеси акыйышып олтурат,
Ар нерселер элестелип көзүнө.

Алар ойлойт: жигит ала качтыбы,
Кырсык болуп, же машина бастыбы.
Кызды көрсө кызып алган хулиган,
Бычак сайып, же торойто чаптыбы?

Орой айтсаң, оё чабаар төбөңдү,
Эрке кыздын жигити да көбөйдү.
Бул эмнеси... чыкпай жатып жыйырмага,
Билбей барат уят-сыйыт дегенди.

Азыр кетти жигит жандап чечиреп,
Анан дагы түн оогончо кечигет.
Ата-энени санааркатпай, саргайтпай,
Тийчүсүнө тийгей эле тезирээк.

## ЧАЛДЫН АЯЛЫНА

Баа бербей жаштык чагыңа,
Ээ болуп байлык, малыңа.
Дүйнөдөн жыргап өтөм деп,
Тиерин тийдиң чалыңа...

Ооруса кээде абышкаң,
Өң-түсүн байкап, калып таң,
Ооз учуң менен айтасың:
«Оңолсоң жаным, айыксаң».

Ойношуң келсе үйүңө,
От болуп көзүң чачырап.
Ооруган чалга угузбай,
«Өлсө кен,– дейсиң,– батыраак».

Имерип келсе шум ажал,
Иргебейт жашты, карыны.
Өзүңдү билбейм... жүз жашка,
Чыгаргай эле чалыңы.

## АШ ЖАНА ЭСТЕЛИК

Баасы, баркы жагынан,
Бээ чоңбу же төө чоңбу?
Эркебай энесинин ашына,
Эки кой, эки бээ сойду.

Андан ашып түшөм деп,
Аркабай атасынын ашына,
Алты кой, эки төө сойду.
Бул өзү соңжарышпы.
Же куру намыспы?

А мүмкүн
Байлыгы жактан жарышты.
Келген элге
Керектүүлөрүн камдап,
Арактарын агызды.

Стакандар кагышты.
Келген эл бээнин этинен,
Төөнүн эти супсак деп,
Күбүрөшүп калышты.

Ошентип эки «чоң жетим»
Меймандарга берээрин берип,
Алаарын алышты.
Эми, аш жагын мындай таштайлы,
Эне, атанын
Эстелигинен баштайлы:

Бирөөнүкү
Кирпич аралашкан таштанбы...
Бирөөнүкү
Топурагы томпоёт
Мурунку бойдон жатканбы...

Үстүндө жайнаган из,
Улак басканбы,
Музоо басканбы...
Акырында сөзүмдү
Айткым келет калыска:
Элде Эркебай,
Аркабайлар дале бар.

Алдырган куру намыска.
Арадан кеткендерди,
Ардактап ойго алышса,
Айланта коргон салышса.
Аш берүү жактан жарышпай,
Эстелик жактан жарышса.

## БИР АКЫНГА

*(Азил)*

Анык, калпын ким билсин,
Аз жашайт дейт жакшы акын.
Алыкул отуз төртүндө,
Аткарып келип максатын.

Аргасыз дарттын айынан,
Ажалга сунду жаш башын,
Ал кезиңден өтүң го,
Азыр сен элүү жаштасың.

Өлөм деп коркпой эле кой,
Өмүрүң врач сактасын.
Жаманы көпкө жашайт дейт,
Жаңылтып чала жоргосун.

Жаш өткөн сайын чыйрак бол,
Жабыгуу сенде болбосун.
Жалпы элге жагаар чыгарма,
Жазсамбы деген ойдосуң.

Жаңылып кеткен жериңди,
Жакшы окурман оңдосун.
Жаман да болсоң, аман бол,
Жаныңды врач колдосун.

## БАШ ЖӨНҮНДӨ

Адамдарда кичине баш, чоң баш бар.
Кээде айтышат акылдуу – деп чоң баштар.

Андай болсо алыс кетпей мисалга
Бирге жүргөн биздин эле Молдошту ал.

Бир шаар эмес эки шаарды кыдырып
Дүкөндөрдөн дүкөндөргө бурулуп,
Тумак таптык 64 өлчөмдүү
Келдесине араң батты сыйылып.

Бассак, турсак байкоо салып көп ирет
Сынап көрсөк, өлчөп көрсөк көбүрөөк.
Акыл жактан кичине баш Адылга
Биздин Молдош аптеш эле көрүнөт.

Баалабасак баштын кичик, чоңунан
Баалай билсек максатынан, оюнан.
Акылдуу бейм Мекен үчүн, эл үчүн
Пайдалуу иш келген киши колунан.

## УУ ТИЛДҮҮ ЖАНА БАЛ ТИЛДҮҮ

Адамдан чыгат ар түрлүү
Уу тилдүү жана бал тилдүү
Ал экөө жүрөт арада
Арбашып коюп ар кимди.

Уу тилдин уусу не керек
Дарылык жагы болбосо.
Бал тилдин балы не керек
Башыңа акыл конбосо.

Бал тилдүү менен уу тилдүү
«Макул» – деп сөзгө келишсе,
Уу, балын бир-бирине
Урматташып беришсе.

Ашык жеп ачуу, таттуудан
Аябай кыйноо көрүшсө,
«Аксарыбашыл» дээр элем
Андан соң экөө өлүшсө.

## СЕЛСАЯК ЖИГИТ

Жаш кезин жаштыгындай пайдаланбай,
Жалынын жалп өчүрүп, кайра жанбай.
Түтүндөй түтөп быкшып кээ бир жигит
Туулган айылына кайра барбай.

Орчундуу окуудан жок, кызматтан жок
Өйдө, ылдый, өзүн-өзү кармай албай,
Шаарда басып жүрөт «конок» болуп,
Шаарга кышта келген каргалардай.

## ЖОЛДОШБЕК

«Кемпирим өлдү, кейидим,
Керт башым жүрсө болбос» – деп,
Отуз жаш кичүү өзүнөн,
Оңолду алды Жолдошбек.

Жаш жигиттей кырчылдап,
Жайдары күлүп шыңкылдап,
Атайдын «Гүлүн» ар убак,
Ырдоочу болду зыңкылдап.

Карыган сайын Жокеңдин,
Каргаша жолун тороду.
Кез-кезде кокус жумуштан,
Кечигип келсе Оңолу.

Оңбогур кайда жүрдүң деп,
Оюңду толук билдим деп.
Картаңсынтып, кемсинтип,
Кай жигитти сүйдүң деп,
Кебине бербей кезекти
Кекеткен сайын кекетти.

Атайдын «Гүлүн» ырдаган,
Алгачкы жыргал кез өттү.
Кайсы эле менин айыбым...
Карысы жугуп карынын,
Жаман тил угуп, жабыгып,
Жашабай жатып карыдым.

Кайрылбайм сага мен эми,
Эрдин жок мага кереги.
Деди да Оңол орондоп,
Төркүнүн көздөй жөнөдү.
Ойлонуп көрсөм тереңдеп,
«Тең-теңи менен» деген кеп.

Туптуура чындык турбайбы,
Түшүнгөн эмес белем деп.
Моюнуна алып Жолдошбек,
Кетирген ката, айыбын.
Мүрзөсүн карап үшкүрөт,
Мурунку алган жарынын...

## АКСАКАЛДЫН ТААРЫНЫЧЫ

Ээ балам, сурасын абаң:
Эмдики жаштардын
Эркек, кызын билесиңби,
Айтып берчи маган?

– Аксакал, билем...
– А мен биле албай жүрөм.
Бирдеме сурагым келсе,
Мурун мурутун карап,
Үнүнө кулагым түрөм.

– Эмнеликтен?
– Баягыда шаарга барып,
Бараар үйүмдү таппай калып,
Кызым! – деп коюп бирөөнү,
Тумшукка жегем.

Көмөлөтө бир койду,
Көлтөйгөн муштуму менен.
Көрсө эркек экен,
Кыз деген немем.

Ошондон кийин узун чач көрсөм,
Мейли, деп, өлсөм,
Тумчуксам деле тутамдап,
Тумшук, оозумду баса берем.
Айрым жаштарда жок көрүнөт,
Ызат деген, уят деген.

## ОЙЛОЙ БЕРЕМ

Көп жыл өткөн, күйөөсү өлгөн Гүлайдын,
Эстей берет, эркин жатып уктабай.
Кантип гана чыдап жүрөт болду экен,
Карып барат эркек жытын жыттабай.

Биздин Майраш биринчи эрден кол үзүп,
Эркектерге көтөрүлүп баркы улам.
Укмуш экен, үч-төрт жылдын ичинде,
Узак турбай, тийип-чыкты алтыдан.

Гүлай айтат: өлгөн жарым Өкүмбек,
Өмүрдөгү биринчим да, акыркым.
Майраш айтат: жеткиремин жетиге,
Кана, кимиң мени алууга баатырсың?!

Ойлой берем, кыйын го деп өзүнчө,
Жалгыз жатып жаш өмүрүн өткөргөн.
Ойлой берем тыйын го деп өзүмчө,
Эрди тандап, эркектерди көп көргөн.

## КЕКЭЭРЛЕШИП СҮЙЛӨШҮҮ

– Ээ кайран дос, эмне мынча арыксың?
– Ичимде чоң илдетим бар, арыкмын.
– Арык эттен самын жасайт дечү эле,
Сен да досум, самын болгон калыпсың.

– Самын болсом, анда ишиңе жарадым,
Азыр эле көбүргөнү барамын.
Чыгаар элем чын «бейиштин» өзүнө,
Мени менен бетин жууса аялың...

– Оо кайран дос, терс сүйлөйт деп түшүнбө,
Он жөтөлдүн он мүнөттүн ичинде.
Чылымды эмне көп тартасың мынчалык,
Адам элең айланыпсың түтүнгө.

– Түтүн болсом жарадым го керекке,
Түрлүү жерде пайдасы бар анын да.
Аялыңа чымын, чиркей жолотпой,
Тураар элем түтөп коюп жанында...

– Сындап койсо теригесиң телпейип,
Кутурмаксың курсак күтсөң менчелик...

– Анда экөөбүз айрылышпай жүрмөкпүз,
Этке төкчүү өгүздөрдөй көлтөйүп.

– Койдум досум, кокуй сага теңелбейм.
– Койсоң койгун, теңелбейт деп, мен өлбөйм.

## ЧЫЛЫМЧЫ ЧҮҢКҮР

***(Какшык)***

Биздин Чүңкүр чылым жакка сугалак,
Бир алганда он пачкасын бир алат.
Күндөп-түндөп тарта берет быкшытып,
Калбай калса башкалардан суранат.

Өпкөсүндө соруп жаткан курттарды,
Турса керек түтүн менен кубалап,
Өлтүрөт бейм түтүн менен дубалап.

## ЖАМАНБАЙ ЖАНА АНАРБАЙ

Илгери биздин айылда,
Токол тамдар көп эле.
Аз келгенсип анысы,
Токолдуу чалдар көп эле.

Өткөндө барсам айылга,
Токол там такыр калбаптыр.
Токолу бар чалдардын
Бир тобун ажал жалмаптыр.

Кетиптир баары өзгөрүп,
Чатырлуу тамдар көрктөнүп.

Бир кезде көпкөн абышка,
Бир кемпир менен чектелип.

Жаш жигит экен Анарбай,
Кыздарга жөндөп жагалбай.
Аялымды кетирип,
Жүрөм,– дейт,– аял алалбай.

Кемпири аксак Жаманбай,
Келинге даап баралбай.
Жүз жерге барып сандалып,
Жүрөм,– дейт,– токол таба албай.

Ойлору чыкпас оңунан,
Ошол чал менен жигиттин...
Арзан баа көрсө, мына эми
Аялдын баркын билишсин.

## АБЫШКА ТАҢГАЛАТ

Карылык капалыгын тереңдетип,
Кайратын, каруу-күчүн төмөндөтүп,
Абышка аргасыздан жалгыз калды,
Өзүнөн кемпирчеси мурун кетип...

Кээ бирде кейип-кепчип кемтигине:
Кетсем,– дейт,– мындан көрө жер түбүнө.
Отуз уул, отуз кызы болсо дагы,
Баары бир кайдан жетсин кемпирине.

Балдары кемпир алып беребиз деп,
Атамдын арман-муңун жеңебиз деп.
Айылдан айыл койбой жаңы энени,
Ар кимден сураштырып жөнөдү издеп.

Сүйлөшсө жооп берди бойдок Сайра:
Баралбайм мазасы жок бойдок чалга.
Атаңар жетимишти желкелептир,
Ал менин ойдогумдай болмок кайда...

Сүйлөшсө Сүргүнбайдын жесирине,
Берди жооп: бетке айткандын неси күнөө.
Экинчи жесир болуп жүрө албаймын,
Атаңар аз калыптыр кетүүсүнө...

Сүйлөшсө жесирине Картаңбайдын,
Ал айтты: жаш болсом да картаңдаймын.
Алжыган абышкага кемпир болуп,
Кирин жууп, ашык түйшүк тарта албаймын.

Сүйлөшсө кемпир айтты Бермет деген:
Койгула сөзүңөрдү эрмектеген.
Чалынып ычкырыма зорго жүрөм,
Чалга мен кызмат кылып бермек белем...

Ушинтип ушунча көп айылдагы,
Макул,– деп тийчү бирөө табылбады.
Кеп дебей келин, кызды жүргөн чагын,
Абышка ойлоп ичи жалындады.

Элестеп өз кемпири көздөрүнө,
Бир эмес миң кайрылып өткөнүнө.
Таңгалат тандап тапчу кемпирлердин,
Кыйды, куу, кымбат болуп кеткенине.

## МӨКӨЛӨЙ

Мурап болуп суу башында
Сууну бөлдүң кулактап.

Айлыгы аз деген өңдүү
Андан качтың сырактап.

Чабан болуп кой кайтардың,
Мурут, жакаң бубактап.
Түйшүгү көп деген өңдүү
Мындан качтың сырактап.

Курулушта үй да салдың
Кирпичтерин кынаптап.
Арбыбаган иш экен деп,
Андан качтың сырактап.

Уй да саадың халат кийип
Көл куусундай кылактап.
Аял болуп кетпейин деп
Мындан качтың сырактап.

Бардык жерде иштен качып,
Бардык элге жакпадың,
Баштагыңдай кебетең жок
Өскөн мурут, чачтарың.

Пальто да жок, тумак да жок
Батинкем да эски деп,
Титирейсиң азыр келип
Көйнөк жардам этчи деп.

Жалкоолугуң жандан ашкан,
Чала сага, Мөкөлөй!
Титирей түш, титирей түш,
Жаанга калган текедей.

## ОШОЛ ЖИГИТ

Көчөдөн көзү чалыр кара жигит,
Жакындап жардам бер дейт мага күлүп.
Жакшылап өзүн билдим, сөзүн билдим,
Жанымда жарым саатча ала жүрүп.

Ал айтат: жашоо жаман... сурабагын,
Окуудан өткөн жылы кулагамын.
Шаарда сандырактап жүрүп жатам,
Айылга барсам деймин, уяламын.

Атам жок, алтымыштан өткөн энем,
Аны да акмак болдум эстебеген.
Кызарып элдин бетин кантип карайм,
Кыз болсом эрге тийип кетмек элем.

Иштен жок, окуудан жок, кыйын учур,
Кардым ач, кайрылып кой тыйын-тыпыр.
Карактап өзүм деле алат элем,
Капыстан караңгыда келсең чукул.

Мен айттым: мойнуңа парз үйгө барыш,
Жаман го жаш жигитке жолдо калыш.
Акыры акмак болуп кетээриң чын,
Жетелеп жүрө берсе сокур намыс.

Бир паста булут туруп кабагына,
Ал кетти акырая карады да,
Кор болгон сага кайран жыйырма жаш деп,
Мен жаздым блокноттун барагына.

Алдыга максат менен кадам койсо,
Оңолоор ошол жигит адам болсо.
Кемибейт бир кишиден элдин саны,
Жоголоор ошол жигит жаман болсо.

**БЕТТЕШҮҮ**

Жатканда ооруканада,
Футболист болуп Пеледей.
Бир ажал менен беттешип,
Жеңем деп турдум кенебей.

Ал айтты мени жеңем деп,
Мен айттым аны жеңем деп.
Ортодо болуп чоң мелдеш,
Аягы кетти тереңдеп.

Бирде мен, бирде ал кыйын,
Бүт күчтү салып көрүштүк.
Бирде ойноп, бирде эс алып,
Бир топту эки ай тебиштик.

Тренер болуп врачым,
Түшүнттү кандай тебүүнү.
Айыгып кандай кетүүнү
Ажалды кандай жеңүүнү.

Аракет кылып күн сайын,
Акыры менде жол болду.
Ажалдын дарбазасына,
Атылып тобум «гол» болду.

Беттешүү болот дагы көп,
Мезгилин сурап көрбөдүм...
Жеңсем мен жашай бергеним,
Жеңилсем менин өлгөнүм.

## ИЗ ЖӨНҮНДӨ

Балам – деп, маңдайыман сүйгөн атам,
Ээрчитип эртели-кеч жүргөн атам.
Эсимде айткан акыл, кеңештериң,
Өзүңдөн айрылсам да алда качан.

Айтчу элең: Атым калса артымда – деп,
Ук балам, өмур бою ойлонуп көп.
Кырк жолу кычыраган ызгаар кышта
Өчпөс – деп из калтарсам каткан музга,
Айла не муз үстүнө күн нур септи,
Кыркынын бири калбай эрип кетти.

Кырк жолу из калтырсам кызыл кумга,
Күн-түнү бороон айдап кетти бул да.
Кырк жолу из калтырсам аска ташка,
Бөлүндү чагылгандан башка-башка.

Кырына чыгарымда элүү жаштын,
Чыныгы болор изим сени таптым.
Эсиңе сөздөрүмдү салып дайым,
Эстүү бол, эл уулу бол кагылайын.
Аз калды ажал жетсе өлөрмун мен,
Атаңдын атын, изин өчүрбө сен.

О ата, ант беремин айтпайм төгүн,
Тубөлүк эскиргендей тууган элиң.
Колумдан келсе жакшы китеп жазсам,
Бетинде өчпөс изиң турар сенин.

## СӨЗҮҢ ЖАНА БЕЛЕГИҢ

Жашыл жалдуу арчанын,
Бирге жыттап бүрлөрүн.
Мөл булактуу жылганын,
Терип алып гүлдөрүн,
Чет жагында айылдын,
Жайдын салкын түнүндө,
Ак балтырлуу кайыңдын,
Сыр айтыштык түбүндө.

Сүйөмүн – деп боюма,
Бек кыналып эркелеп.
Коштошоордо колума,
Белек бердиң – эсте – деп.
Тилегимди билдирип,
Тилегиңе кошууга.
Эриниңден бир сүйүп,
Жөнөп кеттим окууга.

Каратпастан эч артын,
Мезгил кууду көп күндү.
Белек кылган бет арчың,
Бет сүртүндүм эскирди.

Бирок жаным сен өзүң,
Кайда болсом биргесин.
Жүрөктө жүрөт эскирбей,
Сүйөмүн – деген бир сөзүң.

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Аныктыгын кантип жашырам,
Ашык болдум сага жаш улан.

Ашыктыгын ачык айтпаган,
Адаты го кыздын башынан.

Же болбосо өзүң билбедиң,
Жүрөгүмдүн сени сүйгөнүн.
Чыкпай койдуң такыр оюмдан,
Чынын айтсам кыйын күндөмүн.

Мүмкун сен да мени сүйөсүң,
Токтоо экен бирок мүнөзүң.
Кайда качмак эле ал кыз – деп,
Карап коюп шашпай жүрөсүң.

Мен бир сузгөн суунун булагы,
Көпкө күттүм, көзум талыды.
Жаның болсо эрте кармап кал,
Жана бербес жүрөк жалыны

## ЭМНЕ КЫЛСАМ

Көп жыл мурун мен эзелек кезимде,
Кай бир күнү көрүп калсам кечинде.
Жиндиленип Жибек менен Актанды,
Кайда барса аңдыганым эсимде.

Өбүшөрдө «оойт» – деп үндү чыгарып,
Таш ыргытсам алар калчу уялып.
Айласы жок экөө мага жалынчу,
Айыл-апага айтпасымды суранып.

Ар күн сайын калбаган соң соңунан,
Алдап-соолап Жибек тосуп жолуман.
Айланайын Байдулдадай бала жок,
Аңдыба – деп конфет берчү колунан.

Эсим жок да алдаганга болбодум,
Мурункудай аңдыганды койбодум.
Ачууланып кармап алып бир күнү,
Актан мени жаакка чапты. Оңбодум.

Андан бери көп жыл өттү арадан,
Жетип алып жигиттикке самаган.
Актанчылап мен да жүрөм кыз менен,
Бир бала бар артыбыздан караган.

Отуп кетти ал тентектин кылганы,
Кен-кесири сүйүшпөдүк бир дагы.
Кайда барсак таш ыргытып ышкырып,
Сагызганча белги берип турганы.

Ай ушу атасына айтсамбы,
Алдасамбы же жаакка чапсамбы...
Өз башыма келди азыр ойлосом,
Андыган кез Жибек менен Актанды...

## ТЕРМЕЛЕР

## АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ

Тең болуп бизге жаралган
Термемдин башы аялдан.
Баш кошуп бирге келатат
Байыркы атам замандан.
Энебиз болуп бакканын
Төрөйм деп азап тартканын
Далилдейт тарых далайдан.
Дүйнөнү алгач көргөзүп
Түн күзөп бешик терметип
Сактаган эчен ажалдан.

Жарыбыз болуп сүйүшүп,
Жамандык кезде күйүшүп
Жүрөктөн жакын жай алган,
Эмчегин берген энеңди,
Алган жар, асыл жеңеңди
Кур койбой сыйдан, саламдан,
Эси бар эркек аттуулар
Чыгарбай жүргүн санааңдан.

Ырысы көлдөй чалкыган
Урматтуу эне, эжелер,
Жыйырманчы кылым тушунда
Жылдызга жетти төбөңөр.
Ырайымсыз заманда
Ырасын айтсам мен эгер,
Эгиздеп уул туусаң да
Эркектен төмөн элеңер.
Эненин ыйы угулат
Эскерсем эски заманды.
Эркекти гана адам деп
Эсепке кошпой аялды,
Кырчындай не бир кыз-келин
Кыйналып торго камалды.
Каныкей, Жаңыл, Сайкалдар
Калп, чынбы, билбейм аларды,
Эркекке бир аз тең болуп
Эркиндик жолун таба алды.
Башкасы жетпей теңдикке
Өмүрү өтүп кордукта
Өлгөндө гана жай алды.

Телмиртип колго тийбестен
Теңдигиң орго басылып,
Кубарган булут артына
Хрусталь күлкүң жашынып,

Токол, күң болсоң илгери
Бапыйган байга баш уруп.
Жанар тоо сымак бул кезде
Жарыкка чыктың атылып.

Өркүндөн өскөн убагың
Өткөндөн алып өчүңдү.
Түнөргөн чакты төшкө тээп
Түбөлүк тушооң чечилди.
Кылымдар чөккөн көңүлүн
Кызыл гүл болуп жетилди.
Азыркы кезде аяштар
Ай-аалам укту сөзүңдү.
Бутуңар тийген жерлерде
Буруксуп гүлдөр жайнаган.
Колунар тийген жерлерде
Курулуш бүттү сандаган.
Эркектен артта калбастан
Эмгекте иштеп талбастан,
Анча-мынча эркекти
Ар кесип жактан арданткан,
Аялдар чыктың кайратман.
Ээрчишип дайым силерге
Орундап тилек, оюбуз,
Ракет минип ышкыртып
Космоско жетти колубуз.
Уламдан улам бийикке
Узарды сунган колубуз.
Бир жүрсөк дайым силерге
Билинбейт ачка, тогубуз.
Эркелеп койгон назыңар
Эркектер үчүн чоң ырыс.

Ардагы болуп ардактын
Атагың учту көкөлөп.

Турмуштун тутка, көркү деп
Турабыз дайым бөпөлөп.
Бирок да кээ бир аяш бар
Билимсиз өскөн эселек,
«Уруят» дешип унчуксаң
Уу тилин жанып өтө көп,
Муруntук тагып мурдуна
Күйөөсүн жүрөт жетелеп.
Акылсыз андай аяштар
Ашыра оозун желдентип,
Жети апасынын теңдигин
Жеке эле ага бергенсип,
Октябрь ачкан бак-таалай
Оңойлук менен келгенсип,
Эгишкен эчен душманды
Эркексиз өзү жеңгенсип
Көп жылдар өткөн кемтикти
Көздөрү бүгүн көргөнсүп,
«Чолок» – деп жоокер күйөөсүн
Чойтоңдоп коёт эрдемсип.

Апыртма кээ бир аяш бар
Ак жерден жокту, барды айтып,
Бакпайт деп сени атакең
Балдарын сөзгө алдантып,
Кийимин өзү алпберип
Отунун өзү жаргансып,
Тамагын өзү даярдап
Табышкер болуп калгансып,
Бардыгын өзүм туудум деп
Баласын ата чангансып,
Үй, жайды курган күйөөсүн
Үшкүртүп кээде тангалтып,
Күйбөгөн жерин күйгүзөт
Күлгө оонап төрөп алгансып.

Эринин баркын кетирип
Эрте-кеч элге жамандайт.
Эки эли тили жай албайт.
Бирок эриндей эрди табалбайт.
Келжирек аяш өзүнүн
Кем акылдыгын баяндайт.
Жамгыры жаап иелек
Булуттуу түндөй түнөрөт.
Баламды өзүм бактым деп
Бардыгын өзүм таптым деп
Чиренгенден чиренет.
Алды-кийнин ойлобой
Ак жеринен күнөөлөп,
Айран-сүт ичкен күйөөсүн
Аракеч кылып жиберет.

Көпкүлөң кээ бир аяш бар
Көзүнө жанды илбеген.
Теңсинбей жерде адамды
Тең санайт өзүн күн менен.
Он ооз сөздүн жарымын
Орусча тантып сүйлөгөн.
Макарон менен лапшанын
Маанисин толук билбеген.
Обу жок кээде иш кылат
Ойлонсоң түшкө кирбеген.

Момпосуй сүйгөн балдардай
Моданы билет катыра.
Жарым ай кылып тегиздеп
Жакшы эле карайт кашына.
Бирок көчөдө жүргөн элдерге
Көрүнсөм дейби татына.
Ороп туруп чачына
Стакан коет башына.

Чачырайт мээси деп корком
Чалынса жолдун ташына.

Жел көйрөң кээ бир аяш бар
Жетсем дейт сулуу чырайга,
Жетишпей калат сүйкөнсө
Жети кил упа бир айга.
Бет жагы аппак, мойну кир
Жубайбы, жууйбу бир айда.
Эмне үчүн эрдим түйрүк деп
Эрте кеч түшүп убайга,
Айыпты коёт акыры
Апасы менен кудайга.

Таарынат дайым дагы эле
Табигат берген мүчөгө.
Балкайган эгиз «алмасын»
Байкасан кебез бүт эле.
Өрөскөөл андай ишине
Өзү да кээде уялат.
Жашылдап көйнөк тиктирип
Жакшы эле киет мудаалап.
Турпатым элге жаксын деп
Түз жерден басат кыялап.
Жаман жери бир гана
Жалпайбай соорум жүрсүн деп
Жасалма куйрук чыгарат.
Мүчөсү сонун экен деп
Бир көргөн жигит кубанат.
Мунусу кызык баарынан
Бут кийим киет тарынан.
Манчалары кысылат
Баскан сайын дагы улам.
Аяп да кээде кетесиң
Аксайт деп кайсы жагынан.

Кененин кийсе болбойбу
Аша кечпей жанынан.

Урушчаак кээ бир аяш бар
Үйүнүн кутун кетирген.
Таап берген эринин
Таалайына эсирген.
Ариясы баштаса
Ажырап акыл сезимден,
Жалтактап качып туш-тушка
Жаш балдары бекинген.
Чарк-чурк эткен кадимки
Чакчыгайдай мүнөзү.
Кожоюнсунуп кез-кезде
Коржондоп койсо күйөөсү,
Жок кылып муну тынам деп
Жок болсо деле күнөөсү,
Баласын кармап бетине
Баатырсынып бир өзү.
Кыйраткансып кыйкырып
Кызматын көздөй жүгүрөт.
Кокуй күн андай кылба деп
Кошунасы бүлүнөт.
Кой, айга моюн бербестен
Кош этегин түрүнөт.
Күйүткө түшүп ак жерден
Анан күйөөсү иштен сүрүлөт.
Балдарын жөндөп багалбай
Эси жок аяш, чарылдак
Эскисин кайра кийинет.
Бардыгын тапкан атанын
Баркы ошондо билинет.

Билимсиз кээ бир аяш бар
Билимдүүсүнүп чокчоёт.

Акын Мидин айткандай
Калпты чынды сокмолоп,
Ар түрдүү тармак боюнча
Анча-мынча кеп чоёт.
Тантырап көбүн калп айтып
Тарыхка барып токтолот.
Жамгырчиновду[1] химик деп
Жанталашып талашса
Жай жаткан күлкүн козголот.
Улутуң ким деп сурасаң
Кегетилик Тынай деп
Кебелбей туруп мостоёт.
Социализм деп коюп
Саясат сөздөн жүргүзөт.
Татарстан борбору
Таллин деп ичти күйгүзөт.
Ат-Башы ГЭСи Ошто деп
Аргасыз жерден күлгүзөт.
Окубайбы, окуйбу
Көчөдө дайым басканда
Колунан түшпөйт бир китеп.

Ыпылас кээ бир аяш бар
Үйүнүн ичи самандай.
Жипкире түшөт көңүлүң
Жытына даап баралбай.
Жамынып жаткан шейшебин
Бир айда бир жууп алалбай,
Баласын көрсөң ботала
Жакасы жүрөт агарбай.
Табышып бер дейт күйөөсүн
Тарагын издеп табалбай.
Көчөдө жүрсө андайдын
Көрүнүшү маралдай.

[1]Жамгырчинов – тарых илимдеринин доктору

Көпкөнү анын курусун
Көп билбейт үйдүн жумушун
Конокко келген адамдай.

Араккеч кээ бир аяш бар
Айткан сөзү дың бузган.
Тандап туруп жыргалды
Тапкансып кенен турмуштан,
Шарап менен аракты
Закускасыз шыңгыткан.
Мас болуп алган кезинде
Баласын топтой ыргыткан.
Айланып башы аракка
Карабай казан-аякка,
Байкабай горшок экен деп
Баласын тосот табакка.
Ун элеп, камыр жууруса
Ушунусу тамаша.
Сулк жатат кеспей кесмесин
Супара менен жанаша.
Киймимди чечип жаткыр деп
Күйөөсүн жумшайт балача.
Көйнөгүн кийип тескери
«Көк моюн» издеп эртеси
Көчөгө чыгат таң ата.

Ачылган гүлдөй жайдагы
Аял го эрдин ардагы.
Ардагы алжып көчөдө
Кетире берсе айланды,
Көйнөгү өйдө түрүлүп
Көпчүлүктүн көзүнчө
Көрүнүп жатса сандары,
Ардагым деген эркекте
Абийир калсын кайдагы...

Ичи тар ач көз аяш бар
Ийнесин кыйбас кишиге.
Меники болсо деп коюп
Тигиле карап тикие.
Карегин кадап сук артат
Бирөөнүн алтын тишине.
Арбын дүйнө, көп акча
Ар дайым кирет түшүнө.
Бербесем, алсам элден дейт
Кабагын карыш түшүрө.
Кара таруу айланбайт
Баласы баткан ичине.
Кийими кат-кат болсо да
Килемге үйү толсо да,
Керектүүнүн барысын
Кемитпей алып койсо да,
Дүкөнчү болгон жарына
Тиртийген көзүн каратып,
Арыктап кеттиң жаным деп
Аямыш болуп жаны ачып
Арамдан тапкан буюмун
Алмак-салмак санашып,
Эми башкасын алып бергин деп
Маң кылып башын жадатып,
Азгырып жүрүп акыры
Алганын тынат каматып.

Барк албас кээ бир аяш бар
Бакубат турат мартсынат.
Колунда тапкан акчасын
Көрүнгөнгө зарп кылат.
Жасалгалап үй ичин
Жашабайт элче жакшылап.
Барктабай майда тыйынды
Баласына чачтырат.

Жарым күн карды ач болсо
Таанышынан карз сурап.
Жарыйсың качан жаман деп
Күйөөсүн карап акшыят.

Үңкүрдөй кылбай жакшы аял
Үйүнүн көркүн чыгарат.
Орду орду менен буюмун
Ойлонуп коёт мудаалап.
Аз, көппү болгон байлыгын
Жок кыла бербейт будалап.
Билгендерге дүнүйө
Бир тыйындан куралат.
Бирок ашкере зыкым болом деп
Атанып элге сугалак,
Бир тыйындын артынан
Кеткен да жаман кубалап.

Тар пейил кээ бир аяш бар
Тамагын ичкен кыйланын.
Тааныштар келсе үйүнө
Жакшылап билбейт сый жагын,
Кара нан менен сары чай
Кайышпай берет бул жагын.
Казан ас десе күйөөсү
Барбы дейт терген жыйганың.
Кайталап дагы сүйлөсө
Сары саман кылып ыйманын,
Ороңдоп турат полду тээп
Ороктой кылып тырмагын.
Сыпайы сылык жакшы адам
Аябайт сыйын башкадан.
Кошулушуп тең көрөт
Колунда барын сактаган.
Катаал кез өткөн илгерки

Калгандай өлүп ачкадан.
Ашкере пейлиң тарытпа
Ат болуп бербейт аш саган.
Жаныңан жарым сом чыкпай
Пейли тар аяш жүгүрөт
Меймандайм десе башка адам.

Ушакчы кээ бир аяш бар
Үй-үйгө кирип тынбастан,
Каңырыш уккан сөзүнө
Калптарын кошуп бир батман,
Бөйрөктөн шыйрак чыгарып
Болбогон кепти ырбаткан.
Кас кылып ынак досторду
Калтырган сыйдан урматтан.
Кесиби жалаң жамандык
Кенедей эмгек кылбастан,
Оймоктой болгон оозуна
Он тонна ушак бир баткан.

Тили тил эмес тикенек
Калп айткан сайын күчөнөт.
Баш-аягын айылдын
Элекке салат бүт элеп.
Укпай калган жан болсо
Уйга окшоп жээк, сүзөнөк,
Эртелеп ага жетсем деп
Эки буту талыса
Эмгектеп жөнөйт тизелеп.

Кызганчаак кээ бир аяш бар
Кыялы чатак желденме.
Кызматтан кийин күйөөсү
Кечигип үйгө келгенде,
Жети атасын таанытып,

Жүрдүң деп кайсы жерлерде,
Сурданып сурак жүргүзүп
Түн бою алат тергөөгө.

Күнөөсүз эри канетсин
Күчөнүп анча кетпе деп,
Ууланып ачуу тилине
Унчукпоону эп көрөт.
Кажылдап аяш ан сайын
Капталга, түртүп өпкөлөп,
Дөнгөчтөй тилсиз түгөнгүр
Төшөктөн тур деп чекчейет.
Күнөө таап болор болбостон
Кийимине чейин текшерет.
Коймаарек коңур эринен
Шектенет эле шектенет.
Иримчик болуп ичкени
Илдетке бөөдө тушугуп,
Ишенбейт мага жарым деп
Ичинен ойлоп сызылып,
Туруктуу тунук сүйүүсүн
Туш келди жакка учуруп,
Ак жүрсөм жакпайт экен деп
Күйөөсү кетет бузулуп.

Чоң бээжай деген аяш бар
Чогулган элди тараткан.
Короосун чууга толтуруп
Коңшуларын жадаткан.
Өз энесин өнтөлөп
Кемчил кылбай тамактан,
Кайненесин желкелеп
Кайра тартпай сабаштан.
Шайтаны чындап келгенде
Көчөгө чыгып халатчан,

Жолуккан жанга акшыят
Жол менен өтүп бараткан.

Безбелдек болуп кеткенсип
Безилбейт бей маал убакта.
Жарым мүнөт эс алат
Жаагы талса бир азга.
Олбуй, солбуй чамынат
Ордунан кайра турат да.
Кантесиң аяш кой десен
Каласың өзүн уятка.
Арылдап беттеп качырса
Овчарка калат быякта.

Болжурак кээ бир аяш бар
Боюн бакпай жүргөн көп.
Үзүлүп калган топчусун
Кадай албай ийрендеп,
Шылтоого шынаа тапканы ай
Эне, атамдын төрүндө
Эрке кыз болуп жүргөм деп.
Бир сындап койсо күйөөсү
Былтыркы сөзүн дагы айтат
Бышык деп сага тийгем деп.
Тигилүү кийим жок болсо,
Түгөнгүр кантип күн көрмөк...
Жаш кезден баарын иштеп көп
Жаш улгайып калганда
Аяштар кыйын болот үйрөнмөк.

Ылгабас кээ бир аяш бар
Ага ыйгарсак сөздүн калысын
Көп аялдар катары
Кийимдин алат барысын.
Үлпөткө кийип эскисин

Үйүндө киет жаңысын.
Баш аламан кийинсе
Жаңыга кайдан жарысын.
Кембагал экен дедиртип
Келтирет элдин көзүнчө
Күйөөсүнүн намысын.
Акыл айтса алганы
Анчалык деле наалыбай,
Эскини кий деп эскидей
Жаныны кий деп, жаныдай.
Туура эмес айтып жаткансып
Түшүнбөй аяш эрине
Тултуңдап жүрөт жарым ай.

Жыргал го чиркин жашчылык
Жигит, кыз көөнүн шат кылып,
Күлүндөп турса жаш келин
Күйөөсүн сыйлап наз кылып,
Табигат берген тартуу деп
Көргөн эл турат жактырып,
Кээ бир чиркин жашчылык
Бактынды матайт ташка уруп.
Балалуу, эрлүү аяшты
Байкоосуз жерден жазгырып,
Онтою келсе оп тартат
Өң тааныш менен бастырып.
Ошондой кээ бир аяш бар
Түз жолдон бутун шарт буруп,
Аягы суюк атанып
Бирок алганы аксынып,
Өлөйүн деп карганып
Өмүрүн жүрөт сап кылып.

Жашчылык ушул экен деп
Шыпырып нокто, жүгөнүн,

Эрте, кеч салып эсине
Элесин башка бирөөнүн,
Кутмандуу үйдү кубартып
Капалуу кылган түгөйүн,
Арзыбас жанга тепсеткен
Ак нике, төшөк түнөгүн,
Бузулган андай аящка
Бир өлүм эмес, миң өлүм!

Эри жок кээ бир аяш бар
Эркинче ээн жашаган.
Эркиндик деген ушул деп
Өз билгенин жасаган.
Күнүмдүк сүйгөн кишисин
Күйөөмсүң деп атаган.
Боюна бүтсө кокустан
Божомолдоп бүшүркөп
Болду деп кайсы атадан...
Момунураак бирөөсүн
Бошотпой кармайт жакадан.

Көңүлүн куунак, шай кылып,
Көрүнгөн жерди жай кылып,
Балалуу, жарлуу эркекти
Бактысынан тайдырып,
Бүлүнбөс үйгө чыр салат
Бузуктук отун жандырып.
Жаш кези өтүп кеткенде
Карылык кууп жеткенде
Өткөнүн эстеп кайгырып,
Баладан, эрден бак айтпай,
Каргашалуу ал аяш
Калбаса болду каңгырап.
Өмүргө адам бир келет
Өмүрдүн өзү – гүл демек.

Көрктөнтүп аны туруууга
Сүйүүдөн бүткөн күн керек.
Эзилишкен эки жаш
Эл менен тоюн бирге жеп,
Күнүмдүк деп үйлөнбөй
Түбөлүк деп үйлөнөт.
Түбөлүктүү болгон соң
Дүйнөдө башка ким керек!?
Сыйлашып жыргал заманда
Аяштар сүйгөнүң менен гүлдөп өт.

Эми келин, кыз экөө эки эл деп
Кеп кылып жүрөт бирөөлөр.
Келинге кызды кошпосок
Апабыз бизди күнөөлөр.
Жынысы бир болгон соң
Бир көгөрүп, бир өнөр.
Эмесе жоболондуу кыздар бар
Жогорку аяштар болгон тренер.
Бир тобун айтып кетейин
Билгиси келсе ким эгер.

Чуңайган кээ бир кыздар бар
Чубалган чачын кырктырган.
Шаарда туулуп өскөм деп
Колхозго барса чыкчыйган,
Калемдеп кашын карайтып
Карайбаса тушь куйган.
Эринин эпсиз боёктоп
Эч кимге жакпас иш кылган.
Эртели-кеч көчөдө
Эркекти туурап ышкырган.
Ак калпак кийген жигитти
«Отсталый» экен деп
Алда кайдан бышкырган.

Урушуп тууган энесин
Улуттук кийим кией дейт.
Кадырлап көлөч, маасыны
Караңгы бойдон жүрөт дейт.
Алтымыш ашып карыган –
Апасын сындап сүрөттөйт.
Айла жок андай кыздарга
Акыл да жетпейт, тил өтпөйт.

Кыскартып чачын тармалдап
Кырктырса мейли кырктырсын.
Эринин боёп, кашына
Тушь куйса мейли, тушь куйсун.
Жарашык, жакшы жүрүүнү
Жаштарга дайым туш кылсын.
Моданы сүйгөн кыздарга
Моданын барын кут кылсын.
Бирок чыкчыңдай бербей көп эле
Чыкчыяр жерде чыкчыйсын.
Элинин сүйгөн киймине
Эстүү кыз кайдан бышкырсын.
Аз-аздан барып түшүнөр
Алмадай болгон башында
Акылы болсо бир чымчым.
Тартипсиз кээ бир кыздар бар
Тазалык күтпөй кийинген.
Алаксып жүрүп оюнга
Арабөк калган билимден.
Көк тиктеп күндү батса деп
Көзү учуп турат иңирден.
Көп «жигитке сөз берип
Жүрөгү жүзгө тилинген.
Жашабай жатып башкага
Райкан маркум – айткандай
Лекция окуйт сүйүүдөн.

Кошулсам ошол кызга деп
Көп болуп жүргөн үмүткөр,
Кокусунан бир күнү
Кездешет «бажа» жигиттер.
Кездешкен кезде баарынын
Көңүлүнө муз катат.
Бакылдап улак текедей
Бир-бирин жөөлөп ыкташат.
Балээни баштап ортого
Бакырган бойдон кыз качат.
Балапан короз сыяктуу
«Бажалар» анан мушташат.

Кооганы салган жаңкы кыз.
«Короздордо» не күнөө.
Коргойт деп көпкөн балдарды
Кошкуруk атаар кээ бирөө.
Жетесиз өскөн ошол кыз
Жел таман эмей эмине?...
Өлгөнчө жаман көрүнөр
Өмүрүн кошкон эрине.
Жибибейт эрктүү, эстүү кыз
Жигиттин алдоо кебине.
Ак барсам экен деп тилейт
Антташып барар теңине.
Арналат ушул айтканым
Селкилер бириң эмес көбүңө.

Жалакор кээ бир кыздар бар
Жакшылап билбей сабагын,
Кекетип ичтен жек көрүп
Сабакты берген агайын,
Үйүнө келип үңкүйүп
Ойлордун ойлоп далайын,
Эп көрүп эрге тийүүнү
Орундатат талабын.

Артынан чуулуу сөз болсо
Айтканын угуп көрөсүң.
Билинбей ээрчип кетет да
Бир көрүп тааныш немесин,
Жеңилирээк айыптап
Жеңкетай жеген жеңесин,
Калыңга сатып ийди деп
Каралайт ата, энесин.

Канына бүткөн баласы
Капага салып жатса да
Ата, эне байкуш не десин...
Бактылуу болгой эле деп
Жеткирип көккө төбөсүн,
Барган келген кишиден
Баштыкка салып жөнөтөт
Батасы менен көмөчүн.

Окуудан качкан ошол кыз
Бак таппай барган жеринен,
Супсуну сууп ажырап
Сүйүшпөй тийген теңинен,
Жаш туруп жубан атанып
Жабыгып азып өңүнөн,
Алыстай басып уялып
Айылдаш курбу теңинен,
Айланып кайра жай табат
Атасынын төрүнөн.

Эненин билбейт кадырын
Энече азап жебеген.
Ойлосо керек кээ бир кыз
Оңой деп бала төрөгөн.
Атанын билбейт кадырын
Атача азап жебеген.

Ойлосо керек кээ улан
Түштүм деп көктөн төбөдөн.
Эси жок кээ бир кыздар бар
Эненин тоодой эмгегин
Чай кашык менен ченеген.
Акылсыз кээ бир жигит бар
Атанын албан эмгегин
Кичине көргөн кенеден.
Ырасын айтсам дүйнөдө
Ыймандуу эстүү жаштарга
Ыйык жок ата, энеден.

Билишсин деп силерге
Миңдин бири бул айткан.
Акылдуу аяш аз эмес
Алганы тургай өзүнүн,
Ата-журтун кубанткан.
Эстүү кыздар аз эмес
Элине пайда келтирген
Эженин жолун уланткан.
Бардыгы жаман, жакшынын
Байланат келип акылга.

Баш кошкон эрдин, аяштар
Маң кылып башын катырба.
Эки жар деген эгиз гүл
Эгиз гүл болуп баш ырга.
Ишенип бири-бирине
Ичине кекти жашырба.

Кыз балдар эрктүү, эстүү өс
Кызгалдак болуп жашыңда.
Кээ бир алтындай эне, ата бар
Ээрчишип сексен жашында,
Кыз куумай болуп жаткансып

Суусамырдын чатында,
Кылчайбай кеткен чакты эстеп
Кымбат баалап бир-бирин
Кылтыңдашат азыр да.
Үлгү алып андай карыдан
Ырыстуу селки, аяштар
Спутник болуп закымда.

Текебер кылбай барыбыз
Теңдиктин баркын билелик.
Эрксиз аял эл болбос
Аялсыз эркек тири өлүк.
Бийиктеп өсө берелик
Бири-бирибизге сүйүшүп
Энебиз жердин үстүндө
Өкүнбөй өмүр сүрөлүк.
Октябрь чачкан нур менен
Бир көгөрдүк бир өнүп.
Улуу Ленин атабыз
Укукту берди түбөлүк.

Аялдар сени багыңа
Алганың жүрсүн жаныңда.
Кыз жигит эркин сүйүшүп
Кубансын күлгүн чагына.
Кенге бай кенен өлкөбүз
Көркүнө чыксын дагы да,
Ата-журт үчүн, эл үчүн
Аянбай жанды дайыма,
Туруктуу тутка болгула
Түбөлүк жердин шарына.
Ыймандуу эстүү аяштар
Ийгилик тилейм баарыңа.

## ЭРКЕКТЕР ЖӨНҮНДӨ

Табигат тандап аялга
Тартуулап сыйлап бергени,
Ай, Күндү көздөй жол салган
Ааламдын алпы жердеги,
Кубарган чөлдү жашартып
Гүлдөткөн мекен жергени,
Көп балдардын атасы,
Көп үйлөрдүн ээлери,
Кыз-келиндин кыялы,
Энелердин эрмеги,
Эшиткиле туугандар
Эркектен баштайм термени.

Элүү жыл мурун болгонун
Эскерип сөздү чойбоюн.
Кыйла эркектер өтүптүр
Кызыл камчы, тоң моюн.
Адилетсиз заманда
Айтпасак деле белгилүү
Аялдын баскан жолдорун.
Азыр биз жаңы элденбиз
Ал кезге жарчы болбоюн.

Көк асман көрктүү булутсуз.
Көк асман бизбиз тунукпуз.
Жүрөктөн сүйүп жар күткөн
Жибектей мүнөз сылыкпыз.
Баалашса бизди аяштар
Маңдайынан төгүлүп
Балбылдап турган ырыспыз.
Эч нерседен жалтанбас
Эркектер баатыр элденбиз.

Жок кылып эски заманды
Жоолордун баарын женгенбиз.
Айтыша койсун калысын
Атабыз Ленин баш болуп
Аялга тендик берген биз.

Өнөрү илим, билими
Өркүндөп өскөн жайдабыз.
Акылдан шумкар жаратып
Ай менен болдук байланыш.
Купуя жаткан бийикке
Кыйын го чабал жан барыш.
Женил-желпи иш эмес
Жер шарын үч күн айланыш...
Коштоосу менен эркектин
Космосто учту Валя кыз.
Ала-Тоодон чоңго дейм
Биздин аялга кылган пайдабыз.

Ардактап ата конушту
Айбаттуу кылып турган биз.
Укмуштар чыккан заводду
Тынччылык үчүн курган биз.
Кам көрүп кемпир-чалдарга,
Бак-таалай берип балдарга,
Байлыктын баарын жыйган биз.
Кечээ күчөгөн жырткыч
Гитлердин Күлүн көккө сапырып
Күм-жам кылып тынган биз.
Эми орусча «Но» деп коет го,
Кыргызча «Бирок» деген ди
Ошол «Бироктон» сөздү баштайын
Бүт калыс кылып көп элди.
Кемтик жок бекен эркекте
Кечке эле мактай беремби.

Кемсинтип бизди жазат деп
Кекеткен аяш көп өңдүү
Төө басты кылып кокустан
Томуйтпасын төбөмдү.

Ачуубай деген эркек бар.
Акылын шайтан коштогон.
Аларын алып жүрөт да
Бирок аялын санга кошпогон.
«Жерге кир» деп жекирип
Жети атасын козгогон.
Башынан тартып «байкуштун»
Бутуна чейин токтогон.
Таяке, жээнин калтырбай
Орой сөз менен «соттогон».
Оргу-баргы мүнөздү
Окуса керек чочкодон.

«Акылы кыска, чачы узун,
Айбан» – деп баштайт санатын.
Көзүнүн агын айлантып
Көргөзбөй ички карасын,
Кекетет кээде ыгы жок
Келтирбей кепке чамасын.
Мазактап бүтүп Мамасын,
Анан өзгөртүп орой карашын:
«Ушундан кантип чыктын,» – деп
Үйрүлүп чаап канатын,
Арсаңдап коёт өпкүлөп,
Аялы тууган баласын.

Уятсыз кээ бир эркек бар
Улгайдым деп арданбай,
Балдарынын көзүнчө
Баркын сактап карманбай,

Жаткансып жаңы көрүшүп,
Аялы менен өбүшүп,
Жоругун баштайт ар кандай.
Обу жоктонуп кээ бирде
Оюнун кылат баланын.
Айырмасын байкабайт
Ини менен, аганын.
Айбандын тилин билгенсип,
Аксакал турса жанында
Музоого айтат саламын.
«Курдаш» – деп жакын балдызын
Окутат сүйүү сабагын.
Кайненесин «жеңе» деп
Түшүнбөйт кепке каларын.
Курсагы ачса купшундап
Чыгарар кезде тамагын,
Баласыбы, эриби
Баш кошконун унутуп
«Мамка» дейт алган аялын.
Ачык ооз деген эркек бар
Ар кимдин сөзүн тыңдаган.
Укканын жерге калтырбай
Ууртуна топтоп жыйнаган.
Жыйнаган бойдон жөн коюп
Жигиттик наркта турбаган.
Көрүнгөнгө бүт айтат
Көчөгө басса бир кадам.
Досунун сырын сыр дебей
Жолдошун ызаат кылбаган.
Бир сырдуу токтоо кишини
Мыскылдап чыгып туурадан,
Катындан жаман ушакчы
Калбыр ооз деп сындаган.
Келжирек анын сөздөрү
Кээ бирөөгө кеч жеткен,

Кээ бирөөгө кечикпей
Телефондон тез жеткен.
Кээ бирөөгө жетпесе
«Баланчам укпай калды – деп –
Бала күндөн эстешкен»,
Алагүү болгон ачык ооз
Түндү, күндү сезбестен,
Үйүнө барат жадатып
Уяласың кет дештен.
Эшигиңди ачпастан,
Каалгаңды каккылайт,
Терезеңден кетпестен.

Саранбай деген эркек бар
Бир тыйын үчүн битиреп,
Баш жаза элек маска окшоп
Манчалары титиреп,
Бир сом берсе бирөөгө
Бээ бердим деп түшүнөт.
Үйүнө барса жакынсып
Урматтап чайын ичирет.
Бирок «Беш бармак» берсе аздан же
Оозунду ачып кичирээк.
Чоң ашап койсоң кокустан,
Акшыя карап алдыртан
Кабагын карыш түшүрөт.

Жашоону билбей жаткансып
Жарына айтып жаман кеп,
Акчасын бербейт аялга
Акылы кем жаман деп.
Магазинге бапарда
Мунусуна май ал деп,
Мунусуна чай ал деп,
Санап берет Саранбай

Мунусуна нан ал деп.
Көңүлү куунак жашарып
Кийинбейт элче жасанып.
– Үйүнө келсе үңкүйүп
Жоготуп баркын аталык,
Киришип казан-аякка,
Тамагын салып санакка
Кухнядан чыкпайт кашайып.
Ошентип тентушуна кеп болот
Тебетей катын аталып.

Бузукбай деген эркек бар
Бүт бойдон пейли капкара.
Көрүнбөс көөсүн жугузат
Байкатпай туруп башкага.
«Баланча сенин урууң» – деп
Назаатын айтып мактана,
Кыргызды бөлүп кырк бешке
Кызарбай сүйлөйт маскара.

Бугудан чыккан Балбай – деп –
Сар-Багыш экен Шабдан – деп –
Азыркы жүргөн чоңдордун
Ата-теги кайдан – деп –
Эмне үчүн биздин уруудан
Жакшылар чыкпай калган? – деп,
Түз жолунан жаңылтып
Тузагын камдап атайын,
Ынтымактуу жаштардын
Ырбатат жансап чатагын.
Балама тартып берсем дейт
Башканын сыймык атагын.
Эмгиче жүрөт жамынып
Эскинин жыртык чапанын.
Түшүнөр беле андайдын

Тутамдап жулса сакалын.
Кара кылды как жарып
Калысын сүйлөйт эр киши.
Уучтан ашпас кыргызды
Урууга келбейт бөлгүсү
Сары-Багыш, Саяк деген сөз
Законго жакпайт эмдики.
Азамат чыкса акылдуу
Ал жалпы совет элдики.
Калк ичин бөлгөн майдалап
Караңгылыктын белгиси.

Кытмырбай деген эркек бар
Кыскараак келген бою бар.
Бузукбайдын жолдошу
Бүт бойдон арам ою бар,
Көк жалаяк жолу бар,
Көрүнбөгөн тору бар.
Жолуна түшсөң жаңылдың,
Торуна түшсөн чалындың.
Ыплас сөздүү Кытмырбай
Ыркын бузуп айылдын,
Өмүр бою көралбайт
Өскөнүн малы жанындын.
Көңүлүн бузуп алсам дейт
Койнунда жаткан жарыңдын.
Адам тургай ал урган
Агызбай бүтөп салсам дейт
Чыккан жерин Нарындын.
«Таалайым бирге курбум», – деп
Далыга таптап акырын,
Сөөгүңө чейин эритип
Сөздөрдүн айтат асылын,
«Бирок аялың тилдүү жан го» – деп
Актарын санайт чачынын.

Көрсөтөт четин чыгарып
Койнунда котур ташынын.
Кокустан келсе ачууң,
Барбы деп менин жазыгым
Башкача баштайт басыгын.
Насыят сөзүн чуурутат
Башына жыйнап алгансып
Бүт кыргыздын акылын.

Абийири бар азамат,
Андайдын тилин бурап сал.
Жаа бою качып жамандан
Жакшыдан кеңеш сурап кал.
Кызматын кылсын чындыктын
Кырчындай жаштык куректар.
Кытмырдын сөзүн укканча
Кыйкырган тоокко кулак сал.

Бойдокбай деген эркек бар
Боз уландык кези өткөн.
Кырына кырктын чыкса да
Кыздарды көрсө көзү өткөн.
«Аялсыз бойдок менмин!» – деп
Алган жарын, балдарын
Чыгарып салат эсептен.
Келинди көрсө келжиреп
Кетирбей кармап этектен,
«Коюңуз» – десе, «Койбойм» – деп
Колунан тартып өчөшкөн.
Артынан калбай ээрчисе
Айырмасы такыр жок
Айкырып баскан эшектен.

Улгайган чагын жек көрүп
Ичинен ойлоп сызыла,

Он сегиз жашын эскерип
Ойлорун көпкө учура,
Кошоор дүйнө барбы деп
Колуктум кылып ушуга,
Кылчая карап тамшанат
Кызынын теңтуш кызына.
Арманын айтып Бойдокбай
Аттиң деп ичтен тымызын,
Үйүнүн кутун качырып
Урушка сатып ырысын,
Манчыркай басып жашмын деп
Байкабай бетте бырышын,
Ар күнү сайын тегиздейт
Ак кирген сакал, мурутун.
Мышыкта деле мурут бар
Аның муруту менен курусун.

Залимбай деген эркек бар
Шайтанын ичке камаган.
Бир келсе чындап ачуусу
Бир айда араң тараган.
«Барыңды багып жатам», – деп
Жутчудай болуп караган.
Баркылдаган үнүнөн
Балдары коркуп жадаган.
Койнунда жаткан аялын
Кол жоолук мисал санаган.
Каяша айтса кокустан
Муштумум ооруп калат деп
Өтүгү менен сабаган.
Анчалык неге кор кылат
Айбан мал эмес, ал адам.
Ура берсе күн сайын
Ыркырап ээсин качырып
Ит деле болор кабаган.

Өзгөгө барксыз Залимбай
Өз үйүнүн манабы.
Кызматына барарда
Кийиндирет аялы.
Кызматынан келгенде
Чечиндирет дагы аны.
Бутуна чейин жуугузат
Үйрөнгөн адат калабы.
Кайран аяш кор болуп
Капалуу дайым кабагы.
Кай жактан таап алды экен
Сакалчан Залим «баланы».

Дүйнөкор деген эркек бар
Тыйындан жыйнап сом кылган.
Алтымыш жууркан каптатып
Аземдеп жүгүн тоо кылган.
Азсынып, аюу, түлкүнү,
Кашкулак, суурдун терисин
Катарлаш илип койдурган.
Көрүнбөйт полу үйүнүн
Көмүлтө шырдак салыптыр.
Төрт капталы бүт килем
Төбөсү эле ачык калыптыр.
Дүйнөкор үйүң үй эмес,
Музейдей кылып салыптыр.

Жакшылап байкап карасаң
Жашоосу начар чынында.
Жыйнайм деп өлүү дүйнөнү
Жыргабайт экен мунуң да.
Жамынып эски жууркaнын
Жаңысын жүккө жыюуда.
Тата элек көрүнөт
Даамдуу ашты ырымга.

Жамшыйып жаман өтүгү.
Жамаачы жүрөт шымында.
Адамча ичип жебесе
Алтымыш жууркан, килеми
Арзыбас сокур тыйынга.
Алмадай башы тирүүндө.
Магазин кылып маа десе
Бардыгын жыйсын үйүнө.
Көңүл бур бирок туугандар,
Көргөзмө эмес дүнүйө,
Көпчүлүктүн көргөн күнүнө.
Өзүң менен бир койбойт
Өлгөндө көрдүн түбүнө.
Дүйнөкор болбой көп эле
Өзүңдүн карап түрүңө
Окшотуп тоонун гүлүнө
Жүргүнүң жакшы кийине.

Жанбакты деген эркек бар
Жашынан жалкоо үйрөнгөн.
Адамдын санын көбөйтүп
Бул дүйнөгө бир келген.
Эмгектенип иштебейт
Эл катары бир жерден.
Аялы тапкан айлыктын
Аркасы менен күн көргөн.
Ажырап адам кейпинен
Ар кайсы жерде тентиген.
Көчөдөн көрсө таанышын
Кеп салып аркы-беркиден,
Чөнтөгүн аңдып бирөөнүн
Кулкуну күчтүү эркинен.
«Жүз грамм берем жүр», – десе
Жүгүрө басып артынан
Жумгалга чейин ээрчиген.

Адам деген улуу ат
Айтабыз ким деп андайды?..
Алты саны соо туруп
Арабөк жолдо калганды.
Андан көрө ал урган
Бал ачып төлгө салбайбы.
Таягын кармап колуна
Такылдатып таңдайды,
Тулубун жонго көтөрүп
Дубана болуп албайбы.

Кызганчаак деген эркек бар
Кыйкым сөз таап аз жерден,
Күнөөлөп алган аялын
Күйгүзө берет ак жерден.
Маң кылып башын айлантат,
Мазасын алып жалбарат.
Ар кайсы булганч сөздөрдү
Ак болсоң айт деп карганат.
Көрүнгөн жандан шектенип
Көчөдөн аңдыйт көрсөм деп,
Үйүнөн андыйт кээ бирде
Үстүнөн чыга келсем деп
Кызгануу зыян билгенге
Кызганып жүрүп күн көрбө.

Өмүрлүк жардан шек санап,
Обу жок жерден күүлөнбө.
Туруктуу болсо алганың
Үйдө же сыртта жүргөндө,
Алмаша койбос башыңды
Асылып ырсаң күлгөнгө,
Ишенич болсо ортодо
Ырысың турар  бир жерде.
Кырчындай эстүү жигиттер

Кыяпаты тийбесин
Кызганчтан сабак үйрөнбө.

Араккеч деген эркек бар
Айранды, сүттү ичпеген.
Апасын көргөн баладай
Аракты көрсө тиктеген.
Ашкандай белин Долондун
А дегенде ичет күч менен.
Чекеси нымшып алганда
Челектеп берсе түтпөгөн.
Тантырап ылжып акыры
Тамагын кусуп бүт жеген,
Темтеңдей басып жол бою
Тереги калбай сүзбөгөн,
Өхөлөп коюп көчөдө
Өбүшүп жатат ит менен.

Ичпеген киши аз чыгар
Ичкилик деген немени.
Кылт этип койсо кез-кезде
Кыялдын болот жөлөгү.
Тангалтат бирок ойлонтуп
Таптакыр зыян дегени.
Пайдасыз болсо жайнатып
Магазин сата береби?
Шарапка койбой жемени
Шай кеткенче шыңгыткан
Өзүбүздөн көрөлү.
Ар бир тамак зыян го
Ашык болсо ченеми.
Челектеп ичпей туугандар
Эмесе ченемине көнөлү.
Каңгыбаш деген эркек бар
Капалуу кылып алганын,

Кароосуз жетим калтырып
Канынан бүткөн балдарын,
Баш кошуп башка бирөөгө
«Көрдүм – деп – тагдыр салганын»,
Тилдүү чыкса анысы
Тымызын айтып арманын,
Кемчилигин кеч ойлоп
Кесе тиштейт бармагын.
Ай сайын берип туруучу
Алиментке көнө албай
Ачуусу менен кайгысын
Арак менен жеңалбай,
Кызматынан куулуп
Кыйып жанын өлалбай,
Жалбарынып жалынып
Жаңы аялга жага албай,
Эки бети тултуюп
Эски аялга баралбай,
Көрүнгөн жерде бир жүрөт
Көчөдөн соккон шамалдай.
«Чогулушуп балдарым
Чоңойгондо табат – дейт. –
Айбан болгон атасын
Адам кылып алат» – дейт,
Чоңойгондо атасын
Табар бекен балдары?
Таштаганын унутуп
Калар бекен балдары?
Же болбосо чокуга
Жер соргур кайда жүрдүң деп
Чабар бекен балдары?
Жашабай жаман атанын
Жакшы бейм өлүп калганы.
Жегичбай деген эркек бар
Желмогуздай кейиптенген.

Колунан келип турганда
Коомдук мүлктү жеп көнгөн.
Орношуп түрдүү кызматка
Оңколоп түшкөн көп жерден.
Топордун тойбос ичине
Токуму менен ат кирген.
Токтолбостон бат кирген.
Козусу менен кой кирген
Танганы менен сом кирген.
Мүйүзү менен уй кирген.
Мүшөгү менен ун кирген.
Тактайы менен там кирген
Челеги менен май кирген.
Мамлекет үй-бүлө
Маанисин билген кишиге,
Партия элдин башчысы
Баа берип ыйык ишине,
Оңбогон опкок Жегичбай
Оңолсо боло кичине.
Түзөлсүн деп андайды
Түрмөгө деле камайбыз.
Эки буттуу бөрүгө
Эс кирсин деп самайбыз.
Ошону билип Жегичбай
Обурун тыйбайт лакылдап.
Сагалап жүрөт эл мүлкүн
Сагызганча шакылдап.
Карышкыр болсо ал урган
Капкачан эле атылмак.
Кошомат деген эркек бар
Жаш кезинде жакшы эле.
Тайсалдабай чындыктан
Таамай сөзүн айтчу эле.
Бара-бара не болду
Баягы мүнөз жок болду.

Кол куушуруп көп жерде
Кошомат кылып чоңойду.
Пайдасы тиер кишиге
Магнит болуп жабышат.
Түрлүү сөз айтып жорголоп
Тилинен балын тамызат.
Начальниги ооруса
Жанынан кетпей жалынып,
Кара улак болуп берсем дейт
Өпкөмдү сууруп камынып,
Садагасына чабылып.
Начальниги айыкса
Күйүтү ичтен арылып,
Килем да болуп берсем дейт
Буту алдына салынып.
Чоңдорду көрсө ийилип
Чөгөлөп айтат саламын.
Чакырып келип үйүнө
Алдына коюп тамагын,
Агызып таштайт арагын.
Арակты мындай кое тур
Ары жок андай жаманын,
Ашыкмын десе начальник
Аябас деймин аялын.

Билимдүү, эстүү жигиттер
Пикирлеш болбо мындайга.
Өйдөлөш үчүн мансабы
Өзүндөй эле бирөөгө
Өпкөсүн чапкан урганга.
Туурасын сүйлөп, түз жүргүн
Тырнактай жерден булганба.
Өз күчүн менен өйдөлө
Олтурам десең сый жайда.
Азамат десе эл-журтуң

Артык баа барбы мындан да.
Кошоматчы болбогун
Көөдөндө жанын турганда.
Соодагер деген эркек бар
Шылуун дейт анын бир атын.
Адегенде сатыптыр
Ар-намыс менен уятын.
Андан дагы жарыбай
Алыска созуп кулачын,
Магазин кармап элди алдап
Үкүнүн тапкан уясын.
Дүкөндө баалуу буюмдун
Түрлүүсүн көмүс каттырат.
Базарда кызыл кулакка
Байланыш болуп жакшылап,
Элүү сомдук килемди
Эки жүз сомго саттырат.
Ой-тоодон акча жамырап
Ошентип байлык табылат.
Ага да нысап кылбастан
Алкымы турат «дагылап».
А берки кызыл кулагы
Бир тыйын үчүн ак урат.
Тилектердин жаманын
Тилей берет жаңылап.

Эгин  өспөй талаада
Кургакчылык болсо – дейт.
Эл жетишпей кийимге
Кымбатчылык болсо – дейт.
Керектүүнүн бардыгы
Өз үйүмө толсо – дейт.
Тантыраган андайдын
Ташты капсын тилеги.
Калк таалайы көкөлөп

Карыны ачпай бир ээли,
Кат-кат болсун киери.
Соодагер, кызыл кулактын
Солгун согуп жүрөгү,
Кара көзү кашайып
Камак болсун түнөгү.

Арызбай деген эркек бар
Тоголок катка тойбогон.
Буту жеткен жерлерге
Бир күнгө он беш жойлогон.
Буту жетпес жерлерге
Бузук сөзүн чогултуп
Конвертке салып оңдогон,
Маскөөгө чейин жиберип
Чыр-чатак жагын ойлогон.
Чын текшере келгенде
Чымындай чындык болбогон.
Балакет экен таптаза
Башы ооруйт арыз жазбаса.
Кара ниет ошол ойронго
Калк арасы жакпаса
Өзүнүн жазган арзына
Өзүн өрттөп таштаса,
Арызчыл андай немеден
Азайбас эле элибиз.
Ачык болмок көөнүбүз.
Илгери кетмек ишибиз,
Жарык болмок жүзүбүз.
Артылып күндө ынтымак
Айылдын ичин тынчымак.

Абалтан элде макал бар
«Аганы көрүп ини өсөт».
Агасы жаман болгон соң

Акылдуу болуп ким өсөт?
Эси жок кээ бир жигиттер
Эссизди жактап сүрөшөт.
Ар кайсы жерде келжиреп
Ата, эне баркын түгөтөт.
Асты менен жеңилдин
Үстү менен оордун
Жансактап жүрүп күн өтөт.

Көпкөнбай деген жигит бар
Көйнөкчөн жүргөн кышында.
Чучук шымы куучуюп,
Чулдук тумшук бутунда.
Элдикиндей чачы бар.
Чала бышкан дарбыздай
Чач алдында башы бар.
«Жаштык», «любовь» деп коёт
Жакшыбы десең ахыбал.
Көчөдон көчө кыдырат
Көк моюндан шынгытып,
Көк пияздан сугунат.
Анан жазгы кирген букадай
Жан эле болсо урунат.
Орус, кыргыз тилдерин
Суудай билип алгансып,
Ырдайт кээде зоңкулдап,
Уккандарды тангалтып:
«Мой голубчик Клара
Я сокол тыбая,
Ждат эттим келбедиң
Ыскучаймын сураба.
Суюу, суюу чон пажар
Тирпит эттим буга да,
Я чичкан, сен кошко
Кылбасаңчы убара».

Мына ушинтип ырдаса,
Мыкты го деп ойлойсуң.
Аргын тилдүү чоң, акын
Чыкты го деп ойлойсуң.
Обу жок ошол көпкөн бай
Орус да болуп жыргатпас.
Он ооз сөздү так билбейт
Кыргыз да болуп кыйратпас.
Өз эне тилден башталат
Өзгө элдин тилин урматташ.

Түрдүүчө тилде сүйлөгөн
Дүйнө бай түмөн улутка.
Ошонун бирөө кыргыз эл
Өз салты менен улут да.
Тоолуктун толгон жаштары
Жетсе да төбөң булутка,
Бабанды барктап сыйлай жүр
Бардык жак Батыш, Чыгышта.
Эң негизги милдетиң
Эмчегин берип өстүргөн
Энеңдин тилин унутпа.

Ыймансыз деген жигит бар
Сындаса кеткен катасын,
«Көп башкарба мени» – деп
Көтөрүп чабат атасын.
«Старуха уйди» – деп
Итере түртүп апасын,
Көкала чачтуу башына
Көмкөрө салат чакасын.
Арманын айтат кудайга
Ата-эне боору ташпы – деп.
Багалбай турган болгон сон
Баланы неге тапты – деп.

Эр жетсем көрөм буларды
Эссиз деп мени какты – деп,
Олчойгон киши экөө тең
Отуз жыл зорго бакты – деп.
Жаңыдан там-туң баскансып
Жашмын деп ойлойт карганча.
Он грамм акыл кирбептир
Отуз жашка барганча.
Бала күтсө, жар күтсө
Дардактаган ойронун
Тарбия берет кандайча?..
Энеси деле үмүткөр
Эсине кирип калар... дейт
Элүүгө чыгып алганча.
Ким көрүптүр мындайды
Жетеси жок урганды
Тирүү жүрүп жерде жок,
Өлүү болуп көрдө жок,
Бир көлөкө турбайбы.
Ата менен энеге
Оорудан оор бул кайгы.
Жаш бойдок деген жигит бар
Карт бойдоктон үлгү алган.
Кыздардын баарын менчиктеп
Кыялында миңди алган.
Үйлөнөт экен кээ бирөө
Үч-төрт жүрүп сынашып.
Үйлөнөт экен кээ бирөө
Үч-төрт ай зорго чыдашып.
А биздин зөөкүр жаш бойдок
Алдамчы сөзгө жубатып,
Таанымбаган кызды эле
Таңып туруп кол-бутун
Таксиге салат сулатып.
Айлына жетип түшкөндө

Анан ат-жөнүн угат суратып.
Бойдоктук кезде жар күтүп
Болбоюн десин ким экөө.
Желпинет кай бир жигиттер
Жетсем деп сүйбөс чүрөккө.
Эрки бекем эстүү кыз
Багынбайт балбан билекке.
Башынан жүргөн сырдашып
Баш кошот сүйгөн жүрөккө.
Аптабы болбой жай болбойт.
Аарысы болбой бал болбойт.
Шооласын чачпай таң болбойт.
Солкулдатып ыйлатып
Зордуктап алган жар болбойт.
Жар болгон менен баары бир
Муз болуп ага жүрөгү
Мурунку сүйгөн жанды ойлойт.
Жоругун көрсөң ар кандай
Жоголсун бойдок Дарданбай.
Абийирдүү эстүү жигиттер
Акмактык ишке айланбай,
Сүйүүдөн изде бакытты
Сүйбөгөн кызга байланбай.
Колукту деген кой эмес
Кол-бутун таңып алгандай.

Эркебек жеген жигит бар
Эки метр коройгон.
Сары ооз бала кезинен
Шоколад жеп чонойгон.
Энесинин ичинде
Жаткан чакта Эркебек,
Жаны калбай атасы
Жарыкка эрте келсе деп,
Ат жакшысын тандаптыр

Оюнчугун камдаптыр.
Ошол бала мына эми
Жаштык гүлүн жаны ачып,
Буркуратат чылымды
Булутту көздөй каратып.
Он жылдыкты он беш жыл
Окуп бүткөн Эркебек.
Жогорку окуу жайына
Калыптыр өтпөй темселеп.
Чоң көчөнүн боюнда
Гитара бар колунда
«Диңги-динги-дингилеп
Чинги-чинги-чингилеп»
Бели бутун буралтып
Бийчи экенин билдирет.
Андан башка өнөргө
Ээ болобу ким билет?..

Селсаяк деген жигит бар
Сенделип жүргөн алыста.
Эрк, мээси жетпейт көрүнөт
Элчилеп билим алышка.
Каруусу жетпейт көрүнөт
Колхоздо кетмен чабышка.
Эстүү балдар эр жетип
Ээ болуп атак, намыска
Эне, атасын багышса,
Калтырып картаң апасын
Кара жанын багышка
Каңгып кетти ал ойрон
Көп жылдар үйгө келбеди
Көрсөм деп эне дегдеди.
Көзүнөн учуп карааны
Көп ойлой берип мөгдөдү.

Кулунум эсен барбы деп
Күн сайын салат төлгөнү.
Белгисиз анын тирүүсү
Белгисиз же бир өлгөнү.
Кулуну эгер ойлосо
Кубантпайт беле кат берип.
Кайрымсыз андай балага
Карыган эне бечара
Кайгыра бербей жаш төгүп,
Тирүү деп күтүп жүргөнчө
Түңүлсө боло аш берип.

Адепсиз кээ бир жигит бар
Ата салт, сыйды билбеген.
Аксакал чалды көргөндө
Ачуусу келген түр менен,
Алиге жашап жүрөт деп
Өзүнөн өзү жиндеген.
Чоң энесиндей кемпирди
Чорт эле сен деп сүйлөгөн.

Карыларга кашаң ат эмес
Камчылап сөккөн тил менен.
Карыны көрбө макулук
Карынын дайым аты улук.
Сакалы менен чачы улук,
Санжыра баткан башы улук.
Кары бар үйдө ырыс бар
Карыга жүргүн баш уруп.
Колуңдан келсе жигиттер
Коноктоп сыйла чакырып.
Жез менен алтын бирдейби…
Жеткилең ылгап иргейли.
Жеңил баа кылса кылгандыр
Жетеси жаман бир «дейди».

Алтындай ата-энени
Ардактап жүрүп гүлдөйлү.
Тагдыры бүтүп, көз жумса,
Дарыдан кымбат сөздөрүн
Табалбай калып жүрбөйлү.
Кеп кылып кээ бир эркектер
Кемтигин айттым туугандар.
Кээ бири туура, түшүнсө
Кекетер кай бир туугандар.
Кекетсе мейли кекетсин
Кемчилигин оңдошсо
Кез келчү далай жылдар бар.
Таарынчын жазчу сыйлар бар
Тамаша кылчу ырлар бар.

Тепе-тең, сага, мага да
Теңдикти берди замана.
Теңдикти берген заманда
Кемтик жок болсун арада.
Таңгалтырып Көк, Жерди
Ким сүйбөйт гүлдөп өскөндү.
Таалайын таптап куш кылып
Талпынып Күнгө жеткенди.
Таалайды берген замандын
Тарбиясын эстейли.
Атабыз Ленин өлкөсүн
Ак эмгек менен көрктөйлү.
Уккула, эркек аттуулар
Уктап келип дүйнөгө
Уктаган бойдон кетпейли.

## АЧЫК КАТ

***Поэма***

**I**

Карасам ойду жиберип,
Кайсы жыл, кайсы ай бүдөмүк.
Катарлаш туулган имишпис,
Калганда согум түгөнүп.
Катуу жут болгон кези экен
Кармыштын күрөн ую өлүп.
Карылар айтат бул кепти,
Калп, чынын кайдан билелик.
Караңгы ата, энеден
Калбаптыр кагаз-күбөлүк.
Экөөбүз бирдей элеттик,
Эселек чактан тең өстүк,
Ээрчишип эгиз козудай,
Эчен ай, жылды жөнөттүк.
Энесин жуткан балдар деп
Эси жок жандар бөлөксүп,
Эт эмес жетпей сорпого,
Талашып талкан жеп өстүк.
Жеңенин уктук жемесин,
Жетимдик жактан көп өксүп.

Алаамат баскан дүйнөнү
Ал кезде согуш күндөрү.
Азамат кеткен жоо беттеп
Алыста калып сүйгөнү.
Акактай эчен селкинин
Азайып шаңдуу күлгөнү,
Айлуу түн кирсе түшүнө

Аргасыз жашын ирмеди.
Ал кезде айбан иттин да
Армандуу болчу үргөнү.

Чарбага көрүп камылга
Чал, кемпир калган айылда
Чалкалап жаткан Ала-Тоо,
Чамынып суусу сайында.
Жоокерлер жоосун жеңсе деп,
Жол карап күткөн чагында,
Томпоңдоп анда экөөбүз,
Толбосок дагы каруугa,
Кол кабыш кылып колхозго,
Кой жайдык кокту, адырда.

Таластын күңгөй, тескейи,
Тааныштыр сага көп жери.
Таш кырчып көгүн чокойдун,
Таманы түшкөн кездери.
Корумдан башын кылтыйтып
Кой аңдып жатса көк бөрү.
Коргонсок болбой тоо бурчак
Кол, кулак, башты черткени.
Эчен жыл өттү арадан,
Эстеби, курбум, эстеби?..
Тепкедей тентек убактан
Теңтуштар болот сыр ачкан.
Тең бөлүп жарты токочту
Тепетең курсак бир ачкан.
Кантсе да алар биз эмес
Катаал күндө сынашкан
Кабагым кетчү жарк этип,
Карааның көрсөм ыраактан.
Катарлаш жатып жутчу элек,
Кайберен ичкен булактан.

Ысык күн болуп кеткенде
Ыктатып койду тескейге.
Ышкынды терип колтуктап,
Ырдашчу элек Көк-Белде.
Айгышкан жоону талкалап,
Агалар келсе дешкенде,
Ач курсак калчу тоюнуп,
Айтылган тилек сөздөргө,
Ошолор келет элестеп,
Оюма түшкөн кездерде.
Ачуулу, зөөкүр чыр адам
Аталаш сенин бир агаң,
Аскерге барбай кууланып
Арамдык оюн улаган.
Атайлап бутун сындырды,
Ат минип бир күн кыядан.
Айылда белдүү жигит жок,
Ар кандай ишке чыдаган.
Ал гана калып колхоздо,
Чиренип мурут бураган.

Ак эмгек кылбай бир дагы
Аралап кесип кыйланы.
Анжиян, Аксы тарапка,
Ай сайын барды тынбады.
Ак ниетсинип айылга,
Алкымын бирок тыйбады.
Какшатып далай малчыны,
Колхоздун мүлкүн уурдады.
Аялын чанып, кыз алып,
Арамдык менен жыргады.

Калыптыр баары эсимде,
Кар жааган күнү кечинде.
Билмексен болуп акырын,

Биз турсак короо четинде.
Буржуйган күрөң өгүздү
Мууздап жаткан кезинде.
Бутунан жиби чечилип,
Мөңкүдү туруп кетүүгө.
Алдуураак адам болгон жок,
Ал ишке жардам этүүгө.

Өлбөйм деп ойлоп мен эми
Өкүрүп өгүз жөнөдү.
Каарын чачып анда аган,
Кабаттап айтып жемени.
Кайрыгын бери катын деп,
Как башка койду жеңени.
Кан болуп жолу көчөнүн
Колхоздун көрдү көп эли
Камакка алды эртеси
Калк мүлкүн соргон немени.

Уялып анда сен жетим,
Тик карай албай эл бетин.
Иниси дешсе уурунун
Ыйладың тартып өнгөчүң.
Калчылдап туруп муну айттын:
«Камактан кайра келбесин.
Ууруга ини болгончо
Уу ичип өлөм мен өзүм
Андан мен таяк көп жегем
Аны эми көзүм көрбөсүн».

Кой жатып бир күн адырда
Кечке жуук туруп жанымда,
Көп тиктеп туруп сүйлөдүң,
Көздөрүң толуп жалынга:
«Таякты таштап окуйлу,

Дартым көп билим жагында
Бешинчи класс бүтүппүз
Белгилүү чаркы анын да.
Кейибей өткөн төрт жылга
Кеч эмес курбум адымда!»

Ошентип көпкө сырдашып
Ой менен байып жыргашып,
Эл соту болуп бирибиз
Эл жегичтерди куураттып.
Жазуучу болуп бирибиз,
Жалпы калк сүйөр ыр жазып.
Кобурап сүйлөп жатканда
Койлор да турган тыңдашып,
Куттуктап биздин тилекти
Күн дагы кеткен кырды ашып.

Кечикпей эрте озунуп
Кийинки жылы окудук.
Алты жаш кичүү балдарга
Аралашып кошулуп.
Аларга эрөөн көрүндүк,
Агайы сымак локуюп.
Айдыңдап качкан түлкүдөй
Ай күндөр сызды созулуп.
Бүтүрдүк орто мектепти
Беш жылы бирге отуруп.

Көркөмү көздү караткан,
Чокусу айга жанашкан.
Жөжөдөй кезде өскөн жер
Жөнөдүк бир күн Таластан.
Көрүнбөй Көк-Бел да калды,
Көбүрчөк ишчү чаначтан.
Карагат терген Кара-Төр

Кашка-Суу калды шар аккан.
Белгилүү болду беш колдой,
Окуйбуз барып каяктан.

**II**

Ай бүтүп айга алмашты
Жыл бүтүп жылга жалгашты.
Төрт курдай жерге көк чыгып,
Төрт курдай жерди кар басты.
Ушунча мезгил ичинде
Улан да болдук кайраттуу.
Үмүткөр сага мен жүрдүм
Унутуп курбум калмакпы…
Кат алдым сенден бир күнү
Кабелтен сөздүү салмактуу:
«Ээрчишип өскөн эгизим
Эзилет жүрөк сен үчүн.
Бир тынбай сүзүп жүрсүңбү,
Билимдин терең деңизин?
Кошулуп качан экөөбүз
Көрөбүз тууган эл ичин?
Кат жазбай калдым бир жылдай
Капамын дебе… көп ишим.
Аз калды, күткөн күн келет
Ак эмгек кылар эл үчүн.

Кесенип адам тырмышса,
Кез келет жыргал турмушка.
Окуум жакшы, ден таза,
Октолгон чагым жылдызга.
Үйүмө келип конок бол,
Үйлөндүм тектүү бир кызга.
Ташкентке Маскөө алыспы
Таш деле жетер ыргытса.

Ойдогу сырды чечелик,
Олтуруп алып кыргызча
Адөөлөт киши кайнатам
Куу казан эмес, май казан
Айлына барктуу башкарма
Акыйкат издейт ар качан.
Кайненем жеткен боорукер
Капага түшөт барбасам.
Он бөлмө салган тамы бар
Оюмча жыргап жай жатам.
Капшыты толгон килемдер
Каларсың көрсөң анда тан.

Бош болуп калган күндөрдө
«Волгасы» даяр мингенге.
Кишилер карайт артымдан,
Кийим да кат-кат кийгенге.
Эрке өскөн эстүү жарым бар.
Эрдине эрдим тийгенде,
Жаным деп бийлеп жиберет,
Жай турбай тынчып бир жерге.
Таалайлуу экем кошулдум
Ташкентте окуп жүргөндө.

Кыскасы ушул курбалым
Кырк атам көрбөс сыйдамын.
Эл соту болуу тилегим
Оозуна кирип кыйланын,
Таалай бул байлык экен го
Далилдеп айтсам чын жагын.
Жигитмин дебей эбин таап
Жыргасаң мендей жыргагын.
Бакытка эрте жеткирбес
Баш катып, жазган ырларын.

Столго таштап катынды
Үшкүрдүм кармап башымды.
Орунсуз кээ бир сөзүңдөн
Ойлорум болду чачынды.
Кычыгын көздүн толтуруп
Кылгыртып алдым жашымды.
Андан соң минтип сүйлөдүм:
«Акылдан байлык асылбы? –
Ырыска мени жеткирер
Ырымбы?.. Эрке катынбы?..»
Ар жагын эстеп жаш чактын,
Ал түгүл билбейм… аз жаттым.
Андалап жиби сөгүлдү,
Алдыга койгон максаттын.
Кылбаса катын алагды
Алты сап жакшы ыр жазмактын.
Көп элес чубап алдымдан
Көз жумбай таңды кашкайттым.
Эсендик сурап куттуктап…
Эртеси мындай кат жаздым:

«Кулундай кезден сырдашым,
Куш боо бек болсун курдашым.
Эс менен жүргүн эсирбей,
Экиге жетти бир башын.
Ак эмгек чечет акыры,
Ар кандай жандын жыргашын.
Ак жоолук, арзан байлыкка
Азгырып жатат бул катың,
Бош болсом керек андайга
Болгонум менен ырга тың.

«Волгасын» минип атаңын
Болгончо жыргап жашагын.
Турмуштун түптүз жолу жок,

Түмөн тоо дагы ашарың.
Өчпөс из, өлбөс атакты
Өз колуң менен жасагын.
Жазымыш болуп төрт сап ыр
Жансактап мен да жатамын.
Сагынсаң кийин барармын,
Саламат турсун катарың.»

**III**

Фрунзе. Жайдын кечи эле
Буруксуп турган кези эле.
Бак-дарак күнгө магдырап,
Баш алган буудай, бетеге.
Сен кокус мага жолуктуң
Серүүндөп жүрсөм көчөдө
Оштонгон жарын бар экен,
Ойсондоп турган өзү эле.
Олтуруп, туруп сүйлөшүп,
Бир болдук шандуу кечеде.

– Коноктойм үйгө жүр – дедиң,
Колумдан алып сүйрөдүн.
– Балама белек берем деп,
Магазин издеп жүрбөгүн.
Жолугуп калдың жарк этип
Жолдошум башка ким менин?..
Бойдоксун али үйлөнбөй
Бош кеткен окшойт күндөрүн
Төрөчө эркин жата бер,
Төрт кабат бийик үйдөмүн.
– Тепетең сага жашым – деп,
Тентуштук жактан азилдеп.
Ээрчитип мени жөнөдүң –
– Эмгиче албай катын – деп.

Үйүңө бардым үч бөлмө
Килемдер жайнайт жашыл, көк.
Башкарма кайын-атаңа
Мактадың: курбум акын – деп.
Аш бышып даяр болгончо
Айтылып жатты ар кыл кеп.

Уламдан улам жаркырап,
Рюмка жатты кагылып.
Кызарып кызып алганда
Кыраандан бетер чамынып,
Үшкрүп туруп муну айттын:
«Уксаң көп бизде жаңылык.
Курбу элең сырды жашырбас,
Курсакта кептин барын ук.
Капага салды башымды
Кайнатам кылып карылык.

Окууну бүтүп алганмын
Орчундуу ишке барганмын.
Эки, үч ай өтсө жыл толот
Эл соту болуп шайландым.
Алты ай өтпөй атам үстүнөн
Арыздар түштү таңгалдым.

Ким кыят жакын кишини
Кичиртип башын жаңжалдын.
Кийлигип бардык иштерин
«Ким билди» кылып салганмын.

Айгышкан адам турабы
Арыздар кайра чубады.
Айласын ойлоп тапкын деп
Аялым мойнун бурады.
Балакет басып атамды

Башка сот келип сурады.
Зарп болуп сансыз чыгымга,
Сатылды үй жай турагы
Эбин таап дагы куткардым
Эрдигим менин бу дагы.

Ошентип «Волга» жоголду,
Он чакты килем тонолду.
Он миң сом жесе колхоздон
Оңойбу, курбум, оңойбу.
Уй, жылкы, кою дагы бар
Укмуш иш мындай болорбу
Үшкүрүп кейийт кайненем
Үй ичи кандай оңолду?
Тобокел десем бардыгын
Толтурбай кайра коёмбу!..

Карч урсам чындап жаш жанды
Жаш жаным дүйнө таппайбы...
Санаркай энем бербесин
Салдырам дале ак тамды.
Жаш керек элди эбин таап,
Жебеген жерге жатпайбы.
Арааны жүрүп турганда
Атасын уулу бакпайбы.
Айыптай көрбө акыным
Азыраак курбуң мактанды.

Ишинен тайды дебегин
Бул жерге келген себебим,
Укпайын дедим айылдан
Ушагын кээ бир неменин.
Которду мында сот кылып,
Козголбой иштей беремин.
Айлыгым алган аз эле.

Андан көп башка жегеним.
Самасам барам элетке,
Шаарды жакшы көрөмүн.

Үйүмө келип отурсуң,
Укканын эстеп чочурсуң.
Жүрөктөн айткан сырыма
Жүрөгүң менен кошул чын.
Эр өлтүрүп койсом да,
Эч кимге айтпас досумсун.
Чоюлбай алгын арактан,
Чочунар жерден чочурсуң.
Амандык үчүн ичели,
Атам да бизге кошулсун».

Бүтүрүп сөздүн аягын,
Тентегиң жакка карадың:
«Өзүмдү тарткан уулум» деп
Өптөлөп калбай жан-алың.
Эр жигит чыгат дегенде
Ээгинен сүйөп балаңын.
Чыныга демдеп пиязын
Чыгарган окшойт тамагын.
«Хозяин ужин готов» деп
Көз кысып койду аялың.

Зарылбы сенин керегиң
Зайыбын жакка жөнөдүң.
Урушуп секин муну айтты,
Укпадым андан бөлөгүн:
«Өлгөндөй маңыз экенсиң
Өлүкканаңды көрөйүн.
Ачпайбы эртең айбыңды
Алдагы акын сөрөйүң...»
Уксам да кылып билмексен

Уу болду тамак жегеним.
Кайнатаң токтоо, тымызын,
Кайталап жанып мурутун.
Коңкойтуп кочкор тумшугун,
Толтуруп желге ууртуң:
«Оф, дүйнө: эркек балам жок
Өзөгүм жалгыз бу кызым.
Күйөрүм жалган дүйнөдө
Күйөөсү тиги ырысым.
Өлүмдөн сактап калды» – деп,
Өзгөртүп койду турушун.

Созулган окшойт түн көпкө
Төшөк даяр бир кезде.
«Жатыңыз», – деди аяшым. –
«Уйку да канар чырм этсе.
Чарчап да калган чыгарсыз
Чаалыга басып күн кечке.
Билишип алдык келерсиз
Бул сыйды болбойт сый дешке.
Элжиреп турду жүрөгүм
Эки дос эркин сүйлөшсө».

Бир кезде курбум сен келип
Бийчиден бетер термелип,
«Бирге сал, – дедиң, – төшөктү»
Бир жата турган өңдөнүп.
Көзүнүн агын айлантып,
Көрөркөз жарың шерденип,
Көңүлсүз гана муну айтты:
«Досуңа тынчтык бербедик.
Уктасан бирге уктагын
Уйкусуна дем берип».

Ошондо бирге ыкташып,
Коюндашып жытташып,

Балалык чактан баштаарда,
Башымдан уйку бүт качып.
Кол, бутуң жайып эркинче,
Конурук тарттың сулк жатып.
Түшүңдө көпкө кыйналдың
Түрлүү жан менен мушташып.
Кыя эмес түптүз сүйлөйүн
Кызыкка кыйла ук батып:

«Билбеген жанга жамансың,
Бирок митаам, «барансың»
Билгизбей алпар зайбыма
Бир жүз сом дейсин, ал алсын.
Туйбасын муну тышкы адам...
Тюрьмадан өзүм куткарам...
Аа сенчи, күнөөң кечемби...
Айтпагын мага бөтөндү...
Магазин бузуп мал уурдап
Балаң жок кылды неченди...
Беш жүз сом берсен куткарам
Билбесин муну сырткы адам.
Аа сенчи, жердеш! Сенсиңби?..
Жердешим туруп жейсиңби? –
Алты жүз берсен бошотом
Аядым аркы-беркинди

Айтпагын мага жок сөздү...
А нука... иди чорт возьми!!!
Өткөрүп көбүн ачуунун
Ошентип азга басылдың
Прокурор сурап жатат деп
Бир кезде кайра бакырдың.
Ойгонуп алып суу-суулап,
Ойсоке жарың чакырдың.
Тагдыры кандай болот деп

Даамын мен таттым ачуунун.
Чындыгын айтсам ал түнү
Чырм этпей таңды атырдым.

Эси жок жандан эмессин,
Эртеси мындай деп өттүм:
«Тойпоңдоп өскөн бала элек
Токочун жеген элеттин.
Алкымын тыйып, ак иштеп,
Ар дайым чындык деп өткүн.
Күйгөндөн айттым бул сөздү
Түшүнсөң чеки дебессиң»
Деп айтып үйдөн жөнөөрдө,
Маңдайын өбүп бөбөктүн.

**IV**

Кийинки жылы. Жазгы учур
Гүл жыты аңкыйт ак, кызыл.
Тал-терек сөйкө тагынып
Ташкындап күн, түн акты суу.
Келгиндер келип, мал төлдөп
Кең талаа бетин басты чуу.
Бутактан конуп бутакка
Булбул сайрайт. Мас, кызуу.
Бардык жан сүйгөн ишинде
Магдырап жатат чакпы ушул!

Убада кылган күн келип
Үй күткөн кезим үйлөнүп.
Чакырсам жарың экөөнөр
Чай ичтиңер бир келип.
Ак тилек тойдун үстүндө
Ар кайсы достор гүл берип.
Жаңырып туш-туш тараптан

Жакшы сөз жатты сүйлөнүп.
Мас болгон кезде муну айттың
Басалбай бутуң сүйрөлүп:

«Тоюңа сенин түкүрдүм,
Тойгузбай арак ичирдиң.
Тоогуң аз койгон столго,
Топорлук жагың түшүндүм.
Сараң жан билбейт турбайбы,
Шарттарын конок күтүүнүн.
Ойлогом сени баштуу жан
Дүйнөгө өзүн карк кылган.
Үч-төртөө тургай бирөө жок
Үйүңдө килем аттуудан.

Жакшылап билсең оболу,
Жашоонун түрлүү оңою.
Оокаттуу жерден кыз алсаң
Коногуң мындай болобу…
Кеткен соң бүгүн үйүңдөн
Кеп кылбай булар коёбу…
Түшүндүм сендей акындан
Дүкөнчү жашайт жогору.
Канакей достор, арактан
Кайталап да бир соголу».

Кетирсең ыксыз айламды
Кеңгиреп башым айланды.
Тууралап кээде сөзүңдү
Дудуктай тилим байланды.
«Кечени бузбай эс ал» деп
Келишкен жаштар таңгалды.
Төшөккө койдук жаткырып
Түз турар сенде ал барбы…
Ырдашып калган коноктор

Уланта бердик сайранды.
Ар ойго чөмүп аялың,
Ачмаксан болуп кабагын.
Кечирим элден сурады,
Кебинин түзөп аягын:
«Аш кылбай койду ээ, катыгүн,
Ак тоюңардын тамагын.
Азыраак кызып алганда
Адаты мындай бар анын.
Жастыктан башы ообосун,
Жанына эрте барайын».

Келаткан кезде таң атып
Коноктор кетти тарашып.
Түшүңдөн чочуп сен жаттың
Коңурук тартып баратып.
Койгулап коёт капталга
Көрөр көз жарың жаны ачып.
Окшусан улам куздурдум,
Оозуңду төмөн каратып.
Окшотуп чочко канага,
Үйүмдөн качып жарашык.
Калыпсың курбум катkансып
Эртерээк туруп баш жаздык.
Тунжурап анан сүйлөдүн:
«Түндө ким кылды акмактык».
Бул менин айбым көрүнөт,
Булганган экен ак жастык.
Мунумду аяш кечиргин
Бу дагы болсо, мас, жаштык.
Жалжаңбай жигит экен деп
Жамандап элге айтпассыз...

Жашташа келсек бир жылым
Жарыңыз менен курбумун.

Жарымды сиз да көрдүңүз
Жайдары мүнөз кыр мурун.
Түк көрбөй эрке чоңойгон,
Турмуштун өйдө, ылдыйын.
Андан да эрке бул кезде
Апыртпай айтам чындыгын.
Аялды сыйлоо жагынан
Айтсаңыз аяш… ким кыйын?
Кийминиңиз неге жупуну
Ким болсо кият ушуну.
Кыйын деп тийген жарыңыз,
Кыйын акын ушубу?..
Айда алтын, күндө күмүш таап,
Арааны жүргөн учуру.
Өмүрдө жыргап дуулабай
Өлгөн соң эмне кызыгы.
Сөзүмө курбум тарынбас
Сөз сүйлөп койдум кытыгы».

Аялым күлдү. Не демек
Айтышып ага не керек.
Чырт мүнөз жандан болгондо
Чуурутмак эле жеме кеп.
Алдыңа койгон тамакты
Алгын деп турдум «же-же-леп».
Узаттык үйдөн бир кезде
Урматсыз жандан беле деп.
Жөнөөрдө катуу сөз айттым
Мурунтан айтып көрө элек:

«Ак мөңгү басып жатуучу,
Ашуу көп курбум ашуучу.
Тумшукка коёт терс жүрсөк,
Турмуштун келсе ачуусу.
Тырчытты айрым сөздөрүң,

Түндөгү менен азыркы,
«Кызына, байлык» мага жат,
Караңгы жактан ташылчу.
Кагаз жейт эле дебесең,
Калк мүлкүн жебейт жазуучу.

Адалдан башы кылдайдан,
Аягы тоодой кырданган.
Ардагы болот элинин,
Ал тоого чыгып турган жан.
Арамдын башы тоодойдон,
Аягы терең ор болгон.
Ак жүрбөй, сенче жүргөндөр,
Ал жолго түшүп кор болгон.
Калк сөзү ушул илгертен
Калганын билер ойлонгон...»
Деп айтсам мага жулундун,
«Бардыгын урдум сыйыңдын!»
Акылдуусунуп сөз айтат,
Ал жактан сенден кыйынмын,
Апенде чалыш байкушум,
Артынан кууган тыйындын.
Өзүмчө ичип аракты,
Өзүмчө жерге жыгылдым.
Бар беле кезин тургузган
Балчыгын сүртүп шымымдын.

Жедим мен пара өзүмчө,
Жебедим сенин көзүнчө.
Жаман, жакшы адамдын,
Жашоосу бар өзүнчө.
Жолобой койгун жаныма,
Жолдошуң ката кетирсе.
Дердеңдеп калат экенсин
Тентушсуп сага чечилсе».

Тарт десем эми тилиңди,
Өзгөртүп өтө түрүңдү.
Керилип жаакка бир чаптың,
Келтирип менин жинимди.
Келсе да жиним не кылам,
Кем акыл жагың билинди.
Өзүңдү сүйгөн жүрөгүм,
Ошентип сенден түңүлдү.

**V**

Кандайдыр толук бир жылы,
Көрбөдүм сендей курбуну.
Наадандык кылган жок элем,
Назары менден сындыбы?
Жолдошсуп акыл айтканым,
Жологус мага кылдыбы?
Деп ойлоп жүрсөм бир күнү
Өчкөнсүп такыр ындыны.
Үйүмө келип аялың
Үшкүрүп айтты ал муну:

«Камалып калды курбуңуз
Кашайып өчтү ындыңыз.
Айласын сизден деп келдим,
Ал жагын эптеп тындырыш.
Курбуга деле намыс ко
Курбусун өрткө кыйдырыш.
Ичимден сызып жүрөмүн
Ишинде болбой бир жылыш.
Ойлонуп оокат кыларбыз
Оңунан чыкса бул жумуш.

Жыргалдын арты өкүнүч,
Өкүнүч тарткан кезибиз.

Тик карай албай кишиге,
Түгөнүп барат бетибиз.
Айланган окшойт адатка
Адамга адам өчүгүш.
Жогорку сотко келиптир
Прокурор жактан өтүп иш.
Башты кор кылат турбайбы
Байкабай ката кетириш.

Акталган иши каралып
Атам да жатат камалып.
Бар болгон айбы күйөөмдүн
Пара алган бир топ ал анык.
Үй ичи опись кылынды
Үшкүрүп очок карадык.
Кассада акча бар эле
Катташты аны дагы алып.
Кабаттап тартып кайгыны
Кабыргам калды саналып.
Жакында болот сурагы
Жазалайт көп жыл сыягы,
Алпарсам тамак киргизбейт
Арыктап калган убагы.
Айтуу да кыйын ким билсин
Азаттык күнгө чыгабы...
Артынан түшүп каматкан
Агентке жетсин убалы.
Көңүлдөш теңи күйбөсө
Колдомок эле ким аны...
Кааласа келет жаш деген
Карыйм го күйүп жаш менен...
Көрөр көз элем бирөөгө
Көчөдө баскан наз менен.
Койбопмун мурун ойлонуп,
Кол кири тура бак деген.

Кейпинен кетти бу күндө
Кейишке түшүп жаш денем.
Жакшы эле байкуш биринчим.
Жаңылган экем башта мен».

Айлантып бир топ башымды
Аялың сүйлөп басылды
Оңолор сени деп жүргөн
Ойлорум орго жашынды.
Тыянак чыгар шашпагын
Тый – десем аяш жашынды,
Эми кеч болуп калды деп,
Эринин тиштеп ачуулуу.
Үңүлө карап көзгүгө
Унутуп койду жашууну.

Бир күнү болду сурагың
Бир көрбөй кантип чыдадым,
Башынан чыктым элестеп,
Балалык кездин убагын
Өзүңдү өрткө кыйсам да
Ойлондум кайра бул жагын
Көпөлөк кармап, кой жайып,
Көп бастык эле тулаңын
Көбүрчөк ичкен чаначтан
Көк-Белди кантип кыямын.

Атайлап мында келгенби...
Ар жактан түрлүү эл келди.
Жайылып соттун залына
Жек көрүп карайт сендейди.
Айыптап жатты күбөлөр
Аныктап билген, көргөндү.
Таасындап айтты кээ бирөө
Далайлар пара бергенди.

«Чоң» болуп турган кезинде
Чоюпсуң эпсиз керденди.
Бир кезде сенин үйүңдө
Мен барган күнү түнүндө,
Чырм этсен жөөлүп чыкканың
Чын болуп чыкты бу күндө.
Эми анык билдим түшүпсүң
Экинчи чыкпас иримге.
Арбакка окшоп сен турдуң
Адамдык кейп жок түрүндө.
Сын таккыч башың башкага
Шылкыйып турду ийинде.

Сот карап, атап атынды:
«Сурактын бүтөт акыры
Айыптын баары туурабы
Айтып кал – деди – датыңды».
Жандалбас кылдың анда сен,
Жамгырдай төгүп жашыңы
Катыным буга күнөөлүү
Калтыргын аман башымы.
Кантейин... пара же деген
Кайнатамдын акылы...

Айыптап жатсаң турсунбу
Аялың залдан кыйкырды:
«Атамдан айлан. Өзүңсүң
Араандай ачкан кулкунду.
Көп жебе пара деп айтсам
Көп жолу салып сыртыңды,
Кекетип келип урчусуң
Көп көрбөй түндө уйкумду.
Билер деп күтүп жүрчүмүн
Бузбастан сенден ыркымды.
Жыргатам колуң, бер дедиң

Жыргата турган эр дедим.
Жыргалың менен жылас бол
Жыртылды сен деп көйнөгүм.
Атамдын мүлкүн, эл мүлкүн,
Айлантып келип сен жедиң.
Күнөөлөйт мени бети жок
Күнөөлөп жүрүп көнгөнүн.
Аман бол эми айбаным
Акыры ушул көргөнүм».
«Тынч, тынч» деп жаңсап сот колду
Тытынып жарың токтолду.
Кыжырым кайнап экөөңө
Кызарып көзүм чок болду.
Балалык кезде курдаштык
Башымдан учуп жок болду.
Титиреп албуут ачуум
Тиреди көөдөн, колкомду.
Түзөлөр деген мен эссиз
Түрү суук сендей «досторду».

Сөлөкөт сымак сыягың
Сөзүңдү кайра уладың:
«Доорунда жеп-ич деп айткан
Досторго жетсин убалым.
Кара да болсом акмын деп
Калп айтсам мурун, чын аным.
Жан тирүү калса өлгөнчө
Жаңылбай кызмат кыламын.
Жардам кыл, сурайм адил сот
Жармашып жарда турамын.
Каралап жатат аялым
Камасаң кошо камагын.
Кыз эмес, жубан алгамын
Кыялы түрлүү бар анын.

Мурунку эри соодагер
Бул жагын дагы карагын.
Ажалым жетсе аталап,
Артымда калчу дарагым,
Айласы эми не болот
Артымда жалгыз баламын?..»

Деп айтып бүттүң сөзүңдү
Айлантып кылыр көзүңдү.
Жаш кезден өскөн курбу элек
Жардамдаш деген шекилдүү.
Калбайган эрдиң тиштенип,
Караттың мага бетинди.
Канткенде анда билмексиң,
Калчылдап турган кезимди.
Көп убак өтпөй арадан,
Окуду сот да өкүмдү...

**VI**

Жакшы кат жазат адамга,
Жаман кат жазат жаманга.
Тиеби сага бул катым,
Тийбесе деле салам да.
Сен укпай калсаң эл угуп,
Сени жек көрсүн алар да.
Кезинде төрт сап ыр ойлоп,
Кеңешип жүрөм каламга.
Мээмдин күчүн берсем деп,
Мени адам кылган заманга.

Тең курбуң сенин болуп чын
Тепкендей кезде жолуктум.
Тепкилеп балдар жатканда
Теңтушсуп сага болуштум.

Окууну бирге окушуп,
Орокту бирге оруштум.
Минтериңди билгенде,
Миң-сан элден болуп – «тың».
Кайберен ичкен булактан,
Катарлаш жатып не жуттум!..
Сезбепмин, жаш кез, билбепмин
Сен менен неге бирге өстүм.
Керилген жигит болсок деп,
Келечек жактан сүйлөштүм.
Ырдашып неге жүрдү экем.
Ышкынын терип бир беттин.
Ышкындай кезде солусаң,
Ич күйүп кээде күндөп түн.
Укмуштай жолдош эле деп
Унутпай эстеп жүрмөкмүн.

Өзөндө суусу шар акма
Экөөбүз өскөн Таласта,
Өрдөштө кетип баратсам,
Оюма түштүң заматта.
Билсек дейт кокту, колоттор
Бир жүргөн теңи каякта?..
Башсыз деп сени ырдасам
Бакай-Таш, Көк-Бел тарапка,
Башсыз деп кошо жаңырды
Баягы бийик Сары аска.

Туура иш кылбай калкыңа,
Турбадың берген антыңа.
Алтындай наам атакты,
Алмаштың бузук алкыңа.
Артымда балам бар дебе
Адаштың жетпей баркына.
Атасыз калбайт Бактыбек

Ардактар адам бар тура...
Акылдуу кылып өстүрчү
Атасы анын Партия!

Алгалап өскөн кадамы,
Адилет Совет заманы.
Кара кылды как жарып,
Аныктайт акты, караны.
Оңолор деген оюм бар,
Оңолсоң достук калабы...
Түзөлсөң мүмкүн чыгарсың,
Түк жебес болуп параны.
Түзөлбөй койсоң бир сенден
Дүйнө эли кемип калабы...
Жаңырган сайын жыл сызып,
Жакшы адам көрөт миң кызык,
Жегичтер элге жек болот,
Жегенин  кайра кулгушуп.
Көз жумсаң «курбум» оңолбой,
Кетти деп бизден бир бузук,
Алыкул акын айткандай,
«Кубанып жашым жылжытып,
Кара чым баскан мүрзөңө,
Кайтармын жылан ыргытып!»

## КӨК-АРЫК

***Поэма***

Көк-Арык алтын мектебим
Көп жылдар сенден четтемин.
Баягы чактай дагы эле
Бажырайтып көздөрүн,
Партаңда ойноп жүргөндүр

Балалык, тентек кездерим.
Көзүмдү ачып дүйнөнү,
Көргөзсө алгач энекем,
Биринчи «А» ны таанытып,
Билимиң берип сен эчен,
Тушоомду кескен өзүңсүн,
Туубадым эле дебесең.

Болду го жыйырма жыл ашуун,
Жетилип канат-кулачым,
Көрүшпөй алыс жүрсөм да,
Көңүлдө дайым турасың.
Киши эмес учкан куш деле
Унутпайт тура уясын...

Алыстап сенден кеткени
Аз эмес билип, көргөнүм.
Бир тобу эстен чыгыптыр,
Билбеймин азыр жөн-жөнүн,
А бирок дайым эсимде,
Алгачкы сага келгеним.

Ойдо жок «окуу» деген сөз,
Айылдан алыс капталда
Субанкул, Жусуп үчөөбүз
«Таш-казан» ойноп жатканда,
Бизди айдап алып жөнөдү,
Биялы деген башкарма.

Билбейбиз кайда барабыз...
Суроого келбейт чамабыз.
Баш бербеген торпоктой,
Балапан сары ооз балабыз.
Бүткөн бой бүткүл ботала,
Чоң тойгон киши карагыз.

Арт жакка кылчак карасак,
Айлыбыз калган алыстап.
Алпарар жери кай жакта,
Ал дагы бизге табышмак.
Калдырайт жаргак жыртык шым.
Кай бирде чуркап жарышсак.

А менде болсо шым да жок,
Көйнөкчөн барам көлбөңдөп.
Алдымдан шамал үйлөсө,
Ачылат ичим черпендеп,
Каткыра сүйлөйт башкарма,
Кайсы апаң тигип берген деп.

Ошентип келип акыры
Өзүңө жеттик Көк-Арык
«Окууну жакшы окуган
Өкүмөт болот» деп алып,
Башкарма кетти жайына
Баарыбызды өөп алып.

Көк-Арык сенин көркүңдү,
Көргүбүз келип даа кайра,
Классын менен залынды
Кызыга тиктеп далайга,
Жолуктук дедик чын эле,
Жомоктон уккан сарайга.

Былтыркы бойдон жуубаган,
Бутубуз кычы капкара.
Шымым жок чоочун балдардан,
Уялып улам жалтана.
Окшошуп эки дос менен
Олтурдум барып партаңа.

Эсте жок атың билбедим,
Эжемдей болгон бир келин
Доскага «А» деп жазды да,
Токтото калды сүйлөмүн.
Саржанга окшош экен деп,
Шашылып ичтен сүйлөдүм.

Жазарда жалгыз тамганы,
Жан-алым калбай сүйүндүм.
Калемди кармап колума,
Кагазга алгач үнүлдүм.
Эстесем ошол «А» тамга
Эшиги тура билимдин.

Бар болсо ошол эжекем,
Барчындай учуп жетсем дейм,
Баягы балаң менмин деп,
Башымды ийип өтсөм дейм.
Ак буурул тарткан чачынан
Апамдай сүйүп өпсөм дейм.

Башкарма эсен бар болсо,
Кабарым эчак билгендир.
Көз ачып билим алууда
Көмөгү тийген бирден-бир,
Ойлосо шымсыз кезимди
Өзүнчө күлүп жүргөндүр.

Арасы бир топ чакырым,
Ал кезде айлым ыраакта.
Шашылып туруп кийинип,
Сабагым окуп бир азга,
Тампайып үйдөн чыкчу элем
Танга маал болгон убакта.

Калбастан ээрчип артымдан,
Кааласа кай бир кездерде,
Узун куйрук Балтегим
Узатып келип көп жерге,
Ай никейлүү ал урган
Арт жакка кайра кеткенде,

Кар баскан таштар алдында,
Карышкыр сымак кубарган,
Кара тер басып денемди,
Калтырап улам уламдан,
Көөнүмө түшүп көп нерсе
Коркчу элем караң-кураңдан.
Эл кийген кийим менде жок
Эне, атам карган чагы эле.
Эчен жыл кийип эскирген,
Таар көйнөгүм бар эле.
Жаныма баткан жармачтык
Жадыма түшөт дагы эле.

Чокоюм майрык чолчоюп,
Кийизден салган таманды.
А көгү болсо шоонадан,
Чындыкты калп деп танамбы.
Бапестеп байпак ордуна,
Салчу элем өлөң, саманды.
Шоона, көк түтпөй кырчылып,
Таманы күндө жыртылып,
Батегим чууруп жол бою
Ордуна калчу муз туруп,
Көргөндө кейип атакем,
Кетерсин дечү кыш чыгып.

Ошентип жүрүп Көк-Арык,
Окудум сенден көп жылы.

Унуттум далай көргөндү,
Унутуу кыйын эч муну...
Кайгырып кетем ойлосом,
Капкачан өткөн кезди бу.

Кезектешип кээ бирде,
Жашырып жаап кемтигим,
Апамдын эски күрмөсүн
Айла жок кийип келчүмүн.
Окуудан кайра барганда,
Өзүнө чечип берчүмүн.

Жаз жаңыдан келгенде,
Жаткан кар эрип, суу агып,
Окшошкон жамшык чокойду
«Отпускага» чыгарып,
Келерки кышта кием деп,
Кетчүмүн ичтен кубанып.

Балама айтсам аларды
«Бардыгы жалган жомок – дейт,
Жаргак шым, батек, шоонанын
Өң-түсү кандай болот – дейт, –
Чын сүйлөйт десем атамды
Калп айтып кээде коёт» – дейт.

Анысы туура баламдын,
Көргөн турмуш жапасын.
Кудуңдап эрке чоңойду,
Курсактын тартпай капасын.
Шоколад соруп, шат жүргөн
Өзүңдөй көрөт атасын.

Агай аз, анда эже көп,
Аламат согуш убагы.

Окутуп бизди ошолор
Билимге билим улады.
Кайратын катын, баланын
Катаал жыл өзү сынады.

Борсойгон боорсок токочту
Өң эмес түштө көрбөдүм.
Кезээрип кардым ачса да
Кечикпей сага келгемин.
Талпынтып көккө учурар,
Таалайым жалгыз сен дедим.

Адабий кызык китептер
Аз эле анда саны абдан.
«Эр Төштүк» менен «Кедейкан»,
Эрте-кеч чыкпай санаамдан,
Кетчү эмес элем окуйм деп
Кенедей китепканаңдан.

Партаңда кээде түнөдүм
Багуусуз калган адамдай.
Үшүткөн жоксуң үйрүлүп
Ичиңден чыккан балаңдай.
Билерсиң өзүң ошондо,
Бир топ ыр жаздым сага арнай.

«Көк-Арык» менин мектебим,
Көп акын болуп кетпедим.
Ойнотуп кызыл тилимди,
Осмонкулга жетпедим» –
Калганы эстен чыгыптыр,
Калтырып кеттим көп жерин.

Турду да карап анда сен
Тилекке жеткин дегенсип,

Сүйкүмдүү энем сыяктуу
Сүйлөдүң кошо мени ээрчип,
Акын да кылган өзүңсүң,
Алгачкы шыгым көбөйтүп.
Кээ бирде чыгып өзүңдөн
Жол жүрүп үйгө жетпестен,
Кулаган-Таштын ичинен
Кулаган-Таш – жердин аты ичинде
Киргенче күүгүм кетпестен,
«Кудайым акын кылгын» деп
Жалынгам жогун сезбестен.

Аң-сезим өсүп жете элек,
Акылсыз бала кезегим.
Жаңыртып тоону, асманды
Кардыккан экен бекер үн.
Мен сүйгөн билим, таланттын
Билбепмин жерде экенин.

Эсинде бардыр, Көк-Арык,
Кышкы суук жерде кар калың.
Эне-атам өлүп удаалаш
Эңгиреп жетим калганым.
Ошондон тартып өзүңө,
Окуйм деп күндө барбадым.

Үй ичи окшоп мүрзөгө
Үшкүрдүм ыйлап дембе-дем,
Жонума минип жокчулук,
Жорукту көрдүм көрбөгөн.
Кабагым бүркөө, кардым ач,
Кайгымды айттым желге мен.

Фронтко кеткен күйөөсү,
Бир турчу эжем биз менен.

«Жигит да ыйлайт бекен» деп,
Жылмайып жылуу жүз менен,
Мен үчүн дайым кам көрүп,
Мен үчүн бакыт издеген.

Кибиреп кебээ козудай,
Күн өткөн сайын арыктап,
Тууган жер, турган үйүмдөн
Кандайдыр көөнүм калып бат,
Олтурсам дагы, турсам да,
Ойлонто берди алыс жак.

Эжекем менен сырдашып,
Эрте-кеч ичте сырымды,
Фрунзе шаарга барсам деп
Бүт бойдон оюм бурулду.
Тамакка, жолго жетерлик
Даярдап алдым тыңынды.

Көз жумган ата, энемдин
Көрүнө келип баш уруп,
Тирилип тура калса деп
Түңүлбөй көпкө акыйып,
Ачуу жаш менен бетти жууп,
Алдым да эки, үч бакырып.

Өзүнө келип, Көк-Арык
Өткөндү турдум эскерип,
Жашыл бак менен жарашып,
Жаркырайт түсөн өзгөрүп.
Кыя албай кылчак карадым
Коштошо турган кез келип.

Мээримиң төгүп сен дагы
Мени эле карап турасың.

От болуп денем бир кезде
Оргуштап кайрат, кубатым,
Туурундан учтум алыска,
Дүрмөтүң болуп бир атым.

Ал кезде түркөй баламын
Айылдан сыртка чыкпаган.
Машина үнүн уксам да
Паровоз үнүн укпагам.
Келгенде Жамбыл шаарына
Керемет болду бүт маган.

Көп жерде эки-үч кабат үй,
Көзүмдү албай тиктедим.
Окшогон кооз жай экен
Өңүм го эмес, түш дедим.
Ошентип билбей калыпмын,
Поездге кандай түшкөмүн.
Көз жеткис жайык талааны
Көргөзүп барат терезем.
Арт жакта калды көп кыштак,
Арт жакта калды көп өзөн.
Картасы чакан болсо да
Жер өзү чексиз кең экен.

Бурулдап буурул түтүнү
Көмүрдөн тоё жеп алып,
Ар секунд сайын кайталап,
Атынды сенин, Көк-Арык,
Вагондор зуулап баратты
Паровоз «күш-күш» дем алып.

Уламдан улам узарып,
Жол түгөнбөйт жердеги.
Ойлонгон сайын ойлонтуп,

Ой түгөнбөйт мендеги.
Баягы тилек, үмүттөр
Башыма тынчтык бербеди.

Бакырган сайын күчтөнгөн
Паровоз тизгин жыйдыбы...
Вокзалга келип токтоду,
Басаңдай түшүп кыймылы.
Көксөгөн шаарым көргөндө
Көзүмдүн жашы ыргыды.

Жан жагым катар бийик үй,
Жалтырак жолдо барамын.
Далай эл өтөт көчөдөн,
Такыр жок тааныш адамым.
Кейип да коём ичимден,
Кеч кирсе кайда каламын...

Көк-Арык, өзүң окуткан
Көп балдар мында бар эле.
№ 5 кыргыз мектепте
Окуп жаткан чагы эле.
Аларды кантип табам деп,
Аптыгат жүрөк дагы эле.

Шалпая басып баратам,
Сан ойлор түшүп санаама,
Капилет экен ал оюм,
Калбадым үйсүз талаада.
Капыстан калдым жолугуп,
Кадыркул деген балага.

«Ай эмес жылдан ашты го
Айылдан мында келгениң.
Тепкедей кезден бир өскөн,

Тентушум элең сен менин.
Жазуучулар Союзун Жаңылбай таап бер»
дедим.

Союзга барсак топ киши,
Салам айттым баарына.
Көпчүлүгү көз салат,
Көйнөк, шымдын тарына.
«Жол жүрүп келген баламын
Жолуксам – дедим – Аалыга»

Ак саргыл киши балкайган,
«Атыныз ким» деп тергеди.
«Арызыныз болсо айтыныз,
Аалы деген мен» – деди.
Жылуу сөз мындай укпагам,
Жүн чыгып башка көргөнү.

Аптыкпай кайрат жыйдым да,
Айтылчу сөздү бек айттым:
«Талантым ташып чыдатпай
Таластан келдим»–деп айттым.
Жебиреп улам кайталап,
Жетимдик жагым көп айттым.

Олтурду жаңкы кишилер,
«Оку» деп жазган ырымды,
Шыдырата баштадым
Шыр тартып коюп мурунду.
Бирдеме чыгат мындан деп,
Бир тобу мага бурулду.

Акыйкат менен сынга алды,
Алашем кеткен жеримди.
Уйкашы дурус экен деп,

Улашып кээде көңүлдү,
Бардыгы менин көзүмө
«Пайгамбар» болуп көрүндү.

Осмонкул болчу тилегим,
Ошондон тартып жанданды.
Журналга ырым бастырып,
Беришти бир топ жардамды.
Таптаза кийим кийинип,
Таштадым эски чалбарды.
Оюнда бардыр, Көк-Арык
Чиймелеп дептер барагын,
Олтуруп алып партаңа
Ой-тоону кошкон жамагым,
Жамак да болсо ал ырдан,
Жаралды тунгуч кадамым.

Окудум шаардык мектепте,
Окудум алыс сыртта да.
Таалайлуу кылып бардыгы
Тарбия берип чыкса да,
Көңүлгө түшөр биринчи,
Көк-Арык деймин түз гана.

Мен тургай эчен балдарың,
Менчилеп сени сүйүшөөр.
Баарыбыз учкан уя деп,
Баркыңды дайым билишер.
Эрте-кеч доска, партанды,
Эстешип коюп жүрүшөр.

Жетилген жеткинчектериң
Түрлүүсү түрлүү кесипте.
Канатын күүлөп учуруп,
Калтырган жоксун өкүттө.

Каламын сени көргөнсүп,
Кай бири кээде кезиксе.

Канаты куштун талса да,
Канаты талбайт жылдардын.
Мезгилди минип камчылап,
Таскагын салат буудандын.
Түн, күндөр сансыз сабы окшойт,

Түгөнбөс төкмө ырлардын.
Көк-Арык, сенден кеткеним
Көп болгон экен санасам.
Чай кайнап эле өткөнсүйт,
Санабай туруп карасам.
Кыялым дале кырчындай,
Кыярып бирок баратам,
Атайлап эки, үч жыл мурун

Алыстан сага барганмын.
Бир тобун көрдүм ал жерден,
Бирге өскөн теңтуш балдардын.
«Келечек жаштардыкы» деп
Кеп сүйлөшсө таңгалдым.

Алп жигит болот дедиртип,
Атанган он беш жашынан,
«Улгайдым күчүм кайтты»–дейт
Баягы балбан Асыран.
Рысбек болсо ырас деп,
Ак талын сууруйт чачынан.

Жолдошум болгон бир кезде,
Жолдошбек жоош бала эле.
Эртерээк бырыш кириптир,
Эзилинки сары эле.

Бакылдайт курбум Субанкул,
Балалык кездей дагы эле.
Бакас деген бир курбум,
Малчы болуп алыптыр.
Буденныйды тууралйм деп,
Мурутун коюп салыптыр.
Мүнөзү бирок баладай,
Мурунку бойдон калыптыр.

Байкасам сени, Көк-Арык,
Баягы кезиң өзгөрүп,
Көрүндүң менин көзүмө
Кичире түшкөн кейиптенип.
Кичирсең деле билгизбей,
Балдарың, турду көрк берип.

Замандын ээси бөбөктөр,
Саламын айтып күлүндөйт.
Окшошкон кызыл жагоолор,
Чуркашса желге дирилдейт.
Карап туруп аларды,
Канткенде жүрөк сүйүнбөйт!

Жүрүшөт окуп жайдары,
Жүдөңкү тарткан түрү жок.

Жүздөгөн бала ичинен,
Жупуну кийген бири жок.
Абайлап тиктеп олтурсам,
Айрыгы тургай кири жок.

«Соолгон согуш кезинде
Чыт түгүл бөзгө зар элек.
Ал эмес башка кийгенин,
Андагы көйнөк кана – деп –

Азилдеп коёт Субанкул
Азыр жок шымсыз бала» – деп.

Бырс күлө жаздап токтолуп,
Бир ойго дароо байланам.
Бышыктоо үчүн дагы бир,
Билимиң мага арнаган,
Пионер болуп партаңа,
Олтургум келет кайрадан.

Жөө жомок жөндөп айтпадык,
Жолдоштор менен бир кезде.
Азыркы балдар биз эмес
Алышпай катаал күндү эске,
Көңүлүм эргийт асманга,
Космостон баштап сүйлөшсө.

Жолуңда турган сагалап,
Жолбун ит экен жокчулук.
Келтиргис кылып экинчи,
Келтирдик аны жок кылып,
Дүйнөнүн көркү турбайбы
Тынччылык менен токчулук.

Эмдики эрке жаштарды,
Өнөрдүн күтөт көп түрү.
Керектүү шарттын барынан,
Кем-карчы эмес эч бири.
Өзү эле начар болбосо,
«5» ке окуй турган мезгили.

Көк-Арык, сенин колуңдан
Көппү, азбы алган билимим.
Тарбия бердиң далайга,
Далайдын тамчы биримин.

Мекенге элге канатташ
Мезгилдер сыңаар күлүгүн.

Көзүмдүн курчу, Көк-Аркы,
Эмгегиң дайым көңүлдө.
Кара жер үстү канча кен
Жүрсөм да кайсы ченинде,
Унутам мүмкүн өзүмдү,
Унутпайм сени өмүрдө.

Мугалим болсоң «Агай» деп,
Чакыраар элем сыйыма.
Жазганым жетээр жаңылбай.
Ыраазы болгун ырыма.
Улан, кызды уяңдан
Учура бергиң жылына.

## БОРБОРУМ СЕНИН 100 ЖЫЛЫҢ БОЛСУН ДЕП ТИЛЕЙМ 100 КЫЛЫМ

***(поэма)***

Бул Пишпек жүз жыл илгери
Бир айыл экен кыштакча.
Ал кезде акын мен эмес
Атам жок экен курсакта.

Кыргыздын болуп борбору
Кылымга толду бул чакта.
Жаралган кезде мөгдөптүр,
Жакшылык деле көрбөптүр.

Төбөсүнөн жаан өтүп,
Төрүнө чейин көлдөптүр.

«Олчойгон» шаар болом деп
Оюна такыр келбептир.

Чатырын шамал үйлөптүр,
Чаң толуп ичи кирдептир.
Сарала болуп сабыркап
Санитар жагын билбептир.

Түнкүсүн жаркып турчуу кез
Түшүнө дагы кирбептир.
Ал кездин күлүк «Волгасы»
Ат чеккен шалдыр араба.
Анда-санда түшчү – дейт
Атактуу киши ага да.

Бир түнөп араң жетчү экен
Пишпектен Токмок калаага.
Октябрь таңы атканда,
Ободон нурун чачканда,
Уйкудан тоолук ойгонуп
Умачтай көзүн ачканда,
Кайрат, күч кирип карттарга,
Жалын дем кирди жаштарга.

Каруугa толуп ач-арык,
Кайгыдан көөнү тазарып,
Теңдикти атка теңдендик.
Теңсиздик орго маталып,
Бактысыз өткөн өмүрдү
Башынан кайра жасадык.

Коктуда, жондо, туу кырда
Кор болуп келсек миң жылга,
Көп баскан «көчмөн» бутубуз,
Кошулуп шаңдуу кыймылга,

Эзилип келген мезгилдин
Эсесин алдык бир жылда.

«Соолду» – деген кап качан
Сокурдун көрдү көздөрү.
Дүлөйдүн угуп кулагы
Түшүндөй кереӊ кездери,
Дудуктун тили так сайрап,
Түрлөнүп чыкты сөздөрү.

Дос күтүп түрлүү улуттан
Төбөбүз ашты булуттан.
Кошулуп короо жайыбыз
Коомго кирдик уюшкан.
Чогулуп максат, оюбуз
Чоюндай болду уюткан.

Биргелеш кыргыз эл менен
Пишпек да кошо өзгөрүп,
Жасанып кирди жалтылдап
Жаркыган доорго кез келип,
Мурунку кирдүү кийимин
Музейге салды өткөрүп.

Оӊдолуп күндө жашарып,
Оюнан чыгып капалык,
Он сегиз жашка караган
Кыялкеч кыздай жасанып.
Билинди бүткүл дүйнөгө
Фрунзе шаары аталып.

Көп көчө, гүлзар жайлардын
Көркүнө дагы көрк берип,
Көргөндүн көзүн кубантып
Көбөйдү фонтан, эстелик.

Бой эргип, толкуп кетемин
«Борборум менин» –деп келип.

Өзгөрүш мындай болоорбу…
Өзгөртүү аны оңойбу…
Чырпыктап тиккен жаш көчөт
Чынарга жетип чоңойду.
Эшектен бою чоң эмес
Эргежээл үйлөр жоголду.

Көмөгү менен көп элдин
Көмөгү менен орустун
Бактылуу ээси аталып
Байыркы ата-конуштун,
Биринен болдук бузулгус
Бир тууган он беш Союздун.

Молдован элдин тилинде
Фрунзе – жашыл жалбырак.
Кыргыздар даңктуу жердештин
Кызматын баалап ар убак
Миң жылдар бели талбаган
Мингизип койду аргымак.

Ондогон окуу жайлары
Билимдүү жаштар жайнады.
Кемпирден баштап кездешет
Докторлук наамды алганы.
Космостон баштайт сөз башын
Көгала сакал чалдары.

Болжотпой узун, туурасын
Борборум жайды кулачын.
Карасаң Түндүк четинен
Казакты көрүп турасың.

Тыңшасаң Түштүк четинен
Дүбүртүн малдын угасың.

Көз салсаң Чыгыш жагына
Күн чыгат күндө сагына...
Карасаң Батыш жагына
Карагың келет дагы да.

Москва баатыр эжеси
Балбылдап турат дайыма.
Баягы жылы Фрунзе
Бай эле кара чымынга.

Тынч уктатпай балдарды
Турчу эле конуп мурунга.
Жабылып жолтоо болчу эле,
Жасанып жаткан сулууга.

Бул кезде анын бири жок
Бириндеп калды чымын да,
Күн-түндөп тынбай өзгөрүп
Курорт-шаар болду чынында.

Деңиз жок гана дебесек
Теңелген кези Крымга.
Фрунзе шаары жашыл шаар,
Бүт кыргыз сүйгөн асыл шаар.

Мурундан жыты кетпеген
Буруксуп турган атыр шаар.
Ала-Тоо менен теңешкен
Ай менен Күнгө жакын шаар.

Ысыкта жүрсөң салкын шаар,
Ырыска бүткөн алтын шаар.

Бир көргөн жанды дегдетип
Миң жолу кайра талпынтаар.

Бий, күүгө, ырга жаны бир
Күлкүсү күмүш жаркын шаар.
Жарашат экен жакшы адам
Жашыл бак, жашыл калаага.

Кадырын билбей борбордун
Кай бирөө жүрөт арада.
Алардын айрым жоругу
Чоң эмес жакпайт балага.

Каалаган жерге Картаңбай
Какырынганын койсо экен.
Туш келген жерге Турганбай
Түкүрүнгөнүн койсо экен.

Көгүлтүр көлдүн үстүндөй
Көчөбүз таза болсо экен.
Батмакан тилди алса экен
Баяным эске салса экен.

Байпагы эле он чакты
Башкасын билбейм канча экен...
Көргөзмө кылбай көп элге
Көмүскө жакка жайса экен.

Баткакбай бир аз ой жоруп
Байкаса боло ойлонуп...
Баштагы барктуу кейпи жок
Бар жагы кирдеп мор болуп.

Байыркы жаман шкафы
Балкондо турат солдоюп.

Дүнүйө көрбөй андайды
Түшүрүп жерге салбайбы.

Дүнүйө көрсө андайды
Дүкөнгө алып барбайбы...
Кадырлайт эле кадырлайт
Кайын атасынан калганбы...

Тамара тилге кирсе экен
Тазалык жагын билсе экен.
Таштанды, акыр-чикирин
Талаага төкпөй жүрсө экен.

Өркүндөп өскөн шаарды
Өз үйүндөй сүйсө экен...
Ит каалайт «ыр!» – деп капканды,
Мас каалайт алжып жатканды.

Жатканы жаман сөз айтып,
Капканы бутка так салды.
Жоготсок экен көчөдөн
Жолбун ит, жолбун мастарды.

Кээ бирде көпкөн боз улан
Көк түтүн үйлөп оозунан,
Адепсиз жактан «5» алып
Абийрин «1»ге окуган.

Өңөрүп «кызын» олтурса
Өрөскөөл көрүп чочунам!.
Көзүнө илбей чак түштө
Көпчүлүк элди жайнаган.

Жадашып бүтсө өбүшүп,
Жалашып кирет кайрадан.

«Өнөрүң өрткө күйсүн» – деп
Өзүмдөн өзүм арданам.

Жаңыртып шаарды туруучу
Жашасын чебер куруучу!
Бойлору бийик көп үйлөр
Борбордун болду сулуусу.

Бирок да кээ бир кемтик бар
Биз байкап, көңүл буруучу.
Ардактап айрым көчөгө
Асфальтты тегиз жабышат.

Асмандын бетин уялтып
Айнектей кылып алышат.
Кайрадан көрсөң эртеси
Каңтарып казып салышат.

Аз деле болсо кай бирде
Айгайды салчуу жаңжал бар.
Жалтанбай жаштар өтсө да
Калтаарып өтчү каргандар.

Жирафтын башы көрүнбөс
Жыгылсаң чыкпас аңдар бар.
Фундаментин көтөргөн
Бир топ үйдүн орду бар.

«Ким мени эстейт» – деп турат
Киши бар бекен ой бураар...
Көп жылдан бери томсорот.
Көңүлгө жакпай койдубу ал...

Ак ниет ар бир куруучу
Айтайын капа болбосо.

Быйылкы бүтөөр жумушун
Кийинки жылга койбосо.

Убада сөзүн узартып
Гармондон бетер чойбосо.
«Өлкөбүз биздин бай го» – деп
Опуртма сөзүн айтпаса.

Бир жерге жайды салаарда
Планын мурун тактаса.
Көчөнүн көркүн кетирип
Көрүнгөн жерди казбаса.

Ошого деле карабай
Өркүндөп борбор кеңейди.
Кемчилик артка сүрүлүп,
Керемет жайлар көбөйдү.

Кең бөлмөлүү үйлөрдө
Келечек, муундар төрөлдү.
Ай өтсө жылды жаратат
Абайлап-байкап карасак.

Ар жерде бийик имарат
Ак чоку менен жанашат.
Ай өткөн сайын Фрунзем
Айчүрөк болуп баратат.

Жыл өткөн сайын карасак
Жыргалын элге таратат
Көчөлөр толгон жаңылык
Көңүлгө шаттык жаратат.

Жыл өткөн сайын Фрунзем
Жылдыз шаар болуп баратат.

Бороонго сырдаш калк элек
Боз үйдө өскөн биз мурун.

Борборум сенин 100 жылың
Болсун деп тилейм 100 кылым.
Сапарың улап сайрандап
Самаган жашка чыккының.

Ап-ачык болсун асманың,
Арбысын өлбөс дастаның.
Атабыз Манас сыяктуу
Атактуу чыксын жаштарың.

Гүлдөрүң аңкып Күн карап
Күлүңдөп турсун жаз, жайың.
Турганда Ильич жарыгы
Түбөлүк сенден түн качат.

Турганда улуу Партияң
Бар жагың бакыт, гүл басат
Кылымдап өмүр сүрө бер
Кыргызың менен бир жашап!

## БИЗДИН БААТЫР ЧАБАНДАР

***(Ода)***

Жашап жүрүп биздин тоолуу жерде мен,
Көп кыш көргөм, мындай кышты көрбөгөм.
Түндүр, күндүр түгөнбөгөн жомоктой,
Неге мынча кар лапылдайт дембе-дем?!

Тумчукккансып тунжурайт жон, талаалар,
Кар калыңын метрге өлчөп санап ал.

Кай бир жерде кулагынан эшектин,
Кай бир жерде төө боюна барабар.

Кылыч миздүү кыш чилдеси кычырап,
Кулак каарып, бетти жалап кутурат.
Ичке ийненин көзүнөн тар кычыктан,
Илеби анын жылуу жерге жутунат.

Ушул кезде тоо тарапты карасам,
Ашууларда ала булут, ала чаң –
Уюлгуса бороон үнүн укkансып,
Үйдө олтуруп мен калтырап баратам.

Баатырлар көп баардык жерде айтылаар,
Алардан да ашып түшкөн даңкы бар.
Анда жүрөт багып тирүү байлыкты,
Алп жүрөктүү, алмаз кайрат малчылар.

Кышкы жайыт, күнгөй-тескей өзөнү,
Малдын эмес азыр кардын мекени.
Койчулардын кошо чуркап артынан,
Койдун көбү кол караган кезеги.

Жылкы буту кой бутунан узун да,
Калың карды тээп оттойт кышында.
Эмне болду эчки менен уй байкуш,
Тээп оттоор жөндөмү жок бутунда.

Камдап койгон жем, чөп керек аларга,
Жакшы жери анын баары даяр да.
Жардам берип, тоют жүктөп тынымсыз,
Машиналар барып жатат чабанга.

Бирок бул аз машинанын көмөгү,
Күрткү түрткөн грейдердин өнөрү.

Аларды биз байлай туруп үтүргө,
Малчы эмгегин баян кылып көрөлү.

Койчусу жок жашай алат дебегин,
Момун жан го Чолпон-Ата дегениң.
Өз жанына душман кылып алыптыр,
Багып-каккан бир кишиден бөлөгүн.

Карабаса карышкырга жалматат,
Араласа караганга карматат.
Ууру келсе уурдады деп маарабай,
Эси оогонсуп эки көзүн жайнатат.

Мунун баары бүт малчынын милдети,
Жардамчысы жайып чыгат күндө өзү.
Ай караңгы алай-дүлөй күн жааса,
Сакманчысы кирпик какпайт түндөсү.

Койчулардын көргөм түйшүк тартканын,
Кышкы туутта кыйналганын айтпагын...
Суук түндө жаңы туулган козуга,
Тоңбосун деп тонун чечип жапканын.

Жазгы туутта жамгыр куят чыпкалап,
Анда кайда ак шейшепте уктамак...
Тумчугат деп тумшуктарын сыдырып,
Жанын үрөйт жаңы төлдү бүт карап.

Батса дагы белчесинен чылага,
Бакытым,– дейт,– ошол тарткан убара.
Жалкы туубай эгиз тууп койлорум,
Жетсем ээ дейт жеңиш алып мудаама.

Котур болуп кетпесин деп жаңылап,
Кашынганын кармап алып дарылап.

Жайдыр-кыштыр жалаң гана төл эмес,
Жаны калбай жүн үчүн да кам урат.

Чабан көзү биздикинен кырааараак,
Баккан малы жадыбалдай буга жат.
Кой жерисе козусуна шор сүйкөп,
Миң болсо да бүт өңүрүнөн чыгарат.

Жай койнунда жүргөн кезде жайытта,
Ак жаандуу күндөр болот зарыкма.
Эркеч качып корум ташка корголоп,
Кой бириндеп кирет түрлүү багытка.

Кээ бир ырда «чабан жанын ардактап,
Жатат, дейбиз, жашыл жондо жамбаштап».
Пахта терүү, эгин жыйноо оор иш,
Андан оор төрт аяктуу мал бакмак.

Кыш койнунда, кызыл шыйрак аязда,
Көздөн учат көк өтөк, тоо каякта.
Өкүм сүрүп «токту тойбос» деген ай,
Күн кеч чыгып, кайра батат заматта.

Кээ бир кезде көз ачырбай бурганак,
Бийик бетте кар үйүлүп кырданат.
Койду басчу көчкү деген дал ошол,
Байкабаса малчы калат кур жалак.

Ал учурда бороон үнүн боздотот,
Күрткү бузуп жол салгандан жок тозок.
Чөптүү жердин карын күрөп чабандар,
Ач койлорду айдап барып откозот.

Кеч киргенде таноосунан буу чыгып,
Коюн улам «кош» деп коюп ышкырып.

Келет чабан короо жакка бет алып,
Кашы бубак, мурутуна муз туруп.

Кай бирөөлөр жакшы билбен иш жайын,
Оңой көрөт мал түйшүгүн, кыш каарын.
Эне сүтү татыр белем оозуна,
Андайларга кой кайтартса түш жарым.

Эл билет го ар кесиптин жөн-жөнүн,
Элге арналган менин да бар эмгегим.
Оо койчу дос, музда туулуп, таштa өскөн,
Сендей эрди өмүрүмдө көрбөдүм.

Мен акынмын адыр, белде баскан аз,
Мен акынмын сенден түйшүк тарткан аз.
Ырларыма жамгыр жаабайт, кар түшпөйт,
Жайыты да, короосу да ак кагаз.

Бая күнү барып сага жолуктум,
Чилде корккон колдоруңду бек кармап.
Бир айыбым, акындардын атынан,
Бере албадым бир чөмөлө чөптү арнап.

Оо койчу дос, жазган ырым окусаң,
Жакшы болсо чымыратаар боюңду.
Бирок билем тойгузбастыр кубантып,
Суукта үшүп, ачка болгон коюңду.

Деми бороон, денеси кар, көзү муз,
Быйыл келди бир кыш эмес, эки кыш.
Эки кышты эрдик менен эңип түш,
Кандай сонун элден алкыш сөз угуш!

Ак олпок кар жааса жаасын дембе-дем,
Кыйындык жок биздин кайрат жеңбеген.

Төрт түлүк мал токсон жутту тоотпойт,
Ток кылабыз тоют менен, жем менен.

Мына ушундай малчылардын түйшүгү,
Төрт мезгилде тыным албайт бир күнү.
Миң кой бакса, миң балалуу атадай,
Жүрөгүндө миң камкордук, миң сүйүү.

## АЧЫК КАТ

**Республиканын спорт комитетинин председатели Дөлөн Өмүрзаковго**

Урматтуу жолдош...
Дөлөн Өмүрзакович!!!
Сизге айтаарым
Майда эмес, чоң иш.

Күйөрмандардын «Күйгөнүн»
Менин милдетим
Башынан баяндап бериш.
Козголуп койсоңуз
Колуңуздан келет.

Демек
Бизге ышкындай солкулдаган
Спортсмендер керек.
Жазгын – деп
Биринен-бири демеп,
Бул катты сизге арноого
Бир топ күйөрмандар
Болушту себеп.

Кыргызстанды кыдырып жүрөм,
Элирсе,
Эликти кууп жеткен
Эчен «Куюн куйрук»
Маамыттарды билем.

Булчуңу чоюндай куйган,
Бир койсо
Буканы нокаут кылган
Уландардын үйүнө кирем.

А бирок
Спортко катышпай жүргөнүнө
Күйөм да күйөм!
Атактуу Оштун шаарынан
Же болобу
Шаарга жакын айлынан.

Шырыңтай
Бир жигитке жолуктум
Беш бакса коргондон каргыган.
Буюрса
Брумель болосуң – дедим
Атаандаш чыкпас алдыңан.

Бирок,
Ушундай азаматтардын өнөрү
Картайып кетеби – деп
Кайгырам да кайгырам.

Көгүлтүр Ысык-Көлдөн
«Тору-Айгыр» деген жерден
Бир кызды көрдүм
Балыктай сүзүп көнгөн.

Ал көлдүн аркы четинен
Берки четине
Чарчабай, чабак уруп берген.
Аты Русалка экен
«Тору-Айгыр» деген легенда
Токтогон дешет
Сурасам элден.

Билбеймин кайсы айылдан…
Бир жигит көрдүм Нарындан.
Ал өзү өтпөйт экен көпүрөдөн,
Кечпейт экен кечүүдөн.

Керек болсо, дайранын
Бир өйүзүнөн
Экинчи өйүзүнө секирген.
Ушундай укмуш болобу – деп
Тана түштүм эсимден…

Элетте «жапан» таланттар көп
Өнөрүн
Пайдасыз жакка кетирген.
Сары-Өзөн Чүй, Таластан
Спорт – десе,
Уйку көрбөй таң ашкан
Балдарды көрдүм
Жума сайын топ алып бер – деп
Ата, энесин жадаткан.

Футболду күндө ойнойт экен,
Күн батса түндө ойнойт экен.
Эркелери эшиктен тээп бүтүп
Атасын судья,
Энесин дарбазачы кылып
Үйдө ойнойт экен.

Ушундай
Жаштарыбыз бар нечен.
Эми сизге эмне десем...
Арманым толук айталбай
Ичимден бук болуп кетем.

Армяндын футболисттери бар:
Абрамян, Айрапетян, Азарян,
Мартиросян, Месропян, Казарян,
Багдасарян, Минасян, Миросян,
Орапетян, Огонесян, Иштоян
Байкап, окуп көрсөңүз
Бардыгы бүт эле «ЯН»
Аа кыргыздан качан чыгат.

Абылов, Адылов, Садыров,
Кадыров, Кабылов, Жайылов,
Эшимов, Бекилов, Чекиров,
Осмонов, Ормонов, Чормонов
Урматтуу жолдош
Дөлөн Өмүрзакович!
Сизге айтып жатканым
Майда эмес, чоң иш.
Ырас, спортто
Көп жылдар иштеп келдиңиз.
Көрүнүп турат
Эмгектен алган белгиңиз,
Кыргызстанды кыдырып,
Кыйла
Таланттарды көрдүңүз,
Эрдик иш...
Кыйласына жардам бердиңиз.
Талант уялчаак,
Кежир келет.

Талантты издеп
Табышыбыз керек
Толубайдай сынчыларыбыз
Көрсөтүп көмөк,
Командировкага көп жолу
Барышыбыз керек.

Сынга толгон жаштарды
Чаар аттай,
Чалагыздын бүркүтүндөй таптап
Багышыбыз керек
Анан чоң мелдешке
Салышыбыз керек.

Чоң-чоң байгелерди
Алышыбыз керек.
Эми, түшүнөөрсүз калганын...
Түгөнүп баратат
Сизге айткан арманым.

Көргүбүз келет ар дайым
«Көп чыкса экен» – деп,
Республиканын атактуу
Штангист, шахматист,
Балбан, боксер, футболист
Талбаган суучул
Тайтору чыкчуу балдарын.

Ошентип,
Өстүрсөк экен кам көрүп
Спорттун түрлүү тармагын.
Атайылап сизге кайрылдым
Атактуу майрамдын алдында
Октябрь берген

Өлкөнүн байлык, бактысы
Өркүндөп өстү ар жылда.

Албетте,
Спортсмендердин үлүшү да
Бар мында.
Эмесе,
Ишиңизге ийгилик каалайм,
Саламым менен

## ЧАТКАЛ БАЯНЫ

Болбосон мурун Чаткалда
Алдыңа күлүк ат камда.
Ашыгып жеткин көрүүгө
Андай жер бизде аз санда.

Манастын жүргөн жайынан
Баштасаң Талас жагынан
«Келгин» – деп аркы Керме-Тоо
Көз кыса берет дагы улам.

Өзөндөн көрүп кыйланы
Өрдөсөң Кара-Бууранды
Түшөсүн Кара-Кысмакка
Дүйүм чөп, жыпар жылгалуу.

Ашууга бир аз аялда
Айдарым соккон шамалга,
Алган бейм эки өрөөндөн
Аңкыган кош жыт бар анда...

Бул белден Талас жак калат
Бул белден Чаткал башталат.

Анан сен ылдый түшө бер
Ар төрүн карап акмалап.

Чаткалдын жазы – май айы
Жашыл көрк каптап талааны,
Канатын элеп  боз торгой
Булбулдун жибийт тамагы.

Оң жагың деле былдырайт,
Сол жагың деле былдырайт,
Баладай бал тил булактар
Баардыгы ырдап, үн курайт.

Тунугун тиктеп карап ал,
Түбүндө ташын санап ал...
Ууртгасаң жутсан даамы анын
Ууз кымыз менен барабар.

Кай бири көбүк сапырып,
Капталдан төмөн шашылып
Камала түшүп корумга
Кайрадан чыгат атылып.

Жаткырып бирөө койгондой,
Жай келген кезди ойлонбой,
Көпүрө болуп көп суугa,
Мөңгүсү уктайт ойгонбой.

Сайлары, түзү мамыр чөп
Сары гүл ачкан жашыл чөп.
Бөрүнүн көзүн кашайтат
Бөлөккө дары асыл чөп...

Токойлуу, черлүү тоолору
Барганга татаал жолдору.

Башына булут чүмкөнүп
Магдырап уктайт зоолору.

Көбүнөн бийик, өзү дөө
Көрүнөт бир зоо көзүңө
Кор кылып кеткен сур эчки
Кожожаш түшөт эсиңе...

Бир жетсе жетип жел тиет
Көгүлтүр тартып мелтиреп.
«Эликтеп»   сени тургансыйт
«Эр болсон чыгып көрчү» – деп.

Кууражан арча, дөңгөч көп
Кумайлуу тердө, тектирде.
Курч  көзүн кокус жаныльтып
Кулжалар жатат деп жүрбө...

Ансыз да аркар, кулжа арбын
Агарган таңда бир баргын.
Сак келет качкан алыстан
Санаймын десең дүрбү алгын.

Текеси жүрөт топ болуп
Тостойгон көзү чок болуп.
Ээрчишип жүргөн жанында
Эчкиси гана жок болуп.

Будурдан чуркап баратса
Бугжуңдап не бир ириси.
«Чыйк» – этип токтой калганда
Чычанын жанат мүйүзү.

Аюусу жүрөт майпаңдап
Кожогат тандап, бал тандап.

Суурга кууп жетпесе
Ийинин казат шайтандап.

Түбүнө жетпей казгылап
Дүңкүйө карап акшыят.
Көлтөндөп алып бир кезде
Көтөрүп ташты ташка урат.

Торсойтуп торопойлорун
Доңузу беттеп талааны,
Канжарын сынап, «корк» этип
Камышты чалат каманы.

Илбирси секин ийрилет
Илээси көбүн билдирет.
Байкабай улар, сак теке
Басканда гана бир билет.

Эт жегич кылбай мындайды
Чөп жегич эле кылбайбы...
Көзү өткүр чаар түгөнгүр
Көк зоонун көркү турбайбы...

Камандан кайра тартпаган
Карышкыр көзүн жаштаган
Кармаган жерин кой бербес
Бүркүтү шаңшыйт аскадан.

Канатын күүлөп алат да
Каалгып көктө заматта,
Калтары кандай экен – деп
Кааласа жөнөйт Таласка.

Күрдөлдүү күздө, жаз, кайда
Кыдырсаң кызык Чаткалда.

Кумарың канбайт көрүүдөн
Кыйналып чарчап бассаң да.

Желписе сылап чачыңды
Жели жел эмес атырбы...
Селкинин колу тийгенсип
Сергитип турат башыңды.

Аралап кирсең жол таппай
Арчасы аң-тан каратат.
Тереңдеп кирсен жол таппай,
Теректен башын адашат.

Ырдоого үнү жарактуу
Ырдашат куштар, салат чуу.
Унчукпай угуп сындап ал
Кайсысы кайсы канаттуу.

Өзүбү кыздын, саныбы...
Өзөндөп өскөн кайыңы
Жаштыгың эске түшүрүп
Жалындап иет жаныңы.

Долоно, четин дегени
Шурусу, саргыч седеби
Желп эткен желге ыргалса
Суктанбай чыдап көр эми!...

Көз жоосун алат жер жемиш
Кол менен бирөө сепкендей.
Миң киши барса сейилдеп
Миңине кенен жеткендей.

Өрдөштө же бир кыранда
Эс алсан жашыл туланда,

Обонго мени салгын деп
Өзү эле келет ыр анда...

Жаш селки куюп кымызын
Жаркылдап сунса чынысын,
Жанында бирге тургансыйт
Жаштыгың, таалай, ырысың.

Жыргалдан бүткөн ушул жай,
Жыпардан бүткөн ушул жай.
Кыздары Чаткал жыттанса,
Чаткалы кыздын жытындай.

Көгүлтүр майда көлү көп
Көрүп ал байкап мени – деп
Сулуунун сурма көзүндөй
Суктанта берет сени көп.

Ким билсин канча жашы бар
Гранит – асыл ташы бар
Сындасын коңшу-колоңун,
Сындырып бир аз катып а

Мумия деген дарысы
Бул жерде анын нагызы.
Аскада турат боржоюп
А бирок кыйын барышы...

Чаткалдан бир чал салат кеп,
«Чыкчуулар чыгат, барат» – деп,
Ортодон бирөө обдулат
«Ок менен атып алат» – деп.

Үстү эле кооз жер десек
Түпкүрүн түрлүү кен дешет.

Кең Чаткалдын байлыгын
Келечек өзү көргөзөт...

Кайберен менен жайылган
Камырдай семиз багылган
Коомдун тирүү байлыгын
Көр эми туш-туш жагындан.

Күңгөй да койлор ыңкыган,
Тескей да койлор ынкыган.
Кай бири жуушайт ныксырап
Калгансып түнкү уйкудан.

Эрке өскөн эгиз козулар
Ээрчишип, ээмп апасын,
Бул дүйнөдө бар, жокпу
Билишпейт кочкор атасын...

Кыр, жонго тарта жайылган
Кыргыз байдын койлору,
Өзөнгө тарта жайылган
Өзбек байдын койлору.

Серүүндөп сергип бойлору
Семирип берсе болгону.
Келишкен мында курортко
Кең Чаткал болуп борбору.

Кыргыз байдын чабаны,
Өзбек байдын чабаны
Кезигип калса кээ бирде
Кебинин бүтпөйт аягы.

Эки элдин тили жакын да...
Энеси бир го башында...

Садырмат айтса сармерден
Ашырмат баштайт ашулла.

Экөө тең баатыр чабандар
Экөө тең малсаак адамдар.
Кой бербес ууру, бөрүгө
Экөө тең элдик «Сарасдар»

Келгенде кежир убагы
Чаткалдын чатак кыялы.
Туп тунук көгү бүркөлүп
Дулдуя түшөт ыраңы.

Адегенде жамгыры
Аз-аздап сээп электеп.
Атылса албуут чагылган
Ал, анан куят көнөктөп.

Асманы деле күркүрөп
Аскасы деле күркүрөп.
Ар сайдан, кокту-колоттон
Агылат суулар диркиреп.

Түнөрүп алса кай бирде
Түн бою жаап чыпкалап,
Аягын кардап жиберип
Ачылат асман, туш тарап.

Кезеги күткөн келдиби...
Кээ бирде түшөт мөндүрү.
Ак мончокко айланып
Адыр, түз тоонун өндүрү.

«Чертишмей» ойну бул анын
Кетирип малдын чыдамын.

Эркечтин эсин оодарып,
Койгулайт койдун кулагын.

Кай бирде каптайт туманы
Капшаптуу неме бу дагы.
Алдыңда минген атыңдын
Көрүнбөйт көзгө кулагы.

Чак түштө басып караңгы
Кетирип айла-амалды,
Чоң сынактан өткөрөт
Мал баккан баатыр чабанды.

Тумандуу мындай күндөрдө
Түнөргөн сокур түндөрдө
Малчынын качат мазасы
Байыр албай ою бир жерге.

Мылтыктын үнү тарсылдап
Огунун оту жаркылдап,
Жулунуп үрөт иттери
Жыт алган жакка арсылдап.

Асманы кайсы, жер кайсы...
Адыры кайсы, бел кайсы...
Коктусу кайсы, жол кайсы
Короосу кайсы, кой кайсы...

Көрүшкө кыйын көз менен
«Көз танмай» болгон кез белем...
«Барбыз» – деп койлор маарашса
Бакылдайт чабан сөз менен...

Көк кезде Чаткал чатырап
Көңүлү чайыттай ачылат.

Туманы житип туш-тушка
Жамгыры жаабайт шатырап.

Күмүш таң менен бир туруп
Күлүңдөп тоодон Күн чыгып,
Кээде эрте, кээде жай туруп
Аскадан алтын Ай чыгып.

Колуңду сунсаң жетчүдөй
Кол жетсе кармап өпчүдөй
Көз  кысат көктөн Чолпону
Койнуна кирип кетчүдөй.

Абалтан сырдаш досу да
Асманга Чаткал кошуна.
Жылдыздар кээде чыйрыкса
Жылынат чабан отуна.

Туман жок көздү байлаган
Түп-түгөл, койдун баары аман.
Садырмат оңдоп калпагын
Сармердеп баштайт кайрадан.

Жамгыр жок арты кардаган,
Мөндүрдөн кулак калды аман..
Ашырмат оңдоп топусун
Ашулла баштайт кайрадан.

Эмгекти айтсак жердеги
Малчынын тоодой эмгеги.
Жайкысын жаны тынбаса,
Жаз, кышы нени көрбөдү..

Малчынын өсүп уул, кызы
Бактылуу болсун турмушу.

Аш болсун алган байгеси,
Кут болсун алтын жылдызы.

Бир кезде айтба Чаткалды
Бир гана малдын жери – деп,
Талаасын, оюн байкасаң
Дандын да жери көрүнөт.

Буурусун тиши чийбеген,
Чийсе да терең кирбеген.
Миң жылдар бою бул Чаткал
Буудайдын атын билбеген.

Баштаса мал деп сүйлөгөн
Бабалар өтүп дүйнөдөн,
Арпаны аздап айдаган
Ал күндөр өтүп миңдеген.

Коңурук тартып мурдагы
Кол тийбей жаткан дыңдары
Сообума соко калды – деп
Күн көзүн көрүп жыргады.

Трактор түтүн булатып
Тиштери арттан чубашып,
Бактысын ачты дын жердин
Балык жон кылып сулатып.

Бир-бирин араак болчу – деп
Бийлешет буудай бой тиреп.
Теңтуштай сырын желге айтат
Термелтип дагы койчу – деп.

Арпасы айдөөш жагында
Суйсалат сулу жанында.

Тоюткор болсок малга деп
Топтошуп көрөт камылга.

Ошентип Чаткал жайыгы
Өзгөрүп бүгүн калыбы,
Эчен миң гектар жер айдап
Эгинге эли марыды.

Борбору Жаңы-Базарда
Болуптур укмуш жасалга.
Заңкайган кооз көп үйлөр
Солдаттай турат катарда.

Көчөсү дайым көрктөнүп
Ал көркү түндө өзгөрүп.
Күлкүсүн коштоп жаштардын
Жымындайт жылдыз көздөнүп.

Сары аска окшош беттеги
Заңгырайт сүйкүм мектеби.
Бул жерде билим булагы
Бул жерде билим көктөмү.

Мугалим болгон агайлар
Бул жердин учкан кептери.
Айылына келип балдарды
Окутуп жатат өздөрү.

Чаткалдын ар бир айылы
Артылып күндө арымы.
Мал менен эмес бир гана
Бак-дарак жактан байыды.

Чарбакка музоо аркандап
Чабылчу чөбүн откоргон,

Чалды-куйду илгерки
Чарбасыздык жок болгон.

Кайсы үйгө барсаң түр жемиш
Калышпай өзбек достордон,
Картөшкө тургай эли эми
Капуста менен дос болгон.

Огород жагын карасаң
Оймоктой жер жок бош койгон,
Алма өрүк тургай эли эми
Анделек менен дос болгон.

Негизги Чаткал тоого бай
Тоосунда жүргөн койго бай.
Жыбырап аккан жылгалай
Жүздөгөн тунук сууга бай.

Ак мөңгү жактан созулуп
Ал суулар агып отуруп,
Алп дайра болот өзүнчө
Аягы бирге кошулуп.

Күрпүлдөп кирген кезинде
Күч бийлик анын өзүндө.
Күн-түндөп агат шашылып
Гүлстан жайга жетүүгө.

Дардайган буура кечсе да
Музоодой кылып агызган.
Буйлалуу болот акыры
Миңдеген канал, арыктан.

Чаткалдын суусу чапчаң суу
Өгүзчөн эмес атчан суу.

Өзбек досун сагынып
Өзөндү бойлоп чапкан суу.

Алкынган тентек дайраны
Алимжан акем байлады.
Туйлаган тентек дайраны
Тургунжан үкөм байлады.

Достуктун суусу бул дайра
Толтуруп жерин жыргалга,
Келтирип жатат пайданы
Кең пейил өзбек тууганга.

Кам көрүп өкмөт партия
Кайрат күч берип жалпыга:
Эл гана тургай ээн жаткан
Жердин да жетти баркына.

Чалараак айтып кабарлап
Чаткалды жаздым баяндап.
Бир дастан эмес кичине
Бир томго сыйбайт ал аймак.

Бабамдан калган кутман жер
Манастын үнүн уккан жер.
Кыргыздын кымбат Чаткалын
Кызыгып көрсүн уккан эл.

Чамынып аккан суусундай
Чаткалдын чапчаң мүнөзү
Эки ирет болду район
Эркелеп жүрүп бир өзү…

## МИДИНГЕ КАТ

***(Сатиралык поэма)***

Билинбей кетти кабарың,
Мидике кандай абалың?
Бир топ жыл бирге татканбыз
Бул жактын тамак-шарабын,
Бир жүргөн кезди эстесем
Бүркөлөт ачык кабагым.

Башта бар дечи бир өлүм...
Баардыгын жакшы билемин.
Эргиген мөлтүр таланттан,
Эл үзбөйт тура күдөрүн...
Жалдырап карайм мүрзөңдү,
Жайлуубу жаткан түнөгүң?

Капканы кармап өлүмдүн,
Калдайган элден бөлүндүң.
Куюн, жел жетпес, курч туяк,
Кулуну элең элиңдин.
Кадырын билет кары-жаш
Кара мурч кошкон кебиңдин.

Ишенсек молдо сөзүнө,
Имерип элди өзүнө,
«Чын дүйнө, жалган дүйнө» деп,
Эркинче бөлөт экиге.
Чын болсо бейкут бейиш жай,
Көрүнгөн чыгаар көзүңө!

Акыл-ой бирге, жай бирге,
Акындар элек жан бирге.

Аз-көппү көргөн-билгениң,
Айтпассың байке ар кимге...
Барган бар, келген киши жок,
Бар бекен деги ал дүйнө?

Тамчы суу болдуң көр үчүн,
Таланттан бүткөн деңизим.
Сопунун сөзү чын болсо,
Соо койгон жоктур сени тим.
Толуктап айтчы ал жактын,
«Тозогу» менен «Бейишин».

Кылдан да ичке немеби,
Кыл көпүрө дегени?
Болбосо цирктен биз көргөн,
Зым аркандай элеби?
Зыярат кылган пенделер,
Шыр өтүп кете береби?

Кураны түшкө кирбеген,
Кудайды барктап сүйбөгөн,
Көпүрө эмес, ипичке,
Чоң жолдон баса билбеген,
Кантти экен кайран Мидикем,
Кайгыра берем күндө мен.

Азаптын жолу көп түрлүү,
Акылга салып чечтиңби?..
«Бар – дешет» – мастын жөлөгү»,
Бар болсо аман өттүңбү?
Бер жакка таштап тозогун,
Бейишке кирип кеттиңби?

Болбосо бутуң өрөлөп,
Боздотуп кыйнап, жемелеп,

Алланын атын билбеген,
Аракеч, динсиз неме - деп,
Жаланкыч Аңкүр-Маңкүрү,
Жанчышкан жоккпу тебелеп?

Көргөнүң айт ошол жактагы,
Бар бекен гүлзар, бак-шагы?
Көөнүңө чындап жактыбы,
Коңур күз, кышы, жаз, жайы?
Күнүнүн кандай чыкканы,
Айынын кандай батканы?

Жүрөөрсүң эстеп биз жакты,
Жүргөнүң шаарбы, кыштакпы,
Үй алдың кайсы көчөдөн,
Кышкысын жылуу, муздакпы?
Кыйладан чыйрак киши элең,
Кыласың кандай кызматты?

Кыштоосу кандай кыштаган,
Жайлоосу көппү түрлөнгөн,
Кой семиртип багууну
Көп жылдар байкап үйрөнгөн,
Белгилүү чабан бар бекен
Беш килодон жүн берген?

Уйлары кандай ал жактын,
Бул жакта уйдай мөөрөйбү,
Сарайдан эле саадыртып,
Сарайдан силос-жем жейби,
Сүт, каймак берүү жагынан,
Биз жакта уйга чендейби?

Бээлери кандай ал жактын,
Кулунду бирден «төрөйбү»,

Биз жактагы кымыздай,
Ал жакта кымыз кененби,
Шашылып жолдон «суу ичпей»...
Шаардык калкка жөнөйбү?

Ал жактын кандай тамагы,
Акчага сатып алабы?
Биздикинен күчтүүбү,
Виносу менен арагы,
Бар бекен буфет, кафеси,
Бар бекен ресторанЫ?

Сөз сүйлөөр кезде ойлонуп,
Соо башын солго кыйшайткан,
Куйкумдуу кепти курч айткан,
Сөөгү жок эттей сулп айткан,
Күтпөгөн жерден күлдүрүп
Күлбөстүн тишин ырсайткан.

Эл, жер – деп дайым тилеги,
Эл, жер – деп соккон жүрөгү,
Айран сүт жакка көчтү эле,
Аракка коюп күнөөнү,
Жолдошуң, досуң Райкан
Жолугуп сага жүрөбү?

Метрге ченеп тууганcып,
Тең эле арык боюңар,
Бир-бирин билип тургансып,
Бир чыкчу айткан оюңар
Кокустан дагы ал жактан,
Кошулган жокпу жолуңар?

Ал жактын кандай базары,
Базарда байкем басабы?

Көпчүлүк элди күлдүрүп,
Көңүлүн ачып жатабы,
Кадимкидей жай-кышы,
Казактар кымыз сатабы?

Партия берген багы тең,
Бөлүшүп жеген наны тең,
Оргуштап турган таланты,
Опол тоо эле баары тең.
Окшошуп бирге жүрөбү,
Осмонкул, Калык, Алыкем?

Үчөө тең ырдын кенчи эле,
Элинин эрмек, көркү эле.
Көнөктөп нөшөр куйгандай,
Көп жерде ырдап берчү эле.
Баарына менден салам айт,
Балдары сыңар көрчү эле.

Байкасаң өмүр жардыгы,
Бактылуу, кээде кайгылуу...
Дүйнөгө келип адамдар,
Дүйнөдөн өтөөр ар жылы.
Жаман экен, өзүндөй,
Жакшы адамдан айрылуу.

Кыйлага кеткен атагы,
Кыргыздын Муса, Атайы,
Обон, күү менен өздөрүн,
Өмүрлүү кылып жасады.
Окшошкон шайыр кош булбул,
Ошолор эсен жатабы?

Уюткан уккан адамды,
Үн болбос Муса үнүндөй.

Күлдүрүп черткен ойнотуп,
Күү болбос Атай күүсүндөй.
Бирге экөө дале жүрөбү,
Бул жакта жүргөн тирүүндөй?

Эстесек кылым, жылдарды,
Эч качан өлбөй ким калды...
Жемишин берип Жер-Эне,
Көрсөтүп бир топ жыргалды,
Ойнотуп жүрүп үстүндө,
Оп тартып алат турбайбы...

Оп тартса мейли кезинде...
Жаралдык жанып өчүүгө,
Эмгеги менен көп адам,
Эстелип элдин эсинде,
Өмүрлүк жашап жүрбөйбү,
Өчпөстөн жердин бетинде.

Сүйбөгөн жанды сүйдүргөн,
Күлбөгөн жанды күлдүргөн,
Куйругун толгоп музоонун,
Куйручук чалды «күйдүргөн»,
Тамшантып улам укканды,
Таң атса кайра түн кирген.

Калемпир эле ар кеби,
Кайрылбай кетти, кантели...
Калтырган куудул сөздөрүн,
Кадырлап сүйгөн жалпы эли,
Саламат, эсен жүрөбү,
Сары-Өзөн Чүйдүн Шаршени?

Комузга элпек колдору,
Кол эмес эле жоргобу!

Көп күүсүн чертсе эл тургай,
Көшүгөн Кыргыз тоолору,
Сакадай болгон залкар чал,
Сагындык Карамолдону.

Атамдай эле ал киши,
Ар сөзү кымбат сезилген.
Боздосо «Көкөй кестиси»
Мончок жаш агат көзүмдөн.
Жараткан жаңы күүлөрүн,
Жаздыртып жибер эфирден.

Ыргактап черткен комузду,
Ыбрай залкар комузчу.
«Жаш тилек», «Жеңиш», «Боз салкын»,
Жагымдуу күүлөр болушту.
«Паровоз» күүсүн бакыртса,
«Бах» дедиртчү орусту.
Санаалаш Мидин жан ага,
Салам айт ошол абама.

Белектеп эски комузун,
Берди эле менин балама.
Кайрыгын жүрөт үйрөнүп,
Калган жок сөзү талаада...
Сан күндөр айткан «Манасты»
Саякбай залкар манасчы,
Гомери дешип кыргыздын,
Көп элдер ага карашчу,
Казына, байлык, кен эле,
Кандай сөз айтса жарашчу.

Обдулуп «Манас» айтканда,
Океан эле, киши эмес,
Тайтору атты чапканда,

Тартылчу көзгө жүз элес.
Татар да ыйлап жиберчү,
Так ошол жерде биз эмес...
Сакеме менден салам де,
Саламат бекен абам де.

Жашы улуу, жаны курбу эле,
Жазбады бир ооз кабар де.
«Кефир, сүт ичип жүрөм» дейт,
Кекиртек жактан аман де...

Атактуу артист Шекербек,
Мурутун жанып чепеңдеп,
Сайратчу эле комузду,
Буроосун бурап бекемдеп.
Айтышчу эле көргөн эл,
Атайдай чертет экен, - деп.

Комуздан алып бойго шык,
Колдорун тынбай ойнотуп,
«Көк тамакка» Таластын,
Көк токоюн бойлотуп,
«Ак тамакка» Аксынын,
Аркыт жагын ойлотуп...

Черткенин чебер чертчү эле,
Чертмектен мөндүр төкчү эле,
Байкалып, кээде байкалбай,
Манчасы бийлеп кетчү эле.
Шекеме менден салам бер,
«Шеринебиз бирге» өтчү эле.

Чалагыз абам тың бекен,
Колунда комуз, кыл бекен.
Жазуучу жагы бар эле,

Жазганы жомок, ыр бекен?
Бүк түшкөн кезде сала албай,
Бүркүтүн эмне кылды экен?

Сакеме мүмкүн бергендир,
Сакемди ышкы жеңгендир.
Картайсам деле салам, - деп,
Капталга чыгып келгендир...
Мүнүшкөр болуп Мидике,
Бүркүттү эми сен көндүр...

Жазганын сүйгөн жаш, кары,
Жантөштүн уулу Касымалы,
Кара сөз жакка келгенде,
Карчыга эле таптагы.
Эртерээк кетип калды деп,
Эл-журту көзүн жаштады.

Өмүрү - суусу дагы көп,
Окулуп жүрөт «Каныбек».
Укмуш экен Касыкем,
Роман жазган жаны бек.
Ага да менден салам айт,
Айтчу эле «тентек сары» деп.

Касымалы ата, карыя
Калыс сөз сүйлөп баарына,
Жетимиш жашты желкелеп,
Оогондо сексен жагына,
Оңбогон опкок шум ажал,
Оп тартып алды аны да.

Арытып эчен ай, жылды,
Аз эмес эмгек ал кылды.
Аксакал, назик таланттан,

«Ажарды» жазган агаңды,
Алдынан тосуп алдыңбы?

Кукеңдин айтчы дайынын,
Курагы келип карынын,
Кулагым укпайт дечү эле,
Кудайга коюп айыбын...
Кыйкыртып тыңшап жүргөндүр,
Сен айткан сөздүн жарымын.

Кеп-сөзгө чечен жан эле,
Көп кырдуу талант ал эле.
Көптөгөн көркөм жанрлар,
Колунан келчү баары эле...
Бир тынбай жазып жатабы
Бул жакта кездей дагы эле?

Хрусталь үнү бар эле,
Күндө ырдаса айныбас.
Жылаажын үнү бар эле,
Жылда ырдаса айныбас.
Саламат, эсен жүрөбү,
Залкар талант Абдылас?

Тамшантып элин ал жактын,
Дагы эле ырдап жаткандыр.
Музыкасын уккандар,
Муюшуп ойго баткандыр,
Калалык катуу кубанып,
Каалаçа бизге кат салдыр.

Ойлонуп көрсөк турмушта,
Өмүр бул – учкан бир куш да...
Осмондун уулу Алыкул,
Омоктуу акын кыргызда.

Отуз төрт жашта жайрады,
Ободон учкан жылдызча.

Улантып калган өмүрүн,
Ырлары гүлүн ачкан кез.
Баласыз, жарсыз болсо да,
Бактысын элден тапкан кез.
Унутпай ысык саламды айт,
Устатым эле ачкан көз.

Жагымдуу симфониясын,
Жалпы калк уккан кызыга.
Бүт бою, жүргөн турганы,
Музыка эле нукура.
Жемиштүү тилек, оюнун,
Жете албай кетти учуна.

Арагын тартып жиберип,
Даракка, тамга сүйөнүп,
Тамтаңдай басып жүрсө да,
Таланты турчу бүлөнүп.
Бөлүнбөй сенден жүрөбү
Бөтөлкө досуң Тулеев?

Чолпону кыргыз көгүнүн,
Гүлү эле кутман жеринин.
Аккусу эле ай тамак,
Айтылуу Ысык-Көлүнүн,
Бий жакка берген жан эле,
Бүт бойдон талант, өмүрүн.

Жоругу, мүчө, өң түсү,
Жомоктон уккан пери эле.
Бийчи экөө болсо дүйнөдө -
Бири анын Бүкөш эже эле,

Жаркырап турган Чолпонду,
Жашырып алды Жер-Эне.

Ал жакта болсо театр,
Ар түрлүү элден киргендир.
Тамшанып, таасын талантын,
Далайлар чаңкап сүйгөндүр.
Айтып кой элдин сагынчын,
Айтаарым сага бирден-бир.
Калк сүйгөн актёр оңойбу,
Кайгы-муң мындай болоорбу...

Океан соолсо кокустан,
Ордуна кайра толоорбу...
Өзүңдөй талант Муратбек,
Ортодо турбай «жоголду».
Мукемдей залкар таланттар,
Миң киши болсо эл үчүн.
Билинбей кирип жок болгон,
Бир өлүк тура гөр үчүн.
Эсине салгын жолуксаң,
Эл-журттун ыйлап, кейишин.

Бектендин уулу Касымалы,
Чалса да кара чачын ак,
Куйкумдуу куудул сөздөрдөн,
Курап айтып азыраак,
«Кургурум Мидин болсо...» деп,
Кулагын жүрчү кашылап...
Калкынан кетти бөлүнүп,
Кабылып ажал – капканга.
Ырыстуу өзүн сезчү эле,
Райкан менен басканда...
Ыйлаган жокпу шолоктоп,
Райкан экөөң тапканда?

Шименин уулу Смарды,
Чын, калппы… лирик дечү элең
Ырларын окуп бергенде,
Ыйлайт деп кыздар көчөдөн.
«Ыйлайт» деп айткан сөзүңө,
Ишене бербейм жеке мен…
Ал жактын келин, кызына,
Ыр окуп Смар жүрөбү?
Бул жактын келин, кызындай,
Алар да ыйлап иеби?
Атайлап менден салам айт,
Ак эле таза жүрөгү.

Өзүңдүн кандай абалың,
Өзгөрдү бекен тамагың?
Ооз тийип дале жүрсүңбү
Ошол жактын арагын?

Балалуу болгон чыгаарсың,
Бар болсо алган аялың…
Жалкоолук кылып көп жазбай,
Жашадың жармач бу жайда.
Каргашалуу «жинди суу»,
Карабайт тура убалга…

Жай бөлөк болуп кеткени,
Жаздыңбы жакшы чыгарма?
Кызыгын көрбөй турмуштун,
Кыйла жыл кычкыл суу жуттуң.
Ободон жанган таң азан,
Өзү элең Чолпон жылдыздын.
Табигат берген белектин,
Талаага көбүн ыргыттың.
Көңүлдөш жакын жансың да,
Көп эле сөз бар айтууга…

Ак билек жеңе, «Ак чүчүң»
Айтылат дайым калкыңда.

Ийнедей ичке болсо да,
Издериң калды артыңда.
Карысы ичтен күдүңдөп,
Жаштары жайнап күлүңдөп,
Жатышат жаттап ырыңды,
«Жашасын биздин Мидин» деп.
Халтурщик болсоң кап курсак,
Капкачан сенден түңүлмөк...

Сен андай акын эмессиң,
Ырлары ыкшып жөтөлгөн.
Кулкуну үчүн далбастап.
Куржундап акча көтөргөн.
Сен андай акын эмессиң,
Өзү өлсө кошо сөзү өлгөн.
Тубаса тунук талантың,
Туулган бирге энеден.
Арагың үчүн сандалып,
Арылбай өттүң жемеден.
Кантейин сени Мидике,
Кайсы акындан кем элең?!
Эң жакын көргөн адамым,
Эмесе акын агайым,
Энекең төрөп, өскөн жер,
Эл-журттан кабар салайын.
Эчен жыл болду көрбөдүң,
Элестеп, уккун далайын.

Мен өлсөм эмне болду деп,
Биз жактан жаман ой кылба.
Асмандын болуп түркүгү,
Ала-Тоо турат ордунда.

Айтылуу Сөң-Көл да жатат,
Ай, жылдыз түнөп койнунда.
Бактылуу кыргыз эл эсен,
Байлыгы тапкан жер эсен.
Төрт түлүк жүргөн төр эсен,
Көгүлтүр Ысык-Көл эсен.

Мекениң гүлдөп турган чак,
«Мен гана жокмун» дебесең.
Аптапты тоотуп койбогон,
Аяздуу кышта тоңбогон.
Өз камын мурун ойлобой,
Өлкөнүн камын ойлогон.
Баар тапкан маңдай теринен,
Баатырлар чыкты ондогон.

Жылдыздуу биздин көгүбүз,
Жылдыздуу биздин элибиз.
Жылдызга бизди жеткирген,
Ак эмгек, алтын пейлибиз.
Манастай эле даңкталдык,
Мактанбай айтсак эми биз.
Күн сайын толгон жаңылык,
Күрдөөлдүү эмгек шаңын ук.

Тар кечүү, тайгак ашуулар,
Тайманбас элге багынып,
Ош – Фрунзе жол бүттү,
Ойдогудай салынып.
Токтотуп эчен дайраны,
Тоо койну көлгө жайнады.
Илбирстер жүргөн жайга да,
Ильичтин жанды шамдары.

Керемет ГЭСтер курулуп,.
Келтирди сансыз пайданы.

Суу жетпес жерге суу барды,
Бой тиреп эгин ыргалды.
Короз да тандап чокуп жейт,
Корсунтуп конок, буудайды.
Эрменге кошуп арпа жеп,
Эчки да көрдү жыргалды.

Түштүгүң түмөн ак пахта,
Түйшүкчүл жетти максатка.
Алардын албан иштерин,
Акындар бүтпөс мактап да,
Калкына берген пайдасын,
Каттоочу бүтпөс каттап да.
Жибербей текке бир күнүн,
Жылмая карап бир-бирин,
Ынтымак менен эл иштеп,
Ырыска тунду Түндүгүң.

Кыйла өлкө билген, даа билди,
Кыргыздын бүгүн кимдигин...
Ыңкыган байлык каякта,
Ысык-Көл, Нарын, Таласта.
Уюна чейин эгиз тууп,
Ийгилик арбын а жакта.
Мекенге кошкон салымын,
Бере албайм айтып, санап да.
Төрлөргө батпайт төрт түлүк,
Төлдөттүк баарын өстүрүп.

Булутту чапчып туягы,
Буулугуп чуркайт көп күлүк.
Мурутун жанып жылкычы,
«Буденный минсе, ээ» дейт күлүп.
Башынан байбыз тоолорго,
Тоолор бай аппак койлорго.

Ал койлор дагы көбөйүп,
Он беш миллион болгондо,
Ошондо дагы кат жазам,
Олтуруп алып чоң жонго.

Керектүү кезде уялбай,
Кесипке кесип алмашып,
Келин, кыз тоодо мал бакса,
Жайыттан жайыт тандашып,
Уландар уй саайт жакада,
Уйларды туурап жай басып.
Сан жеткис тонна эсеби,
Сары-Өзөн Чүйдүн шекери.

Күңгөй-тескей Ала-Тоо,
Гүл аңкып өрөөн, өзөнү,
Күйөөгө барчу кызга окшоп,
Кулпунуп турган кезеги.
Экскаватор, бульдозер,
Эмгекте күчү теңелип,
Жепирейген тамдарды,
Желкеге коюп чөгөрүп,
Заңкайган үйлөр салынып,
Шаарлар өстү кеңейип.

Фрунзе жашыл калаада,
Жок болгон эшек араба.
Уйлар жок азыр мөөрөгөн,
Райкан жазган талаада.
Достуктун паркы орноду,
Топтолуп ошол арага...

Отуз жыл мурун көз жумган,
Өлгөндөр кайра тирилсе,
Өз үйүн таппай ар бири,

Өйдө-төмөн жүгүрсө,
Кай бири шашып, сурашмак,
Кайда, – деп, – борбор Фрунзе?!

Чынында борбор өзгөрдү,
Өзгөргөнүн көз көрдү.
Бир топ жыл бою эңсетээр,
Бир мейман болуп кеткенди.
Укмуштай кооз шаар, – деген,
Угабыз мактоо сөздөрдү.
Илгерки түркөй элиңде,
Илим да канат жайды бат.
Доктордон кемчил эмеспиз,
Тоолукта тоодой бар кубат.

Ээрчишип экөө баратса,
Экөөнүн бирөө кандидат.
Артынып алып атына,
Ар түрдүү аспап, күрөгүн,
Таякесиндей тааныган,
Таштардын көрсө иреңин,
Геолог чыкты ондогон,
Тыңшаган жердин жүрөгүн.

Бир кезде акын Алыкул,
Бул жагын терең караган.
Илимпоз арбын чыкса деп,
Ыр жазып далай самаган.
Сүйүнчүлөп айтып кой,
Сүйүнүп калсын жан агам.

Арышын кенен таштады,
Азыркы кыргыз жаштары.
Орустун тилин бул кезде,
Өз эне тилдей жаттады.

Англис, немец тилинен,
Лекция окуй баштады.

Бакырган бакшы, бүбү жок,
Түнүбүз бейкут таң атат.
Өлүмгө кетчү адамдын,
Өмүрүн кайра да жасап,
Врачтын саны көбөйүп,
Молдолор калбай баратат.
Жумушчу саны дагы өсүп,
Жулунуп барскан урган чак.

Болотту бордой эритип,
Чоюнду чоктой кылган чак.
Мал баккан элдин колунан,
Баардыгы келип турган чак.
Ыргалып бассаң күйүнгөн,
Ичпей шыр бассаң сүйүнгөн,
Көңүлү жакын, пейли туз,
Көргөндө «кел» деп ийилген,
Кабар ал эми Мидике,
Калемдеш ага-иниңден.

Ардактуу наамга ээ болгон,
Арбыды ЭЛДИК АКЫНДАР.
Бааланган чыгармасынан,
Бардыгы барктуу асылдар.
Менин да наамым жок эмес,
Мээнетке шайкеш атым бар.
Аксакал акын баарынан,
Аалыкең болсо карыган.

«Маза жок, балдар» деп коёт,
Тая элек бирок табынан.
Күлүңдөп жүзгө чыксам деп,

Күчөнүп барат дагы улам.
Аккула аттай арымдуу,
Жазганы дале жалындуу.
Кемчилик болбой коёбу,
Кээ бирде жазат чарымдуу.

Карыны сыйлоо – салтыбыз,
Калкына дайым кадырлуу.
Аралаш жүрдүң жашыңдан,
Аалыкем өткүр акындан...
Тар кечүү тайгак жол басып,
Тайманбай ашып ашуудан,
Социалисттик Эмгектин
Баатыры болду бакыйган.

«Тентек» деп сени аяган,
Темикең болсо дагы агаң.
Жазбайсыз деп жүрчү элең,
Жазылып бүткөн Араван...
Жаңгагын чагып ал эми,
Жаңы-Жол жакка караган.
Баягы бала кыялы,
Бакылдап жүргөн убагы.
Көп жазат сүйүү ырларын,
Көз кысып кыздар турабы...

Кайраттуу басып, карт күлөт,
Картайбайт окшойт сыягы.
Түйшүкчүл киши ар дайым,
Түкөңдүн уксаң ал-жайын,
Ыраазы болбойт өзүнө,
Роман бүтүп салмайын.

Ыр жакка бөлөт көрүнөт,
Убактысынын калганын...

Кыргыздын өткөн баштагы,
Тарыхын жаза баштады.
Кай бирөөлөргө жакса да,
Кай бирөөлөргө жакпады.

Оңдолоор деген ойдобуз.
Омоктуу чыкса арт жагы...
Китебин Түкөм жашынан,
Кичине жазып көнбөдү.
Өзүндөй чоң-чоң роман,
Элине арнап бергени,
Ошонун бирөөн Мидике,
Окудуң беле сен деги?

Абыкең болсо табында,
Айтайын анын жайын да
«Алтын тоо» деген китебин,
Айтышат ар бир айылда.
Арымдуу иштеп баратат,
Алтымыш ашкан чагында.
Ден соолук жактан кеп салат,
Кээ бирде башым деп калат.

Кээ бирде «кайран жаштык» дейт,
Келин-кыз көрсө көп карап.
Алабы керек дарысын,
Аптека жакка көп барат.
Насирдин болсо курбалың,
Кыш, жайы басып кырманын,
«Оп майдасын» он айтып,
Олчойгон эмгек кылды аның.
Түгөнөөр эмес дүрмөтү,
Түшүнүп койгун бул жагын.
Кай бирде жазат «Кум казал»
Кай бирде жазат «Таш казал».

Бүтмөйүнчө эс албайт,
Бир чыгарма баштаса ал.
Жакында мага жолугуп,
Жазам, – дейт, – эми «Мас казал».

Сүйүнбөй иниң ал да өстү,
Суктана карап ай, көктү.
Жылдызга кылып саякат,
Жылдыздан көрүп ал көптү,
Уйкашсыз ырдан баар таппай,
Уйкаштуу ырга кайра өттү.

Адегенде уйкашсыз –
«Ак ырды» Сукең баштады.
Кээ бирөө аны туураймм деп,
Келесоо боло жаздады...
Ачыгын айтсам Мидике,
«Ак ырың» элге жакпады.

Айтматтын уулу Чынгызчы...
Сакасын айкүр тургузду.
Гүлсары атын күүлөнтүп,
Күн, Айды көздөй зыргытты.
Дүйнөгө жайып атагын,
Дүң кылып жатат кыргызды.
Жазганы жаза кетпеди,
Жай-кышы бирдей көктөдү.

Лауреат, элдик жазуучу,
Өөрчүдү өткүр сөздөрү.
Көп өлкө, шаарды кыдырып,
Космоско гана жетпеди.
Кубаныч, Муса курдашың,
Куттуктап тосуп ыр жазып,
Ар жылдын арбын планын,

Аткарып жатат шыр, бачым.
Шыйракка чаап сынчылар,
Экөөң тең дурус кылды акын.

Өзгөрүп азыр Кубаныч,
Отоо чөптөн тазарды.
Жазып жаткан ырынын,
«Жашасыны» азайды.
Календарды карабай,
Кадимки акын атанды.
Муса да мурункусундай,
Жүүнү бош ырды жаза элек.
Анткени азыр китеби,
Складка жата элек.

Сооронбай бардыр эсинде,
«Дүрбүсү» дале көзүндө.
Акындык жагын билээрсиң,
Аракет кылып жүрөт бейм,
Ай менен Күнгө жетүүгө.
Убада сөзгө так жүрөт,
Ушактын сөзүн аз билет.
Убактым текке кетирбей,
Ыр жазып алсам жакшы деп,
Көрүнбөй тааныш мастарга,
Көчөдө дайым сак жүрөт.

Шүкүрбек иниң жаш бойдон,
А бирок чачы ак болгон.
Балдарга барктуу жазуучу,
Барганы сыйлуу жак болгон...
«Ак тайлагын» жетелеп,
Ал жүрөт көөнү шат бойдон.
Кай бирде калсам жолугуп,
«Кандай?» деп айтат чоюлуп.

Чоюлса мен да чоюлам,
Каламбы андан корунуп...
Катуу сөз айтпайм бирок да,
Кантсе да жашы, жолу улук.
Сатира жактан жакының,
Кайымдын уулу Касымың.
Сүрдөнчөөк, уяң кызга окшоп,
Сүйлөгөн менен акырын,
Куйкум сөз жагын арбытып,
Күчөтүп барат басыгын.

Улгайбай, өлбөй жашаар деп,
Узаттым узак сапар деп,
Урматтап улуу агасын,
Роман бүттү «Атай» деп,
Дем алып жүрөт курортто,
Ден соолук жагым начар деп.
Билчү элең бир топ таскагын,
Мукамбеткалый, Акбарың,
Өзүңдүн чырга сүйрөтүп,
Өстүрүп чыккан жаштарың.

Аз көрөм ичкен мас чагын,
Көп көрөм жазып жатканын.
Бакылдап кээде жүрөбүз,
Балдары окшоп бир үйдүн.
Кудасы болдум кыйышпас,
Мукамбеткалый иниңдин.
Курч сөзүң менен Мидике,
Куттуктоо жазып сүйүнгүн...

Жапаркул, Жалил, Шатманың,
Жалындуу кылып жазганын,
Кенебей кечтин киргенин,
Байкабай таңдын атканын,

Майкачан болуп эргулдар,
Байытты талант жактарын.
Үчөө тең татпайт аракты,
Үчөө тең мактайт тамакты.
Медициналык илимден,
Беришип мага сабакты,
Илдетиң кетет көбөйүп,
Ичпе, – деп дайым жадатты.

Турчу эле сынды жактырбай,
Тууганын «туйгун» Качкынбай,
Өзүнүн мактап жазганын,
Өзгөгө бир сөз айттырбай,
Жобурап жүрөт дагы эле,
Жолдошун бура бастырбай.
«Азаптын тагын» баш кылып,
Ал дагы өстү алынча.
Балдарга кетет кошулуп,
Чоңдорго кээде таарынса.
Өпкүлөйт кыздын куурчагын,
Өткөнүн эстеп, сагынса…
Алганы Жоомарт агаңдын,
Айчүрөк – Тенти жеңекең,
Жол жорголуу таланты,
Жокемден жукту дебесең…
Атактуу акын ал болду,
Аялдан чыккан эр экен.

Тунук бейм туңгуч махабат,
Турбаса деле бир болуп…
Тармал чач залкар жарына,
Дагы эле тийип күн болуп,
Кеп айтпас эстелигине,
Кез-кезде кетет гүл коюп.
Өзү эле акын чыктыбы,

Өзүңдөн мүмкүн жуктубу…
Жыпариса жеңем да,
Ыр жазган жакка ышкылуу.
Керилип басат көчөдө,
Кете элек дале кыз сыны.
Көп кезде шайыр жүрсө да,
Кээ бирде көңүл чөгөрөт.
Өзүңдү эстеп Мидике,
Ойлору кетет желээлеп…
Мас болсо дале жанымда,
Басканы жакшы эле деп.
Ылымсып калат көргөндө,
Райкан байкем аялы.

Ыр менен комедияга,
Ышкылуу дешет а дагы.
Байкемди тартса ал жеңем,
Баатырдык ишке жарады.
Бирөөлөр айтат жакында,
Пьеса жазып жатат деп.
Бирөөлөр айтат жакында,
Ырларын «Чалкан» басат деп.
Айтып кой мактап досуңа,
Ажарың сенден ашат деп.

Башына өзүн жетпеген,
Парнасты дайым көксөгөн.
Азыркы улан, кыздардан,
Акындар чыкты көптөгөн,
Белсемдүү ийги иштерин,
Бере албайм беш ооз сөз менен.
Катуулап учуп кай бири,
Канаты эфир тилүүдө.
Элине эрке аталып,
Ээ болуп алкыш, сүйүүгө,

Айтылып жүрөт макталып,
Ар кайсы калктын тилинде.

Ташыркап акын – жазуучу,
Таланты мокой калганда,
Кадимки калыс сынчылар,
Кашкайта кайрап салганда,
Ташкындап турат дечү эле,
Табына келип ал кайра.
Самаган уулу Жээнбай,
Сынчынын эле балбаны.
Баарыбызга маалым го,
Пайдасы менен жаңжалы...

Ал өзү кетип сен жакка,
Артында калды кайрагы.
Жакиштин уулу Өмүркул,
Жазды эле бир топ сындарды,
Улгайган сайын аз иштеп,
Узатып соңку жылдарды,
Бул дагы кетип сен жакка,
Мунун да орду кур калды.

Беркисин бир аз- мактасак,
Аркысы жаман көрөт деп,
Аркысын бир аз жактасак,
Беркиси муунуп өлөт деп,
Санаркап жүргөн кези бейм,
Шаршенбек менен Кенешбек.
Экөө тең өткүр, курч эле,
Экөө тең өжөр сынчы эле.

Халтура болсо мойсойм деп,
«Канжарын» камдап турчу эле,
Момпосуй соруп бул кезде,

Момоюп жүрөт тынч эле.
Өнтөлөп дайым көргөндө,
Өзүңдү барктап, сыйлап көп.
Тилинде тикен, мурчу бар,
Түшүнгөн иниң Кымбатбек,
Кубанып кээде калчу элең,
Куйкум сөз жакка кылдат деп.

Кубанып биз да окудук,
Көп сынын көңүл жыргатып.
Кийинки кезде унчукпайт,
Жыргаган жанды «кууратып»,
Журналист болуп кеткен дейт,
Жүдөгөн окшойт сын жазып.
Мидике, мында сен барда,
Муруту чыккан жаңыдан,
Анча-мынча билишкен,
Адабий сындын жайынан,
Таланттуу жаштар жетилди,
Такшалып баардык жагынан.

Бул жаштар сындын сыймыгы,
Бир тобу чоң иш аткарып,
Коркута бербей ыгы жок,
Колуна союл, балта алып.
Калыс сын жазып жүрүшөт,
Кара кылды как жарып.
Эмесе мындай деп туруп,
Бул жагын артка таштайын,
Өзүңө бирге өттү эле,
Октолуп турган жаш чагым,
Өзгөнү айтып бүткөнсүйм,
Өзүмдөн сөздү баштайын.
Мен болсом жүрөм мен болуп,
Медерим – Мекен, эл болуп.

Бир акындан кем болуп.
Бир акынга тең болуп.

Кемидим арак-шараптан,
Келтекти бир топ жей коюп.
Энекем мени тууганда,
Оозантса сары май менен,
Сен болдуң мени Мидике,
Оозанткан «арак-чай» менен.
Тез эле кеттим үйрөнүп,
Дээримде менин бар белем...
Көз кысса, мен да көз кысып,
Көнүккөн сайын көнүктүм.
Окуткан кишим сен элең,
Өзүңдөн кээде көп ичтим.

Суйкайган тунук «жинди суу» –
«Суусу го, – дедим – бейиштин».
Тарткандай магнит темирди,
Тартат да турат өзүнө.
Дүкөндө түрлүү шишелер,
Түк кетпейт түшүп эсиме.
Ашыгым болуп баардыгы,
Көрүнөт дайым көзүмө.

Аны ичкен сайын жыргадым,
Аны ичкен сайын дууладым.
Аны ичкен сайын кай бирде,
Апамды жоктоп ыйладым.
Аны ичпей калган кездерде,
Анан мен минтип ырдадым:
«Эстесем, жаным – арак ай,
Элжирейт ичим аябай.
Эки күн сени ичпесем,
Эрте-кеч бугум тарабай,

Этимден азып кетемин,
Эмчектен чыккан баладай».

Ошентип жүрүп оңбодум,
Тар болуп даңгыр жолдорум,
Бир кезде жүргөн башымда,
Бириндеп таттуу ойлорум,
Өйдөдөн паска куланып,
Өзүмдү өзүм кордодум.
Жүрөгүм калып арактан,
Жүз жолу келип токтоткум,
Жүзүң курсун сенин деп,
Жүз жолу ага коштоштум.
Чырмооктон бетер чырмалып,
Жүз жолу кайра достоштум.
Толгонуп кай бир түндөрдө,
Торуна түшүп капанын,
Токсон миң ойду элестеп,
Томсоруп ойгоо жатамын.

Ой менен узак жол жүрүп,
Ой менен ашуу ашамын.
Тумандай самсып ал ойлор,
Тутанган сайын тутанып,
Бардыгы орун талашат,
Башыма батпай шыкалып.
Кыйнала берем уктабай,
Кышкы түн жылдай узарып.
Көшүтүп жанды бир кезде,
Көзүмдү илсем кичине,
Бир-бирден матап келишип,
Мүйүзүн такап ичиме,
Буржугуй моюн, кызыл көз,
Букалар кирет түшүмө.
Капыстан чочуп селт этип,

Кайрадан дагы ойгоном.
Калтырай түшүп эс алып,
Кайрадан дагы ойлоном.
Капаска түшкөн кушка окшоп,
Караңгы түнгө кор болом.
Өйдө-ылдый жүрүп баа бербей,
Өткөргөн күндү элестейм.

Ошондо дагы көбүрөөк,
Ойлонгон кишиң келет бейм…
Өзү мас, тили мас эмес,
Өзүңдү дайым көп эстейм.
Бузулуп каным кай бирде,
Бул жактын таштап очогун,
Сен менен бирге көрүүгө,
Ал жактын «бейиш», «тозогун»,
Жабышып барып жатсам дейм,
Жанында болсо бош орун.
Ашыгын күткөн жанга окшоп,
Ар мүнөт көзүм чачырап.
Азаптуу узак түн кетип,
Атса дейм таңды батыраак.

Ансайын сааттын жебеси,
Арт жагын көздөй шашылат…
Акылым айтып өзүмө:
«Адам бол» деймин жалбарам…
Убада берип өзүмө
«Унутпа» деймин кайрадан…
Ичимден кайрып көп сөздү,
Ичпейм деп катуу карганам.
Бир кезде күткөн тан атат,
Билинбей чыгам көчөгө,
Бар болгон акыл, куулукту,
Баш билбейт экен жеке эле…

Кош бутум көнгөн жерине,
Көтөрүп жөнөйт өзү эле.

Түшүмө кирген сыяктуу,
Түндөгү каргыш, убадам.
Тумандай тарап туш-тушка,
Түндөгү тарткан убарам,
«Баатырдан» согуп алган соң,
Баардыгын эстен чыгарам.
Бактымды байлап, Мидике,
«Баатырың» кылды баарысын.
Жайлантып жүрөк калган кез
Жаш кезде каккан кагышын.

Азайып кетип баратат,
Акылым, арым, намысым.
Топтошуп кээде жармашкан,
«Достордун» көөнүн кыйбадым.
Бир сопу болуп, бир ичип,
«Тозокко түштү ыйманым».
«Бөтөлкөбайдан» чыга албай,
Бош кетти бир топ жылдарым.
Айлакер экен «Ак молдо»,
Азгырды мени ак жолдо.
Аракет кылып жүрөмүн,
Аз-аздап аны таштоого.
Араккеч акын атанып,
Арзыбай жүрөм мактоого.
Баш жазып күндө таң азан,
Махабат десем арашан,
Балакет экен «жинди суу»,
Бар жагын байкап карасам.

Басынып анын айынан,
«Баягы» болуп баратам.

Эки эсе менден көп ичкен,
«Эрлер» бар кейпи келишкен.
Бекитип үйүн ичинен,
Бөтөлкө менен өбүшкөн.
Дардайып сары текедей,
Талаадан ичем, мен ичсем.
Эл анан кантип көрбөсүн,
Эси жок мендей иниңди.
Картөшкө мурун, шишик көз,
Карашып сырткы түрүмдү,
Тартайган кайран Байдылда,
Тартыптыр, – дешет, – Мидинди.

Кайрылбай кетти курч убак,
Карыптай башым шылкыят.
Өзүмдөн төмөн немелер,
Өөдөсүп кээде тыңсынат.
Басаңдап кетип баратат,
Байдыке дешип турчу убак.
Качанкы сүйгөн убактай,
Кайрылып көңүл сурашпай,
Кадырым сиңген кара көз,
Каада күтүп, сыр ачпай,
Кашчу болду көргөндө,
Карышкыр кууган улактай.
Имере тартып өзүнө,
Ичкиң деп турса арагым,
Итере түртүп колтукка,
Ичпе деп турат аялым.
Көңүлүн кыйбай алардын,
Көк мээ да болуп барамын.
Кыялкеч кыздай назданып,
Кылтыңдап турса арагым,
Тумшукка коюп ийчүдөй,
Тултуңдап турат аялым.

«А» тамга аттуу экөөнөн,
Аябай байке жададым.
Балыктай дудук арагым,
Бакырчаак төөдөй аялым.
Кимисине жагамын,
Киминин тилин аламын,
Дүңгүрөп эки кулагым,
Дүлөй да болуп барамын.

Ар жактан сага Мидике,
Айтсам көп болгон жорукту,
Аялым менен арагым,
Айыгышкан «күндөш» болушту
Экөө тең жеткен эр экен,
Элдеше албай коюшту.
Аныктап салып текшерсем,
Акылга, ойго, сезимге,
Аларда кылдай күнөө жок,
Айыптын баары өзүмдө.

Ал-күчүм жетет, ишенем,
Аракты «чанып» кетүүгө.
Аялым болсо, аялым,
Апасы төрт-беш баламын.
Ак кирди кара чачыма
Ансыз мен кайда барамын...
Ажырап «жинди суу» менен,
Ачсам деп жүрөм кабагын.
Жумгалдык Мидин сен элең,
Таластык иниң мен элем.
Керемет акын сен элең,
«Кешигиң» ичкен мен элем.
Адам болсок, болгону
Ардагым сенсиң дээр элең.
Араккеч мендей иниңе,

«Атаа» деп ичтен күйгөн бар.
Ачылбай жаткан сырымды,
Айтпасам деле билген бар.
Аңгекке кулап өлсө деп,
Артымдан тилеп жүргөн бар…
Кеп-сөздү кимдер укпаган,
Кемчилик кимге жукпаган…
Быкшыган кабак жыттанбай,
Буюрса атыр жыттанам.
Баш ийбей толгон тоскоолго,
Баардыгын жеңет мыкты адам.
Кеткенге келбейт жашыгым,
Кең кылсын анын акырын.
Кекиртек жагым болбосо,
Кем эле кимден акылым…
Жоргомдон танып калсам да,
Жортокчо бардыр басыгым.
Заманам барат закымдап,
Ай эмес Күнгө жакындап.

Мезгилдин калбай артында,
Мен дагы жөнөйм такымдап.
«Оттуу суу» менен Мидике,
Ойнобойм эми «жашынмак».
Бир кезде жетим, жаш элем,
Кийимсиз элем, ач элем.
Душманым койду тумшукка,
Тууганга деле жат элем.

Бакытка мени жеткирди,
Партия болуп ата-энем.
Жанылбайм эми Мидике,
Жазуучу болгон жолумдан.
Карагөр тартып алгыча,
Калемим түшпөйт колумдан.

Кайрылсам кайра аракка,
Калганым адам болуудан...
Башына жетпей максаттын,
Көп ичтиң сен да, аз жаздын.
Эрте өлбөй тирүү болгондо,
Эмгиче көзүң «ачмаксың».
Эл сүйүп башка жаздаган,
Эчен бир китеп жазмаксың.
Көп айткан менен пайда жок,
Көрүнмөк белең айтканда...
Кайрылмак белең элиңе,
Канчалык кел деп жазсам да,
Өмүр, бак каалайм таланттуу,
Өзүңдөй өткүр жаштарга.

Калтырбай арман, сырымды,
Кат менен сага жибердим.
Жол каратып акыйтпай,
Жообун тез салып жибергиң.
Чындыгын «ошол дүйнөнүн»,
Чындык кат келсе билээрмин.
Бул жактын айтып кабарын,
Ал жактан кабар сурадым.

Бардыгын толук баянда,
Бар эле бир топ чыдамың
Ортодон жыйырма жыл өттү,
Өзгөргөн жокпу турагың?
Улгайган сайын кээ адам,
Унутчаак болот көрүнөт...
Жашаган үйүң номерсиз,
Жаңылып жаздым көп ирет.
«Алыбаев Мидинге».

## БАЯСКА

***(поэма)***

Жаштайыңдан бирде күлсөң, бирде ыйлап,
Жатсаң-турсаң сен ойлогон ойлордун,
Ачуу-таттуу даамын татып турмуштун,
Ал кездеги өзүң баскан жолдордун,
Көз алдыма элестетип бардыгын,
Мен сен үчүн эмгектендим толгондум.

Баштан өткөн окуяңды тизмектеп,
Баяндадым бир топ жылдын арасын.
Бала кезиң кандай болуп өттү экен,
Баалай билип, сын көз менен карасын,
Көптөн бери кемүс жаттың ичимде,
Көрүн эми окуучуга Баясым!

### Асылкандын өлүмү

Тоо кайыңы ак жоолугун салынып,
Тоо булагы көз айнегин тагынып.
Көлгө окшогон көк асмандын көөдөнү,
Көркү кетип, сур булутту жамынып.
Турган кези каптал жондон кар  учуп,
Кызыл тумшук кыш чилдеси  чамынып.

Бешим убак кыштак ичи дүрбөлөң,
Үндөр чыгат кайгыланып сүйлөгөн:
«Каза тапты кайран келин Асылкан,
Бир жан эле куулук-шумдук билбеген.
Барынан да баласына убал го,
Энеси жок күн өткөрөт ким менеи?..»

Анда-санда айыл тынчын кетирип,
Ар тараптан чыгып жатты өкүрүк.
Өмүш ага жоктоп өлгөн жолдошун,
Капшыт жакта жерди тиктейт өкүрүп,
Асылканы үнсүз жатат табытта,
Ажал аткан сокур окко кезигип.

«Айланайын апакем» деп чыңырып,
Бир жагынан Баяс ыйлайт жулунуп,
Кайра-кайра кармай калып кырчоону,
Кетенчиктеп кээде жерге жыгылып.
«Кой-кой» дешип жанындагы тургандар,
Кошо ыйлашат жүрөктөрү сыгылып.

Айыл уу-чуу. Мурут бүтүп терекке,
Жер каптады көзсүз көөдөй көлөкө.
Күн жашынды уясына чүмкөнүп,
Күүгүм келди күрөң боёк сүйкөнүп.
Эркек, аял там үйүндө Өмүштүн,
Жол-жосунун кылып жатты өлүктүн.

**Мүрзө жанында**

Түш мезгил. Жаңы мүрзө даяр болду,
Калың эл карлуу жонго келип толду.
Айланып арт жагына келбес жайга,
Алпарып. Асылкандын сөөгүн койду.

Салаңдан төмөн көздөй ийилип баш,
Өмүштүн көздөрүндө мөлтүлдөп жаш.
Солуктап сөздөрдү айтты төмөнкүдөй:
«Оо, өлүм, мынча неге бооруң таш.

Сен дегең жүрөгүмдү күйүт чалды,
Сага деп тиккең гүлдү үшүк алды.

Жетимдин кейпин кийди жалгыз балаң
Жетелеп кайда барам Баясканды.
Асылым эми кантем айла барбы
Оюма кайгысы жок салдың кайгы».

Баяска бир карыя басып келип,
«Балам» – деп маңдайынан сылай берип,
Көрсөттү көтөргүн деп бир көк ташты
Өзү ага жардам берди болуп шерик.

Коюшту ташты көрдүн төбөсүнө,
Ал белги жаш Баястын энесине,
Баланын ташка тамган жашы калды,
Калың эл кабак бүркөп жолго салды.
Кадамдар алга тынбай арыштады,
Көрүнбөй көр караанды алыстады.

**Жумушта**

Батман-батман ойдун жүгүн,
Балбан күчкө багынтып.
Өмүш жүрөт кайрат сөзүн
Көпчүлүккө жайылтып.

Улам ирмеп «ноо» дээринде,
Узун кара кирпигин.
Тебетейди баса кийип,
Терисинен түлкүнүн.

Арабасын айдап кетет,
Эгин тартат, чөп тартат.
Таңдан-кечке жумушунда,
Түнөгүнө кеч кайтат.

Тамашалайт кээ бир келин:
«Өмүш бойдок аманбы,
Качан тоюң, кайсы күнү,
Алмак болдуң аялды? ..

Кудай кылды ажырадың,
Кумар көзүң Асылдан,
Жалгыз жүрбөй алгын бирди
Аза безбей катындан».

– Сен сыяктуу катындар көп,
Кеңеш бербей жерге кир.
Асылымдай алтын аял,
Табылат го миңден бир.

Төө куйругу жерге тийсин,
Той болгончо шашпагын.
Тургун мындай! Чү карагер...
Өмүш айдайт аттарын.

Артта келин кала берет,
Ай-ай Өмүш, аай Өмүш!..
Бизден артык «Алтын аял»,
Алганыңды көрөрбүз!

Орсок тиши кошо күлөт,
Өзү күлсө Өмүкең:
– Ха-ха-ха какшыктай бер,
«Көрөбүз» – деп мени сен –

Кол учунда тынбай ойнойт,
Котур чаар шапалак.
Кардын аткыйт кабыргасын
Койгон туяк такалап.

**Жазда**

Кактаган күнгө чыдабай
Кар качып тоонун башына.
Жалтыр таз муздар жоголуп,
Жармашкан саздын чачына.
Киринип тескей, жылгалар,
Мөңгүнүн мөлдүр жашына.

Көгүчкөн моюн жаз келди,
Көргөндүн көөнүн тойдуруп.
Кумурска менен чыйырчык,
Куттуктап жазды той кылып
Жабагы жалын кырктырып,
Байталдар көкүл койдуруп

Тилдирип жердин куйкасын,
Бекемин сынап тишинин.
Тынбастан «бурк-бурк» талаада,
Трактор бүркту түтүнүн.
Ар кайсы адам ар иште,
Темптүүсүн каалайт ишинин.

Кужурун алып кулактын,
Калдырайт маңыз араба.
Өзүнүн сүйгөн иши да,
Өмүш да жүрөт талаада.
Туз жеткирип малчыга,
Тукум ташыйт талаага.

Баясы жүрөт окууда,
Кайталап күндүк сабагын.
Достору менен өсүүдө,
Алга шилтеп кадамын.

Кээде гана үркүтөт,
Күчтүү сезим денесин
Элестетип көзүнө,
Эстей калат энесин.
Бирок мезгил колтуктап,
Алга сүрөйт Баясты.
Ууртунан жаз күлүп,
Ачып жүр дейт кабакты.
Талбай уч деп келечек,
Берет учкуч канатты.

**Жолдо**

Үстүндө Өмүш менен Эркин келин,
Чөп салган чоң араба кетип барат.
Тынч жаткан таштак жолду кыжырлантып
Тынбастан төрт дөңгөлөк жаагын жанат
Чабышат куйруктарын оңго, солго,
Сыйда жал буурул менен карагер ат.

Аттарды анда-санда «ноо» деп коюп,
Акырын арабакеч ыр ырдады.
Кептери ачык эмес жай чыккан үн,
Келиндин кулагына угулбады.

– Өмүш дейм…
– Сүйлөй бергин сенде кулак,
– Обонуң мынча неге жапыс чыгат?..
– Үн бүттү.
Акы алсаң да көтөрө сок,
Угууну кош кулагым каалап турат.

Экөө тең тамашалап бири-бирин
Таштак жол калып жатты улам кийин.

Карс күлүп кирпиктерин ирмеп алып,
Өмүкең созолонтту бийик үнүн.

Саамайың тал-тал бөлүнгөн
Сары алма жыттуу келин сен.
Санааңа мени сала жүр,
Сапар жол тартып бөлүнсөм.
Жигиттер кетти согушка,
Жүргөнүм болбос тылда мен.

– Алдырбай колу бутун аман эсен,
Ойлочу, тылда турган жаман бекен?
Жигиттер жоону жеңет сенсиз деле,
Кутуруп жүргөнүңө кудай десең.

– Ай Эркин! Тикенектей сайды тилиң,
Оңбогон катынсың да...
– Келсин жиниң, –
Жабылып жаагыңдан чыксын түгүң.
– Соо эмес, жин чалдыбы сени бүгүн?!

Билбейсиң тамашаны койдум Өмүш,
Чөөттөн аз экенсиң десем деңиз.
– Ооба азмын, чөөт эмес чөйчөк суудан,
Жарайбы болбос сөздү сүйлөй бериш.

– Канча сөз айтса көтөргөн,
Эркектин пейли көл болсо.
Ээр токумдуу ат баткан,
Эркектин ичи кең болсо.
– Ат баткан андай Өмүшкө
Акылдуу аял тең болсо
– Орсок тиштүү ызакор
Эркектин баары сен болсо...

– Ээ Эркин…
– Кулак сенде айта бергин.
– Сөздөрүн уктуң бекен айткан элдин?..
– Кандай сөз?
– Үйлөнөт деп экөөбүздү
– Бир тобун мен да билем билгендердин
Айтса айтсын сүйгөн сенсиң сүйгөн менмин.

Жаңыдан кызыганда айтылган кеп,
Көрүндү чоң сарайга үйүлгөн чөп.
Буурул ат бура тартып сол жагына,
Карады карагерге кайрылгын деп.

**Кеңеш**

Чырак көзү айнектерден шыкаалап,
Чылым тартты көчөлөрдүн морлору.
Көйрөңдөнүп минип алып абага,
Түрмөктөлгөн түтүн көктө ойноду.

Театр түнөп, короосуна мал кирип,
Айыл эли келип жатты жумуштан.
Үйү жок жел үйлөп чийдин сакалын,
Ак буудайды сылап турду муруттан.

Кара чырак май жиберип биликтен,
Керим жалын созолонот жогору.
Томпок шише өпкөсүнөн нур берип,
Үйдүн ичин саргыч түскө боёду.

Коңшу үйүндө сөздөр жатты уланып,
Сайкал эне көз ымдады чалына.
Өмүкө–деп сылап коюп сакалын,
Кепке кирди шампан баштуу карыя:

– Уккун балам коңшу болдук көп жылдар,
Жатсың дебе болуп калдым атаңдай.
Туубаса да өз уулундай  көрөт ал,
Сайкал кемпир болуп калды апаңдай.

Ар ким ойлойт жакшылыкка жетүүгө,
Эп көрбөсөң өз акылың өзүңдө.
Эмнеликтен аял албай жүрөсүң,
Убал болду бул олтурган  жетимге?

– Чолом тийбейт…
– Жалган айтып не керек,
Кайсактабай катын алгын эртерээк.
Жаркылдасын кулунчагың Баясың,
Жаңы эненин кучагында эркелеп.

– Билем Муке кеңешиңдин туурасын,
Оюмда бар алуу керек   аялды.
Бирок билбейм, үй-жайыма, балама,
Баш көз болор дурус неме  табамбы?

Алты ай болду Асылымды   жоктотпой,
Тамак жасап кийимимди жуудуңар.
Мал мүлкүмө каралашып эрте кеч,
Унутпаймын жардам кылып турдуңар.

Жетет Өмүш, ал жөнүндө айтпагын,
Азыркы сөз аял жактан баштагын.
– Алмай болдум…
– Кимди балам?!
– Эркинди.
– Куш бооң бек, куттуу болсун тапканың!
– Айткан келин Жыргалбайдын кызыбы?
– Ооба эне…

– Алсаң алгын ушуну.
Анча-мынча тилдүүрөгү болбосо,
Айылдагы келиндердин бышыгы.
Кандай аял, кайсы Эркин ата?»- деп!
Баяс дагы сурап жатты утуру.

– Алдаа кемпир, сен билбейсиң Эркинди,
Тилдүү болуп, тили кулач дейсиңби?
Торсулдаган ырас неме көрүнгөн,
Алгын балам ыгы менен келтирди.
Орсок тишин одурайтып Өмүкең,
Карс-карс күлүп карыянын сөзүнө
– «Жарыктык» – деп, жанындагы Баясты,
Башын сылап кысып койду төшүнө.

**Кырманда**

Тынбай чууруп кызгылт шуру оозунан,
Тыным албай молотилка күпүлдөйт.
Карбаластап иштеп жаткан кары-жаш,
Колдорунан айры, күрөк түшүрбөйт.

– Бол, болгула…
– Бууй салгын каптарды.
– Белин тартып бери баштант аттарды.
– Кана балам ээрге сал арканды…
– Капты көтөр!
– Билесиңби артканды?
– Билем! Аба..
– Дөдөй дебе жаштарды
Бул жагынан экөөбүздү үйрөтөт
Келе чалым берип койчу чакчаңды?

Дал ушундай үндөр чыгып кырманда,
Планчынын күлкү сөзү таралды.

Тигил жакта шыңк-шуңк этип келиндер,
Үйүшүүдө топон менен саманды.
Көбүк көздүү буудай максым ачыган,
Көп шыбырап тынчын алат челектин.
От жанында Эркин повар олтурат,
Отко кактап эки бетин көмөчтүн.

Тийгенине бир ай болгон Өмүшкө,
Жетим Баяс жеткен эми энеге.
Баяс эмес баары болгон энелүү,
Казан, тулга, чөмүч, чөйчөк, кереге.

Күчсүз саман күлгө айланат аз-аздан,
Ысык тилин жалмаңдатып сары жалын,
Боозутуп көмөч, ичин кызартып,
Боорун жалайт казан менен тулганын.
– Чактап жаккын, чачпай жаккын, ичкерт – деп
Эркин улам карап коёт Баяска.
Баяс болсо маңдайынан тер чыгып,
Мурдун сүртөт отко саман салат да.

**Повестка**

Туш-туш жактан көлөкөлөр көбөйдү,
Күндүн нурун тоо башына куушуп.
Желбиретип көйнөгүнүн этегин,
Жел желпиди жер денесин суутуп.

Адатынча ирмеп алып кирпигин,
Анда-санда «ноо» деп, анан ышкырып.
Шапалакты ат үстүндө ойнотуп,
Мурункудай олтурбастан тик туруп.

Өмүш ага келе жатат төмөнтөн,
Төрт дөңгөлөк чимирилип жүгүрөт.
Борпоң жолдун буркулдаган туманы,
Арабанын артын көздөй сүрүлөт.

– Эмне шаштың?..
– Армияга жөнөйбүз!
– Качан, кимдер?
– Төкөй, Ысак, Төлөмүш.
– Бул колхоздо белдүү киши калбайт го
– Ээ жарыктык кыйындыкты жеңебиз.
– Качан экен?
– Жөнөйбүз го таңында.
– Кокуй анда көрүш керек  камылга.
– Оёнкомуң коё турса болбойбу
Кызуу эмгек күчөп турган чагында?

– Айыгышкан жоо мүмкүндүккө карайбы,
Жөнөө керек кош айтышып айылга.
Кырман чети арабанын жанында,
Топтолушту кары жаштар жыйылып.
Жогоркудай баш аламан чыккан үн,
Өкүм сүрдү үйдөн, сырттан угулуп.
Демин жыйган буурул менен  карагер,
Жей баштады үйгөн, чарды сугунуп.

Күн да батты асман бетин боёгон,
Кызыл нуру түн оозуна жутулуп.
Күп-күп этип молотилка тынбастан,
Ак буудайды аймай берди жутунуп.
 Өмүш үйдө ар кайсыны сүйлөөдө,
Эркин жатты жол тамагын бышырып.

Отту ичкертип орто жерин көндөйлөп,
Кээде Баяс тура калып ордунан:

Айтар сөзү жок болсо да Өмүшкө
– Улам барып бек кучактайт мойнунан.
Мүмкүн бала Асылкандын элесин,
Көргөн чыгар атасынын койнунан.

Же болбосо эртең жөнөп кетет деп,
Жаткан чыгар бек кучактап атасын.
Же болбосо жаш жүрөгү өрөпкөп,
Айтайын дээр ичиндеги капасын...

**Акыркы түнү**

Түн ичи, Баяс төрдө уктап жатат,
Капшытта ата-энеси шыбырашат.
Кантем – деп Эркин келин жашып кетсе,
Өмүкөң кайрат берип акыл айтат:

– Каран түн башка түшкөнсүп,
Кантем деп жашып кайгырба.
Чыйралган чымыр денемди,
Суранам сенден жандырба.

– Кайгырбай кантем айрылсам?...
– Кат жазып тургун сагынсаң.

Биринчи күйөөм мурунку,
Учуктан ооруп ал өлгөн,
Ихи, ихи кудай ай,
Айтпады мага күйөөдөн

– Кармашкан жандын бары эле,
Казатта өлөт дебегиң.
Келгенде дагы бул жерге
Чоң жеңиш менен келемин

Ошондо түйрүк ээрдиңден
Моминтип туруп өбөмүн...

Албетте согуш бүткөнчө,
Кыйындык түшөр мойнуңа.
Кыйынды жеңген сен кыйын
Араба айда ордума.

Баламды жетим дедиртип
Бирөөнүн тилин тийгизбе.
Өнтөлөп багып Асылдай,
Өгөйлүк жигиң билгизбе.

Өмүкөң акыл-насаат сөзүн айтып
Эркинди алп бооруна алды тартып.
Аздан соң бал уйкунун кучагында
Экөө тең жыргалданып кетти балкып.

**Узатуу**

Калың эл райондун борборунда,
Турушат көтөрүнчөк колдорунда.
Аскерге жөнөөчүдөн узаткан көп,
Бардыгы узатууга келген мында.

Жер карап жоолугунун учун чубап,
Өмүштүн колун кармап ыйламсырап.
«Баяс жаш, мени жалгыз таштадың»–деп,
Кылгыртып көздүн жашын Эркин турат.

– Жашыба «жалгызмын» деп Эркин келин,
Ыйлабай күлүп узат кейибегин.
Баратаг түрмөгө эмес, жоо жеңгени

Кайра сен жеңиш менен келгин – дегин.
Деп айтып жетимиште Мурат кары,
Сакалын кайра-кайра сылап коёт.
Калың эл жанындагы карап турган
Карынын сөздөрүнө курсант болот.

Өмүштү адатындай бек кучактап,
Баястын көздөн жашы мөлт-мөлт этти.
«Ата сен жоону жеңип бат келгин»– деп,
Жаш тамган колу менен сүрттү бетти.

Ызы-чуу үч машина толгон адам,
Туш-туштан үндөр чыгат «кош бол аман».
Кээ бирөө кайрат айтып карс-карс күлсө,
Кээ бирөө ыйлаганы турат араң.
Кээ бирөө шолок-шолок жашын төгөт:
«Катыгүн ала кеткин кантип калам».

Ачуугу атчан Мурат карыянын
Келди окшойт карап алып эки жагын.
Сакалын дагы сылап удаа-удаа,
Сөз менен чыйралдырды элдин баарын.

– Эр жигит элдин четинде,
Эр жигит жоонун бетинде.
Ким ыйласа шолоктоп,
Ак түшсүн анын көзүнө.

Ыйдын түбү ый болот,
Ой Көчөркул ыйлаба!
Дөңгө чыгып улуган,
Дөбөтүңдү тууруба.

Сеникиндей бирөө эмес,
Төрт балам кеткен майданга.

Керексиң – деп чакыртып,
Богуске[1] келсе балдарга,

Мен да барам майданга
Жардам берем балдарга.
Кайратыңдан кагылабыз кары деп,
Элдин үнү чуу көтөрдү асманга.
Дарыянын толкунундай күчтүү сөз,
Зор күч берди жөнөп жаткан жаштарга.

Гүр, гүр этип автобустун добушу,
Күлүк матор чимирилди дирилдеп.
Шофер колу жан киргизип рулга
Буйрук берди дөңгөлөктү жүгүр деп.
Улам-улам эзрчий түшүп кол булгап,
Узаткан эл кала берди кийиндеп.

**II**

**Жолдогу сурашуу**

Талаа, жондо күзгү чыккан алысын,
Тапсыз күнгө тосуп турат далысын.
Көк көйнөгүн чечип камыш, жалбырак,
Кийген кези – сары күрмө, сары шым.
Сумбула тууп, суук тартып тоо башы,
Суу жайланткан карбаластап агышын.

Колхоз бутуп күзгү жыйын-теринин,
Кампаларга жыйып салган эгинин.
Эчак төгүп майдын, сүттүн планын
Уй байыган кичирейтип желинин,
Уста дагы мурункудай узанбай,
Жай иштетет барскан менен көрүгүн.

[1]Богуске-повестка

Түшкө жакын китептерин көтөрүп,
Балдар менен Баяс барат мектепке.
Бир-биринен ар кайсыны сурашып,
Каткырышып күлүп калат кез-кезде.

– Чейрек баадын канчасы беш?
– Баары тең.
– Сеникичи?
– Бир төртүм бар эсептен.
Калп айтпагын, качан алдың аны сен?
Бая күнү шыбырасам бирөөгө...
Айтасың деп коюп койгон эжекем.

– Баяс!
– Эмне?
– Кат келеби атаңдан?
– Сүрөтү бар кечээ күнү кат алгам.
– Кана көргөз?..
– Мына көрсөң атамды,
– Кызыл аскер киймин кийип жасанган.

– Жактыбы?
– Сонун экен кийими.
Бул эмнеси шапкесинин тилиги?
– Формасы да, кандай сонун карачы,
Өтүгүнүн такасынын бийиги.

– Каты кана?
– Угасыңбы?
– Угамын.
– Көңүл бургун, азыр окуп чыгамын.
Үн чыгарып Баяс окуй баштады,
Ынтаа коюп балдар тосту кулагын.

«Атакең салам жиберет,
Аманбы Баяс каралдым?
Бааңды салып жиберген,
Катыңды кечээ жаңы алдым.

Ойлонбой мени ар убак,
Окугун дагы жакшылап.
Колхоздо кандай жаңылык,
Кабарды толук жазчы бат.

Айылга барам жоо жеңип,
Атаңдан кинем санаба
Бетиңден өөп мен Өмүш,
Саламат тургун садага»!!!

– Эмне дептир, кандай экен жолдоштор?
– Уктук, сонун!
– Жүрүңүздөр тезирээк.
Кокус бизди тилдебесин эжеке,
Көп сүйлөшүп барып калсак кечирээк.

## Мекемеде

Жумшак колдуу, жытсыз түтүн
Тоо баштарын ушалап.
Жел көбүктөй жеңил сампар,
Жердин бетин упалап.
Жыртыгынан түнт булуттун,
Жылдыз турду шыкаалап.

– Уккун Көбөк, бүгүн көрдүк,
Арызыңды текшерип.
Жаман экен ат баккан деп,
Жазыптырсың көп кейип. –

Деп башкарма чыйратты да,
Үтүргө окшош мурутун.
Өйдө төмөн басып турду,
Өзгөрүлтүп турушун.

– Анан кантем кол жарамсыз,
Көрдүңүзбү манжамды.
Койго барсам эртели кеч,
Койбоймун го жайганды.

– Андай болсо бүрсүгүнү,
Бир короо кой аласың.
Андан көрө айтчы мага,
Үйдү кайдан табасың?

– Үй табылат, кам жебеңиз,
Үйүн тигем Өмүштүн.
Мына өзү айтып  берсин,
Эркин менен келиштим.

– Чынбы Эркин?
– Чын аксакал.
Мен да койго барсам дейм,
Кайнагамдын короосуна,
Кароол болуп алсам дейм?..

– Жакшы болот оңой эмес,
Түндө короо күзөтсөң,
Жайда эмес кышта дагы,
Иштеп темпиң күчөтсөң.

Деп башкарма карай берди,
Жанындагы фермени.
Ферме Сагын башын ийкеп,
Айтканыңыз жөн – деди.

Эркин, Көбөк сыртка чыгып,
Бара жатты көчөдө
Айнегинен жарык чачып,
Артта калды мекеме.

**Көбөк ким?**

Окуучум ким деп айтсаң Көбөк, деген,
Билерсиң окуп чыксаң сын көз менен.
Уурубу, ушакчыбы, соодагерби,
Тамырын текшергиле, талдап терең...

Сол колу жаш кезинде болгон сенек,
Анчалык оң колуна бербейт көмөк.
Алынбай армияга жүргөндүгү,
Кыязы дал ошондон болсо керек.

Өзү эпчил бөдөнөнү бөлө кылган,
Жолдошту жойпуланып табат ылдам.
Арадан эки-үч ата өтүп кеткен,
Өмүшкө жакынырак болот тууган.

**Көчкөндө**

– Азык бергин жатып окуйм бир үйгө,
Кыйын болор алыс жактан келүүгө?
– Такылдаган өлүгүндү көрөйүн,
Эгин көппү бөлүштүрүп берүүгө!
Анча деле алыс эмес көрөсүң,
Алыс десең эшек минип келесиң.
– Мында лакам...
– Бас жаагыңды!

– Барбаймын…
– Ата байкуш, жиним келсе өлөсүң!

– Макул дегин, азык бергин апатай,
Дайындаган кишиңкине жатармын.
– Мына азык!.. Кап-кап кылып капшытка,
Жыйып кеткен эгини жок атаңдын?
– Аай апатай! ! !
– Үнүң өчкүр бакырба!..
Шашпа сенин көзүңдү чоң ачармын!..

Колдун тагы сол жаагына баланын,
Тура калды, көзүнөн жаш куюлду.
Дагы урбасын качамын деп баратып
Кардан тайып чалкасынан жыгылды.

– Өлгөй элең жашабаган жубалай,
Кыйкырасың бир чапканга чыдабай
Тургун өйдө, карма башын өгүздүн,
Үнүң менен эл жыйынын курабай.

Жашыңды тый, кабагың ач көгөрбөй,
Бээжай аттан кутулбайм го сен өлбөй.
Бул молонун сырын билбей коңшулар
Жаш балага койгун дешет теңелбей.

«Кой ыйлаба, кандай кежир баласың,
Жакшы өссүн – деп энеси урат баласын» –
Деди дагы белин тартып өгүздүн,
Көбөк турду кандыргандай табасын.

– Болгун Эркин ууктардын башын буу,
Жүктөрдү таң бат-бат арта коёлук.
Кой фермага берген элем убада,
Күн батканча жаңы журтта бололук.

Жүк артылды, баргыла деп аман соо,
Коңшулары көч артынан караршты.
Чаар өгүздү чыйыр жолдо жетелеп,
Баяс жетим жашын төгүп баратты.

**Өгөй эне боору ооруйт**

Таңдын жели түндү түртүп,
Тур кеткин – деп ойготуп.
Каптал-жонго концерт берди,
Кар тозоңун ойнотуп.

Төшөгүнөн Баяс туруп,
Бетин жууп жатканда,
Бүлбүлдөгөн бирин-серин
Жылдыз калды асманда.

Чыканактап көк жаздыкты
Эркин башын көтөрдү.
Аарчып алып көз чылпагын
Сүйлөрүндө жөтөлдү.

– Ий байкушум тамтандаган,
Бети колуң жуудуңбу?
– Жуудум апа,
– Көрчү тигил
Керегеде куржунду...
Нан бар бекен?
– Жалгыз көмөч..
– Жартысын ал сындырып.

Жылытма бар ашканада,
Тоюп алгын дындыйып.
– Муздак экен жылытайын?

– Жадап бүттүм түтүндөн
Ичиркенбей ичип алгын,
Жылып калат ичиңден.

Эшек жоор, өгүздү мин,
– Жол тайгалак…
– Өлбөссүң.
Тур де тигил чоң атаңды,
Токуганды көргөзсүн.

Көбөк койчу уйкусурайт,
Кээде козгоп денесин.
Баяс сыртка чыгып кетти,
«Токуймун – деп – мен өзүм».

Кой короодо кепшеп жатты,
Анда-санда чүчкүрүп.
Кара серке карайт чанда,
Эки жагын тикчийип.

Ыңырчак ээр ырга кирди,
Бетти жалайт таңгы аяз.
Шүдүңдөтүп чаар өгүздү,
Жолго түштү жаш Баяс.

**Кайгылуу каргаша**

Тынбай муздак тили менен,
Муздун жалап капталын,
Анда-санда серпип коюп,
Агыш тармал чачтарын.
Өзөн жатат дем албастан
Өжөрлөнтүп акканын.

Чабдар атчан Мурат кары.
Аркан, чотун байланып.
Кокту бойлоп келе жатты,
Жан-жагына көз салып.

Чал кулагы чала калды,
Озондогон бир үндү.
«Ким болду экен бечара» деп
Шашкалактап бүлүндү.

– Бутуум, бутуум!
– Ой сен кимсиң ыйлаган?
– Бутуум, бутуум!
– Кандай жансың туйбаган?
– Менмин! Менмин!..
–Мен деген ким бүл өзү?
Көрбөй жатам, орунуңдан тур балам!

– Мен Баясмын!
– Баяс!.. Баяс – садага!
Не жатасың өксөп ыйлап талаада?
– Бутум сынды!
– Айланайын эмне дейт?
Карынын өңү түштү кабаара!

Аттан түшүп, шашып-бушуп калдактап,
Келди кары ыйлап жаткан Баяска.
– Кайсы бутуң?
– Сол шыйрагым!
– Иий шордуу…
Куру менен таңа салды заматта.
Колу дагы томугуптур баланын,
Таң эртеңки чыкылдаган аязга.

– Байкуш жетим эмне болуп сындырдың?
– Жантаймадан өгүз баса жыгылды
Кокуй бутум!!!
– Айланайын  сабыр кыл!
Карыянын жашы көздөн куюлду,
– Кел мин атка!
Олтургузду көтөрүп,
Чыдай албай жетим катуу  чыңырды.
Ташка тартып өзү артына  учкашты,
Салактады сары тондун өңүрү.
Баяс боздоп кашын кармайт ээрдин,
Улам-улам караңгылап көңүлү:
Кайран бала карып болдуң неге –деп,
Аксакал да өз ичинен кейиди.

**Мактаптырмын бекерге**

– Болбойт балам пейли тарып кысынган,
Уулуң болот  туубасаң да тутунган.
Азык берсең жатып окуйт эле го,
Бир кап эгин кымбат бекен ушундан.

Жармач эмес, бай турасың сен бизден,
Үй-жай калды, эки уй калды Өмүштөн
– Үйү мына, ую турат эшикте,
Жармачмын деп – нан сурабайм  мен сизден..

– Эркин келин анча катуу кетпегин,
Акыл айтар атаңдаймын мен сенин.
Мен болбосом буту сынган жетимдин,
Көзүн эмес көрбөйт элең өлгөнүн.

– Чай ичиңиз?
– Чайга күтпөйм кой балам,

Жумушум бар ооз тийгиз наныңдан.
Чырмагандай самбалдарын колхоздун,
Чырпык издеп чыктым эле айылдан –
Деп карыя онтоп жаткан Баястын,
Төшөктү ачып бутун чечти таңылган.
Кийиз ороп, шакшак коюп кайрадан,
Зымыратып сызма менеп таңып бек:
«Ыйлабагын бүтүп калат бат эле,
Сабыр кылгын санаркаба кайгы жеп»...
Кайра айтып, кары сыртка жөнөдү,
Эркин ага эшик ачты үлдүрөп.

– Кош бол келин, үч-төрт күндө келемин,
Кандай болуп таңылганын көрөмүн.
Күчтөп-күчтөп күчтүү тамак бергинин
– Кош болуңуз колдо барды беремин.

Капа болуп чал ичинен ойлонот,
Чырпыктарды кыркып жатып өзөндө :
– «Торсулдаган ырас келин Эркин» – деп,
Кемпириме мактаптырмын бекерге.

**Жалган кубануу**

Жымыңндашкан жылдыздар,
Жыйналыштан тарашкан.
Жарык тартып үй ичи,
Мезгил эле таң аткан.
Жатат кызык түш көрүп,
Төшөгүндө Баяскан.

Жалбыз жыты жыттанган,
Мөлтүр булак боюнда,
Жүрдү жетим сайрандап,
Гүлдөрү бар колунда.

Асынганы беш атар,
Аскер кийим кийгени.
Ордени бар бир адам,
Өмүш сымак жүргөнү,

Узун кирпик, орсок тиш
Өмүш сымак күлгөнү.
Жакын келип балага,
Атаӊ сенин ким? – деди.

– Атам Өмүш.
– Өз атыӊ?
– Баяс.
– Баяс! Каралдым
Мен Өмүшмүн атаӊмын!
– Атаа! Атаа!!..
Түшүнөн

Баяс чоочуп ойгонду
Үйдө жатат караса,
Алдамчы түш жоголду.

Эки көзүн ушалап,
Жан жагына караса,
Эркин менен бир киши,
Уктап жатат жанаша.

А дегенде жетимче,
Атам го –деп ойлонуп.
Жакын келсе жанына
Көбөк жатат солдоюп.

Чийкил өӊү баланын,
Чүпүрөктөй кубарды.
Адам эмес төшөктөн,

Көргөнсүдү жыланды.
Чоочуп кетип селт этип,
«Ай» – деп катуу бакырып.

Төшөгүнө жөнөдү,
Сылтый басып шашылып.
Тигил – экөө ойгонду,
Чукуранып, ачынып.
Баяс жатты буулугуп.
Капалыгы ашынып.

Мөлт-мөлт этип тынымсыз,
Көздөрүнөн жаш  чыкты.
Жылжып келип жаагынан,
Жууп жатты жаздыкты.

Жаш жүрөгү  түрсүлдөп,
Ургулады көөдөнүн,
Ойлой берди унутпай,
Түшүндөгү көргөнүн:

«Түшүмдөгү көргөн кишим,
Атам эмес  башкабы.
Андай болсо неге окшош,
Үнү, кирпик какканы.

Көзү атамдын көздөрүндөй,
Жүзү атамдын жүзүндөй
Тегиз эмес арсак-терсек,
Тиши атамдын тишиндей.
Кала берсе басканы да,
Окшош баары бүтүндөй».

Бул сыяктуу ойлордун,
Бир топторун ойлоду.

Каны кызып жүрөктө,
Кек толкуну ойноду.
Ачууланса төшөктү,
Мыкчый калат колдору.

Көбөк менен Эркинди,
Көрсөм ээ – деп ойлоду.
Колдоруна адебин,
Берсем ээ – деп ойлоду.

Атам келсе бардыгын,
Айтсам ээ – деп ойлоду.
Бийлеп кетти ачуусу,
Ал аңгыча болбоду.

– Ата! Ата! Төшөгүңдө!
Жылан жатат карачы.
Арбайт-арбайт чагамын деп,
Келчи мени аячы!
– Эмне дейсиң дөөдүрөбөй
Жөн жат, иттин баласы!

– Жөн жашаймын кет төшөктөн,
Сен чоң атам эмессиң.
Сен бузуксуң тууган эмес,
Анык душман Көбөксүң!

Шашпа сени, атам келсин,
Жакындыгың билинди
Баяс ыйлап үңүлдөдү,
Эркин тура жүгүрдү.

Көйнөгү жок болтолоңдоп,
Түйрүңдөтүп эринин:

– Жаагың сын, минтин айт, – деп
Үйрөттү эле сени ким?

Жаштайында жайратайын,
Күңүлөгөн немени.
«Атам-атам»... чын өлүмгө,
Кеткен атаң келеби?!
– Келет атам!
– Мына келет!.
– Атаа-атаа өлтүрдү!!
Дароо Баяс эстен танды,
Бир жалт карап Эркинди.

– Жүрөк деген талылуу жер,
Байкап тепсең не болот?
– Адам деген ит жандуу да,
Аздан кийин оңолот.

Дал ушинтип Эркин, Көбөк,
Өздөрүнчө сүйлөштү.
Тоо чокусун күн шыкаалап
Жалган түштүү түн кетти.

**Кечки жеме**

– Сырактаган өлүгүңдү көрөйүн,
Белен тамак такыр турбайт үйдөгү,
Көмөч кана, жетсең керек түбүнө,
– Жеген жокмун.
Сен жебесең ким жеди?..
Жумуруңа жук болбогон көрүнөт,
Сорпо-шилең, коюу ботко түндөгү.

Кала көңдөн, карап калбай тултуюп,
Жатып ичип семирдиң го дыңкыйып.

Жээк уйдай жалмай салат бир паста,
Шымын кара, калыптыр го жыртылып.

Тургун өйдө суу алып кел челекке!
Тамак жасап даярдайын Көбөккө.
– Кантип барам?..
Балдагың бар эмеспи,
Согум болбой жарасаңчы керекке!
Кантсин Баяс, кабак бүркөп,
Карап өгөй энени.
Балдак менен сылтый басып,
Сууну көздөй жөнөдү.

– Эмне бөксө?
– Басканымда чайпалды,
– Шылтоосу көп...
– Апа жалган айтамбы?
– Жесең кандай үстүккөнсүп жээр элең,
Коюп койсо көмөч менен талканды.

Көбөк келип аздан кийин,
Короого кой кийриди.
Түтүн бүркүп турду сыртка,
Улам үйдүн түндүгү.

**Түнкү кеңеш**

Түн бир убак Баяс жетим,
Төшөгүндө жалдырап.
Көптөн кийин көзүн жумуп,
Уктап кетти магдырап.
Чоп-чоп экен өбүшүүлөр,
Токтоп кайра уланып.
Көбөк жатат Эркин менен,
Боюн керип суналып.

– Буйрук экен Өмүш алды,
Ойноп жүрүп мен калдым.
Кайнага деп карай албай
Келин болуп сен калдың.
Капаланып ичтен сыздым,
Кайни болуп калбай– деп
Өмүштү да жемеледим,
Башка катын албай деп.

Кезигем деп экинчи ирээт,
Келген эмес оюма
Өмүш кетип, тилек жетип,
Кайра түштүң торума.

Эл көзүнчө «Аке» – дей бер,
Мен «Келин» деп коёюн.
– Акылыңдан, берээк жатчы.
Ий секетиң болоюн...

Айтчы Көбөк Армиядан,
Өмүш келсе кантемин?
– Коён жүрөк катынсың да,
Коркоктугуң аай сенин.

Келбейт аның, келерине,
Көзүң жетип турабы.
Кылыч мизи кан агызган,
Кызыл кыргын убагы.

Бомбу[1] деген немеси бар,
Жер титирейт таштаса.
Келүү кыйын андай жерден,
Миңден бири кайтпаса.

---

[1]Бомбу – бомба

– Ээ Көкүш дейм!..
– Айта бергин.
– Үйлөнсөк дейм эмесе.
– Кээде болбос сөз сүйлөйсүң,
Алжып калган немече.

Койгон максат, болор ишти,
Билбей сүйлөй бербесең.
Бир төшөктө минтип жаткан,
Үйлөнгөндөн кем бекен?
Угуп тургун көңүл бөлүп,
Чын сырымды айтайын.
Уккун дагы, кеңеш кошуп
Түбү кандай байкагын.

Жайга чейин кой багайын,
Эл көзүнө көрүнүп.
Башкармага жагынайын,
Ак ниеттүү дедирип.

Мен кайтарган тубар койдун
Көпчүлүгү кара көл[1].
Жаркыраган жаз келгенде,
Ойдогудай берет төл.

Эгиз болсо бир козусун,
Соё берем жашатпай.
Көмүз жерге айран төгүп
Жаның жокпу ашатпай.

Шаарларда кымбат турат,
Кара көрпө сатамын.
Кыжым, шайы, тукабаны,
Сандыгыңа басамын.

[1]Кара–көл – Каракуль

Жазга чейин эттүү койдон,
Эбин таап соёбуз.
Ордун басат эптеп-септеп,
Козу кошуп коёбуз.

Жаздан кийин ыгын таап,
Кой багуудан чыгабыз.
Элден кетип – экөөбүз тең,
Шаарга барып турабыз.

Мен айткандын бирин койбой
Орундатсак бардыгын.
Дал ошондо үйлөнөбүз
Түшүндүңбү, ай нурум?!

Баса дагы айта турган,
Менин суроо кеңешим.
Эмнеликтен Баясканды,
Уруп, тилдей бересиң?

Жетим бала кекчил болот,
Абийирди ачпасын.
Кой союшат, бир жатат деп,
Көрүнгөнгө айтпасын.

– Кек сактабай жерге кирсин,
Ал жагын мен билемин.
Эркелетип эсирткенче,
Алыш керек жүрөгүн.

Алдап-соолап жакшы көрсөң,
Адаты бар кутурган.
Күн көрбөймүн, суу ичпеймин
Коркуп жүрүп ушундан.

Эч кимге айтпайт кам санаба,
Тилсиз дудук кыламын,
– Эгер айтса?..
– Ишенип кой,
Мага жетсин убалың.

Кийиз казык жерге кирет,
Күчтүү болсо токмогу.
Көкүш сен да көрүнөсүң,
Эркектердин коркогу.
Өзүң билгин бирок дагы,
Керек терең ойлошуң.
Мындан аркы ишибизге,
Тоскоолдугу болбосун...

– «Эч качан» – деп, Эркин жатты,
Көбөк колун кармалап,
Көптөн бери алынбаган,
Түк сакалын аймалап.

Күрөң дөбөт үрдү сырттан,
Чоочуп кай бир кой турду.
Шашып кетип койчу Көбөк,
Үй ичинен кыйкырды.

**Жол боюндагы жолугушуу**

Жаздан коркуп кыш көчөм деп түндүккө,
Жерге жайган ак шейшебин жыйнады.
Муз арыктап, мууну бошоп мөңгүнүн,
Жаткан бойдон жашын төгүп ыйлады.

Кар чүмкөнгөн камыш тура баштады,
Саргыч тарткан сакалдарын үксүйтүп.

Кандайсың – деп караганга каранды,
Чычырканак муруттарын тикчийтип.

Дем алыш күн жол боюнда күнгөйдө,
Жыбыраган койлор жатты жайылып.
Үнүн жасап ырга кирди Баяскан,
Өзөн жатты коштогонсуп агылып.

«Фашистти совет жеңсе экен,
Тилегим менин берсе экен.
Аскерде жүргөн атакем,
Аман-эсен келсе экен».
– Баяс! Баяс!..
Артын Баяс карады
– Каныш-Жуман!!!
Шаттык басчы баланы.
– Мурункудан бутуң жакшы болдубу?
– Жакшы, жакшы!!
Кучакташты баары аны.

– Басып көрчү
– Сылтып басам кичине.
– Жакшы болот кирген кезде күчүнө.
Бардыгы тең бөжүрөшүп карашат,
Жетимченин азып калган жүзүнө.

– Кайсы жакка?
– Сага бара жатканбыз.
Ырас болду жол боюнан жолугуп
Кечээ күнү эжекеге айтканбыз,
Өмүшовго барабыз деп чогулуп.

Мына Баяс китеп, дептер, газета,
Окусун деп алып келдик биз сага
Бала койчу газетага көз тигип,
Тегеректеп карап турду үч бала.

**Сүт төгүлгөндө**

Тууганына он күн болгон көк уйдун,
Кара жарма буурул тарткан жаңырып
Ашканада ак чарада сүт турат,
Өч каймагын өз бетине жамынып.

Көбөк кеткен кең жылгага кой жайып,
Эркин болсо түндө короо кайтарып
Уктап жатты төргө төшөк салынып,
Кирдеп калган одеялын жамынып.

Баяс жаңы тоодон отун көтөрүп,
Келди дагы уй жанына таштады,
Аздан кийин короо жакка барды да,
Жай олтуруп китеп окуй баштады.

Улагада жөн турбастан жутунуп,
Күрөң музоо моюнчасын шыпырып.
Ашканага кирип барып бир кезде,
«Өө» – деп коюп оюн салды кутуруп.

Сүт төгүлдү казан аяк калдырап,
Музоо чоочуп төрдү көздөй секирди.
– Ой бул эмне? Кокуй-кокуй катыгүн,
Өлөт алгыр челейттиң го көзүмдү.

Оо жубалай!
Баяс келди жүгүрүп.
Эркин жатты өз алдынча бүлүнүп,
– Эмне апа?!..
– Өлүгүңдү көрөйүн!
Көк бейит бол, бүттүм сенден түңүлүп,

Үй ичине камап алып баланы,
Басып алып бапырата сабады.
Бетин чойду кыйкылдатып муунтту,
«Дейди-дейди... дейдилигиң калабы?»

– Ай апатай!
– Чыгарбагын үнүңдү!
Кычкач менен сууруп алам тилиңди,
– Эмне кылдым?
– Кылмыштарың чачтан көп,
Жер томпойгур жеткирейин ийиңди.
Катуу уктап жатканымды билесиң,
Кайда жүрдүң карап турбай бул үйдү.
Кантсин жетим жаагынан кан тамды,
Жаш кошулуп мала түскө айланды.
Кызгылт тартып бүткөн бою заматта,
Кычкач тагы кат-кат болуп калдайды.
Эки бетин көз жаштары жол кылып,
Эп келишкен эриндери калбайды.

Качан көрсөм китеп түшпөйт колунан,
Чоң өкмөт атаң болуп сен калдың.
Эртең менен тамак ичпей кетти эле,
Жөнө койго, Көбөк келсин, сен баргын,

Жерде жаткан китепти алып,
Оңтойлонтуп имерди.
«Мына эми окугун» – деп,
Тытып-тытып жиберди.

Сылтый басып тоо этектеп,
Баяс кетти мал жакка.
Эркин турду ичи ачышып,
Төгүлгөн сүт каймакка.

**Эркин жөнүндө**

Эркин келин эл көзүнчө,
Жакшы көрөт Баясты.
Иче койгуң, жей койгун ден,
Түзүк берет тамакты.

Эл жок болсо урат, тилдейт,
Улагага жаткырат.
Тамак ичсе «канынды ичкир»,
Тез ичкин деп шаштырат.

Ал экөөнүн кылмыштарын,
Толук билет жаш бала.
Бирок Эркин көп коркутуп,
Айтпай жүр – деп башкага.

Жүрөгүнүн үшүн алып,
Эчен бычак таптады.
Ошондуктан эч бир жанга,
Баяс сырын айтпады.

Ал айтпады бирок дагы,
Толгон кекти баштагы.
Качандыр бир көрсөтөм деп,
Жүрөгүнө сактады.

**Төл маалында**

Ак карды кууп чокуга,
Өкүмүн сүрдү жаз дагы.
Эпкиндеп билек түрүнүп,
Эмгекке чыкты жаш-кары.

Жаз берген жашыл көйнөктү,
Жер кийине баштады.

Булуттар жаанга айланып,
Бүркөгөн бетин асмандын.
Көк кашка тунук тамчылар,
Көөдөнүн жууду капталдын.
Жабылып чертти туш-туштан,
Жалтырак башын таштардын.

Койчуну «түшөй» дедиртип,
Кой төлдөп жатты күн-түнү.
Бери калганда эң азы,
Беш ондон тууйт бир күнү
Кайраттуу малчы кебелбей,
Кайратсыз малчы чүнчүдү.

Көбөккө жардам бермекке,
Мурат чал келген жакадан
Аялы, өзү, балдары,
Бардыгы болуп алты адам
Аларды Эркин жактырбайт,
Жакшы– деп ээн жашаган.

Кубанып Баяс топ балдар,
Куржунга козу салышып
Эки-экиден тең кылып,
Ээрге артып алышып
Кыдыңдатат эшекти,
«Хы-хы-лап» жалга чабышып,

«Көмүзгө кылган ишимди,
Көрбөсө болду кошуна».
Көбөк да, айтып бул сөздү,
Көз артат тармал  козуга.

**Түнкү окуя**

Бир бүркөлүп, бир ачылып,
Томпок сары кабагы.
Үңкүр өңдүү коркок түнгө,
Жылдыз көктөн карады.

Кой короодо кепшеп маарап,
Кай бирлери толготот.
Кулжуңдашып субайлары,
Кубалашмай ойношот.

Кароол Эркин «Оойт» – деп үч, төрт,
Кара күчкө жөтөлүп.
Кирип кетти үй ичине,
Бир козуну көтөрүп.
– Бүтүпсүң го?
– Бүтүп салдым жыга бер.
Чал билбесин сыртка чыгып тура гөр,
– Кам санаба чалдын көзү уйкуда,
Билбейт эч ким билгениңдей кыла бер.

Канча болду?
– Муну менен үч болот,
–Төрткө жетсин дагы бирди соёлук.
Жүк алдында канча көрпө?
– Он көрпө,
– Анда эмесе он төрт кылып коёлук.
– Жай сүйлөчү тигил шүмшүк укпасын,
– Уктап жатат чоң чепкенди оронуп.

Чындыгында Баяс жетим,
Кирпиктерин ирмебей.

Жыртыгынан чоӊ чепкендин,
Карап жаткан дыӊ – дебей.

Ал ойлоду  сыртка чыгып,
Барсамбы деп Муратка
Бирок коркту тигилерден,
Анткени алар урат да.

Андан көрө кыймылдабай,
Барын байкап жатайын.
Эртеӊ менен Нурга айтып,
Бир берейин сазайын.

Акырында дагы   ойлонду:
Эртеӊ изи басылар.
Мен Нурга айтып, ал келгенче
Көрпөлөрдү жашырар.

Калп айтыпсыӊ капакей–деп,
Нукем мага ишенбес.
Эмне кылам, эмне кылам,
Болот экен эртеӊ кеч!

Эбин таап азыр эле
Эшик жакка чыгайын.
Минтип коркуп жата бербей,
Бир айласын   кылайын.

Деп Баяскан кара күчкө,
Көз ушалап тамшанып.
Ичин кашып төшөгүнөн,
Тура калды тампайып.

– Эмне турдуӊ?
– Сийгим келди.

– Жижиң болгур тез келгин
Байка Көбөк, артынан чык,
Бул шүмшүктөн шектендим.

Көбөк турду үй жанында,
Аңдып карап Баясты.
Жетим болсо боортоктоп,
Койду аралап баратты.

Анын ою тигил үйгө,
Жылып жетип баруудa.
Болгон ишти Муратка айтып,
Чуулганды салууда.

Максатына жеткирбестен,
Көбөк келди артынан:
– Кайда жылдың?!
– Козу карап…
– Өлөсүң го калпыңан.

Баскын үйгө үн чыгарбай,
Билем барар жагыңды.
Мына бычак бир кыңк этсең,
Агызамын каныңды.

Коркуп бала үйгө келди,
Үнсүз жашы төгүлдү.
Кашындагы турган Көбөк,
Ажал болуп көрүндү.

Эркин күткөн кыял мүнөз,
Өзгөрүлдү заматта.
Жойпуланып өлүп-түшүп,
Боору ооруйт Баяска.

– Койчу, Көбөк, коркутпачы,
Жаш баланы анчалык.
Зыяны не...кой козуну
Жүрөт күндө кайтарып.

– Коркутамын кагынгырды,
Козучулап мууздаймын.
Кыжырыма тие берсе,
Кызыл канын ууртаймын.

Кылмыштары чачынан   көп,
Билесиңби өткөндү.
Кой сойду – деп фермеге айтып,
Бир топ «сен-мен» дешкенди.

Кудай жалгап ишенген жок,
Ферма мунун сөзүнө.
Эй кан кузгур бычагымды
Малайынбы көзүңө

– Жетет эми жемелебей,
Короо жакты карачы.
Муздарың да чын көрүнөт,
Мен болбосом арачы.

Тиштем эт жок түлкү жаагы,
Былк-былк этип сүйлөсө.
Оркоң этип кекиртеги,
Шилекейин күрмөсө.

Көбөк сыртка чыгып кетти,
Эркин калып үйүндө.
Башын сылап алдап-соолап,
Баясканды  сүйүүдө.

«Эненин ою балада,
Баланын ою талаада»–
Деген макал чын экен,
Билбейсиң мени садага!

Тилдегеним урганым,
Катыксын бышсын дегеним.
Туубасам да тутунгам,
Энедей сага энемин.

Бир жылча болуп баратат,
Билесиң өзүң Баяскан.
Кем кылган жокмун  кийимден
Өксүткөн жокмун тамактан.

Өпкөмдү тиштеп оозума,
Кайтарып койду күнү-түн,
Карыны ачып кала – деп,
Кароолчу болдум сен үчүн.

Акырын аке-жаке де,
Күнүлөп жаман көргөнчө.
Алдайлык эптеп Көбөктү,
Аскерден атаң келгенче.

Койду бакса ал багат,
Биздики бардык тапканы.
Жакында барат шаарга,
Көрпөлөрдү сатканы.

Акчасына көрпөнүн,
Алып келет көп кийим,
Жасанабыз киебиз,
Элге бербей эч бирин.

Эстүүсүң го каралдым,
Эң акыркы айтканым.
Биздин кылган иштерди
Эч бирөөгө айтпагын.
– Айтпайсыңбы?
– Айтпайм апа.

Ий өпкөмдү чабайын.
– Жаткым келди,
– Азыр эркем,
Төшөгүңдү салайын.
Баяс тыптынч башын чүмкөп,
Карап чепкен алдынан.
Ойлой берип башы катты,
Толгон санаа кайгыдан:
– Жок! Жок Эркин алданбаймын,
Бал тилиңди сүйбөймүн,
Кастюмуңдун, өтүгүңдүн,
Кереги жок кийбеймин.

Айтам, айтам атсынчы таң,
Нурукеме барармын,
Көп айыптуу ишиң үчүн
Көзүңө кум салармын.

Байыр албай мындай ойдун
Түркүнүнө урунуп,
Баяс жатты Көбөк сырттан,
Кирип келди кыдыйып.

Эркин ага көз ымдады,
Иш ордунда дегендей.
Баяскандын сөздөрүнө,
Ишеничи терeңдей.

– Коркуп кетип коё берген,
Козу гана жанагы.
Бол камдангын азыр барып,
Алып келейин мен аны,

Жанатадан бери карай,
Ойлой берген өзүнчө.
Бул сөздү угуп эрдин тиштеп,
Калчылдады жетимче.

«Өлсөм – өлдүм өлтүрөт деп,
Эмнесине чочунам.
Мен да жашмын менин жаным
Артык бекен козудан.

Эртең эмес азыр-азыр,
Бакырайын ыйлайын.
Мурат абам жетип келип,
Көрсүн иштин мындайын.

Деди дагы тишин кайрап
Ой жибербей башкага
Чымырканып бакырууга,
Даярданды жаш бала.

Эшик ачып Эркин кирди
Жаш козуну жетелеп
Жыга салып бечаранын
Бутун бууду экөөлөп

Байкуш козу жан далбастап,
Тыбырады муунду,
Жаландаган канкор бычак,
Кызыл канга жуунду.
– Аай Көкөтай!!

– Таш кептелсин оозуңа
Бас жаагыңды!
– Убал-убал, убал козуга!!
– Үнүң өчкүр, жаагын сынгыр бакырба
Укмай болду, укмай болду кошуна,
Ого бетер Баяс күчөп бакырды
«Ой Көкөтай убал-убал козуга!»

Улам Көбөк  күрсүлдөтө,
Тээп жатты баланы.
Бир жагынан Эркин муунтуп,
Кыйкылдады тамагы.
Тиши сынып Баяскандын,
Бети-башы канады.

Өйдө-төмөн башын чулгуп,
Удаа-удаа кыйкырды.
Жан далбастап жерди чапчып,
Эшик жакка умтулду.

«Мурат аба! Мурат аба!
Өлмөй болдум келгин мага.
Козу сойду – козу сойду,
Мени дагы соймой болду!»

Мурат кары шашып-бушуп кийинип,
Жетип келди желе басып жүгүрүп
Үйгө кирсе козу жатат мууздалган,
Эки үч жаңы тери турат илинип.

Көрөр замат Койчумандын айыбын,
Бүткөн бою дүркүрөдү карынын.
Бир мезгилде буурул мурут алдынан,
Бүркүп кирди каргыштардын жалынын.

«Оңолбо Көбөк оңолбо,
Бул эмине кылганың?
Жаш баланы коркутуп,
Козуларды кырганың?

Шумдук! Шумдук! Ой Көбөк,
Жаш малды союп не керек?
Жүдөттүбү же сенин,
Жуурканыңды тебелеп?
Ушунча жашка келгени,
Мындайды көзүм көрө элек.
Куураган Көбөк! Куу Көбөк!..

Көбөк турду купкуу болуп,
Эки колу калтырап.
Салаасынан жаш козунун,
Жылуу каны тамчылап.

Жерди тиктейт Эркин улам,
Анын колу дагы кан.
Жукса керек же козунун,
Же Баястын канынан.

– Өлүгүңдү көрөйүн Эркин катын,
Убалы жаш баланын уктатпасын,
Куурап өт, куу баш болуп перзент көрбөй,
Эгерим согончогуң канабасын.
Жазыксыз жаш баланы не кыйнадың?–

Каргап-шилеп карыянын аялы,
Ызырынып Эркинге көз кадады!
Аздан кийин оң колунан жетелеп,
Өз үйүнө алып кетти баланы.

– Эх! Көбөк!  Көбөк!
Башыңды баш десем,
Турбайбы челек!
Мүчөң адам,
Мүнөзүң айбан!
Демек,
Өлүшүң керек.
Эй акмак ит!
Итти да урат,
Уурдап ичсе сүт
А сенчи?..
Бир короо козуну,
 Союпсуң бүт.
Оо, жаш баладай кыйналгыр!
Жаш козудай мууздалгыр!

– Ээ атаңдын... кууратан чал кутурба,
Ажал айдап келсең керек ушунда.
Коржоңдобо козучылап, мууздаймын,
Каным кайнап карайлаган учурда.

– Союп көрчү!..
Көбөк бычак таптады,
Сая алган жок чал сүрүнө батпады.
Улам-улам Мурат аба демитип.,
Сөгө берди ачуу тилин тартпады.
Ал аңгыча келип келин балдары,
Көбөктү абдан ычкындырып таштады.

Мурат аба керегеге илинген,
Ала коюп дүрмөттөлгөн мылтыкты:
«Дардактабай ташта жерге бычакты,
Канкор акмак кана эми унчукчу!
Көбөк коркуп колундагы бычагын,
«Багындым» – деп коломтого ыргытты.

Эркин келин ыйлактады жалына:
Сакалыңдан кагылайын карыя!
Биз акмактык, иттик кылдык кечиргин,
Уят кылба айтып элдин барына.
Не кааласаң бардыгын тең берелик,
От койбогун биз шордуунун багына!»

– Жүйүттөнбө жүзү кара шерменде,
Алдайм дебе, алданбаймын бергенге!
Жалынсаң да, кагылсаң да кечирбейм,
Кечиртип ал башкарма Нур келгенде,
Кана балдар тиги арканды алгыла,
Бул кесептин колу-бутун таңгыла.

Сен да таңыш карап турбай какылдап,
Кара күчкө баткан болуп кайгыга..
Таңыш деймин!...
– Кантип таңам,
– Атамын!!
Оо кара бет ок жиберем кардыңа!

Улагада кесе кармап мылтыкты,
Мурат турду. Көбөк көзү жайнады
Эки колун келиндери карынын,
Тээп туруп чычырата байлады,
Тиктеп турган курал сүрү кыйын да,
Байлатпайм – деп ууру мөңкүй албады.

Көбөк, Эркин үн алышып жалбарат,
Карыянын караанынан айланат.
Кээде Көбөк чалга моюн сундум деп,
Өз ичинен намыс кылып арданат.

Балдар ыйлап уу-чуу түшүп,
Басылышты кайрадан.

Койдун үнү чыгат кээде,
Короо жактан маараган.

Баяс жатат тигил үйдө,
Кабыргам – деп кыңылдап.
Сынып кайра бүткөн буту,
Улам ооруйт зырылдап.

Тан сүргөн кез, чыгыш жактан,
Окшоп буурул деңизге
Карыянын чоң келини
Минип алып өгүзгө,
Башкармага бара жатты,
Болгон ишти айтмакка
Кагып улам мурунтукту
Карап коёт жан-жакка.

**Эртең менен**

Тоолорду уясынан чыкты дагы,
Сылады күндүн ысык алаканы.
Шыңга бой болот тиштүү чокуларга
Жайкалтып өңү сары жапты шайы.

– Кокуй колум, кокуй колум коё бер,
Атып салгын качар болсом мен эгер.
Азар болсо сойгондурмун беш козу,
Бир козусу – экөө болуп төлөнөр.
Аай Эркин чеч! Аркан өтүп баратат,
Оо жараткан күн жеттиби мен өлөр!

– Өлүм сага өкүрбөй кал үнүң өч,
Атам азыр жакындаба кара бет!
Айы жеткен кашкулактай борсойбой,
Оо желмогуз ары кеткин, ары кет.

Каарынан калчылдап карыянын!
Эркин карайт элеңдеп эки жагын.
«Атпа-атпа арканда өлсүн Көбөк,
Ая мени Мукетай айланайын!»

Ит үрдү төмөн жактан берип белги,
Аздан соң түпүрлөтүп кара жерди –
Милиционер жанында ферме Сагын,
Боз ат минип башкарма жетип келди.

– Ким бар үйдө,
– Айланайын Нурсуңбу?!..
Келгин эрте,
Мурат катуу кыйкырды.
– Бул кесепти, бул шумдукту карачы!.
Үнсүз Эркин жерди карап тултуйду.

Териси жок жып жылаңач козулар,
Жатат сулап ашканада үйүлүп.
Бардыгынын бадыраят көздөрү
Кетүүчүдөй кайра баштан тирилип,
Көрпөлөрү керегенин башында,
Кан болушуп катар турат илинип.

Түнкү кылган кылмыштарын Көбөктүн,
Өзү көрүп, Мурат кары айтканда.
Чыйратты да үтүргө окшош мурутун,
Ачууланып калчылдады башкарма.

«Эй айбан! Айбан!
Айланып кет малдан!
Жалынба! Жалынычың,
Сага бербейт жардам.
Жаш козуну сойгонго,
Кантип колуң барган.

Сендей кесепти,
Койчу койдум кайдан!
Ой айбан! Айбан!

Чакыргыла баланы,
Алып келгиле баланы.
Айтып берсин билгенин,
Абдан тактап алалы.

Баяс келди башы көзү шишиген,
Тулуп сымак, адам коркот түсүнөн.
Моюнунда кат-кат көгүш так турат,
Ажыраган эки кашка тишинен.

Жетим Баяс жерди карап,
Бирде сүйлөп бирде онтоп.
Айтып берди бүт билгенин
Калтырбастан  жомоктоп.

Үйдүн ичин аңтарышты,
Чыкты тармал он көрпө.
Бардыгын тең ийлеп койгон,
Сатмак шаарга оң келсе.
Тишин кайрап ферма Сагын:
«Мунуң иттик эмеспи!» –
Деди дагы камчы менен,
Жазгап калды Көбөктү.

Милиционер толук жазды,
Айткандарын Баястын.
Мурат кары ызырынат:
Айдап барып каматкын,
Айланайын милийса уулум,
Качса кардын жара аткын.

Жоош киши бир ачуусу келгенде,
Болбойт экен аны эч ким токтотуп.
«Ай сени»– деп, өйдө колун көтөрөт,
Улам илеп белгисине окшотуп
Бак-таалайын үңкүр соруп кеткенсип,
Күнөөкөрлөр озондошот окшошуп.

Эки колу бек байланган артына,
Жетимди уруп, козу сойгон немени.
Баскының деп кошуп алып Эркинге,
Милиционер айдап алып жөнөдү.
Көрүнгөн жок ал экөөнүн көзүнө,
Бир өлүмдөн, бир тюрьмадан бөлөгү.

Жакшы болуп шишиктери жангандай,
Жаш Баястын жеңилдеди денеси.
Көр жемеден, уу таяктан кутулуп,
Көңүлү ачык көккө жетти төбөсү.
Күлүп жайнап кубанычы ашынды,
Тирилгендей өлгөн Асыл энеси.

**Нур Баясты узатты**

Эгиндерди «Эрте быш» деп шаштырып,
Күн төбөдөн күндө карайт чакчыйып.
Адыр чөлдөп, адам тердеп турган кез,
Кекиртеги керимселге аптыгып.
Көчө жолдун үгөлөнүп кыртышы,
Бурк-бурк этет бут алдынан чаң чыгып.

Бирок тынбайт жандуу кыймыл талаада,
Колхозчулар жал-жал кылып чөп жыйып.
Кай бирөөлөр жаңы сарай салмакка,
Жатат улам ылай кылып кыш куюп.

Кай биреөлөр араба айдап чоң жолдо,
Тизгин кагып «ноо»– деп коёт ышкырып.

Түш оогон кез, райондун борбору,
Баяс турат машинанын ичинде.
Кабагы ачык, эки бети кызарат
Сан шаттыктын белгиси бар жүзүндө.
Кайра-кайра кылчак карап жан жагын,
Жерде турган Саалы агайын күтүүдө.

– Нур аксакал кам жебеңиз баладан,
Тарбыялап окутамын каладан.
Жетимиңиз адам болот жетилсе,
Тууган элдин керегине жараган.

– Бүт айттым го, бул баланын ал-жайын,
– Билем-билем сөз кылбаңыз ал жагын.
– Ишенемин,
– Ишенчиңиз орундайт
– Чоң рахмат... эстейм сизди ар дайым.
Кана Баяс жерге түшчү садага,
Коштошолук колуңду бер абаңа...
Жакшы окугун, акылдуу өс, эсен бар,
Айылды эстеп көп түшпөгүн санаага.

– Кош бол Нуке, атам келсе батыраак,
Кат жазгының агайга да мага да.
– Сөзсүз жазам, сөзсүз жазам садага!

Алга карай аркырады автобус
Нур башкарма ойлоп таттуу санааны,
Карап турду чыйратты да мурутун,
Үзүлгөнчө Баястардын карааны.

**Саалы ким?**

Саалы ким ал илимдин кызматкери,
Жыйнаган эл оозунда фольклорду.
Келгенде конок кылып Нур башкарма,
Ошондо Баяс менен тааныш болду.
Баяс да жаздан бери Нурдукунда,
Эркинче ойноп-күлүп жүргөн болчу.

Ал-жайың айтып бер деп сураганда,
Саалыга бала айткан өткөн күнүн.
Жалдырап энеси өлүп жетим калып,
Атасы армияга кеткендигин.

Өкүртүп өгөй эне уруп тилдеп,
Башынан көп кыйындык өткөндүгүн.
Баланын сөзүн угуп ойго батып,
Ал киши мындай деген көптөн кийин:

«Санаркаба жетиммин деп жер карап,
Садагасы сен бактылуу баласың.
Таптап сени тарбыялайт өкмөт,
Талбас болот, учкул болот канатың.
Окуйм – десең киргиземин окууга,
Жүргүн шаарга мени менен барасың»,

«Барамын» – деп Баяс айткан Саалыга,
«Азамат»– деп Саалы каккан далыга,
Кийиндирип баласындай барыктап,
Үч-төрт күнү алып жүргөн жанына.
Ардакталган жетим үчүн ал адам,
Айылдагы кары-жаштын барына.

Баясты вагон терметти
Паровоз күш-күш түтүнүн бүркүп,
Вагонду эки-үч тумшукка түртүп.
Бакырып алып аз-аздан алга,
Баратты жаңы жайма-жай илкип.

Баяскан Саалы агайы менен,
Олтурат бирге айнекти карап.
Кол булгап аны узаткан өңдүү,
Көрүнөт көчө, жемиштүү дарак.

Күш деген сайын арымын күчтөп,
Күпүлдөйт поезд чыгышты тиктеп.
Жетимдин улам оюна түшөт
Эңсеткен шаар Фрунзе, Пишпек.

– Ээ агай деймн
– Ии садага айта бер,
– Алыс го деймн, мындан ары канча жер?
Фрунзеге кайсы маалда барабыз,
Кара бука дал ушундай жүрсө эгер?
– Паровоз де
– Бука – дешет биздин эл.
– Ал жалган сөз абдан байкап карап көр.
– Көрбөсөм да чоюн менен темирден,
Жасалганын мурун эле мен билгем.
Билсем дагы көнүп калган экенмин.
Элди туурап кара бука деп жүргөм

– Ха…ха…ха…ха туура сүйлөп көнгүнүң,
Фрунзеге эртең менен барабыз.
– Укмуш күлүк тыптынч поезд экен ээ,
Кашыктагы суу төгүлбөйт караңыз.

Ар кайсы жакка көңүлүн бөлүп,
Ар түрлүү кызык суроолор берип:
Саалыны Баяс күлдүрөт кээде,
Олтуруп алып жанына келип.

Аз эмес алар сүйлөштү көпкө,
Айлана жарык, ай калкыйт көктө.
Жаткын – деп коёт агайы анын,
Кез-кезде бала үргүлөп кетсе.

Бир топко чейин ушалап көзүн,
Уйкусу келип уктады жетим.
Терметкен сымак энеси Асыл,
Терметти вагон Баясты секин.

**Кучагын ачты жетимге**

Үстүнө түндү жамынып,
Уйкуда жаткан талааны.
Умачтай көзүң ачкын деп,
Үйлөдү таңдын шамалы.

Калтырап чөптөр чыйрыгып,
Караңгы жерден тарады.
Кызгылтым кирпик күн  нуру,
Кыр-кырдын башын жалады,

– Турагой эрте садага,
Күн нуру чалды тоо башын.
Аз калды шаарга жетебиз,
Жуунуп келгин бол бачым. –

Деди да Саалы акырын,
Таптады төшүн баланын.

Атасы таптап жаткансып,
Абайлап ачып кабагын
Ордунан туруп Баяскан,
Каранды туш-туш тарабын.

Күпүлдөп поезд чуркоодо,
Күчүнүн барын аябай.
Арт жакта калат честь берип,
Ак кулак зымдуу карагай.

Көрүнгүн бардык жакка деп,
Көтөрдү көккө тоо күндү,
Сааттын кыска жебеси
Көрсөткөн кезде он бирди.

Жүгүңдү камда чыккын – деп,
Жүргүнчү элдин баарына.
Паровоз келип токтоду
Вокзалдын өйдө жагына.

Вокзалы, эли калаанын,
Көөнүнө жакты баланын.
Агайын ээрчип баратат,
Жаркылдап ачып кабагын.

Алдейлеп багып өстүрүп,
Ак сүтүн берген Асылдай,
Монтойгон кыштак уулунан
Боорукерлигин жашырбай.

Ойноп-күлүп чер жазып,
Оку – деп – дайым өзүмдө.
Кыргыздын шаары Фрунзе,
Кучагын ачты жетимге.

**III**

**Окуу жылы башталды**

Арт жагынан июлдун,
Август айын кубалап,
Токоч кармап колуна
Токчулук деп ураалап.

Эсеп жеткис байлыкка,
Элдин пейлин көлкүтүп.
Кирип келди сентябрь
Күз атасын ээрчитип.

Эртеңки саат тогузга,
Он беш минут калганда
Билим үйү ак мектеп,
Эшик ачты балдарга.

Жаңы достор ичинде,
Жатмын дебейт Баяскан.
Көзүн албайт агайдан,
Көңүл бурбайт сабактан.

Бор кармады мугалим,
Балдар ачты дептерин.
Катар тамга көрктөнттү,
Кара бетин доскенин.

Ортон, сөөмөй, бармактын,
Ортосунда кубана.
Суусап турган калемсап,
Башын малды сыяга.

**Класска**

Күмүш булак күлүк шарын токтотпой,
Күндөр чубап, жума кууду жуманы.
Күндү туурап күндө түштү үзүлүп,
Календардын кат-кат  чаар кулагы.

Кыш мезгили, жерди каптап сокур түн,
 Кечки саат сегиз болгон убакта.
Даярдашып алгебра сабагын,
Эки бала олтурушат класста.

Сол кол менен башын мыкчып Баяскан
Маселенин жолун таппай адашты.
Колундагы калем учу тынбастан,
Коомай-коомай чокуп коёт кагазды.

–Эх мурунтан катар окуп келбепмин,
Эсеп менен орус тили кыйнады.
Ойдогудай көбү чейрек баамдын,
бул экөөнөн беш албадым   бир дагы.

–Алда Баяс, төрт деген баа жаманбы,
Түшүнбөймүн арзыбайсың сен неге.
Экөө эмес бир тобунан  төрт алып,
 Кемеленбей жүрбөйүнбү  мен деле.

Рас мурун орус тилден  эсептен,
Начар элең келгениңде жаңыдан.
Азыр көрчү, ашып бара жатасың,
Ат салышкан ударниктин барынан.

– Токтот Таштан аша чаап мактадың,
Кулагыма кирбейт азыр айтканың.

Сабактардын бардыгынан «5» алып,
Отличник болгонумда мактагын.

Иштейликчи алаксыбай тезирээк,
Он экиде мектеп оозу бекилет.
Башым катты туура чыкпай жообу,
Бул маселе кандай болуп чечилет.

Эки бала ишке кирип кайрадан,
Эки калем шыбырашты акырын.
Карап турду каштарында алардын,
Кара доска берген сымак акылын.

Саалыны Баяс кубантты
Толгон эл алтынчынын классында,
Жыйналыш өтө берди кызуу түрдө.
Бул жерге окуучулар өздөрүнүн,
Келишкен ата-энеси менен бирге,
Саалы бар арасында. Олтурушат,
Айтканын директордун угуп мүлдө.

Балдардын жаман, жакшы окуганын,
Кай бирин атын атап мисал кылып.
Директор сүйлөп бүттү жалкоо балдар,
Жер карайт уялгандан төмөн бугуп.
Жаркылдап отличник, ударниктер,
Тамылжыйт жүздөрүнө наары чыгып.

Класстын жетекчиси Алымова,
Чакырып эл алдына Өмүшовду.
Бир карап Баясканды анан элге,
Бет буруп сөз аягын көпкө созду:

Мына бул алдыңарда турган бала,
Айылдан мында келген быйыл гана

Энеси жаш кезинде кайтыш болуп,
Алынган атасы да армияга.

Келгенде алгебра, орус тилден,
Кыйналып көпкө чейин начар билген.
Азырчы отличник ардакталган,
Мугалим, окуучулар бүтүн сүйгөн.

Балдар бар төрөлгөндөн шаарга өскөн,
Атасак анын бирин: Кулов Бектен.
Көпчүлүк сабагынан начар окуйт,
Өзү да тартиби жок ашкан чектен

Неликтен ата-энеси күндө дайым,
Текшербейт, жаман-жакшы окуганын.
Болбосо отличник болбой турган,
Кем бекен Өмүшовдон бир жери анын,

Сиздерден суранабыз ата-энелер,
Мына бул эң акыркы биздин айтар.
Журналда кубандырар баалары бар,
Үлгү алсын Өмүшовдон балдарыңар.

Дагы да ал сүйлөдү койбой бирин,
Баястын интернатта жүргөндүгүн.

Талыкпай төрт, беш айдын ортосунда
Көп окуп, көп нерсени билгендигин
Жылмайып Саалы карайт Баяс жакка,
Билдирип көз караштан сүйгөндүгүн.

**Портрет алдында**

Түнкү саат бирден ашып калган кези,
Уктоодо жолдоштору. Баяс өзү

Олтурат интернаттын бөлмөсүндө,
Китептин бетин тиктеп эки көзү.
Кирпигин ирмебестен карап турат,
Кашында Лениндин портрети.

Китепти бирде жаап, бирде ачып,
Кыйшайтып эриндерин кыбыратып.
Жолукса түшүнүксүз кээ бир сөздөр,
Дааналап блокнотко коёт жазып.
Бир кезде оозун ачып эстеп алып,
Сүрөттү улам тиктеп турду басып.

– Эстенсем жалкоо дебе ата Ленин,
Эч качан уйкум келбейт иште менин.
Эртеңки эң акыркы экзаменди,
Сөз берем эң жакшыга өткөрөмүн.

Оку деп айткан сөзүң эсте турат,
Окуймун таң атканча, бердиң кубат.
Жакшылап түшүнбөстөн жатып алсам,
Ата мен анда сага болом уят.–

Деди да китебине салып көзүн,
Сүйлөмдүн кайталады эрежесин.
Предлог, приставка, суффикс – деп,
Шыбырап сүйлөй берди Баяс секин,

Жайлоо жакты көөнүнө
Коңшусу болгон асмандын,
Конушу болгон ак кардын.
Жайкысын жашыл, кышта ак,
Түрлүү түр баскан капталын.
Магдырап уктап тоо жатат,
Матырып көккө баш жагын.

Алдастап агып тынымсыз,
Алдында чоң суу жулунат.
Аялдар бышкан кымыздай,
Ар кайсы ташка урунат.
Буркулдап буурул өркөчү,
Бир туруп, бирде жыгылат.

Дал ушул өзөн боюнда,
Жайылып калың мал жүрөт,
Көлтөңдөй басып көк бука,
Моюнун ташка сүргүлөйт.

Чарадай сүттүү желини,
Чатына батпай балактап.
Музоосун эстеп кызыл уй,
Айылды карайт алактап.
Олтурат Таштан, Баяскан,
Кериде китеп барактап.

– Кандай Баяс биздин жайлоо сонунбу?
– Абдан сонун орундаттың оюмду.
Мектеп үчүн, өзүм үчүн пайдалуу,
Бир топ жаңы материал чогулду.

– Чогултабыз дагы далай нерсени,
Гүл теребиз нечен тоого барабыз.
Биз көрбөгөн, биз билбеген аттарын,
Түрлүү чөптөр, түрлүү таштар табабыз.

Чубашып уйлар жөнөдү,
Баратат балдар артынан.
Ферменин айлы көрүндү,
Чыкканда айдөөш кайкыдан.

**Жолдошу ким Баястын?**

Жолдошу ким десеңер Өмүшовдун,
Бирге окуп, интернатта бирге жаткан,
Атасы уюн баккан «М» колхоздун,
Ал бала Аманбаев аты Таштан.
Быйыл жай биздикинде болобуз деп,
Баяска эчен сунуш сөзүн айткан.

Экөө тең өткөн айда, гүлдүү майда,
Акыркы экзаменди тапшырышып.
Өтүшүп алтынчыдан жетинчиге,
Куттуктап бир-биринин колун кысып,
Алышып колдоруна грамота,
Кымылдап сүйүнүшкөн беттери ысып.

Ошондо завинтернать директорго,
Баяскан, Таштан менен кошо кирип:
Уруксат берсеңиздер  жолдошумдун,
Үйүнө келгим келет жайлай жүрүп.
Дегенде –»Барсаң бар»– деп беришкен жооп,
Баланын колун кармап – кош – деп сүйүп,

Бул жерге келгенине он күн болду,
Ал өзүн жатмын дебей эркин сезет.
Таштандын ата-энеси өз уулундай,
Мээримдүү сөздөрдү айтып эркелетет,
– Уялба айланайын эркиңче бол,
Тамакты тартынбастан жегин – дешет.

**Күтпөгөн окуя**

– Таштандын башы ооруду эмнеликтен,
Болбосо келет эле мени менен.

Мына бул адыр, тескей аскаларды,
Кыдырып чыгат элек абдан кенен.

Тетиги аппак кардан кийген топу,
Келгин деп чакыргансыйт бийик чоку.
Мүмкүн биз ага дагы жетет элек,
Жеттик деп белги коюп кетет элек.

Кызыл таш үңкүрлөргө кирет элек,
Ичинде кандай сыр бар билет элек.
Жалгызмын күн кеч кирди, туман басты,
Билбеймин эми эмне кылуу  керек.

Таштандын башы эртең жакшы болсо,
Кайрадан чыгабыз го ушул тоого.
Бул тапкан таштарымды гүлдөрүмдү,
Көтөрүп кетейинчи түшүп жолго.

Деп бала блокнотун алып ачып,
Олтуруп сол кол менен четин басып,
Бүгүнкү билгендерин, жүргөн жерин,
Кыскача барагына койду  жазып.

Баяскан тоо этектеп калган кезде,
Түнөрүп кара булут турду  көктө.
Самсаалап жер каптаган тумандарды
Сиңирип соруп жатты жылга бөксө.

Чагылган саргыч тилин жалмаңдатып,
Аздан соң замбирегин жиберди атын
Приказ алды белем ыйла – деген,
Булуттар буркурады мууну жашып.

Суу болуп жүрөйүнбү шашып бекер,
Күтөйүн бастасынчы кара нөшөр.

Деп бала турду таштын коңулунда,
Чагылган жарк-журк этти ого бетер.

Каптады айлананы караңгылык,
Шатырап жамгыр тынбай турду куюп,
Зарыгып жадап бүтүп көпкө күтүп,
Ал эми адымдады таштан чыгып.

Баратат бирде басып бирде желип,
Ичинен анда-санда коёт кейип.
Аңгыча уй мөөрөдү жар боюнан
Бир азга токтой калды көңүл бөлүп.

Өмүшов жар башына келди дагы,
Туш-тушка көз чаптырып карап турду,
Аңгыча уй көрүндү төмөн жактан,
Качырып сүзүп жаткан карышкырды.

Аптыга ай-ай-ай деп үч-төрт мерте,
Кыйкырып Баяс жакын келген кезде.
Карышкыр эки көзүн чоктой кылып,
Жай гана чыгып кетти кумдуу бетке.

Тер кеткен, уйдун жону булоолонот,
Солуктайт кош бөйрөгү бат-бат согот.
Элеңдеп кулактарын делдеңдетип,
Жанында жаш музоосун жалап коёт.

Билбестен коркунучту тартпай азап,
Турам деп туяктарын жерге такап.
Дүйнөгө жаңы келген күрөң кашка,
Темтеңдеп бир жыгылып бирде басат

Табалбай оозандырар ак мамасын,
Түрткүлөйт энесинин боор чатын.

Өмүшов каптал жонун сылай кетти,
Өнтөлөп өзү ага туруп жакын.

Уй болсо улам сунуп быдыр тилин,
Кетирип жалап жатат музоо кирин.
Баяска жакындатып жалпак мурдун,
Билдирет жыттоо менен сүйгөндүгүн.

Басылган жааган жамгыр караңгы түн,
Магдырайт жар аскалар жалдырап тим.
Бир кезде тынчын алып айлананын,
Угулду кумдуу беттен улуган үн.

Кара уй кайра баштан калч-калч этип,
Карышкыр экендигин билди сезип.
Шол замат жүз метрден жакын жерге,
Эрбеңдеп эки караан келди жетип.

Тутанган төрт чылымдын учу сымак,
Кызарып төрт көз катар карап турат,
Аңылдап жерди тырмап улуп-уңшуп,
Акырын алды көздөй жылат-жылат.

Кашында турган уйду кылып кара,
Корксо да кайраттанып турду бала
Эсине түшө калып элдин сөзү,
Чөнтөктөн фонаригин койду ала.

Койгулап тарсылдата ташка-ташты,
Булгалап кол фонарды жаркылдатты.
Эл ичинде карышкыр, оттон коркот –
деген сөз бар,
Кубарган куйругу узун ач бөрүлөр,
Коркушуп отту көрүп артка тартты.

Чыгарып үнүн жоон кайра-кайра,
Кыйкырды кетип жатты алда кайда.
Кошулуп кыйкырган үн, улуган үн,
Чуу салды, тынчтык бербей аска-жарга.

Асманда булуттар жок ашып белди,
Ай чыкты нуру менен сылап жерди,
Эсинде коркунуч жок күрөң кашка,
Эмчегин энесинин эме берди.

Тынбастан фонаригин мурдагыдай,
Жандырып Баяс турат какпай кирпик
Өкүрүп өркөчтөнгөн өзөн суусу,
Көбүгүн чачыратып серпет бүркүп.
Көк жүзү жарык тартып көптөн кийин,
Чыгыштан таң ойгонду көчүн сүртүп.

**Баясты тапты**

Туруп жерден түн кеткенин белгилеп,
Таңдын жели соккон кези   желбиреп.
Чар тарапка жиберип көз кырларын,
Уйчу жүрөт атын кээде желдирет.

Жердин уусун түк билбеген жаш бала
Кайда калды камалдыбы  аскага.
Байкоосуздан куланган таш бастыбы,
Кечемин деп жинди суудан актыбы.

Жаан өтүп   жолдо майып болдубу,
Же болбосо карышкыр  жеп койдубу.
Көп кыйкырып издеп чыктым түн бою,
Мындамын деп үн катпады бир жолу.

Айланайын бакырайган көзүңдөн,
Мен күнөөлү кечээ ката кетиргем.
Балам тоого барбай эле кой – дебей,
Барсаң бар» – деп айтпадымбы мен дөдөй
Калат белең арасында асканын,

Өзүң менен бирге болсо Таштаның.
Ай балам ай, кетирдиң го айламды,
Жан жолдошуң ооруп жатат ал дагы.
Кеп ойлорду тынбай ойлоп Аманбай,
Издеп жүрөт Өмүшовду табалбай.

Анда-санда «Баяскан» деп кыйкырат,
Аска коштойт анын үнүн адамдай.
Бир мезгилде бийик чоку тараптан,
Үн угулду: «Оо Баяскан, Баяскан».
Өмүшов да «мен мында»-лап үн созду,
Жым-жырттыкта тыңшап турду жер асман.

**Жерге түштү кезеси**

Айыл ичи ак челектер сүт куйган,
Топтолушуп кезек күтүп турушат.
Ак халатчан саанчылар боз үйдөн,
Бири кирсе, бири сыртка чыгышат.
Сепeратор опкок оозун көбүртүп,
Сүт каймакты кулагынан чууртат.

Оттоп-оттоп оюн салат музоолор,
Өзөн бойлоп уйлар кеткен жайылып.
Уйчу атка жаш музоону өңөрүп,
Арт жагына боз чепкенин салынып.
Келе жатат кубанычы ашынып,
Өмүшовдун караанынан кагылып.

Сыртта турган Таштан көрүп курбусун,
– Баяскан – деп бакырды да жүгүрдү.
Эркек аял, балдар чыгып  үй-үйдөн,
Соо-соо дешип, шашкалактап сүйүндү.
Аманбаев бек кучактайт жолдошун,
Ай…ай Баяс, албай койдун  тилимди…
– Башың кандай?
– Бүгүн жакшы, кичине.
– Кайда жүрдүң кирдин түндө түшүмө.
Фонарикти жаркылдатып жатыпсың,
Туруп алып алтын үңкүр  ичине.

Угушкан соң окуянын бардыгын,
Айыл эли алкыштарын айтышты,
Улам бири өпкүлөшүп баланын,
Бал сөз менеп жаш денесин балкытты.

Мелтилдетип сууну куюп кесеге,
Үйдөн чыгып бели бүкүр бир эне.
Кылмак болуп эски ырым-жырымын,
«Кел башыңдан суу айлантам»– деди эле.

Сүйбөй Баяс ал ырды сүйлөдү:
«Ай энеке оору кылат бул мени.
Мунсуз деле айландырды башымды,
Суук шамал, суунун шары түндөгү».

Антпе балам бери болгун тезирээк,
Бул айтканың эмне деген сөз өзү?! –
Деп кары эне бутун шилтей бергенде,
 Тайып кетип жерге түштү кесеси.
Куп булганды уйдун шатырагына
«Кудай» деген «ырчынын»  чекеси.

**Шаарга келди эки дос**

Алмурут томпок мурунун,
Алтынга буулап саргайтып.
Огороддун алпы окшоп,
Ашкабак ичин дардайтып.

Коондор ичин компойтуп,
Дарбыздар ичин томпойтуп.
Жүгөрү згиз балдарын,
Бооруна кысып монтойтуп.

Каман кулак капуста,
Казысын бүктөп чиренип.
Турган кези түр жемиш,
Күзгө кабар жиберип.

Коштошуп жүргөн жайлоого,
Коштошуп эне атага.
Баяскан, Таштан эки дос
Келишкен жаңы жакага.

Алыста тоодо жүргөндө,
Ойго түшкөн көп кезде.
Беришти балдар белекти,
Сагындырган мектепке.

Келсе деп эрте кечикпей,
Сентябрь айы батыраак.
Окуучулар күнүгө,
Окусак дешип шашылат.

Аралап шаарды чыгалык,
Өтпөсүн – дешип – мезгил бош

Музейде, паркта, кинодо,
Ээрчишип жүрөт эки дос.

**Баяс баш жарды**

Жапжалгыз дем алыш күн түшкө   жакын,
Артына кээде сылап койгон чачын.
Өмүшов окуп жаткан орус тилин,
Олтуруп бөлмөсүндө интернаттын.

Эшиктен Качкынаалы кирип келди,
Баясты кекеткенсип салам берди.
Көз ымдап башта Качкын деген өңдү,
Бир келген Садык улам кылат белги

– Кайран сен олтурупсуң жалгыз өзүң,
Китепти теше тиктейт эки көзүң.
Бир жаткан жолдошторуң кайда кеткен?
– Билбедим,
– Билмек белең көпкөн кезиң.

Айылдан келгениңде итирейген,
Жан элең…
– Бул эмне деген сөзүң?
Карайсың калган сымак менде өчүң.

– Караймын өчтөрүм бар сенде  калган,
Ичиң тар, арамзасың жеткен абдан.
Эгерде жардам берсең экзаменде
Жаман баа алат белем, дечи жалган.
Ий ата! азыр тытып жегим келет,
Дал ошол жоругуңду эстей калсам.

– Жетишет тарт колуңду ызырынба,
Көчө жок билгениңдей болор мында.

Өзүңдүн жалкоолугуң билбей туруп,
Саласың ичи тар деп мени сынга.

Чыдабай каны кайнап Качкынаалы,
Жакадан силкий кармап Баясканды
Жаны ачып жалкоосуң деп айткан сөзгө,
Керилип көкүрөккө коюп калды.
«Кой-кой»-лоп кара күчкө арачалап,
Садыктын көптөн берки мооку канды.

– Болду эми көп анчалык көбүрбөгүн,
Жиниңден кем калышпайт жиним менин.
Сен чылап, койсом менде кол жок бекен.
– Коюп көр! Коркок коён атың сенин,
– Сенин да көк мээлигиң эмес төгүн.

– Аябай ого бетер ызаланып,
Баясты ичке тээп, бутун чалып.
Жыкты да кроватка ныктай берди,
Желгилеп көөдөнүнө минип алып.

– Тур өйдө, тур дегенде сыйың менен,
Кесирди көрө коём сенден келген
– Турбаймын мөңкүсөң да жыгылбаймын,
Торпокко минип алып далай желгем
Өгүз деп ат коёмун элге жаям,
Көтөрүп туруп кетсең ушул жерден.

Өмүшов эң акыркы күчүн жыйып,
Качкынды түртө салып өйдө туруп,
Столдо турган сыя челек менен,
Ачуусун кармай албай жиберди уруп.

Заматта кызыл түргө боёп чачты,
Башынан жылжып төмөн кандар акты.

Үңүлдөп сыртка чыгып Качкынаалы,
Өз билген жагын көздөй бара жатты.

Баясты аягансып сүйлөйт Садык,
Ай Баяс турбайсыңбы макоо анык.
Бекерге интернаттан чыгасың го,
Ал эми директорго айтса барып.

– Айтса айтсын болгон ишти сен биле
Калп айтпай калыс сүйлө сен күбөсүң.
Болуптур калыс сүйлөйм демиш болуп,
Эшикке Садык чыкты керип төшүн.

Өмүшов комнатада жалгыз өзү,
Жер карайт, кирпик какпайт эки көзү,
Ичинен өзүн тилдеп үшкүрүнөт
Байкабай башын жардым кылдым чеки.

**Качкынаалы ким?**

Качкын ким Баяскандын классташы,
Орто бой он алтыга келген жашы.
Балдардын арасында балбансынат,
Мектепке «куч жагынан чыккан аты»,

– Ишенсең чын жолдошум сен деп коюп,
Бир кезде Өмүшовго жолдош болуп,
Жүргөндө бал тил менен жойпуланып,
Өмүшов анын сырын билген толук.

Урушчаак өзү жалкоо жеткен абдан,
Жалкоодо жакшы окумак болсун кайдан.
Качкындын кесиринен кээ бир күнү,
Баяскан сабагынан жаман алган.

Бир жолку экзаменде таарынышып,
Калганда Качкынаалы пейлин бузуп.
Бат эле Садык жакка ооп кеткен;
– Сыр билги жолдошсуң – деп колун кысып.

Садыке Өмүшовду көрүш керек,
Басынтып бардык жактан жеңиш керек.
Байкачы отличник болуп алып,
Биздейди өз боюна койбойт теңеп.

Сен деле жакшы окуйсуң бирок дагы,
Алдыга чыга албадың басып аны.
Эгерде алга чыксаң Качыкендин,
Ичинде калбас эле эч арманы.

Түбөлүк кыйышпас дос болгум келет,
Колумдан арнап сага берип белек.
Кошулуп өзүң менен Баясканга,
Билгизбей бир жамандык кылуум керек.

Жагынып Качкынаалы амал менен,
Ушундай сөздөрдү айтып эчен-эчен.
Күн-түнү бирге жатып бирге туруп,
Садыкты өз боюна тарткан бекем.

Досунун сөзүн эстеп күндө Садык,
Сабактан жалаң «5», «5» баалар алып.
Алдыңкы отличник болсом кантет,
Чын эле Өмүшовду четке кагып.

Качкындын айтканынын баарын кылып,
Ар ишке аны менен бирге туруп,
Көздөгөн максаттарга жетүү керек,–
Деген ал жамандыкка оюн буруп.

**Саалынын үйүндө**

Байкабай бир баланын башын жарып,
Кылыпсың оңбогондой оор айып.
Сурандым чыгарбаңыз мектептен – деп,
Сен үчүн директорго нечен барып.

Ойлочу кандай эле өткөн күнүң,
Унутуп койсоң керек аны бүгүн,
Болбосо көптүрдүбү тайрандатып,
Жаткан жай, үстүңдөгү кийген кийим.

Ыйлаба жардам бербейт төккөн жашын,
Окугун жаз айына калды жакын.
Алыпсын бир топ орто сабагыңдан,
Айтарым алдыңкыга жеткин бачым.

Чыктым- деп интернаттан болбо капа,
Бул үйдө өз үйүңдөй эркин жаша.
Мектептен өзүм баштап  чыгартамын,
Экинчи мурункудай кетсе ката.

Саалынын сөзүн угуп башын ийкеп,
Көзүнөн жаш кылгырып кабак бүркөп.
Баяскан жерди карайт, акыл эсин,
Түрлүү ой тумандантып турду чүмкөп.

**Баястын ою пайдасыз**

Бук болуп ар кайсыны ойлоо менен
Чөккөндөн чөгө берди Баяс төмөн
Кержейип кекиртеги арыктады
Жукпастай жумуруна тамак жеген.

Барктабай мурункудай эч бир бала,
Кымылдайт Садык дайым: «болду чала».
Бөлүшүп ойлогон ой  капалыгын,
Кошулуп бирге жүрөт Таштан гана.

Табалайт Качкын аны ичтен күлүп!
Сабактан баштагыдай көрчү билип.
Шашпагын да бир күнү шылтоо таап,
Мектептен кетирээрбиз сени сүрүп.

Класста ар кайсыга көңүл бөлүп,
Өмүшов окубады көңүлдөнүп.
Үч чейрек «3» төн башы чыкпай  койду,
Чарчады Алымова кеңеш берип.

Ал ойлойт: Окубаймын жанталашып,
Жок болду кадыр баркым барып качып
Класстан класска өтсөм болгону да,
Окуудан Садык кетти мени басып.

Андан мен аша албасмын тырышсам  да,
Анткени – баш жаргамын урушканда.
Тентек деп мугалимдер жаман көрөр,
Кур бекер чамынуудан эмне пайда.

Каргаша Качкынаалы болбогондо,
Өгүнү өтөт элем комсомолго.
Ал түгүл Саалы агайым жардам берип,
Мектептен чыгарымда калдым зорго.

Чын чыгып калп болсо да айткан кеби,
Качкындар убактылуу жеңди мени.
Күнөөлүү болуп чыктым жыйналышта,
Дүйнөдө чындык деген барбы деги?

**Баяс өзүн сындады**

Жазгы кеч жан жыргаткан салкын аба,
Күн баткан уясына жаңы гана.
Арыкта агын жаткан суу боюнда,
Сүйлөшүп олтурушту эки бала.

Жанаша бассам жарашкан,
Жолдошум сенсиң Баяскан.
Жардамды берер курбуңмун,
Жаңылып жолдон баратсаң.

Кереги тиер түшүнсөң,
Кеңешти уккун мен айткан.
Билесиң биздин класста,
Биринчи бала сен элен.

Бирге окуган балдардын,
Бири да жаман дебеген.
Алымова эжеке,
Кем сүйчү эмес энеңен.

Каргаша болуп баш жарып,
Кайгыга калдың капталып.
Качкынаалы кутулду,
Кара да болсо акталып
Болор иш болду эми сен,
Бошобогун анчалык.

Ар качан жакшы оку – деп,
Акылын айтты эжеке.
Анын сен сөзүн укпастан,
Оюңду бурдуң бөлөккө.
Саргайсан күндө санаркап,
Садыктар кылар келеке.

Жамандык сага кылгандар,
Жанталашар басууга,
Жашытпай жапжаш денеңди,
Жакшылап оку басынба
Эпкиндеп даярданалык
Экзамен болот жакында.

Ак жерден сени каралап,
Ал экөө жүрөт табалап.
Баары бир жеңиш сеники,
Башынан ишиң каралат.
Өзгөгө кылган жамандык,
Өздөрүнө жамалат.

Жакындан бери ал экөө,
Ынак болбой калышты.
Баягы Качкынаалы да...
Ушактайт экен Садыкты.

Жакпаса айткан кеңешим,
Коёрсуң мүмкүн жаратпай.
Жанымдай көргөн досумсуң
Сүйүшкөн арам санашпай.
Эң эле терең ойлоп көр,
Эстүүсүң менден Баястай.

Ойлонуп өткөндөрдү салып эске,
Олтуруп унчукпастан Баяс көпкө.
Бир кезде жан жолдошун карап алып,
Жай гана төмөнкүдөй кирди сөзгө:

– Сенсиң Таштан сыр жашырбас жакыным,
Түшүнүктүү айткан кеңеш акылың.
Кайсы күнү чындык жеңет калпты деп,
Мен да иштин күтүп жүрөм акырын.

Бирок досум, акылсызым өзүмдүн,
Абайлабай бир топката кетирдим.
Акмакчылык иш кылыпмын ойлосом,
Аз күн болду түшүндүм да өкүндүм.

Кабак ачып кадимкидей жүрбөдүм.
Кеңеш берген көп жолдошту тилдедим
Башка түшкөн кыйындыктан жеңилип,
Кутулуунун оңой жолун билбедим.

Ойлоп көрсөм мен башында ким элем,
Жаман элем, жармач элем жүдөгөн
Өгөй эне уруп тилдеп өзөртүп,
Өмүр эмес өлүмүмдү тилеген.

Жаштайымдан жамандыкты көп көрдүм,
Оор күндүн эчендерин өткөрдүм.
Ошолорду бүт унутуп бул кезде,
Оңбогондой аша көөп кеткемин.

Жок жок менин бул кылганым жаңылыш,
Зыян тура капаланып камыгыш.
Зыян тура директорго, эжеге,
Бекеринен бет тултуйтуп тарыныш.

Ачылсын деп жетимченин кабагы,
Алар мени ата-энемдей аяды.
А болбосо күнөөм үчүн мектептен,
Ал жетпейби… чыгара албай калабы?!

Эстебеген кордук көргөн кезегин,
Эх мен чыны башсыз бала экемин.
Өкмөттүн өтөбөдүм жардамын
Жаңы кийим, жатакана, төшөгүн.

Кара санап Качкынаалы, Садыктар,
Каралашты жыйналышта күч менен.
Кой алардын басканына басынбай.
Көрүнөйүн көпчүлүккө иш менен.

Арыл менин көп кылгырган көз жашым,
Ачыл менин бүркөө жүргөн кабагым.
Айда башым сасык ойду ичиңден,
Артка эмес, алга шилтен кадамым.

– Туура Баяс сөз айттың мен самаган,
Бошонгунуң болбогон зар санаадан.
Жабыгууга кантип эми акың бар,
Жайнап турса сен жашаган заманаң.

Турушуп суу боюнан агып жаткан,
Бир-бирин кучакташты Баяс, Таштан.
Бактылуу балдарсынар – деген сынак,
Жылдыздар жымыңдашат туш-туш жактан.

**Айыптары ачылды**

Күүгүм убак. Интернаттын,
Бөлмөсүнүн ичинде.
Садык эсеп чыгарууда,
Качкын аны күтүүдө.
Сүйлөйт улам: Болгун эрте,
Канча калды бүтүүгө?

Бүтсөң бергин дептериме,
Жазып ала коёюн,
Эртең эже сурап калса,
«5» алгандай болоюн.
Кечээ күнкү жаманымды,
Кечгиктирбей жоёюн.

Алаксытпай токтой турчу,
Баш айланып жатканда.
Даярга тап...
– Тапмын ооба.
Көп анчалык мактанба.
Жерге сыйбай калган тура,
Баясканды басканга.

– Бүтсөм берем кекетпечи,
Сүйлөбөчү тескери.
Тарынчааксың Качкынаалы.
– Сындабачы көп мени.
Жолдош кылгым келбейт дечи,
Мага окшогон көк мээни.

Сени эч ким көк мээ дебейт,
Өзүңдү өзүн айтпасаң.
Сындап койсом капа болуп,
Дардаңдайсың мактасам.
Бара-бара түшүнөр дейм,
Аа болбосо капкачан...

Жалкоолугуң жалган эмес.
Көп сабактан билбейсиң.
Мен болбосом көрөр элең,
Дагы мага сүйлөйсүң.

Эчен сенин кесириңден,
Эжекеден тил уктум.
Эчен жолу жаман алдым,
Балдар менен уруштум.
Бардыгына чыдасам да,
Түшүнбөдүң унуттун.

– Маңызданба Баясчылап,
Сени дагы көрөмүн.

Мен болбосом сабагынан
Билбей калат дебегин.
Тилеп турсаң мына минтип...
Жаакка бирди беремин.
Соосуңбу сен, эмне чаптың,
Соо эмесмин жиндимин!

Мына дагы ал аз болсо...
Ачык болсун кимдигим...
Эки бала жулкулашып,
Коюп жатты бир-бирин.

Качкынаалы жыгып алып,
Пол үстүнө Садыкты.
Ичин ныктайт: «Айтчы гана,
Жалкоолугум анықпы?!
Сендейлерге мушташуудан,
Алдырбасмын намысты»,

– Жетет эми тургун өйдө,
Кан жайылттың бетимден.
– Бетиң эмес жаш ордуна
Кан агызам көзүңдөн,
Качыкеңдин чоң муштуму
Кеткис болсун эсиңден.

Директорлор интернатты,
Текшеришип кыдырып.–
Жүргөн эле бул бөлмөгө,
Жаңы келип жыйылып,
Эшик ачса эки бала,
Полдо жатат жыгылып.

Качкынаалы минип алган,
Садык анын астында.

Ооналактап тыбырчылайт,
– Өлмөй болдум башка урба!
Ой жиндилер эмнеликтен,
Салып жаңжал урушту...
Деген сөздү уга коюп,
Экөө өйдө турушту.
Токтолбостон агат жылжып,
Кан жаагынан Садыктын.
Баары менде деген сымак,
Ушул болгон айыптын.
Качкынаалы полду тиктейт,
Кейпин кийип «карыптын.»

– Айткылачы чыныңарды,
Ким чатакты баштаган?!
– Мен эмесмин мына мобу
Бетти жарып таштаган.

Бүт айтамын кылмыштарын,
Батып кетти жаныма.
Өмүшовдун иштеринин,
Бул айыптуу баарына.
Ошол «өнөр», «эрдиктерин»,
Койбой жүрөт дагы да.

Мага окшотуп жыгып алып,
Өмүшовду урган бул.
Амал менен мени бузуп,
Ага душман кылган бул.
Күнөөсүздү күнөөкөрлөп,
Мыкыйынан тынган бул.

Өткөн иште Баяскандын,
Кылмышы жок кылчалык: –
Коркок коён арамзасың,
Жетимсиң – деп сын тагып.

Басып алып тепкилеген
Жашырганмын, менде айып...

Ыйламсырап Садык бат-бат,
Айтып бардык билгенин
Качыкеңдин жалкоолугун,
Эмне кылып жүргөнүн.

Тарбиячы суроо берди:
Дагы барбы билгениң?
– Билгендерим чачымдан көп,
– Кийин айткын толуктап!
Бетиңдеги каныңды жуу,
Бышактаба солуктап!..

Окуучу эмес окуп жүргөн,
Бул хулиган турбайбы,
Алыптырбыз билбестиктен,
Интернатка мындайды.

Текшеребиз кайра баштан.
Болгон ишти мурунтан,
Башчылары башкарбаса,
Болот тура будуң-чаң!

Деп директор ачууланып,
Бүркөлгөндө кабагы.
Интернаттын башчысынын
Көзү төмөн карады.
Тарбиячы башын чайкайт,
Уялгандан а дагы.

Качкынаалы калч, калч этет,
Бир ордунан кебелбей,
Ойлойт улам өз ичинен,
Болдум эми чын өлмөй...

**Өмүштүн келиши**

Болгон мезгил жаз айынын аягы
Сулуулуктун көркү баскан талааны.
Желдeнсин деп, жер көкүлүн уйпалайт
Желе жорткон жел аргынын шамалы.

Боортоктоп бойлоп жашыл жылганы,
Шайыр булак каткырыгын тыйбады.
Акын булбул ак кайыңга олтуруп,
Кырк алтынчы жылдын ырын ырдады.

Жаны чыккан жайлоолорго малчылар,
Жашыл килем жердин көрсөң ыраңын.
Жакшылап өс, жайылган мал тойсун деп,
Жамгыр чоёт күндө чөптүн кулагын.

Жоо жеңилип жоокер кайтып жерине
Болгонуна жыл айланган жеңиштин.
Күүгүм убак туулуп өскөн айлына,
Жаңы келип түшкөн кези Өмүштүн.

Өмүш келди – Өмүш келди – деген сөз,
Бир заматта үй-үйлөргө угулду.
Кана-кана көрүшөлүк кайда – деп,
Кары жаштар Нурдукуна жыйылды.

Кай бирлери салам айтып кол берип,
Кай бирлери жоокер мойнун кучактап.
Кай бирлери кубангандан Өмүштү,
Улам жыттап ыйлап жатты бышактап.

Өз ичинен Өмүштү аяп шыпшынып,
Кай бир кары шыбырашат өз ара.

«Аялынын, баласынын кабарын,
Укту бекен, укту бекен бечара».

Бир убакта коншу Мурат карыя,
Байбичесин кошуп алып жанына.
Үйгө кирди сыйлай сүйлөп сакалын,
Карс-карс күлүп карап туш-туш жагына.

– Кана Өмүш, кайда жүрөт көрүнбөй,
Жол бергиле учурашып алайын.
Элге келбей көп кечиккен немени,
Таяк менен тарсылдата сабайын.

– Күүлүсүңбү карыя!...
– Күүнүн бары чалыңда,
Күчтүн бары чалыңда,
Мен күүлү болбой ким күүлү,
Балдары турса жанында!

– Күүлүсүңбү Сайкал апа?...
– Күүлүмүн!...
Кагылайын өзүң аман келдиңби?
– Аман эсен...

– Кайда жүрөт болду экен,
Капар менен Жапарымды көрдүңбү?
– Келет эне, келет жакын арада,
Кары Эненин сөздөрүнө эл күлдү.

Мурат кары сүйлөп бүттү,
Туш-туш жактан эл келип.
Учурашып жатты Өмүшкө,
Күлө карап кол берип.
Кирпик ирмеп карс-карс күлүп.
Орсоңдотуп тиштерин.

Карап Өмүш сөзгө кирди,
Кары-жаштын жүздөрүн.

– Көп мезгилдер көздөн кетпей элесиң,
Кармашууда кайрат берип болдуң бел.
Жеңиш алып жексен кылдык желдетти,
Дагы болбойт кан аралаш аккан сел
Кайра келип эсен көрдүм жүзүңдү,
Караанындан кагылайын тууган эл.

Капысынан районлон жолугуп,
Учураштым башкарма Нур, Сагынга
Мен сурадым алар айтты толуктап,
Кимдер барын, кимдер жогун айылда
Бир аз гана зээнимди кейитет,
Баясымдын болбогону жанымда.

– Ал окууда! – Уктум-уктум аныгын
Бир ал эмес Көбөктөрдүн тарыгын.
– Айдап кеткен!
– Байлап кеткен аларды!
– Өлсө керек укпадык го дайынын,
– Рас болду тилегиң таш каткырлар,
– Чала өлсүн, тартсын күнөө айыбын.

Өмүштүн сөзүн бөлүп айтып жаткан,
Ушундай үндөр чыгат туш-туш жактан
Бышырган боорсок жыты таноону өрдөп,
Көк түтүн көчүп жатты чамгарактан.
Мис бастек мурунунан буу чыгарып,
Капталын кактап турду отко жаккан,

**Катын окуп Баястын...**

Төрт жылдай көрбөй жүргөн Ала-Тоонун
Дем алып абасынан көөдөн керип.
Там-ташын баскан турган жерлеринин,
Чер жазды Өмүш ага барып көрүп
Башкарма ого бетер сүйүндүрдү,
Баястын өткөн жылкы катын берип.

Конвертти ачып алып ар күн сайын,
Эрте кеч эстегенде окуйт дайым.
Ал катта төмөнкүдөй сөз жазылган,
Кыскача мына мындай мааниси анын:
«Эл күткөн жеңиш болду алда качан,
Нуруке армиядан келдиби атам?
Мен болсо кыргыз орто мектебинин,
Жетинчи классында окуп жатам.

Курсак ток, кийим бүтүн, окуу жакшы,
Көрсөм – деп ойлойм кээде айыл жакты
Суранам, атам келсе дал ошондо,
Тезирээк жибериңиз жазып катты».

– Жакында барамын – деп, эргип Өмүш,
Денеси толкундатат болуп деңиз!
Кайталайт өз ичинен кайра-кайра.
Балам бар, башкасына эмне кейиш!

**Мүрзө үстүнө гүл койду**

Аралап чыктым айылдын барын,
Келгенге бүгүн үч-төрт күн өттү
– Деди да Өмүш болгондо шашке,
Асылкан жаткап мүрзөгө жетти.
Коктунун ичи. Түрлүү гүл өскөн,

Шылдырайт булак, буруксуйт жалбыз.
Өмүкөң өрдөп көк жонду көздөй,
Баратат жолдо жападан жалгыз.

Көзүнөн мончок жаштары тамып,
Көөдөндө түрсүл жүрөгү кагып.
Баш ийди төмөн солуктап Өмүш,
Баяскан койгон көк ташка барып:

Курдашым Асыл, сырдашым Асыл,
Кучактап жатпай караңгы көрдү.
Өмүрлүк сүйгөн өзүңдүн жарың
Өйдө бол эрте Өмүшүң келди.

Кечиргин мени кетирдим ката,
Баяска сендей табам деп апа.
Көтөрүп баккан көрөркөз уулуң,
Көрүптүр андан ондогон жапа.

Ардагым Асыл аячы мени?
Суз кылбай мени сүйлөчү деги!
Добуш жок чыккан сүйлөмөк турсун,
Томсоруп турду Асылдын көрү.

Кош тутам гүлдү көк ташка жөлөп,
Көз жашын аарчып кирпигин ирмеп
«Бул Баяс үчүн, бул өзүм үчүн»,–
Деп Өмүш кетти өзүнчө сүйлөп.

Көп жерге чейин көзүнө анын,
Көрүнүп турду Баястын ташы.
Көр үстүн баскан көк чөптөр дагы,
Көгөрткөн сымак Баястын жашы.
Өмүштү карап бир бирин жөөлөп,
Узатып калды термелип башы.

**Атасынан кат алды**

Күн чак түш. Өткүндөнүп жамгыр жааган,
Күзгүдөй асфальт жолу, Фрунзенин
Жалтырап чалкасынан жатып алып,
Көргөзөт өз көзүнө көктүн өңүн.

Кабат үй катар көчө, кырка терек,
Шаарды бир өзгөчө көрктөндүрөт.
Тасмадай татынакай аллеяда,
Калың эл каршы-терши басып жүрөт.

Бурчунда Токтогулдун көчөсүнүн,
Заңкаят эки кабат орто мектеп.
Алдында тургузулган статуя
Кол созот чакыргандай келе кет – деп.

Окушуп жетинчинин химиясын,
Кайталап кайра баштан, Баяс, Таштан.
Эртеңки экзаменге даярданып,
Олтурат орун алып бош класстан.

– Бардыгын башка тутуу кыйын экен,
Ээ Баяс экзаменден кантип өтөм.
– Өтөсүң кыйындыкты жеңиш керек,
Жеңгенбиз бир топторун бул сөз бекен.

Билесиң Качкын, Садык эки «мыкты»,
Кылды эле мага бир топ жамандыкты.
Ак экен ишим менин акырында,
Кылмыштуу ошол экөө болуп чыкты.

Жашымдан кыйындыкты көрдүм далай,
Жетпестир санатым да келсем санай.

Бирок мен бардыгын тең жеңүү менен,
Адымдап бара жатам алга карай.

Өмүшов дагы бир сөз сүйлөрүндө,
«Ал эми кай класста кайда»– дешип,
Ирээтсиз коридорду түпүрлөтүп,
Алдастап, шашкалактап ачып эшик.

Класска кирип келди төрт-беш бала,
– Кат сага Баяс! Баяс! Мына кара!
– Айткыла кимден экен?
– Айтмак белек...
Билгенди коё туруп бийле кана!..

Баяскан кашын керип колун сермеп,
Азыраак тегеренип койду бийлеп.
Чалкарбек көк конвертти бере салды,
«Ал эми эмне кылсаң өзүң бил» – деп.

Баланын бүткөн бою ысып-күйүп.
Заматта беттерине кан жүгүрүп.
Сүйүнүп шашып бушуп конвертти ачып,
Карады жазган катка көзүн тигип.

«Балам Баяс!»
– Атам экен кат жазган!
– Кана, кана!!
– Мына салган турбайбы,
Сырт жагына адресин жазбастан.

– Айланайын, атам келген экен го!
– Оку!..
– Оку!..
– Оку Баяс угалык?
– Азыр! Азыр!

Баяс окуй баштады,
Шашкалактап үнүн бийик чыгарып
Сүйүнчүнө кошо шерик болушуп,
Жолдоштору карап турду кубанып.

«Саламат турасыңбы Баяс балам,
Жиберет Өмүш атаң ысык салам.
Кармашкан жоону жеңип жеңиш менен
Кол, бут соо тууган элге келдим аман.
Жакшы оку келемин деп ойлобогун,
Күт мени, аз күндөрдө өзүм барам».

«Өзү келет, өзү келет»– деп Баяс,
Өйдө болуп жолдошторун карады,
Атасынын ар бир сөзү көшүлтүп,
Анын бүткүл денесине тарады.
Тамылжыган татынакай бетинен
Таалай-бакыт сүйүп турду баланы.

**Москва – Талас – Фрунзе. 1953–55-жылдар**

## МАЗМУНУ

БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ ....................................3

МЕНИН СҮЙГӨНҮМ ....................................5
АКБАРЫ ....................................5
ТОКТОГУЛГА ....................................6
КЫЗЫЛ ГҮЛ ....................................7
КЫМБАТСЫҢАР ....................................8
БУЛБУЛДУН ЖООБУ ....................................9
КҮЧ БИРДИКТЕ ....................................9
БУЛАККА ....................................9
АТАСЫ КУБАНДЫ ....................................10
ЖУМАЛЫ ....................................11
ФРУНЗЕМ ....................................12
ШЕРДИН ЖООБУ ....................................13
ЖАЛГЫЗ ЭМЕСМИН ....................................14
ШЫБАКЧЫ ....................................14
СЫНЧЫГА ....................................15
ҮЧ СҮЙҮҮ ....................................16
БИЗ КАЛДЫК ....................................16
КАЙСЫ СЕНИН ТЕРЕЗЕҢ ....................................17
ЖАЙДЫН БИР ТҮНҮ ....................................18
ТУУГАН ЖЕРГЕ ....................................19
МЕНИН УЛУТ-УРУУМ ....................................20
ПАЙДА БЕРГЕН ӨЛБӨСҮН ....................................21
ЭНЕ ТИЛИН ЖАКШЫ БИЛ ....................................22
ЭШЕК ....................................22
КУРСАКТАГЫ БАЛАМА ....................................23
СӨЗҮҢ ЖАНА БЕЛЕГИҢ ....................................24
МЕН КИММИН ....................................25
ШААРГА КЕЛГЕН КАРЫГА ....................................25
ӨЗ ЭЛГЕ ЖАК ....................................26
НАМЫСТАНЫП ....................................26
ЖАШАСЫН АЯЛ ....................................28
ТАЛАС СУУСУ ....................................29
КАНТИП ЖЕҢДИМ ....................................30
ТАҢ КАЛАМ ....................................31

РАХМАТ ОРУС АГАГА .......... 32
ЖАЛАЛ-АБАД .......... 33
ОШ .......... 34
ЖЕР СООРУСУ .......... 35
ЖӨНӨКӨЙЛҮК ЖӨНҮНДӨ .......... 36
ИЗДЕП ЖҮРӨМ .......... 36
КЫРГЫЗЫМА .......... 37
КЫРГЫЗ ЖИГИТТЕРИНЕ .......... 38
АК КУУГА .......... 38
ЧЫНДЫКТЫ АЙТСАМ .......... 39
КОМПОЗИТОР БИРӨӨГӨ .......... 39
ЖЕТИМГЕ КАЙРАТ .......... 40
МЕКЕН .......... 41
АЯЛЫМА .......... 41
САРЫ-ЧЕЛЕК КӨЛҮ .......... 42
ЖАШ ЖӨНҮНДӨ .......... 43
ШАМПАН ИЧТИМ .......... 43
БАЛЫКЧЫ .......... 44
ЧЕТ ЭЛДИК БИР АКЫНГА .......... 45
ТҮШҮНБӨДҮМ .......... 45
ЖАШТЫГЫМ КЕТСЕ МЕЙЛИЧИ .......... 46
КЭЭ БИР АКЫНДАРГА .......... 46
АРАКЕЧ ДОСКО .......... 47
ТҮЙДӨГҮН ЭСТЕП ЭНЕМДИН .......... 48
КӨРГӨНДӨЙ БОЛДУМ ӨҢҮМДӨ .......... 49
АТТАН УЛАМ .......... 50
ТҮРКМӨН ДОСУМА .......... 51
КАРКЫРА .......... 52
БАШКАРМАГА .......... 53
ЭМИ БИЛДИМ .......... 53
КИМ МЕНЕН .......... 54
СЕЛКИГЕ .......... 55
МҮРЗӨ ЖАНЫНДА .......... 55
БИР МИСАЛ .......... 56
КОШ, МИДИН! .......... 56
КАЗАК ЭЛИНЕ .......... 57
ТООЛУКТУН ПЕЙЛИ .......... 57
ЖИГИТМИН .......... 58
ҮЙ ЖӨНҮНДӨ .......... 58

КЫЗ БУРАК ........................................................59
ЖАЗДЫ САМАП ....................................................59
ТҮШҮНГҮН .......................................................60
ДИЛБАР ..........................................................60
ОН СЕГИЗ ЖАШЫМА ..............................................61
КАП СЕНИ ........................................................62
ДОСТУК АЗИЛДЕР ................................................63
САЯКБАЙ КАРАЛАЕВГЕ ...........................................63
ААЛЫ ТОКОМБАЕВГЕ ..............................................63
ТЕМИКУЛ ҮМӨТАЛИЕВГЕ .........................................64
КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВГО .......................................64
ЖЭЭНБАЙ САМАГАНОВГО ........................................65
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО ...........................................65
МУХТАР БОРБУГУЛОВГО ........................................65
КАРЫЯНЫН ЖООБУ ...............................................66
КЕРИМБҮБҮ ШОПОКОВАГА ......................................67
ЖЫЛКЫЧЫ БОЗОЙ ...............................................68
ТААЛИМ АЛ .......................................................69
ТУРА ТУРЧУ .......................................................69
ТООДОГУ КОРГОН ................................................70
ЖОЛДОШТОРУМА .................................................71
ЭНЕ ЖҮРӨГҮ .......................................................72
ЧЕХ ДОСУМА .......................................................73
СӨҢ-КӨЛ ЖАЙЛООСУ ............................................75
БИРӨӨГӨ КЕҢЕШ .................................................75
ДҮНҮЙӨКОР .......................................................76
ӨГҮЗДҮН АЛКЫШЫ .............................................77
КӨКТӨМДӨ ........................................................78
ЖАЙЛООГО КАТ ..................................................79
МИДИНГЕ ..........................................................80
ЧОКУЛАРДАН КӨРҮНГҮН .......................................80
СОНУНДАР ........................................................81
ТҮШ КӨРГӨНДӨ .................................................81
ЫСЫК-КӨЛ .......................................................82
СЕЛКИГЕ ..........................................................83
КЕЙИБЕЙМИН... ..................................................84
АК ЧЫНЫ .........................................................85
ИМЕРЕ ТАРТ .....................................................85
БИЛБЕДИМ КАНДАЙ КҮЧ БАРЫН ...........................86

МЕНИН ОЮМ .......... 87
КААЛОО .......... 87
АЯЛДАРДЫН АЧУУСУ .......... 88
КАРЫГАН УЙ .......... 89
КУБАНУУ .......... 91
КҮЛҮК ЖӨНҮНДӨ СӨЗ .......... 91
«МАНАС» ТООСУ .......... 92
КОШ, ЖЕТИ-ӨГҮЗ .......... 93
ТИРҮҮ ТАРЫХ .......... 94
АМУ ДАЙРА .......... 95
БУКАР КЫЗЫНА .......... 95
МЕНИН ЖЕРИМ .......... 96
КЫМБАТЫМ, БООРУМ КАЗАГЫМ .......... 97
ОСМОНКУЛ АГАМА .......... 98
ЧЫҢГЫЗ ЖАНА МЕН .......... 100
ЖОКТУГУБУЗ БИЛИНБЕС .......... 102
ТООЛОР МЕНИН ЫРЫСКЫМ .......... 102
АТ ЖАНА ЖУБАН .......... 103
САКАЛ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ .......... 104
НУРА ТООНУН ЧОКУСУНДА .......... 105
ЖАНАР ТОО БОЛУП ЖАНАЛЫК .......... 106
ТҮНКҮ ЖОЛДО .......... 106
ЖАРАШПАС .......... 107
ШУМКАР УЯ .......... 108
ЫРЫМДЫ СҮЙ .......... 109
АКЫН БАЙКУШ ЖҮДӨЙТ ЭКЕН .......... 109
ДАНИЯРДЫН ЫРЫ .......... 110
АЯЛ, АЯЛ .......... 110
КАРАП КОЮП ТИМ БОЛОМ .......... 111
СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ .......... 111
КУБАНДЫМ ӨЗҮМ АЛГАНДАЙ .......... 113
КЫЗДАР ЖАНА КӨЙНӨКТӨР .......... 114
ОТ КОЙГУН МАХАББАТТЫН МИЛТЕСИНЕ .......... 115
АЛТЫ АЯЛДЫН АЗАБЫ .......... 116
КАЛА БЕРДИ .......... 118
БИР «КУУДУЛГА» .......... 118
МАС МЕНЕН ТОРПОК .......... 119
АЛА-ТОО .......... 120
УЛУУМУН .......... 121

МӨҢГҮ МЕНЕН КАРЫЯ .................................... 121
КАПЧЫГАЙ ЖОЛУНДА .................................... 122
МАКСАТЫ УШУЛ БАЛАҢДЫН ................................ 123
КАРАЧЫ, МАГА КАЙТАЛАП ................................ 123
БЕШИГИМ – МЕКЕН ...................................... 124
ЖУСУПКА .............................................. 126
БУЛБУЛ МЕНЕН АКЫНДАР ................................ 127
СЫЙМЫКТАНАМ .......................................... 127
ОКУТУУЧУМА ........................................... 129
МЕНДЕГИ МҮНӨЗ ....................................... 131
ЖАЙЛООДО ЖАЙКЫ КӨРҮНҮШ .............................. 131
ЖАЙЛООДО КҮЗГҮ КӨРҮНҮШ .............................. 133
БУТТАР ................................................ 135
КЫЗГАНЧ ЧАБАН ........................................ 136
КАРЫНДАШ ............................................. 137
ЧҮЙ БООРУНДА ......................................... 137
ЭЛГЕ КАЙРЫЛУУ ........................................ 138
ЭЛҮҮ ЖАШ ............................................. 139
ЫРЛАРЫМА ............................................. 140
ОКТЯБРЬ МАЕГИ ........................................ 140
ТҮШҮМДӨ .............................................. 145
ТИЛЕК ................................................. 147
ЖЕР-ЭНЕНИН БАЛДАРЫНА ................................ 147
ЖООКЕРГЕ КАТ ......................................... 149
НЕГР ОЙЛОЙТ .......................................... 150
НЕГР ЖАНА БАЛЫК ...................................... 151
КАРА БАЛА, АК БАЛА .................................. 151
ЖАРЫЛБАГАН БОМБА ..................................... 152
БИЛИМ ЖӨНҮНДӨ ........................................ 152
ФРУНЗЕМ – СҮЙГӨН БОРБОРУМ ............................ 153
ШААРЛАРДЫН УЛУУСУ .................................... 154
ЖЕҢИШТИ КҮТ, ЧИЛИ – ЭНЕ ............................. 155
ҮЧ РАСА .............................................. 157
КОШУНА ............................................... 158
МЕКЕНИМ .............................................. 159
ЖАЗГЫ БИР КӨРҮНҮШ .................................... 161
ДОСТУК ШААРЧАСЫ ...................................... 161
АРКЫТ ................................................ 162
КЫМБАТСЫҢАР .......................................... 163

ТУУГАН ЖЕР ........................................................ 164
ҮЗҮМ ЖАНА КҮКҮМ ........................................................ 165
ЖАҢЫ-ЖОЛ ........................................................ 165
АК ЖОЛ МЕНЕН ТЕГЕНЕ ........................................................ 167
ЖАҢГАК МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ........................................................ 168
МЕКЕНДИН ТУРПАГЫ ........................................................ 168
КАЙДА ГАНА БОЛБОЮН ........................................................ 169
ӨЗҮҢӨ КУЛАК САЛГЫМ БАР ........................................................ 170
БАЙЛЫКТЫН ЖЕРИ ........................................................ 171
НАРЫН ........................................................ 171
СӨҢ-КӨЛ ........................................................ 172
ТУЛПАР ТАШ ........................................................ 174
ЖУМГАЛ ........................................................ 176
КӨЗҮМ КӨРГӨН КЕМЧИЛИК ........................................................ 177
ЖАПАН МЕРГЕН ........................................................ 179
«КӨКӨЙ КЕСТИ...» ........................................................ 180
КӨРӨМ ЖЕК ........................................................ 181
ЖАРАТЫЛЫШ «САКЧЫСЫ» ........................................................ 182
ЖАШЫЛ ТООГО ЧЫККАНЫМДА ........................................................ 183
КОЖОМКУЛ ЖӨНҮНДӨ ........................................................ 184
КАЛБАЙЛЫЧЫ АДАШЫП ........................................................ 185
КАЙГЫРУУ ЖАНА КУБАНУУ ........................................................ 186
ОҢОЙ ЭМЕС БҮТ КЕСИП ........................................................ 186
КҮЗГҮ БОЛГУН АЛДЫНА ........................................................ 187
ЖАРАТКАН ........................................................ 188
БҮРКҮТТҮН ӨЛҮМҮ ........................................................ 189
МУРАП БОЛСО ........................................................ 191
ЖАРЫМДЫН ТҮШҮ ........................................................ 192
КОТОРМО ЖӨНҮНДӨ ........................................................ 193
АЖАЛГА ........................................................ 194
ДЕН СООЛУК БОЛСО БОЛГОНУ ........................................................ 195
КАЙЫР КОШ ........................................................ 196
БУЛЬВАРДА ........................................................ 196
БИР ГАНА КАРА АЛДЫГА ........................................................ 197
БЕЛЕН ТУРГАН БАКЫТ ЖОК ........................................................ 198
ЧЫҢГЫЗ ЖӨНҮНДӨ ........................................................ 199
КАРЫНЫН ЖАРЫП САЛСАМ... ........................................................ 202
САГА АЙТКАН СӨЗ ........................................................ 203
КАРГА ЖАНА МЕН ........................................................ 204

ТӨРӨЛГӨН САЙЫН ТӨРӨЛӨМ .................................... 204
КАДЫРЛУУ КАНДЕК ................................................ 205
ЖАЗ АКЫН .......................................................... 206
АКЫН МЕНЕН БУЛАК ............................................. 207
ОКШОШТУК ......................................................... 207
КАЛЕМДЕШТЕР АЛГАЛА .......................................... 208
СОК, ЖҮРӨГҮМ ..................................................... 210
МЕНСИЗ ДЕЛЕ ...................................................... 211
БИЗ АКЫНДАР ...................................................... 212
УЧУП ЖАТАТ УБАКЫТ ............................................ 212
УБАЙЫМСЫЗ ЖАШАГЫЛА ....................................... 213
ТАРАП КЕТТИ ДҮЙНӨГӨ ......................................... 214
ЭМИ КАЙРА ТИРИЛДИК .......................................... 214
УЯТСЫЗ .............................................................. 215
ДОСТОР КӨП БОЛСУН ............................................ 215
ЖОЛОБОГУН ЖАНЫНА ........................................... 216
ОКШОШ БОЛСО ЭКЕН ............................................ 217
ЖЕТПЕЙТ ЭКЕН ӨЗ ҮЙГӨ ....................................... 217
ЖАШАП КЕЛЕМ .................................................... 218
ӨМҮР АВТОБУСУНДА ............................................ 219
КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ ................................................... 220
ТААРЫНБА КАЙГЫМ, ТААРЫНБА ........................... 223
ВЕТЕРАНДЫН АТАГЫ ............................................ 223
БАКЫТ ЖАНА СЫЙ ................................................ 224
КАБЫЛСАМ КАЙРА КАЙГЫГА ................................ 225
ТҮШҮНӨӨР ЭЛЕМ ................................................. 226
АСАН ТИРҮҮ ТУРБАЙБЫ ...................................... 226
БУЛ КАНДАЙ ....................................................... 227
АЙЫЛДА ............................................................. 228
ЭЛЕСТЕР ............................................................. 228
ЖҮРГӨН ЖАКШЫ УРУШПАЙ ................................... 229
КЫРСЫК ............................................................. 230
КЕЧИР МЕНИ ....................................................... 231
БИЗ ДОСПУЗ ....................................................... 232
КУБАНАМ ........................................................... 232
БАЙКАП ЖҮРГҮН ЫНАГЫМ .................................... 233
ТУУРА ЧЕЧИМ ...................................................... 233
БАК ЖАНА АБЫШКА ............................................. 235
ТАБЫЛАТ ............................................................ 236

ҮЙРӨТҮҮ ........ 236
УРУШКУЛУК КЫЛБАСЫН ........ 237
ЧАБАН КЕТТИ КЫШТООГО ........ 238
КОЙЧУМ БАР ДЕП КОМПОЁТ ........ 239
БИРӨӨГӨ ........ 239
АЛП ТАЛАНТКА АК ДИЛИМДЕН ........ 240
ЖАШТАРГА ........ 241
ТОКТОГУЛДУН ЭСТЕЛИГИНЕ ........ 242
БАРПЫ ЫРЧЫГА ........ 242
ЭЖЕМЕ ........ 243
ДАРЫЙКАГА ........ 244
ЭСЕНБИ, ДОСУМ БАЛБАГЫМ ........ 245
КЫЗЫМ КАРЛЫГАЧКА ........ 247
ЫРЧЫ ИНИМЕ ........ 248
КАРТАЙБАЙТ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ ........ 249
МЕН ЖАКТЫРГАН КҮҮЛӨР СЕНСИҢ ........ 249
СЕН МАГА БИР КАТ ЖАЗЧЫ ........ 250
ЭСЕН БОЛ ........ 251
САРЫ-ЧЕЛЕКТИК СЕЛКИГЕ ........ 252
ҮЧ СУНУШ ........ 253
ЦЫГАН КЫЗГА ........ 254
УНУТУП САЛБА ........ 255
БЕРЕ ТУРЧУ БИР ТАМЧЫ ........ 255
АЯЧЫ МЕНИ ........ 256
КАРАП КОЮП ТИМ БОЛОМ ........ 256
БИЛЕМИН ДЕСЕҢ ........ 257
КЕТ, АЖАЛ ........ 257
СҮЙЛӨШҮҮЛӨР ........ 260
«СЕНДИ» УНУТУП КОЮПТУР ........ 261
ЧАЛДЫН АЯЛЫНА ........ 263
ТООКТОР ЖАТТЫ КАКЫЛДАП ........ 263
ЧАЛ КЕМПИРИН АЗИЛДЕЙТ ........ 264
ДУДУКТУН ТИЛИ ........ 265
ЧЫДАЙ ТҮШ ........ 266
«ИМПОРТ» ООРУСУ ........ 267
БУГУБАЙДЫН БЕЛЕГИ ........ 271
АЛТЫН ТИШТҮҮ АЛМАКАН ........ 272
ЖАҢЫ КӨЧМӨНДӨРГӨ ........ 273
АЯЛДАРДЫ КУТТУКТОО ........ 274

ТАЖИК ДОСКО ........................................................ 275
ЖУРНАЛГА АРНОО ..................................................... 276
«АЛГА» КОМАНДАСЫНА ................................................ 277
«АЛГАНЫН» КҮЙӨРМАНДАРЫ .......................................... 277
ҮЧ ТАЛАНТКА ........................................................ 278
БААТЫР АКЫНГА ...................................................... 279
ХИРУРГ ЖӨНҮНДӨ ..................................................... 281
КОШТОШУУ ........................................................... 282
КУБАНЫЧБЕК АКЫНГА ................................................. 282
ТУРГУНБАЙ САДЫКОВГО ............................................... 284
ДИЛИМДЕН БЕРГЕН АК БАТАМ ......................................... 285
АРЫСТАНБЕКТИН «БАЛЬЗАМЫ» ......................................... 286
СООРОНБАЙ АКЫНГА .................................................. 287
ТҮМӨНБАЙ АКЫНГА ................................................... 288
СОВЕТ АБДЫЛДАЕВАГА ................................................ 289
«АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА ............................................... 290
КОЙЛОРГО КААЛОО ................................................... 291
СААН УЙЛАРГА КААЛОО ............................................... 292
ҮЙЛӨНҮҮ ТОЮНДАГЫ КААЛОО ........................................... 293
УУЛУМА ............................................................. 294
АКЫН ДОСУМА ........................................................ 296
КАРЫНДАШЫМ, КАЙГЫРБА .............................................. 298
ИНИМ КУРБАНБАЙГА .................................................. 298
ЭСЕН БОЛ ........................................................... 299
КИНОГО КЕТИП БАРАТАМ .............................................. 300
ЧОРДОНУ БОЛДУ АКЫРКЫ .............................................. 301
САРЫ-ЧЕЛЕКТИК СЕЛКИГЕ ............................................. 301
КЕТПЕСЕ ЭКЕН БӨЛӨККӨ .............................................. 303
АКЫҢ ЖОК ЭРТЕ КАРУУГА ............................................. 303
ҮЧ ЭСЕ ЫРЫС БОЛОГӨР ............................................... 304
СҮЙҮҮ КАТЫ ......................................................... 305
БИР КАКСЫН ......................................................... 305
СҮЙҮШКӨН ЖҮРӨКТӨР ................................................. 306
ӨТКӨНДӨРДҮ ЭЛЕСТЕП ................................................ 307
ОЙЛОНУП КӨР ........................................................ 308
ЭМНЕ БОЛДУ ЭКЕН .................................................... 309
БАШКАРМАНЫН АЯЛЫ .................................................. 309
БИЛЕМИН ДЕСЕҢ ..................................................... 311
КЕТ, АЖАЛ .......................................................... 311

БИЙИКТИК ........ 314
ГӨР ЖӨНҮНДӨ СҮЙЛӨШҮҮ ........ 315
АЙТЧУ БОЛДУМ ........ 315
МАХАБАТ УЮЛДАРЫ ........ 316
КЕТПЕСЕ ЭКЕН ЖАҢЫЛЫП ........ 317
ЭРКЕ КЫЗ ........ 318
ЧАЛДЫН АЯЛЫНА ........ 318
АШ ЖАНА ЭСТЕЛИК ........ 319
БИР АКЫНГА ........ 321
БАШ ЖӨНҮНДӨ ........ 321
УУ ТИЛДҮҮ ЖАНА БАЛ ТИЛДҮҮ ........ 322
СЕЛСАЯК ЖИГИТ ........ 323
ЖОЛДОШБЕК ........ 323
АКСАКАЛДЫН ТААРЫНЫЧЫ ........ 324
ОЙЛОЙ БЕРЕМ ........ 325
КЕКЭЭРЛЕШИП СҮЙЛӨШҮҮ ........ 326
ЧЫЛЫМЧЫ ЧҮҢКҮР ........ 327
ЖАМАНБАЙ ЖАНА АНАРБАЙ ........ 327
АБЫШКА ТАҢГАЛАТ ........ 328
МӨКӨЛӨЙ ........ 329
ОШОЛ ЖИГИТ ........ 331
БЕТТЕШҮҮ ........ 332
ИЗ ЖӨНҮНДӨ ........ 333
СӨЗҮҢ ЖАНА БЕЛЕГИҢ ........ 334
КЫЗДЫН ЫРЫ ........ 334
ЭМНЕ КЫЛСАМ ........ 335
ТЕРМЕЛЕР ........ 336
АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ ........ 336
ЭРКЕКТЕР ЖӨНҮНДӨ ........ 358
АЧЫК КАТ (БИРИНЧИ КАТ) (ПОЭМА) ........ 383
КӨК-АРЫК (ПОЭМА) ........ 409
БОРБОРУМ СЕНИН 100 ЖЫЛЫҢ
БОЛСУН ДЕП ТИЛЕЙМ 100 КЫЛЫМ (ПОЭМА) ........ 425
БИЗДИН БААТЫР ЧАБАНДАР (ОДА)........ 434
АЧЫК КАТ (ЭКИНЧИ КАТ) (ПОЭМА) ........ 439
ЧАТКАЛ БАЯНЫ (ПОЭМА) ........ 444
МИДИНГЕ КАТ (ПОЭМА) ........ 458
БАЯСКА (ПОЭМА) ........ 494

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

40-том

# БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн: *Ыйсаева Н.*
Тех. редактор: *Өмуров Б.*
Корректор: *Ыйсаева Н.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 37,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № ____.

**«Турар» басмасында басылды.**